Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу
Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча
улуттук комиссиясы

Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору

РЫСБАЕВ СУЛАЙМАН

КЫРГЫЗ ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Бишкек – 2023

УДК 372.881.11
ББК 74.268.19=632.5
Р 95

Кыргыз Республикасында 2021–2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын алкагында жарык көрдү.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдында түзүлгөн басылмаларды илимий-редакциялык талдоодон өткөрүү боюнча редакциялык-эксперттик комиссия басууга сунуштаган:

Ж.К. Орозобекова, Н.К. Маражапова, А.А. Акматалиев, Т.А. Коңурбаев, Г.Т. Курманбекова, Т.Ж. Чортонбаев, К. Джумабаев.

Рысбаев Сулайман Казыбаевич
Р 95 **Кыргыз тилин үйрөтүү технологиялары:** Кыргыз тили мугалимдери, усулчулар, аспиранттар жана изденүүчүлөр үчүн методикалык колдонмо. – Б.: «Кут-Бер», 2023. – 280 б.

ISBN 978-9967-14-169-8

Китепте кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн методологиялык жана методикалык жол-жоболору, атап айтканда, кыргыз тилин үйрөтүүгө ишмердик жана компетенттүүлүк мамиле жасоо, үйрөтүүнүн деңгээлдик системасы, анын мүнөздөмөсү, ага коюлуучу дидактикалык-нормативдик талаптар тууралуу сөз болот. Кыргыз тилинде сүйлөшүү чөйрөлөрү, алардын мүнөздөмөсү (дескрипторлор), үйрөнүүдөгү муктаждыктар (интенция) жана тилди үйрөнүүчүнүн өзүнөзү баалоо шкаласы берилген. Аталган деңгээлдерге жараша кеп ишмердигинин түрлөрү боюнча иш жүргүзүү, окуучунун тил жатыктыруусун жана тил билүү деңгээлин баалоо, текшерүү жолдору сунушталган.

Китептин мазмунунун орчундуу бөлүгүн – кыргыз тилин үйрөтүүдөгү алгылыктуу ыкма катары коммуникативдүүлүк, ал аркылуу кыргызча сүйлөшүү сабактарын уюштуруу жолдору ээлеп турат. Андагы тил үйрөтүүдөгү кырдаалдык-тематикалык принципке ылайыкталган: тематика, кырдаал жана маек кебине (диалогго) үйрөтүү ыкмалары, аларга жараша берилген сабактын үлгү фрагменттери таанып-билүүнүн теориясына негизденип, ынанымдуу уюштурулган.

Китеп мектептерде кыргыз тилин үйрөтүү багытында иштеген мугалимдерге, аспиранттарга, изденүүчүлөргө жана усулчуларга арналат.

УДК 372.881.11
ББК 74.268.19=632.5

ISBN 978-9967-14-169-8

© Рысбаев С., 2023
© Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, 2023

КИРИШҮҮ

КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН МАКСАТ-МИЛДЕТТЕРИ, ДИДАКТИКАЛЫК ТАЛАПТАРЫ ЖАНА КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

«Кыргыз тилин экинчи тил катары деңгээлдик негизде үйрөтүүнү өркүндөтүү» аттуу концепцияда (Бишкек, «Эдем-принт» ЖЧК, 2016) кыргыз тилин окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде үйрөтүүнүн максат-милдеттери, методологиясы ж.б. так көрсөтүлгөн. Анда кыргыз тилин үйрөтүүдө да ал тилди эмне үчүн, кантип үйрөтүүнүн маселелери кыйла чечилген.

Атап айтканда, бардык эле окуу предметтери сыяктуу кыргыз тилин башка улуттун өкүлдөрүнө үйрөтүүдө да «эмне үчүн окуу керек?», «эмнени окуп үйрөнүү керек?» анан да, «кантип окуп үйрөнүү керек?» – деген көйгөйлүү суроолорду алдыга коёбуз. Мына ушул суроолорду туура чечкенде гана окутуунун мазмунун, максатын, окутуу каражаттарын туура аныктайбыз. Анткени, «окутуунун максаты – баарынын алгачкысы жана анын аныктагычы болуп саналат». Анын алгачкы болгон себеби, ишмердүүлүк дайыма максатты жана «түпкү натыйжаны аныктоодон башталат», б.а. «пикир алышууга үйрөтүү» башкы максат болуу менен бирге, ал окутуунун мазмуну да, түпкү натыйжасы да болуп калат.

Демек, **кыргыз тилин окутуунун негизги максаты** башка улуттун өкүлдөрүн күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазууга ээ кылуу.

Мындан сырткары, кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун максат-милдеттери аталган предмет боюнча предметтик стандартта андан тереңирээк сөз болгон. Атап айтканда, мындай деп айтылат.

Кыргыз тилин окутуунун негизги максаты: мектепте окуп жаткан башка улуттун өкүлдөрүн жана аталган мектептерде окуп, кыргызча сабаттуу сүйлөп-жаза албаган кыргыз балдарын да күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазууга ээ кылуу.

Бул максатка ылайык мындай милдеттерди да чечүүнү көздөйт:

- окуучулардын өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, темага ылайык маектеше алууга жетишүүсү;
- кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу жана которуу түрлөрүндө иштөө көндүмдөрүнө ээ болуу;
- сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу аркылуу окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүү менен, кыргызча сүйлөө маданиятына көнүгүү жана кыргыз тили аркылуу дүйнө таануусун өстүрүү;
- мектепти аяктаганда кыргыз тилинде газеттик жөнөкөй темадагы макаланы жана радиодон социалдык-маданий жөнөкөй темадагы берүүлөрдү түшүнүүгө жетишүү;
- болуп өткөн же боло турган окуя туурасында монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикирин билдире алуу;
- темага ылайык текстин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере алышы жана эң жөнөкөй темада текст түзө алуу;
- балдар эне тилинен кыргыз тилине же тескерисинче, кыргыз тилинен эне тилине сөздүктү пайдалануу менен, жогорку класстарда сөздүксүз эле которо алууга жетишүү;
- иш кагаздарын кыргызча түзө алуу (Кыргыз тилин окутуунун предметтик стандарты, 5-11-кл. КББАнын Окумуштуулар кеңеши жактырган, 2016-ж.).

Профессор И.Бекбоев айткандай, «Ар бир предмет өз каражаттары менен балага билим берет, өнүктүрөт жана тарбиялайт». Кыргыз тили предмети дагы өз каражаты

менен балага билим берет, өнүктүрөт жана тарбия берет. Бул иш-аракеттер сабактын дидактикалык максаттарында чагылдырылат. Албетте, кыргыз тилин окутуу жана үйрөтүүдө төмөндөгүдөй билим берүүчү, өнүктүрүүчү жана тарбия берүүчү максаттарды белгилесек болот. Атап айтканда:

1)кыргыз тили сабагынын билим берүүчүлүк максаты:

- балага жаңы маалыматты берүү;
- баланын жаңы маалыматты түшүнүүсү;
- жаңы алган маалыматты практикада текшерип, бышыктоосу;
- жаңы билимди практикада колдонуусу;
- окуу материалдарын чыгармачылык менен өздөштүрүү;
- ишмердик мамиленин калыптануусу;
- өз алдынча билим алууга умтулуусу ж.б.

Бул иш-аракеттердин жыйындысы – балада **билим** болуп калыптанат.

2) Кыргыз тилинин өнүктүрүүчүлүк максаты:

- жаңы алган билимдин үстүндө ой жүгүртүүсү;
- жаңы алган билимди изилдөөсү;
- жаңы алган билимди талдоосу;
- жаңы алган билимди синтездөөсү;
- жаңы алган билимди мурдагы билим менен салыштыруусу, улантып биримдикке келтирүүсү;
- жаңы билим алууга өз тажрыйбасынын жаралуусу;
- өз тажрыйбасына таянуу менен, көйгөйлүү кырдаалдарды чечүүсү;
- чыгармачылык-ишмердик мамиленин калыптанышы.

Бул иш-аракеттердин натыйжасында **«өскүлөң бала»** калыптанат.

3. Кыргыз тили сабактарынын **тарбия берүүчүлүк** максаты:

- ой жүгүртүү аркылуу акыл тарбиясы калыптанат;
- анализ-синтез иштери аркылуу акыл эмгек маданиятына калыптанат;

- тайпада иштөө менен коллективдүү эмгек маданиятына калыптанат;

- билимим менен мекенге кызмат кылам деген сезим аркылуу патриоттукка калыптанат;

- текстер аркылуу түрдүү баалуулуктарга тарбияланат (адеп, гумандуулук, экологиялык, эстетикалык, эмгек, патриоттук, акыл ж.б.)

Мындагы иш-аракеттер аркылуу **«тарбиялуу бала»** калыптанат.

Мына ушундай сабактардан кийин «компетенттүү» бала калыптанат. Ал үчүн мугалим да компетенттүү болуп, сабактар компетенттүүлүккө негизденүүсү керек.

Ушундай максаттарга жараша кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүгө төмөндөгүдөй дидактикалык талаптар коюлары байкалат:

1. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн практикалык максатка туура келиши;

2. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн практикалык максаты анын методикасына дал келиши;

3. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн натыйжалары максатка туура келиши;

4. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн натыйжаларынын компетенттүүлүктөрдүн каптанышына кызмат кылышы;

5. Кыргыз тили сабагынан алган окуучулардын баалары сабактын натыйжаларына жана компетенттүүлүктөргө дал келиши;

6. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн мазмуну менен турмуштук практиканын талаптарынын төп келиши;

7. Грамматикалык материалдарды үйрөтүүдө анын функционалдык-практикалык жагынын болушу;

8. Текст менен кеп өстүрүүнүн бирдиктүүлүгүнө жетишүү;

9. Кыргыз тилин окутуунун баланын кызыкчылыгы менен дал келиши;

10. Кыргыз тилин үйрөтүү тилдин турмуштук курал катары колдонуп жашоо зарылдыгына жооп бериши.

Ушундай максаттардан жана талаптардан улам, натыйжада окуучулар кыргыз тилин экинчи тил катары окуп-үйрөнүүдө төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга тийиш. Алар предметтик стандарттын негизинде окуучулар ээ болуучу негизги компетенттүүлүктөр катары келип чыгат жана алардын түйүндүү компетенттүүлүктөр менен карым-катыштары, түрлөрү жана маани-маңызы төмөндөгүлөрдөн айкын көрүнөт.

1. Тилдик компетенттүүлүктөр:

– тилдин системасы боюнча теориялык билимге ээ болуу;

– адабий тилдин нормасын билүү;

– тилдик кор, сөздүк курамы жөнүндө билимге ээ болуу;

– тилдин сөздүк байлыгына ээ болуусу;

– тилдин грамматикалык түзүлүшүн билүү;

– тилдик көрүнүштөрдү (формаларды) талдай билүүсү;

– сөздүктөр менен иштей билүү;

– орфографиялык сабаттуулугу;

– сөздөрдү, сүйлөмдөрдү түзө билүүсү.

Жыйынтыктап айтканда: эне тилинде жазуу маданиятына ээ болуусу, тилдин фонетикалык системасы, лексикалык курамы, синтаксистик табияты, морфологиялык түркүмдөрү, орфографиялык принциптери, пунктуациялык эрежелери ж.б. жөнүндөгү тилдик (теориялык) компетенттүүлүккө ээ болуусу.

2. Коммуникативдик компетенттүүлүктөр:

– кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө жараша иштей алуусу;

– кеп маданиятына үйрөнүүсү;

– кептин стилдерине жараша иштей алуусу;

– түрдүү чөйрөдө сүйлөө ишмердүүлүгүнө ээ болуусу;

– сүйлөшүү этикетин өздөштүрүүсү;

– кептин функционалдык түрлөрүнө жараша иштей алуусу;

– кыргызча кеп этикетине жатыгуусу, ээ болуусу.

Жыйынтыктап айтканда: теориялык билимдерин жазуу жана сүйлөө ишмердүүлүгүндө, кептин баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү типтерине ылайык оозеки-жазуу түрүндө текст түзө билүүдө, тексттин ар кандай (көркөм, публицистикалык жана илимий) стилдерине ылайык иш жүргүзө билүүдө, иш кагаздарын түзүүдө, кеп маданиятына ээ болууда (эне тилинде таза, так, туура сүйлөп, логикалуу жаза билүүдө, кебинин бай, көркөм, адептүү, орундуу болуусунда), баяндама жана дил баяндарды сабаттуу жаза билүүдө, жат жазууларды катасыз жазуу ишмердүүлүгүнө жетиштирүүдө окуучунун практикалык-коммуникативдик компетенттүүлүккө ээ болуусу.

3. Этномаданий компетенттүүлүктөр:

– тил аркылуу улуттук маданияттын баалуулуктарын үйрөнүү (тил – маданият);

– тил менен элдин тарыхын байланышта карап үйрөнүү (тил – тарых);

– улут аралык сүйлөшүү маданиятына үйрөнүү;

– тил аркылуу элдик психологияны үйрөнүү;

– тил аркылуу улуттук сөз өнөрүн үйрөнүү.

Натыйжада, тил аркылуу элдин маданиятын (элдик тилди, этнолингвистиканы), тарыхын, салт-санаасын, үрп-адатын аңдап билүү, сөздөрдүн маанилерин, түркүн сырларын үйрөнүү, алардын негизинде элибиздин менталитетин иликтеп билүү ишке ашмакчы.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАГЫНДАГЫ ОКУТУУ МЕНЕН ҮЙРӨТҮҮ ИШМЕРДИГИ, АНЫН БЕЛГИЛЕРИ

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө, негизинен, бардык эле тилдерди экинчи же чет тили катары үйрөтүүдөгүдөй, эки ача көйгөй күтүп турат. Ал көйгөй мында, т.а. кыргыз тилин окутуубу же үйрөтүүбү? Албетте, тилди окутуу менен үйрөтүү экөө эки башка методология менен каралат, эки башка методикага таянат. Аны байкабаган методисттер тилди окутуу менен үйрөтүүнү бирдей карап, бирдей методикага таянат да, натыйжага жетүүдө, аны баалоодо чаташууга барышат. Ошондуктан, кыргыз тилин мектепте окутуу менен үйрөтүү процессин эки багыттагы иш катары карап, анын ар бирине өз-өзүнчө мамиле жасоо керектигин эске алуубуз керек.

Андай болсо, кыргыз тилин окутуу технологиясы менен үйрөтүү технологиясынын мүнөздүү белгилерин санап көрөлү.

Мисалы, Кыргыз тилин окутуу процесси:

- сабакты пландоо;
- сабактын максатын аныктоо;
- негизги окуу материалын түшүндүрүү;
- окуу материалын окуучулардын өздөштүрүүсү;
- үйрөнгөндөрүн бышыктоо;
- окуучулардын өз алдынча иштөөсү;
- чыгармачыл изилдөөлөр;
- үйрөнгөндөрүн кайталоо;
- эрежелерди жаттоо;
- грамматикалык формаларды колдонуп, мисалдарды келтирүү;
- текстерди көчүрүп жазуу;

- жазуу иштерин жүргүзүү;
- сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, текстерди окуу жана которуу;
- фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык талдоолорду жүргүзүү;
- окуу китептери менен иштөө...

Ал эми кыргыз тилин үйрөтүү процесси төмөндөгүдөй мүнөздөлүүсү мүмкүн:

- тил үйрөнүүгө болгон баланын ички каалоосунун болушу;
- тилде сүйлөөгө болгон талаптын болушу;
- сүйлөшүү зарылдыгынын түзүлүшү;
- тилге үйрөтүү интенцияларын аныктоо;
- кыргыз тилине үйрөнүүнүн дескрипторлорун аныктоо;
- сүйлөшүү кырдаалынын түзүлүшү;
- сүйлөшүү чөйрөсүнүн болушу;
- кепти угуу;
- кепти түшүнүү;
- кепти кырдаалга жараша колдонуу;
- кырдаалга жараша сүйлөшүү;
- суроо коюу, суроого жараша оюн билдирүү;
- сүйлөшүү практикасынын болушу;
- нерсени сурап алуу;
- маалыматты сурап билүү;
- окуяга жараша көз карашын билдирүү;
- болуп өткөн окуяны баяндоо;
- кыргызча кеп этикетин өздөштүрүү;
- сүйлөшүү шкаласын аныктоо...

Биз мына ушул технологиянын кайсынысын колдонуп жүргөнүбүздү эстейличи. Албетте, кыргыз тилин үйрөтүү тууралуу сөз кылабыз да, үйрөтүү технологиясын эмес, тилди окутуу технологиясын колдонобуз, т.а. окумуштуу-

методист Е.И.Пассов айткандай, тилге үйрөтүүдө ал тил тууралуу маалыматтар менен окуучуларды куралдандыруу менен чектелебиз» (Е.И..Пассов, Основы коммуникативной методики», М. 1993, 123-б.)

Мына ушулардан улам ишенүүгө болот, тил үйрөтүү өз алдынча ишмердүүлүк менен жүзөгө ашат. Демек, тил үйрөнүүнүн өзү да ишмердик мамилени талап кылат жана ал адамдын ишмердигинин бир түрү болуп саналат. Тактап айтканда, адамдын ишмердиги төмөндөгүчө бөлүнөрү белгилүү:

- акыл-эс ишмердиги;
- кеп ишмердиги;
- чыгармачылык ишмердик;
- эмгек ишмердиги;
- окурмандык ишмердик;
- коммуникативдик ишмердик.

Булардын ар бири өз алдынча компетенцияларга ээ жана алар адамдан тиешелүү компетенттүүлүктөрдү талап кылат. Мында компетенция дегенде эмнени түшүнөбүз? Компетенция түшүнүгү - «ар түрдүү иш-аракеттерди аткарууда керектелүүчү билимдин, көндүмдөрдүн жана инсандык зарыл сапаттардын суммасын» элестетет (китепте: «Общеевропейские компетенции владения иностранным языком: изучение, обучение, оценка», (Департамент по языковой политике, Стасбург, орус тилинде чыгарылышы, Москва, Московский гос.лингвистич. унив. 2003, 8-б.)

Албетте, адам көптөгөн компетенцияларга ээ болот. Алар адамдын жалпы компетенциялары деп аталат. Ал компетенциялардын бири - биз сөз кыла турган коммуникативдик компетенция болуп саналат.

Асыресе, ошол «компетенцияларга практика жүзүндө ээ болуу, ага шайкеш келүү, аларды турмушунда колдоно билүү-компетенттүүлүк» десек, анда, мындан ары ушул терминди колдонуубуз жөндүү болмокчу. Коммуникатив-

дик компетенттүүлүк тилдик компетенттүүлүктү өз курамында ала жүрөрү талашсыз. Андыктан ал тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүк деп айтылып жүрөт да, компетенттүүлүк тилдик каражаттарды практикада колдоно билүүнү жүзөгө ашыруу ишмердигин түшүндүрмөкчү.

Бул компетенттүүлүк ишмерлик аркылуу, сүйлөшүү иш-аракеттери менен, текст түрүндө жана темалар аркылуу, сүйлөшүүнүн түрдүү чөйрөлөрүндө, түрдүү стратегияларды колдонуу менен жүзөгө ашат. Демек компетенттүүлүк турмуштук кырдаалдарда, ар түркүн коомдук же жеке инсандык факторлор менен бирге жана алардын контекстинде кеп ишмердүүлүгү аркылуу ишке ашат.

Кеп ишмердүүлүгү деген эмне? Кеп ишмердүүлүгү дегенде адамдын коммуникативдик компетенцияларын белгилүү бир сүйлөшүү чейрөсүндө, башка бирөөнүн сөзүн кабыл алууда же өз ой-пикирин оозеки же жазуу түрүндө билдирүүдө конкреттүү бир коммуникативдик милдеттүү аткарууда колдоно алуусун түшүнөбүз (жогоруда аталган китеп, 8-б.) - десек болот.

Коммуникативдик ишмердик, жогоруда айтылгандай, бирөөнүн айтканын угуп түшүнүүдө, же адам өз алдынча бирөөгө бир нерсе деген оюн билдирүүдө, оозеки же жазуу формасында, диалогдук же монологдук текст түрүндө, конкреттүү сүйлөшүү чөйрөсүнө ылайык конкреттүү коммуникативдик милдетти аткаруу менен, т.а. коммуникативдик процессте, бир нече түргө жана формага ээ болот.

Сүйлөшүү чөйрөсү катары бул жерде, адамдар жашап, окуп жана мамилелешкен коомдук чөйрөнүн кенен алкагы эске түшөт, ал жогоруда аталган документте кабыл алынганына ылайык: жеке турмуштук чөйрө, коомдук-социалдык чөйрө, кесиптик жана билим алуу чөйрөсү деп аталып келет.

Кыргыз тилин экинчи тил катары окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде үйрөтүү

концепциясында да (Республиканын мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү өркүндөтүү концепциясы, 2014-жылы КР ББИМдин коллегиясы тарабынан кабыл алынган, түз: С.Рысбаев ж.б.), кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн предметтик стандартында да (аталган стандарт дагы КР ББИМдин коллегиясы тарабынан 2016-жылы кабыл алынган, түз: С.Рысбаев, Н.Жусупбекова, А.Оморова) ушул аталган сүйлөшүү чөйрөлөрү эске алынган.

Кандай болгондо да, коммуникативдик компетенттүүлүк күндөлүк турмуштук практикада конкреттүү сүйлөшүү милдеттерине (коммуникативдик милдет) жараша ишке ашат. Ал милдеттер катары төмөндөгүлөрдү түшүнөрүбүздү эске салалы, т.а. ал максаттуу багытталган сүйлөшүү аракети, ал конкреттүү маалыматты алууга же берүүгө багытталуу менен, анын конкреттүү жыйынтыгы болуусу менен шартталат жана алдыга коюлган кандайдыр бир көйгөйдү чечүүнү көздөйт. Мисалы: учураша билүү, бирөө менен таанышуу, бир маалыматты сурап билүү, суроого ылайык маалыматты бере алуу, ашканада кандай тамак ичерин, дүкөндө эмне сатып алары же китепканадан кандай китепти алуусун айта билүү... ж.б. багыттарда сүйлөшүп-баарлаша алуу милдеттерин камтыйт.

Чындыгында, биз жогоруда кеп кылган категориялуу бир нече түшүнүктөр баары ич ара логикалык байланышты түзүп турат жана сүйлөшүү процесстеринин максаттуу жана натыйжалуу жүрүшүндө кызмат кылат. Тактап айтканда:

- сүйлөшүү стратегиялары;
- тексттер;
- сүйлөшүү милдеттери;
- окуучуга коюлуучу жалпы компетенциялар;
- коммуникативдик-тилдик компетенттүүлүктөр;

- кеп ишмердигинин түрлөрү;
- тилдик процесстер;
- контекст же сүйлөшүү чөйрөлөрү;
- тил үйрөтүүгө ишмердик мамиле жасоо;
- тил билүү деңгээлдерин эске алуу;
- сүйлөшүү кырдаалдары, баары бири-бири менен тыгыс жана ырааттуу байланышта ишке ашканда гана кыргыз тилин башка улуттун балдары максаттуу жана натыйжалуу үйрөнө алмакчы.

ТИЛ ҮЙРӨТҮҮГӨ ИШМЕРДИК МАМИЛЕ ЖАСОО - КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ АЛГЫЛЫКТУУ ЫКМА КАТАРЫНДА

Бүгүнкү күндө тил үйрөнүү маселеси мектептеги педагогикалык-методикалык көйгөйдүн чегинен чыгып, тил адамдын турмуштук карым-катышынын зарыл куралынын деңгээлине, т.а. жаңы сапаттык деңгээлге көтөрүлүп отурат. Адам канча тил билсе, ошончо элдин өкүлү менен баарлашып, дүйнөнүн кайсы гана бурчунда болбосун, талаптагыдай жашоо кечирип кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга баратат. Мунун өзү тил үйрөнүү - адамдын өнүгүүсүнүн негизги бир факторуна айлангандыгын да далилдейт, ага антропологиялык (гуманисттик) мамиле жасоону, тактап айтканда, республикабызда кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнү инсанга багыттап окутуу технологиясына таянып жүзөгө ашыруу сыяктуу концептуалдуу максаттуу багытты так аныктообузду талап кылып отурат.

Ушуга байланыштуу, тил үйрөтүү төмөндөгүдөй методологиялык багыттарда жүргүзүлөрү максатка ылайык келет:

– тилди адамдардын өз ара карым-катышынын куралы катары үйрөтүү (коммуникациянын куралы катары);

– тилди улуттук маданиятты таануунун каражаты катары үйрөтүү (таанытуучу лингвистика, т.а. лингвоөлкө таануу багыты);

– тилди инсанды өнүктүрүүнүн куралы катары үйрөтүү (ар бир предмет адамды өз каражаты менен өнүктүрөт);

– тилди коомду ич ара бириктирүүнүн каражаты катары үйрөтүү (тил коомдук карым-катыштын куралы);

– тилди билим алуунун каражаты катары үйрөтүү;

– тилди инсандын социалдык-турмуштук талабын канааттандыруу куралы катары үйрөтүү;

– тилди жашап жаткан чөйрө менен социалдашуунун каражаты катары үйрөтүү.

Тил үйрөнүү, жогоруда белгиленгендей, инсандын калыптанышына, анын коомдо эркин социалдашуусуна, ар кандай улуттар менен этностор аралык маданий коммуникацияга аралашуусуна жол ачуу аркылуу сабакты дал ушундай максаттуу багытта үйрөтүү технологиясы менен мазмунун жаңыча иштеп чыгып, мезгил талабына ылайыктоо милдетин коёт.

Кыргыз тилин башка улуттун балдарына үйрөтүүнүн натыйжалуу болуусу – тилди үйрөтүү методикасы илиминин жетишкен ийгилиги катары бааланат. Бирок бул эле жетишпейт. Анткени, аны менен катар, тилге болгон коомдук мамиле өзгөрүшү керек. Бул жерде тилди адамдардын байланыш-катышынын гана куралы эмес, мамлекеттин идеологиясын түзөр каражат жана улуттун өзүн сактап калуунун да каражаты экендигин эсибизге салуубуздун өзү маанилүү. Андай болсо, ага илимий-методикалык гана талап коюу жетишсиз. Ага, ири алдыда, мамлекеттик талап да, мамлекеттик көзөмөл да керек.

Ал кандай көзөмөл болмокчу? Биринчиден, **Кыргыз Республикасында кыргыз тилине болгон коомдук талаптын, ал тилде сүйлөөгө болгон турмуштук зарылдыкты** түзүү. Бул - албетте, сырткы талап. Коомдук мындай талап

болбосо, анын зарылдыгын бүгүнкү мектеп окуучусу сезбесе, эч ким ал тилде сүйлөбөйт, коомдук чөйрөдө колдонулбайт.

Экинчиден, Кыргыз Республиканын ар бир жараны, асыресе, мектеп окуучусу **кыргыз тилин үйрөнүүгө жана сүйлөөгө болгон ички зарылдыкты сезүүсү, каалоо сезиминин ойгонуусу, оң ниеттин түптөлүшү, ички керектөөнүн** (мотивация) жаралуусу. Кыргызстанда кыргыз тилинде инсандык алакаларга, жазуу жана оозеки байланыштарга (коммуникация) карата ички даярдыгынын (интенция) ойгонуусу.

Үчүнчүдөн, кыргыз тилин үйрөнүүгө киришкен башка улуттун баласы «Мен келечекте Кыргызстанда жашайм жана иштейм. Кыргыз тили менин жашоо куралым болот, андан ийгилик табам, чоңоюп кызматтарда иштейм, ошон үчүн билим алам» - деген **келечектүү кызыкчылыктын, оң мотивдин болуусу;**

Төртүнчүдөн, күндө **кыргыз тилинде сүйлөөгө болгон турмуштук жандуу практиканын** болушу, класстагы ар бир сабакта мугалим менен окуучу кыргыз тилинде гана баарлашуусу, сабактын түздөн-түз кыргыз тилинде гана жүрүүсү, мугалимдин өз сабагын кыргыз тилинде гана жүргүзүүсү.

Бул айтылгандарды жыйынтыктап келсек, ойлордун чордонунда тилге үйрөнүүгө болгон эки нерсе: **коомдук талап** жана үйрөтүүнүн **жаңы технологиясы** тургандыгы сезилип турат.

Мына ушундай зарыл методологиялык жана методикалык шарттар эске алынып, 2013-жылы республикабыздын Президентинин белгилүү указы менен жарыяланган «Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди үйрөнүүнү жакшыртуу жана тил саясатын өркүндөтүү» аттуу атайын мамлекеттик документ республикабыздын коомчулугун, анын ичинде, тилчи окумуштууларды кайрадан ордунан

тургузган. Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн эл аралык системаларын үйрөнүү, анын негизинде, республикабызда кыргыз тилин үйрөтүүнүн жаңыча талаптарын аныктап чыгууга киришүү активдүү түрдө башталган.

Ага ылайык Кыргыз билим берүү академиясында кыргыз тилин 1-класстан тартып 11-класска чейин үйрөнүүдөгү интенциялар (максаттар), тил үйрөнүүдөгү муктаждыктар (дескриптор), коммуникативдик минимумдар (баарлашуу багыттары), сүйлөшүү тематикалары аныкталган. Окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр менен күтүлүүчү натыйжалар иштелип чыккан. Ушуларга таянуу менен Кыргыз тилин окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4, 5-9 жана 10-11-класстар үчүн предметтик стандарт иштелип чыкты. Мындагы негиз болуучу өзөк- окуучулар ээ болуучу тилдик, кептик (коммуникативдик) жана этномаданий компетенттүүлүктөр болуп эсептелинген. Демек бул документ-компетенттүүлүккө негизденген жаңы документ экендигин эске салат.

Мунун өзү мектепте буга чейин кыргыз тилин грамматика-котормо методу менен, т.а. грамматикалык эрежелерди жана сөз каражаттарын жаттоо аркылуу үйрөтүү ыкмасы өкүм сүрүп келсе, эми ал толук түрдө өзгөрүүгө баруусу зарыл. Андай болсо, ал ыкма кыргыз тилине үйрөтүү коммуникативдик-ишмердик мамиле аркылуу, сүйлөшүү аркылуу, сүйлөшүү максатында жана сүйлөшүүнүн жүрүшүндө үйрөнүү методуна өтүү талабы менен алмашылмакчы.

Ал үчүн окутуудагы коммуникативдик-ишмердик мамиленин өзү эмне экендигин тактап алалы. Ишмердүүлүк тууралуу кеп кылганда, окумуштуулар арасында ал тууралуу ар түрдүү көз караштар дагы, ар түркүн аныктамалар да бар экендигин байкайбыз. Википедияда адамдын ишмердүүлүгү тууралуу мындай деп мүнөздөлөт: «Ишмердүүлүк - бул адамдын аң-сезими аркылуу жөнгө салынып

туруучу, адамдын керектөөсүнөн улам жаралган, аң-сезимдүүлүккө негизделген, сырткы дүйнөнү жана адамдын өзүн кайра түзүүгө багытталган өзгөчө активдүүлүгү (интернет сайт: «Ишмердүүлүк деген эмне?» «Адамдын ишмердүүлүгү жөнүндө түшүнүк»). Ошол эле жерде адамдын ишмердүүлүгү жөнүндө андан ары мындай деп айтылат: ишмердүүлүк – керектөөнүн өзү эмес, ал ишмердүүлүктүн жаралышына мотив (аны ойготуучу, түрткү) катары кызмат кылат. (Ошол эле жерде). Ошентсе да, адамдын ишмердүүлүгү – адамдын ички талабы же көз карашы менен эмес, ал сырттан жаралган талап менен да, адамдын топтогон тажрыйбасы менен да тыгыз байланыштуу болору айтылат.

Ишмердиктин негизги үч түрү бар экендиги белгилүү, алар: оюн, окуу жана эмгек ишмердиги. Алардын ар биринин мүнөздөмөсү жана максаты, каражаттары бар экендиги маалым. Мисалы, оюндун өзү эле ишмердикти талап кылат жана анын өзү да ишмердик болуп саналат. Ал эми билим алуу, көндүмдөргө ээ болуп, билгичтиктерге үйрөнүү ишмердигинин белгилери болуп мүнөздөлөт. Ал эми коомдук зарыл өнүмдөрдү (продукттарды) алуу үчүн активдүү иш-аракет кылуу - эмгек ишмердүүлүгүнө тиешелүү.

Ишмердик мамиленин зарылдыгы эмнеде? Ал төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт. О.А.Митрошенков ишмердиктин түзүлүшү, түрү, формасы жана деңгээли тууралуу макаласында: «Субъекттин дүйнөгө ишмердик мамиле жасоосунун негизги себеби болуп керектөө, бытиенин белгилүү бир шартына карата кызыкчылык жана максат болуп саналат» (2-б) деп айтат. Андан ары: «Адамдын бардык аракеттери анын түрдүү керектөөсү менен талаптарын орундатуу үчүн жасалат» (3-б) – деп оюн корутундулайт.

Андай болсо, билим берүүдөгү ишмердик мамиле деген эмне? – деген суроо коюлат. Философ М.К.Мамард билим

берүү жана адамдын өнүгүшү, анын ишмердиги тууралуу маселеге карата мындай деп жазганы бар: «Адам калыптанат. Тынымсыз түрдө кайрадан жана да кайтадан калыптанып турат, т.а. адам тынымсыз түрдө жаңыланып туруучу жандык». («Как я понимаю философию», ИЗО 2 – М, 1992. 58-59-б.) Демек адам турмушта, турмуштук кырдаалдарда, улам жаңы маалымат, жаңы билим аркылуу буга чейинки түптөлгөн түшүнүктөрү байып, улам кийинки маалыматтар менен жаңыланып, улам жаңы доор менен бирге өркүндөп, жаңыланып туруучу, ошону менен калыптанып жетилүүчү өзгөчө жаралган жөндөмгө ээ жандык экен. Мына ушул процессте билим берүү - адам менен турмуштагы, адам менен чөйрөдөгү жана коомдогу байланышты жүзөгө ашырып туруучу процесстердин системасын (А.А. Леонтьев, Что такое деятельный подход в образовании, Нач.школа, 2017, №1) элестетет.

Мына ушул багыттан алганда, адам чөйрөдө жана коомдо, деги эле турмушта активдүү болууга, активдүү түрдө окуп билим алып жана эмгектенүүгө туура келет. Анткени чөйрө улам жаңыланып, коом өсүп-өнүгүп, талаптар алмашып турат. Адам андай шарттан эч качан артта калбашы керек. Чыгармачылык менен ойлонуп иштеп, жашашы керек. Ошол аркылуу адам өзүн кайра түзүп турат. Демек «билимдүүгө дүйнө жарык» деп элибиз айткан сөздүн да аныктыгы ушул жерден байкалат.

Орус педагогу С.И.Гессеп дагы ушул элдик ойду илимий өңүттө мындай деп кайра айткан экен: «Мектепте билим берүүнүн келечеги, максаты баланын келечектеги эркин өнүгүп-өсүшү үчүн шам болуп жарык чачып тургудай уюштурулушу керек». (Гессеп С.И., «Основы педагогики, Введение в прикладную философии – М., 1995, 55-б.). Мына ушунун өзү билим берүүдө анын максаты болгон – инсан-бүтүрүүчүнүн моделин элестетет.

Мектепте баланы өнүктүрүү башкы маселе эмес, баланы өзүн-өзү өнүктүрүүгө үйрөтүү – башкы маселе, – деп эскертишет окумуштуулар. Ошон үчүн айтылат эмеспи, баланын бир нерсеге үйрөтүүдөн көрөкчө, ага үйрөнүүнүн жолун үйрөтүү - негизги нерсе. Бул идеялар Д.Б.Эльконинди н, Л.В. Занковдун, П.Я. Гальперин менен Н.Ф. Талазиналардын өнүктүрүүчү окутуу методикасына негиз болгон. Бул методикалык системанын негизинде бала мектеп партасынан алган билимдин негиздери боюнча маалыматтарды топтоо эмес, предмет боюнча анын каражаттары аркылуу баланын өзүн-өзү өнүктүрүүсү, ишмер мамилесин калыптандыруу идеялары жатат.

Ушундан улам, психолог А.А.Леонтьев: «Билим берүү процесси – ар убакта баланы ишмердикке үйрөтүү менен алектениши керек» (макала: «Что такое деятельностный подход в образовании?») - деп бекеринен айтпаган чыгар. Чындыгында, сабак процессинде баланын жеке же жамааттык ишмердигин, таанып билүү ишмердигин, сүйлөө жана сүйлөшүү ж.б. ишмердүүлүгүн уюштурат жана аны өнүктүрөт. Бул иш-аракет ар убакта аң-сезимдүү жүрөт жана ал аң-сезимдүү түрдөгү максат болот да, бир нерсеге кызыктыруучу, алдыга умтулдуруучу мотивациялык мүнөздө болот. Ушул эле ойду андан ары улантсак, ишмердикке үйрөтүү – окутууну мативациялоо мүнөздө уюштуруу, баланы өз алдына максат коюуга жана ага баруучу жолду издөөгө үйрөтүү, анын ичинде максатка жетүүнүн каражатын табууга көнүктүрүү (т.а. өз ишмердигин оптималдуу уюштуруусу үчүн), ал тургай, балага өз ишин текшере билүүгө өзүн-өзү баалап, өзүнө сын көз менен карай билүүгө машыктыруу болуп калат. Бул учурда билим дегенибиз - окуу иш-аракетинин, андан ары сабактан тышкаркы бардык ишмердиктин болжолдуу негизи болуп саналат. Ал эми көндүмдөр болсо, билим алуу ишмердигин андан ары улантып кетүүчү технологиялык жагын жөндөмдүүлүктү

элестетет. (аталган макала, 5-бет)

Психолог Л.С.Выготскийдин «Педагогическая психология» деген белгилүү эмгегинде «педагогикада жашоонун өзү да – чыгармачыл система» катары көрүнөт. Анткени биздин ар бир оюбуз, ар бир кыймылыбыз - жаңы ишмердикти түзүүгө, улам жаңыны көздөй өтүүгө болгон умтулуу болуп саналат» (Л.С.Выготский, «Педагогическая психология, М.1926, 34-б.). Окумуштуу мына ушинтип белгилегедей, окуп-үйрөнүүнүн өзү чыгармачылыксыз, анан да ишмер мамилесиз болбойт жана максатына жетпейт. Антпесе, окуу иши – даяр нерсени мугалим окуучуга даяр боюнча айтып бермей, окуучу аны ошол боюнча кайталап айтмай, болбосо жаттап карандай кайталамай сыяктуу курулай убакыт өткөрмөй адатка айланат.

Окуу процессинде окуучуну чыгармачылыкка заматта эле үйрөтө коюуга болбойт. Адегенде, репродукцивдүү түрдө, т.а. жарым продуктивдүү иш-аракеттин болушу, андан ары эвристикалуу мүнөзгө, т.а. чыгармачыл мүнөзгө өсүүсү - мыйзамченемдүү көрүнүш. Андан жаралган ишмердик мамиле өзүнүн этаптарын өтүп, деңгээлдерине көтөрүлүп, жөнөкөйдөн - татаалга өнүгүп, тереңдеп жана кеңейип жүрүп отуруусу шарт. (В.В.Давыдов, «Теория развивающего обучения», «Вопросы психологии, М; 1998, №5, 142-б)

Билим берүүдөгү ишмердикке үйрөтүү маселесинде дагы бир маанилүү нерсе бар. Ал окуучуну акыл-эс иш-аракетине көнүктүрүү үчүн сабакта чыгармачыл түрдө өз алдынчалуу иш-аракетке үйрөтүү керек. Адегендеги бул иш-аракет «мугалимден – окуучуга» деген иш-аракет болуп саналат. Мунун өзү мугалим тарабынан адегенде ишти чыгармачылык менен аткарууга жол көрсөтүлөт. Ири алдыда, окуучу чыгармачыл ишке мугалимдин жетекчилиги менен машыгат, «окуучу бүгүн мугалимдин жетекчилиги менен жана мугалим менен бирдикте кызматташуу аркылуу аткарган ишти эртең өз алдынча аткарат».

Демек, мугалимсиз окуучу өз алдынча иштей баштады дегендик – бул чыгармачыл иштин башталышы, ага жөндөмдүү экенине ишенүүнүн бир далили болуп калат. Ал баланын акыл-эс ишмердигинин өсүшүнүн «жакынкы зонасы» катары эске түшөт (Л.С.Выготский).

Ушулардан улам «билим берүүдөгү ишмердик мамиле деген эмне?» деген суроо келип чыгат. Ал билим берүү технологияларынын жыйындысы эмес, ал – билим берүүнүн философиясы, билим берүүдөгү өнүктүрүп окутуунун методологиялык пайдубалы. Ал билим алуудагы окуучу менен дүйнөнүн, окуучу менен аң-сезимдин байланышын, алган билимди кайталап айтып берүү менен чыгармачыл өздөштүрүүнүн ортосундагы абалды түшүндүрөт. Тагыраак айтканда, ар бир мугалим окуучусуна билим берүүдө кайсы жолду тандайт: өзү сабакта айтып бергенин окуучусу так өзүндөй кылып кайта кайталап айтып берсе болдубу же алган билимин окуучу практика жүзүндө өз алдынча колдонуп, аны аң-сезимдүү түрдө өздөштүрүп, чыгармачылык менен аны ары тереңдетип, өз көз карашы менен байытып, алдында коюлган көйгөйлөрдү өз алдынча чечип, үйрөнгөнүн практикада колдоно алуу менен акыл-эс иш-аракеттерин жүргүзүп жатабы? Маселе – мына ушунда эмеспи. А мугалим – бул айтылгандын, сөзсүз түрдө экинчисин тандаары бышык. Андай болсо, окуучуну ишмердикке багыт берип окутуу, макаланын баш жагында айткандай, келечектүү максатты чечүүгө багытталган иш-аракеттин системасы экенин моюнга алышыбыз керек.

Эми ушуларга таянуу менен кыргыз тили сабагындагы окуучунун ишмердик мамилеси кандай болот? - деген маселеге келели.

Концепцияда жана стандарттарда белгиленгендей, кыргыз тилин үйрөтүүдө **негизги жана предметтик компетенттүүлүк** ачылып берилген.

Сүрөткө карайлы:



Булардан биз эмнени түшүнөбүз? Албетте, негизги компетенттүүлүктөр, биринчиден, жалпы эле алган билимди, экинчиден, ал билимди пайдаланып, турмушта кездешкен ар кандай көйгөйлөрдү чече алуу, ал аркылуу социомаданий шартта иштеп - жашоону элестетсе, предметтик компетенциялар болсо, сабакта үйрөнгөн тилдик материалдарды кепке айландыруу, ал эми кептик көйгөйлөрдү баарлашууда колдонуу жана ал аркылуу лингво-маданий компетенттүүлүккө ээ болуу, т.а. тил аркылуу элди таануу көйгөйлөрүн чечүүнү көздөйт. Ал компетенттүүлүктөр өз ара логикалык жактан тыгыс байланышта турушат, бирибирисиз практика жүзүндө ишке ашпайт жана бул чынжыр бузулса, тил үйрөнүү логикасы да бузулат.

Стандарттын өзөгүн түзгөн мына ушул мамиле сөзсүз түрдө, кыргыз тилин үйрөнүүнү, биз сөз кылып жаткан коммуникативдик-ишмердик мамиле аркылуу үйрөтүү жана ал үчүн окуу материалдарынын мазмунун жаңылоо маселеси менен ажырагыс тыкыс байланышта экендиги көрүнүп турат. Анткени окуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун ийгилиги – жакшы окуу китеби, же жакшы мугалим гана эмес. Алар сырткы гана фактылар болуп саналат. Ошону менен бирге,

сабакта окуучунун акыл-эстик жана психологиялык жактан активдүүлүгү да чоң роль ойнойт. Себеби, ал сабактагы өздөштүрүүнүн борбордук компоненти. Тагыраак айтканда, окуучунун көңүл буруусу, кабыл алуусу, укканын эске тутуусу, укканы боюнча ой жүгүртүүсү, элестетүүсү ж.б. баары эң зарыл шарттардан болуп саналат. Мунун баары сабакты талаптагыдай өздөштүрүүдөгү негизги элементтер жана алар баланы окуу ишмердигине калыптандырууда негизги орунду ээлейт.

Ушул элементтердин баары кыргыз тили сабактарынын максатын аныктоодо эске алынышы шарт жана да мугалимдин сабактагы койгон максаты окуучунун да максаты болуп, аны менен бирдей шайкеш келүүсү үчүн жогорудагы элементтер эске алынышы зарыл. Мунун өзү бала сабактагы алган практикалык билимди зордоо аркылуу эмес, ички каалоосу менен өздөштүрүүсүнө жол ачары бышык. Ошондо гана сабак окуучунун интеллектуалдык, эрктик, моралдык сапаттарын ж.б. бирдикте калыптандырат.

Мында төмөндөгүдөй иштиктүү операциялары жүзөгө ашат. Мисалы:

1. Кыргыз тилине тиешелүү фактыларды жөн гана жаттап эсте тутуп алдыбы?

2. Кыргыз тилинин айрым фонетикалык, грамматикалык, лексикалык материалдарын түшүнүү менен кабыл алдыбы?

3. Үлгү боюнча грамматикалык, лексикалык материалдарды колдонуп, оюн айттыбы?

4. Үйрөнгөнүн кырдаалга ылайык колдонуп сүйлөдүбү?

5. Өз алдынча сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша кырдаалдарга ылайык пикир алыша алдыбы?

6. Ушундай шарттарда окуучулардын интеллектуалдык жана эмоционалдык иш-аракеттери динамикалуу өстүбү?

7. Тилдик фактыларды колдонуп, алдына коюлган көйгөйлүү жагдайларды чече алдыбы?

Мындай шартта ишмердикти уюштуруу кандайча жүзөгө ашат? Ал үчүн төмөндөгүдөй методикалык шарттар жүзөгө ашышы керек, атап айтканда:

- окуу материалынын окуучунун эске тутуусу жана ой жүгүртүүсү менен байланышы;
- окуу материалын окуучунун кайра айтып берүүсү жана чыгармачыл ишмердиги менен байланышы;
- окуу материалын даяр түрүндө өздөштүрүүсү менен өз алдынча изденип өздөштүрүүсү менен байланышы;
- окуу материалдарын проблемалык-эвристикалык мүнөздө өздөштүрүүнүн чечилиши;
- өздөштүргөндөрдү текшерүү, анализдөө жана окуучунун ишмердигин баалоонун өз ара байланышы;
- сабактагы психологиялык климат (жакшы маанай, окуучулардын класстагы жандуу пикирлешүүсү);
- мугалимдин сабакты уюштуруусу, даярдыгы, мазмунду билиши, сабактын этаптарын туура пайдалануу ж.б.
- окуучунун продуктивдүү иштеши үчүн ой жүгүртүүсү менен кыялдануусун туура уюштура билүү, аны камсыз кылуу;
- үйрөнүүчү материалдардын ойнолуп сунушталышы, окуучу тарабынан мазмундук бүтүндүктө кабылданышына жетишүү.

Ушунун баары, жогоруда айтып өткөн В.В. Давыдовдун «өнүктүрүп окутуунун теориясы», Л.С. Выготскийдин «өнүгүүнүн жакынкы зонасы», же болбосо А.А. Леонтьевдин билим берүүдөгү «сырттан – ичке карай» деген, т.а. бүгүн окуучунун мугалим менен биргелешкен окуу – тааануу ишмердиги эртеңки окуучунун өз алдынча чыгармачыл ишмердигине жол ачат – деген идеясынын турмуштагы көрүнүшү болуп саналат.

Жыйынтыктап айтсак, бүгүнкү күндөгү кыргыз тилин үйрөтүү ыкмаларыбыз сөзсүз түрдө ушул багыттарга ылайык өзгөрүүсү талап кылынат. Ал сөзсүз түрдө, коммуникативдик-ишмердик багыт болуусу керек.

КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН УЮШТУРУУ - ПЕДАГОГИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ

Илимий негизде алганда, сүйлөшүү кырдаалын сабакта түзүүнү сабакта баланы кыргызча сүйлөөгө «муктаждыгын» жараткан методикалык шарт катары кабылдасак болот. Бул тууралуу орус методисти, окумуштуу П.Пассов өзүнүн көптөгөн эмгектеринде далилдүү кылып негиздеп айткан. Бирок, мектеп практикасында, мотив жеке эле сүйлөшүүгө баланы мажбурлоочу методикалык шарт гана эмес, тескерисинче тил үйрөнүүгө болгон баланын кызыгуусун арттыруучу ыңгайлуу зарыл жагдай да болорун көргөзүп келет.

Мына ушул жагдай тил үйрөнүү ишмердигинин теориясын эске салат. Анда төмөндөгү төрт компонент бар экендиги белгилүү. Алар: «интенция, мотив, программа жана практика» (Л. Леонтьев). Бул төрт түшүнүктү чечмелөөгө аракет жасайлы.

1. Интенция – адамдын тилди үйрөнүүгө болгон ички каалоосунун жаралышы. Демек, мектептерде окуучулардын кыргыз тилин үйрөнүүгө болгон каалоосунун, ички ынтаасынын болуусу.

Демек, бул жерде, **интенция** дегенде биз эмнени эске алабыз? - деген суроо туулат. Интенция - негизинен, (латын сөзү-intentio, намерение, стремление) адамдын тил үйрөнүүгө болгон умтулуусу, максаты, каалоо, ниети жаткан сүйлөшүү багыттары жана да тил үйрөнүү аракетине жараша ой жүгүртүүнүн ички максаттуу планы. Интеция аң-

сезимдүү жана аң-сезимсиз түрдө, монологдук жана диалогдук формада пайда болуусу ыктымал.

Бүгүнкү Кыргызстандын мектептеринин шартында бул кантип жүзөгө ашмакчы? Ал үчүн, ири алдыда, окуучунун ата-энеси баласынын мамлекеттик тилди үйрөнүүсүнө болгон оң мотивинин жаралышы, андан улам алар балдарына үйдөн туура кеңештерин айтып, кыргыз тилин үйрөнүүсүнө көмөк көрсөтүп, сабактарына катышып, тапшырмаларынын аткарылышын текшерип, алардын туулуп-өскөн мекени Кыргызстан экенин жана келечеги да аны менен байлашта болорун, ал жерде окуп-билим алып, жашап-иштей турганын туура түшүндүрүп, кыргыз тилин үйрөнүүгө, кыргыз маданиятын сыйлоого болгон туура пикирде болуусун, ошондой ой туюмдардын балада түптөлүшүнө кам көрүүсү оң пайда бермек. Экинчиден, мектеп мугалими окуучуну зордоп тапшырма аткарууга мажбурлоонун ордуна, бала менен ар дайым изги мамиледе болуп, окууга жана тил үйрөнүүгө болгон оң мотивациясын күн санап жаратып, кызыгуусун арттырып, бала менен дос болуп, тилин таап, жан дүйнөсүнө жетер педагогикалык жолду издөөсү зарыл.

2. Мотив – сүйлөшүү зарылчылыгынын болуусу, сүйлөшүү кырдаалынын түзүлүшү. Бул – мугалимдин ар бир сабакта кыргызча сүйлөшүү зарылчылыгын түзө алышы, сүйлөшүү кырдаалын жарата алышы. Окуучу мугалим менен жекече мамилелешүүсүндө да, сабактагы иш-аракеттердин маалында да кыргызча гана сүйлөшүү керектигин сезип-туюусу жана аны күн сайын ырааттуу түрдө жүзөгө ашыруунун зарылдыгы.

Ал үчүн, албетте, кыргыз тилин үйрөнүүгө болгон талаптын пайда болуусу шарт. Талап эки негизде жаралат. Анын бири – коомдук талап, т.а. кыргыз тилин үйрөнүүгө болгон коомдук катуу талаптын коюлуусу. Экинчиси – кыргыз тилин үйрөнүүгө болгон баланын ички талабынын ойгонуусу.

Ал талаптын ойгонуусу – интенция менен, т.а. каалоо менен бирге жаралып, каалоо менен бирге ишке ашмакчы.

Муну кыргыз тили мугалими класстын шартында кантип жүзөгө ашырат?

Мугалим класста турмуштук зарылдыкты жаратуунун алдында жасалма зарылдыкты жаратат. Сабакты кыргыз тилинде уюштуруу, окуучу менен кыргыз тилинде гана баарлашуунун өзү да класстагы негизги зарылдыкты, сүйлөшүү кырдаалын жаратып, сүйлөшүү чөйрөсүн түзөт. Окуу материалын зордоп жаттатуу – эч качан жасалма зарылдыкты билдирбейт. Жасалма сүйлөшүү зарылдыгы – күн сайын үйрөнүп жаткан тилдик материалды жасалма кырдаалда кантип колдонуп сүйлөп оюн айтса болорун, кантип колдонуп айтып суроо берерин же берилген суроого жооп берерин үйрөтүү менен коштолуп отурат.

Ал үчүн окуучуга «мына бул сөзгө бул грамматикалык форманы улантып, мына бул нерсенин эмне экенин сурачы» (китеп+пи?), же «мына бул сөздү колдонуп, менин мындай суроомо мындай деп жооп берчи» (ооба, китеп) деп сүйөмөлөп отуруунун өзү да жасалма сүйлөшүү кырдаалын жана жасалма сүйлөшүү зарылдыгын түзүү менен барабар.

Ошондо да, бул методикалык механизм баланын кыргызча сүйлөп оюн билдирүүгө болгон оң мотивациясын жаратуу менен гана байланыштуу болорун, андай оң мотив жаралбаса, үйрөнгөн окуу материалын, грамматикалык формаларды кантип кебинде колдонуп сүйлөөгө болгон ынтызар аракеттин жаралбасын туура түшүнүүсү негизги нерсе болорун мугалим унутпашы керек.

3. Программа – окуу китептерден күн сайын зарыл лексикалык-грамматикалык материалдарды окуп-үйрөнүү.

Албетте, окуучу күн сайын жаңы лексика, жаңы грамматикалык форма менен таанышат. Ал материалдар окуучунун тил үйрөнүүсүнүн курулуш материалынын милдетин аткарары шексиз. Ошентсе да, ал окуу материалдары күндөлүк

турмуштук кырдаалдарда сүйлөшүп, пикир алышуунун курулуш материалы катары функциясына жараша пайдаланылганда гана ошондой маани-маңызы ачылмакчы. Антпеген күндө күн сайын өтүлгөн окуу материалдары курулай жаттоо менен гана барабар болуп калары бышык.

Мындай программалоо кандай учурда максаттуу болот? Анын максаттуу болуусун мугалим күндөлүк сабагына даярдануда эске алуусу пайдалуу. Мисалы, мугалим сабакка даярдануда: «Ушул лексикалык материал, ушул грамматикалык форма окуучу үчүн эмнеге керек? Окуучу буларды кандай тематикада, кандай кырдаалда, кантип колдонуп сүйлөйт? Ал үчүн мен бүгүнкү сабакта баланы эмнеге жана кантип машыктырам?» деп ойлонуп, проблемалуу суроону алдына коюп, аны чечүүнүн жолун табуусу керек. Күндөлүк сабагынын планын ушул максатта түзүп, сабагын бышыктоо этабында жаңы үйрөнгөн окуу материалын окуучу практикада колдонуп бышыктоо аркылуу машыгып сүйлөп, сабак жыйынтыкталуусу шарт.

4. Практика – класста да, мектепте да, балдар жашаган чөйрөдө күн сайын кыргызча сүйлөшүү чөйрөсүнүн болуусу, окуучулар кыргыз тили сабактарында мугалим менен кыргыз тилинде гана баарлашуусу, мугалимдин ар бир талабына, окуу китептеги материалдарга көңүл коюу менен мамиле жасап, активдүү ишмердик мамилесинин ырааттуу жүзөгө ашышы.

Бул иш-аракеттер эмнеден башталат? Биринчиден, кыргыз тили – окуучу менен мугалимдин инсандык баарлашуусунун негизги маалымат алышуу, пикир алышуу тили болуусу керек. Ал үчүн күн сайын мугалим менен окуучу сабак башталгандагы учурашуусунан тартып, соңку кош айтуусуна чейин жалаң кыргыз тилинде баарлашуусу зарыл.

Экинчиден, кыргыз тили сабакты уюштуруунун, методикалык иш-аракеттерди жүзөгө ашыруунун бүткүл тилинин кызматын аткаруусу керек. Кандай суроо берилсе, кандай

тапшырма берилсе, баары кыргыз тилинде гана болуусу муну жүзөгө ашырмакчы.

Үчүнчүдөн, кыргыз тили – окуу предметинин тили болуусу. Зарыл учурда гана грамматика - котормо методу колдонулбаса, кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрү, негизги окуу материалдары кыргыз тилинде гана түшүндүрүлүп, кыргыз тилинде гана талап кылынышы керек.

Мына ушунун баары методика илиминдеги «Кайсы тилди үйрөтсөң - сабакты ошол тилде жүргүз» деген илимий жобого түздөн-түз байланыштуу чечилет да, жогоруда кеп кылган сабактагы жасалма зарылдыкты жаратат. Күн сайынкы зарыл практиканы жаратат.

Бирок, бизде бүгүн булардын кайсылары бар? Интенция барбы – жок. Мотив барбы – жок. Программа барбы? Бар. Күн сайын жаңы сабак өтүлөт. Күн сайын жаңы окуу материалдары үйрөнүлөт. Практика барбы? – жок. Демек, үйрөнгөн окуу материалдарын практикада колдонуу зарылдыгы жок. Класста да, мектепте да, башка улуттун баласы жашаган чөйрөдө кыргызча сүйлөшүү чөйрөсү түзүлбөйт.

Мындай шарттын өзү эле республикабыздагы башка улуттун өкүлдөрүнө кыргыз тилин талаптагыдай үйрөтүү маселесин натыйжалуу чечүүгө мүмкүн эместигин айгинелеп турат. Анткени кыргыз тилинин натыйжалуу окутулбай, мектепте талаптагыдай үйрөтүлбөй келатышы аны окутуу менен үйрөтүүнүн максаттуу, концептуалдуу багытынын ачык-даана эместиги, анын аныкталбай келатышы болуп саналат.

Кантсе да, кыргыз тили предмети атайын милдеттүү окутулуучу сабак катары жалпы билим берүүчү окуу мектептин окуу планында орун алып тургандыктан, ал аткарылууга тийиш жана анын методикалык туура жолун табууга тийишпиз.

Дагы бир маанилүү маселе: бул, кыргыз тилин үйрөтүүдө, анын А1, А2 жана В1 деңгээлдерде окуучулардын

тил билүүсү кандай тартипте өлчөнөт жана тил билүү деңгээлдеринин жыйынтыктары кантип чыгарылат? - деген ой. «Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин окутууну өркүндөтүү» концепциясында (Бишкек, 2016) мындай деп жазылган: «Окуучулар мектеп стандартын жана орто мектептин программалык материалын толук өздөштүрүп, кыргызча сүйлөөгө кеңири жатыгып калышат жана орто деңгээлдеги тил билүү сертификатына ээ болуп, мектепти аякташат» (20-бет).

Демек, В1 деңгээлин аяктаган мектеп бүтүрүүчүсүнө коюлган бул талап - кыргыз тилин талаптын деңгээлинде өздөштүрүп чыгуусу тийиш болгон муктаждыкты да жаратпай койбойт. Ал муктаждык - мына ушул тил билүү деңгээлин тастыктаган сертификат аркылуу жаралат.

Мындай жыйынтыктоочу сертификат алууга окуучуну башталгыч класстарды камтыган А1 деңгээлине ылайык тил билүү абалын сынаган «жумшак сертификат» алууга үйрөтүү менен баштоо керек - дегибиз келет. Ошондой эле «жумшак сертификатты» окуучу А2 деңгээлин (9-кл) бүтүрүп жатып алса да максаттуу болот, тактап айтканда, окуучу ар бир деңгээлди аяктап жатканда сертификатка ээ болуп, улам кийинки деңгээлге өтүп отурса, илимий-методикалык жактан туура мамиле болмок. Демек, ал мамиле кийин жогорку окуу жайына кирүүдө В1 деңгээлинин сертификаты эске алынса, ЖОЖду аяктаганда В2 деңээлинин сертификаты менен магистратурага кирсе, же кызматка орношо турган болсо, С1 жана С2нин сертификаты менен жогорку кызматтарга кабыл алынса, бул кыргыз тилин билүүгө тийиш деген «катаал талап» эмес, илимий талап, илимий негиздеги муктаждык катары гана бааланмак жана туура болмок.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮНҮН ДЕҢГЭЭЛДИК СИСТЕМАСЫ, МҮНӨЗДӨМӨСҮ ЖАНА АНЫН ДИДАКТИКАЛЫК ТАЛАПТАРЫ

Кыргыз тилин окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде үйрөтүү **коммуникативдик багытта уюштурулары** тууралуу жогоруда айтылды. Сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу аркылуу гана окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда сүйлөшө алууга, оюн сабаттуу жаза билүүгө, анын негизинде кыргызча кеп маданиятына көнүктүрүүгө мүмкүн.

Албетте, бул айтылгандар - бир эле учурда, бирдей шарттарда аткарыла калбай турган татаал процесс. Ал - кандайдыр бир, башталышы, активдешүүсү, өнүгүүсү жана жыйынтыгы бар жандуу иш-аракеттерге ээ, максаттуу талаптары камтылган, тепкичтүү деңгээлдерде ишке ашар өзүнчө бир дидактикалык система. Ушул багытта түзүлгөн эл аралык тил үйрөтүү стандарты дүйнөдө ийгиликтүү колдонулуп келүүдө. Ал стандарт деңгээлдик система (эл аралык стандарт) деп аталат жана кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн инновациялык парадигмасы катары бааланат.

Ошондуктан, дүйнөлүк тил үйрөнүүнүн эл аралык бул системасына (Тил билүүнүн Европалык стандарты) таанууменен, Кыргызстан үчүн төмөндөгүдөй үч (А, В жана С) баскычтагы системалык-деңгээлдик принципте тил үйрөтүүнүн «моделин» кабыл алсак болот. Анын А (А1, А1+, А2, А2+) жана В (В1, В1+) деңгээлдери мектеп үчүн сунушталат (таблицаны караңыз).

А деңгээли Кыргыз тилин эң жөнөкөй деңгээлде колдоно билүү	**А1 (А1+)** **Баштапкы деңгээл**	**А1.1. (А1.1+)** **1-класс** (карапайым көндүмдөр) **А1.2. (А1.2 +)** **2-4-класстар** (жөнөкөй көндүмдөр)
	А2 (А2+) **Калыптануу деңгээли**	**5-9-класстар** (Негизги көндүмдөр)
В деңгээли Кыргыз тилин өз алдынча колдоно билүү деңгээли	**В1 (В1+)** **Орто деңгээл**	**10-11-класстар** (орто мектептин стандартына ылайык толук көндүмдөр)
	В2 (В2+) **Ортодон жогорку деңгээл**	Жогорку окуу жайларында «Кесиптик кыргыз тили» системасынын негизинде окутуу
С деңгээли Эркин колдоно билүү деңгээли	**С1** **Жогорку деңгээл**	Магистратура мезгили
	С2 **Жетик деңгээл**	Кызмат чөйрөсү

Бул жерден бир нерсеге түшүнүк берип кетели: ал- А1+, А2+ жана В1 + деген кошумча белгилер тууралуу. «Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун жаңы стандартында (Б., 2023) мына ушундай кошуу (плюс) белгилери менен деңгээлдер белгиленген. Ал эмнени түшүндүрөт?

Ал:

- биринчиден, кыргыз айылдарындагы окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде окуган, кыргыз тилин жакшы билген, үйүндө кыргызча сүйлөгөн, бирок мектепте орус тилинде баарлашкан балдар бар мектепте окутууну эске алган деңээл.

- экинчиден, кыргыз тилдүү жашоо чөйрөсү бар, бирок окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде окуган, кыргыз тилин түшүнгөн түрк тилдүү же орус тилдүү балдарга кыргыз тилин үйрөтүү шартын эске алган деңгээл.

Мындай шарттарда кыргыз тилин окутуу орус тилдүү чөйрөдө жана орус тилдүү үй-бүлөдө тарбияланган, кыргыз тилин турмушунда дээрлик колдонбогон кыргыз жана башка тилдүү балдарга караганда, бир аз адымдатылган темпте жүргүзүлмөкчү. Мында окуу материалдары бир аз татаалдатылган мүнөздө, окуу материалдарынын тематикасы бай жана да угууга, окууга, жазууга жана сүйлөөгө коюлган талап бир аз жогорураак болмокчу.

КЫРГЫЗ ТИЛИН А1 (А1+) ДЕҢГЭЭЛИНДЕ ҮЙРӨНҮҮГӨ КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР, АНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Ошол үчүн биз концепцияда берилген тил үйрөнүү деңгээлдерин жана анын талаптарын мисалга тарта кетели.

Концепцияда берилгендей, **А1 (А1+) Баштапкы деңгээл *(кыргыз тилин үйрөнүүгө багыттоочу мезгил)* 1-классты** камтыйт да, кыргыз тилин жаңыдан үйрөнө баштаган башка тилдүү балдар кыргызча сүйлөшүүгө үйрөнүүгө киришүү мезгили болуу менен, анын эң жөнөкөй көндүмдөргө ээ кылуу аркылуу жыйынтыкталат. Ал деңгээлде балдар ээ болуучу көндүмдөр жогоруда белгилеген чөйрөлөрдүн (сфералардын) ичинен балага, анын жашоо жана окуу чөйрөсүнө жакыныраактарын камтыйт, ошону менен бирге, сүйлөшүүгө машыктыруучу жөнөкөй кырдаалдар, лексикалык чакан минимум, грамматикалык жөнөкөй формалар камтылмакчы.

Бул баскычты өткөндөр төмөндөгүдөй коммуникативдик иш-аракеттерге ээ болуп калышат, т.а:

- окуткан мугалими, классташтары менен кыргызча таанышып, өзүн тааныштырып, учураша жана коштошо билүүгө;

- өзү, ата-энеси, бир туугандары, жашаган дареги тууралуу айтып бере алууга;

- жашаган, окуган аймагы, андагы обьектилер, жандуу-жансыз заттар, тамак-аш, кийим-кече, үй буюмдарынын аталыштарын айта билүүгө;

- өзүнүн жана түрдүү жандуу-жансыз заттардын турган ордун, кайда экенин, эмне кылып жатканын айта билүүгө;

- күндүн сутка ичиндеги ар түрдүү убактысын, жуманын, айдын аталыштарын, жылдын мезгилдери менен эсебин кыргызча айта алууга;

- класстагы, мектептеги окуу-тарбия иштерине байланыштуу аткарылуучу иштерди түшүнүүгө, коюлган суроолорго кыргызча жооп бере алууга...

Жогоруда аталган көндүмдөр менен катар, бул деңгээлди басып өткөндө окуучулар заттык, сандык, сыпаттык жана кыймылды билдирген сөздөрдү жана да жак, чак, жөндөмө мүчөлөрүн кебинде колдонуп, ***кадыресе күндөлүк алыш-бериш, сурап алуу-сурап билүү аракеттерине жарап калышат. Тактап айтканда:***

- класста окуу ишмердүүлүктөрүнө жараша айтылган сөздөрдү, көрсөтмөлөрдү түшүнө билүүгө, мугалимдин суроолоруна жооп бере алууга;

- кыргызча уруксат, кечирим сурай алууга, нерсенин эмне экенин сурап билүүгө жана сурап алууга;

- өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар биринин ким экени, жашы, аткарган иштери, ата-энелерине, бир туугандарына жардам берүү тууралуу кыргызча маалымат бере алууга, ал тууралуу суроолорго жооп берүүгө;

- түрдүү жөнөкөй кырдаалдарга жараша берилген суроолорго кыскача, туура, так жооп бере алууга, өз оюн билдире алууга;

- аба ырайы, жаан-чачын, ага ылайык кийинүү, үй жаныбарларынын, жапайы айбанаттардын аттарын атай билүүгө;

- качан, каерде эмне кыларын, кайда барарын, учурда эмне кылып жатканын, буюмдун кимдики экенин, буюмдун канча, кандай экенин кыргызча айта алуу жана суроого так, туура жооп бере алууга машыгышат.

Албетте, текшерүү жана баалоо окуучунун окуп-үйрөнүүчү окуу материалдарынын багытына жана мазмунуна жараша болору белгилүү. Анда А1 (А1+) деңгээлинде кыргыз тилин окуучулардын билүүсүн текшерүүдө жана баалоодо мына бул дидактикалык шарттардын чечилишине айрыкча көңүл буруубуз керек:

1. Окуу материалдарынын мазмунунун так аныкталышына;
2. Сүйлөшүү интенцияларынын туура аныкталышына;
3. Сүйлөшүү тематикаларына: темалар жана подтемаларга;
4. Сүйлөшүү чөйрөлөрүнө;
5. Кырдаалдык маектердин типтери менен түрлөрүнө;
6. Муктаждыктарга (дескрипторлорго);
7. Өзүн-өзү баалоо шкаласына;
8. Кыргыз тилин үйрөнүүгө коюлуучу жалпы дидактикалык талаптарга, ж.б.

Албетте, мындай шартта окуу материалдарынын мүнөзү жана көнүгүү-машыгуу иштеринин түрлөрү А1 жана А1+ деңгээлдеринде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилдеги ишмердүүлүктөр методикалык жана нормативдик жактан эки түрдө жүзөгө ашат, т.а:

- А1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге, лексикалык, граммати-

калык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

- А1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат.

ДЕҢГЭЭЛДЕРГЕ ЖАРАША СҮЙЛӨШҮҮ ЧӨЙРӨЛӨРҮ ЖАНА АНЫН ТҮШҮНДҮРМӨЛӨРҮ

Ал эми сүйлөшүү жана мамилелешүү чөйрөлөрүнө жараша кыргыз тилин үйрөтүүдө окуучулардын кебин өстүрүүдө эске алынар чөйрөлөр жана ал чөйрөлөргө жараша окуу материалдарынын тематикалары төмөндөгүдөй болмокчу.

1. Баланын өздүк чөйрөсү

Буга төмөндөгү тематикалар кирет: баланын өзү, аты-жөнү, чоң ата, чоң энеси, бир туугандары, жашаган үйү, бөлмөсү, өздүк буюмдары, үй дареги... ж.б. тууралуу материалдар.

Бул тематикаларга жараша ээ болуучу кеп ишмердүүлүктөрдүн багыттары:

– өзүнүн аты, атасынын аты, жаш курагы тууралуу маалымат бере билүү;

– ата-энеси, чоң ата-чоң энеси ким экенин, иштеген иши, жашы тууралуу айта алуу;

– бир туугандары, окуусу, иши, жашы тууралуу маалымат бере алуу;

– жашаган жерин, үйүн, дарегин айта алуу;

– өз бөлмөсү, өзүнө тиешелүү буюмдары тууралуу айта билүү ж.б.

Ушул өздүк чөйрөдө күндөлүк турмуш-тиричилик багытындагы сүйлөшүүлөрдө жана мамилелешүүлөрдө *төө-*

мөндөгү тематикалар да камтылат: баланын күндөлүк эрежеси, үй турмушу, бир туугандарына камкордук көрүү, ата-энеге жардам берүү, үй буюмдары, кийим-кечектер, эмеректер, идиш-аяктар, тамактануу, үйдө аткаруучу иштер, сатып алуу, нерсенин санын, сапатын, эмненин кайда экенин, убакытты, мезгилди сурай билүү ж.б. тематикаларда сүйлөшүүгө машыктыруу.

Бул тематикаларга жараша ээ болуучу кеп ишмердүүлүктөрдүн багыттары:

– күндөлүк эрежелерин кыргызча айта алуу жана кайсы маалда эмне кылары тууралуу сүйлөшө билүү;

– күндөлүк үй турмушу тууралуу аңгемелеше билүү;

– үй оокатынын түрдүү тематикасына жараша аткарылуучу күндөлүк иштерге жараша аңгеме түзө алуу;

– үй буюмдарын, эмеректерди, идиш-аяктарды атай билүү жана аларды пайдаланып аңгемелеп сүйлөшө алуу;

–дүкөндө же базарда өзүнө керек нерселерди атап, бааларын, алардын сапаты кандай экенин сурай билип, кыргызча соода кылууга жатыгуу;

– күндүн, жуманын, жылдын, мезгилдин кыргызча аталыштарын билүү, аларга жараша сүйлөшө билүү.

Баланын өздүк чөйрөсүнө, албетте, жеке **каалоо-кызыкчылыктарына байланышкан** ***төмөндөгү тематикалар да кирет, мисалы:*** бош убакыт, китеп, музыка, бий, музыкалык аспаптар, ийримдер, предметтер, кино-фильм, театр, спорттун түрү, эмнени каалайт, эмнени жактырат, ким болгусу келет, келечек максаттары, сүйгөн иши, кесиби, кандай тамакты жеп- ичикиси келет, кайда эс алгысы келет ж.б. тематикасын сүйлөшүүгө машыктыруу.

Бул тематикаларга жараша ээ болуучу кеп ишмердүүлүктөрүнүн багыттары:

– бош убактысында эмне кылары тууралуу аңгемелешип, окуган китеби, көргөн фильми, спектакли тууралуу аңгемелеп, сүйлөшө алуу;

– мектепте кандай ийримге катышарын, спорттун кайсы түрүн жактырарын, кандай музыкалык аспатта ойной аларын сурашып, аңгемелеше алуу;

– келечекте ким болгусу келерин, кайсы кесипти сүйөрүн сурашып, сүйлөшө алуу;

– кайсы тамакты, суусундукту жактырарын айта алуу;

– качан каерде эс алгысы келерин, каникулдарда эмне кылууну жактырарын айта алуу жана сурашып сүйлөшө алуу.

2. Окуу-таануу чөйрөсү

Буга төмөндөгү тематикалар кирет: баланын туулуп-өскөн мекени, Кыргыз Республикасы, улуттук баатырлары, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, кыргыздын белгилүү адамдары, Кыргызстанда жашаган башка улут өкүлдөрү, баланын окуган мектеби, мектебинин дареги, классы, окуу куралдары, окуу эмгеги, окуткан мугалими, анын аты-жөнү, классташтары, мектептеги достору, окуу предметтери, кыргыз тили сабагы, баланын алган баалары, мектептеги жүрүм-туруму, коомдук иштерге катышуу, мектеп короосу, андагы оюндар, мектеп бакчасы, окуу чейректери, каникулдар ... ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул тематикаларда сүйлөшүү.

Бул тематикаларга жараша ээ болуучу кеп ишмердүүлүктөрдүн багыттары:

– Мекени Кыргызстан экенин айта алуу;

– кыргыздын улуттук баатырлары, анын ичинен Манас баатыр ким экенин билүү, ал тууралуу маалымат бере алуу;

– кыргыз эли, анын меймандостугу тууралуу айта алуу;

– кыргыздын белгилүү, сыймыктанган адамдарын билүү жана алар тууралуу аңгемелеп айта алуу;

– Кыргызстанда жашаган башка улуттар тууралуу маалымат бере алуу;

– окуган мектеби, классы, классташтары тууралуу аңгемелеше билүү;

– окуган предметтери, окуу куралдары, класстагы окуу эмгеги тууралуу айта алуу жана суроолорго жооп бере алуу;

– кыргыз тили предмети, ага мамилеси, баалары, андан эмне үйрөнүп жатканы тууралуу маектеше билүү;

– мектептеги иштери, жүрүм-туруму, коомдук иштерге катышуусу, андагы кылган иштери тууралуу айта билүү;

– мектеп багы, андагы өсүмдүктөр, ага камкордук, окуу чейректери, каникулдар ж.б. тууралуу айта алуу жана суроолорго жооп берүү.

3. Социалдык-маданий чөйрө

Буга төмөндөгү тематикалар кирет: бала туулуп-өскөн, жашаган жана окуган айыл, шаар, көчө, айылдагы жана шаардагы шарттар, обьектилер, мекемелер (эс алуу жайлары, дүкөндөр, китепканалар, клуб, кино-театр, оорукана, сорт аянтчалар, музейлер, Ала-Тоо аянты, Өкмөт үйү, зоопарк, базар), кыргыздын ыйык жерлери, улуттук майрамдар ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул багыттагы сүйлөшүүлөр.

Бул тематикаларга жараша ээ болуучу кеп ишмердүүлүктөрдүн багыттары:

– туулуп-өскөн жери тууралуу айта билүү, сураса жооп бере алуу;

– ал жердин шарты тууралуу билдирүү жасай алуу;

– жашаган аймактагы обьектилердин аталыштарын кыргызча айта алуу жана алар тууралуу аңгемелеше билүү,

– ал тематикалардагы түрдүү кеп кырдаалдарына жараша сүйлөшө алуу;

– кыргыздын ыйык туткан жерлерин билүү жана алар тууралуу аңгемелеше алуу;

– кыргыздын жана башка улуттардын улуттук майрамдарын билүү жана алар тууралуу маектеше билүү.

Бул чөйрөдө жүрүм-турум, этикет багытындагы сүйлөшүү жана мамлелешүүдө *төмөндөгү тематикалар кирет:* ата-энени сүйүү жана сыйлоо, бир туугандарына урматтоо менен мамиле жасоо, улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, учурашуу, таанышуу, кечирим суроо, уруксат суроо, куттуктоо, жан-жаныбарларды багуу, аларга камкордук көрүү, тамактануу адеби, кийим кийүү адеби, коомдук жайларда жүрүү адеби, телефондо сүйлөшүү адеби, бирөөгө кыргызча кайрылуу жана көңүлүн өзүнө бура алуу, тааныш-бейтаанышка мамиле жасоо адеби, туулган күн, салттуу майрамдар, улуттук салттар, улуттук майрамдар, улуттук кийимдер, улуттук буюмдар, ... ж.б. тематикаларынын чегиндеги окуу материалдары жана аларга жараша баарлашууга машыктыруу.

Бул тематикаларга жараша ээ болуучу кеп ишмердүүлүктөрүнүн багыттары:

– ата-энесин, бир туугандарын кандай сүйүп, урматтап, сыйлоосу тууралуу аңгемелей алуу;

– улуу-кичүү менен кыргызча саламдашып, тааныша билүү;

– уруксат жана кечирим суроого жатыгуу;

– бирөөнү ийгиликтери жана туулган күнү, майрамы менен куттуктап, телефондо кыргызча сүйлөшө билүү;

– жан-жаныбарлардын аттарын атап үйрөнүү, алар тууралуу аңгемелеше алуу;

– тамактардын аталыштарын атай билүү жана ашканадан каалаган тамагын алууну кыргызча айта алуу;

– коомдук жайларда өзүнө керектүү багытта сурап жана сураганга жооп бере алуу;

– бир нерсени сурап алуу жана керектүү маалыматты кыргызча сурай билүү маданиятына жатыгуу;

– бирөөгө кыргызча кайрылып, көңүлүн өзүнө бура алуу;

– улуттук салттарды, майрамдарды, тамак-аштарды,- суусундуктарды, кийимдерди, музыкалык аспаптарды, буюмдарды кыргызча атай билүү жана алар тууралуу аңгемелей алуу.

Ал эми табият, экология тематикасынан кошумча төмөндөгү маалыматтарды ала алышат: Ала-Тоо жергеси, анын жаратылышы, жыл мезгилдери, тоолору, суулары, көлдөрү, жаныбарлары, канаттуулары, жалпы үй жана жапайы айбанаттар, өсүмдүктөр, дарактар, жер жемиштер, жашылчалар, гүлдөр, аба ырайы, жаан-чачындар, табияттын кооздугу, ал жерлерде эс алуу, табиятты коргоо, камкордук көрүү, тазалыкты сактоо ж.б.

Бул тематикаларга жараша ээ болуучу кеп ишмердүүлүктөрүнүн багыттары:

– кыргыз жери, анын табияты, көлдөрү, суулары, кооз жерлери, жыл мезгилдери тууралуу аңгемелеше алуу;

– үй жана жапайы айбанаттар, канаттуулардын аттарын кыргызча атап, алар тууралуу аңгемелеше алуу;

– жер жемиштер, жашылчалар, дарактар, өсүмдүктөр, гүлдөр ж.б. аттарын кыргызча атап, алар тууралуу аңгемелеше алуу;

– аба ырайы, жаан-чачындар, табияттын кооз мезгилдери, көңүлдүү эс алуу тууралуу аңгеме түзүп, кыргызча сүйлөшө алуу.

4. Эмгек жана кесип чөйрөсү

Ал эми эмгек жана кесип чөйрөсүнөн 1-4-класстын окуучулары, азырынча анча көп эмес маалыматтарды алуу менен чектелишет. Мисалы: ата-энеси кайда иштешет, алардын кесиптери кандай аталат жана да бир катар кесип ээлеринин сүрөттөрү (врач, учкуч, жыгач уста, темир уста, мугалим, моряк, айдоочу ж.б.) менен бирге маалыматтар алышат.

А1 (А1+) ДЕҢГЭЭЛИНДЕ ОКУУ-ЖАЗУУ ИШМЕРДИГИНЕ КОЮЛУУЧУ ДИДАКТИКАЛЫК ТАЛАПТАР

Баштапкы деңгээл (1-4-класстар)

Бул деңгээл кыргыз тилин үйрөнүүдөгү I баскыч катары бааланат да, ал багыт берүүчү жана тилге машыктыруучу мезгил болуп кызмат аткарат

1. Угуп жатыгуу ишкердүүлүгүндө (аудирование) окуучулар төмөндөгү көндүмдөргө ээ болуулары тийиш:

– мугалимдин кыргызча учурашуусун, кайрылуусун түшүнө билүү;

– окууга байланышкан түрдүү кырдаалдагы карымкатыштарда мугалим менен кыргызча мамилелешүүнүн тилин түшүнүү;

– кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөздөрдү, сүйлөмдөрдү туура угуп, укканды туура кайталап айта алуу, тексттерден тааныш жана бейтааныш сөздөрдү ажырата билүү;

– айлана-чөйрөдөгү буюмдардын, нерселердин, көрүнүштөрдүн кыргызча аталыштарын өздөштүрүү;

– бирөөнүн сураганын, түрдүү, жөнөкөй маалымдоолорун түшүнүү жана ага карата ал тилде жооп айтууга машыгуу, түшүнүүгө кыйын болгон учурда таяныч материалдарды пайдалана билүү.

2. Сүйлөө ишкердүүлүгү (говорение)

а) Жеке кеп (монологическая речь):

– өтүлүп жаткан материалдардын чегинде даярданып, чакан көлөмдө кеп сала билүү; анын ичинде:

– буюмдардын, же предметтик сүрөттөрдүн атын жана жекече белгилерин айтып берүү;

– кырдаалдык сүрөттөр боюнча элестүү жагдайларды баяндоо;

– сюжеттик сүрөттөр боюнча эң жөнөкөй кыймыл-аракеттерди кыргызча түшүндүрүп, өз оюн билдире алуу;

– берилген эң жөнөкөй тема боюнча даярданып, айлана-чөйрөдө болуп өткөн жана болуп жаткан кубулуштар жөнүндө чакан баяндама жасоого үйрөнүү.

б) Маек кеби (диалогическая речь):

– мугалим менен кыргызча учурашып, өз ара мамилелешүүдө, окууга байланыштуу сүйлөшүүдө кыргызча баарлашууга жетишүү;

– мугалим менен жана бирге окугандары менен кыргызча учураша билүү, окуу ишине байланышкан түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүүгө активдүү катышуу;

– бирөөнүн сураганына, өтүнүчүнө жараша жооп бере алуу жана өзү да зарыл учурда керектүү маалыматты сурап билүүгө, бир нерсени сурап алууга үйрөнүү;

– турмуш-тиричиликти, көрүнүштөрдү чагылдырган эң жөнөкөй кырдаалда кыргызча мамилелеше билүү;

– кыргызча сүйлөшүү маданиятына үйрөнүү.

3. Жазууга, окууга жана которууга коюлуучу талаптар

а)Жазуу ишкердүүлүгүнө коюлуучу талаптар:

– кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана алар катышкан сөздөрдү, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазууга машыгуу;

– угуп, чакан жат жазууну туура жазууга машыгуу;

– зарыл таяныч материалдардан пайдаланып сүйлөмдөрдүн, маектердин үлгүлөрүн толуктай алуу.

б) Окуу ишкердүүлүгүнө коюлуучу талаптар:

– жөнөкөй сүйлөмдөрдү жана өтүлгөн материалдардын көлөмүндөгү чакан байланыштуу тексттерди үн чыгарып, ритми, интонациясы менен окуп өздөштүрүү;

– текстти окуп, ага карата суроо бере билүү, кайра өзү текстке таянып жооп таба алууга машыгуу.

– тексттин сүйлөмдөрүнүн саны 4 – 6дан, ал эми сүйлөмдөрү 2-4 сөздөн туруусу.

в) Которуу ишкердүүлүгүнө коюлуучу талаптар

– өтүлгөн теманын көлөмүндөгү материалдарды сөздүктү пайдаланып, которо алуу;

– эң жөнөкөй сөздөрдү, сүйлөмдөрдү сөздүксүз эле которууга жетишүү.

4. Окуу материалдары кандай тематикаларда тандалууга тийиш?

– мектеп, класс, окуучунун окуу куралдары, эмгек буюмдары, мугалим менен окуучунун окуу ишине байланышкан мамилелери жөнүндө;

– бала, анын үйү, үй-бүлөсү, үй буюмдары, жашы, кийим-кечеси, дене мүчөлөрү, ден соолук, үй-бүлөдөгү туугандык мамилелери, башка балдар менен болгон достук мамилелери;

– бала курчап турган дүйнө, жашаган коомдук чөйрө, анын Ата Мекени, борбор шаары, баланын үйү, короо жайы, аны курчап турган жаратылыш, убакыт, мезгилдер, анын кубулуштары, балдардын оюндары, үй жана жапайы айбандар;

– баланын турмуш-чөйрөсүнө, түшүнүктөрүнө жакын нерселердин жана буюмдардын кайда, канча жана анын кимдики экендигин, ким же эмне кылып жаткандыгы, кыймыл-аракети, ким же эмне аткаргандыгы, бош убакытты туура пайдалануу тууралуу;

– балдар жашаган аймактардагы коомдук жайлар, кыргызча кеп маданиятына жатыктыруучу материалдар;

– балдар турмушун чагылдырган чакан, дүйнө таануу, өздөштүрүүнү көздөгөн тексттер, күлкүлүү майда ангемелер;

– кыргыздын элдик оозеки чыгармаларынан үзүндүлөр макал-лакаптар, табышмактар, жаңылмачтар ж.б.

Текст түзүүдө анын көлөмүн 12-20 сөз түзүүсү мүмкүн.

Эскертүү: Мындай шарттарда да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар А1 жана А1+ деңгээлдеринде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

– А1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз

жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге, лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

– А1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат.

А1 (А1+) ДЕҢГЭЭЛИНЕ ОКУУЧУЛАР КЫРГЫЗ ТИЛИНЕН ЭЭ БОЛУУЧУ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

1-класс:

Тилдик компетенттүүлүктөр:

Фонетика:

Кыргыз тилинин төл тыбыштары: ө, ү, ң, кы, гы, ж жана созулма үндүүлөр: аа, оо, уу, ээ, өө, үү жана алар катышкан сөздөр.

Лексика:

Активдүү жана пассивдүү лексика: лексикалык минимумдун чегинде.

Грамматика:

Ким? Эмне? - деген суроолорго жооп берген зат атооч сөздөрү жана ат атоочтор; Кайда? Кана? Каерде? -деген суроолорго жооп берген заттын турган ордун билдирүүчү сөздөр; Канча? Канчоо? Канчанчы? Неченчи? – деген суроолорго жооп берген заттын санын жана иретин (1-100) билдирген сөздөр, **-ынча** мүчөсүнүн варианттары; Кайда? Каякка? деген суроолорго жооп берүүчү заттын кыймыл-аракетинин багытын билдирген сөздөр; Кандай? - деген суроого жооп берген заттын сапатын билдирген сөздөр; **Эмне**

кылат? Эмне кылып жатат? Эмне кылып жатышат? деген суроолорго жооп берген этиш сөздөрү, **-ышат** мүчөсүнүн өзгөрүү варианттары. Илик жөндөмөнүн **–нын** мүчөсүнүн зат атоочторго жалганышы; сурама **–бы** бөлүкчөсү; **ооба, жок, эмес** деген кызматчы сөздөр; 1-2-3-жактын жак-таандык **–ым, -ың, -ы** мүчөлөрү, алардын өзгөрүү варинттары. Мезгилди билдирген тактооч сөздөрү. Буюруу маанисиндеги сөздөр.

Коммуникативдик компетенттүүлүктөр:.

Угуу ишмердиги: Мугалимдин айтуусунда жана окуп берүүсүндө сөздөрдү, анда катышкан кыргыз тилиндеги төл тыбыштарды туура угуу жана ага жатыгуу.

Сүйлөө ишмердиги.

Маек кеби: Мугалим жана окуучу менен саламдашып, учураша билүү, күндөлүк окуу-таануу, өздүк, социалдык-маданий, каалоо-кызыкчылык жана жүрүм-турум, этикет чөйрөлөрүнө ылайык эң жөнөкөй темаларда, карапайым деңгээлде предметтерди сурап алуу, маалыматтарды сурап билүү маанисинде чакан формада маектеше алуу.

Жеке кеп: күндөлүк окуу-таануу, өздүк, социалдык-маданий, каалоо-кызыкчылык жана жүрүм-турум, этикет чөйрөлөрүнө ылайык эң жөнөкөй темаларда, карапайым деңгээлде маалыматтарды чакан формада айтып, оюн билдире алуу.

Нерселердин эмне, кандай, канча жана кимдики экендиги, анын кайда турары, кимдин эмне кылып жаткандыгы тууралуу баяндап жөнөкөй, карапайым деңгээлде айтып берүүгө жетишүү. Мындай баяндоолордо сүйлөм эки же үч сөздөрдөн туруп, беш-алты сүйлөмгө чейин болуусу мүмкүн.

Окуу ишмердиги: кыргыз тилинде предметтердин аталыштырын жана чакан толук эмес диалогдорду өз оюн билдирип толуктап жаза алуу.

Социалдык-маданий компетенттүүлүктөр:

- кыргызча саламдашуу, учурашуу этикетине үйрөнүү;
- Кыргыз Республикасы, кыргыз эли, улуттук кийимдери, салт-санаасы, тамак-ашы тууралуу таанышуу;
- кыргыз элинин маданий-этнографиялык жайлары, улуу адамдары туурасында маалыматтуу болуу;
- кыргыз жомокторун, макал-лакаптарын, балдар үчүн элдик ырларын окуп-таанышуу.

Эскертүү: Мында да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар А1 жана А1+ деңгээлдеринде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

- А1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге ишке ашырылат жана өз алдынча иштөөсүнө багыт берилет;
- А1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана балдардын чыгармачыл иш-аракеттерине багыт берилет.

2-класс

Тилдик компетенттүүлүктөр:

Фонетика

Кыргыз тилинин төл тыбыштары, алардын айтылышы менен жазылышы, аларды кайталап эске түшүрүү жана сүйлөөдө, жазууда колдонуу

Лексика

Активдүү жана пассивдүү лексика, анын ичинен активдүү лексика: лексикалык минимумдун чегинде.

Грамматика

Сүйлөм, оюн сүйлөм түрүндө бере билүү. Сөздөрдүн орун-тартибин сүйлөөдө туура сактоо. Ойду жай сүйлөм түрүндө айтуу, анын аягына чекит коюлушу; Оюн суроолуу

сүйлөм менен берүү, аягына суроолуу белгинин коюлушу; Сөзгө –бы сурама бөлүкчөсүнүн уланышы; Ким? Кимдер? Эмне? Эмнелер? Кимдики? Кимдин? Эмненин? Канча? Канчанчы?-деген суроолорго жооп берип оюн билдирүү. Орунду билдирүүчү алдында, артында, жанында, ичинде сөздөрү; Кайда? Каерде? Кандай деген суроолорго жооп берип, оюн билдирүү.

Бирөөгө буюруу иретинде кайрылуу; -чы сурама бөлүкчөсү; этиштин терс маанисин уюштурган –**ба** мүчөсү; Эмне кылат? Эмне кылып жатат? Эмне кылды? Ким (эмне) кайда (каякка) барат? Ким (эмне) кайдан келди? Ким (эмне) качан эмне кылат (эмне кылды, эмне кылат, эмне кылып жатат)? Убакытты саат менен билдирүү. Эмне жагарын, эмне жакпай турганын сүйлөшүүдө билдирүү.

Керек, керекпи, керек эмес сөздөрүн сүйлөшүүдө колдонуу; Бир нерсени аткарууга уруксат суроо (**-бы** жана **эмес** бөлүкчөлөрү); Бар, жок, бар экен, жок экен сөздөрүн колдонуп оюн айтуу; Кыргызча кечирим суроого үйрөнүү; Ким канча жашта экенин сурап билүү; ким кайда жашай турганын айтуу; Бар, жок сөздөрүн колдонуп оюн билдирүү.

Коммуникативдик компетенттүүлүктөр:

Сүйлөө. Маек кеби. Темага жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша грамматикалык категорияларды колдонуп, кыска маектешүүлөргө катышуу, оюн айта алуу.

Жеке кеп. Үйрөнгөн лексикалык, грамматикалык формаларды колдонуп, кыска жана жөнөкөй мазмунда өз оюн өз алдынча айта алуу. Көргөнү, укканы тууралуу жөнөкөй баяндоо, көрүнүштү, буюмду жөнөкөй сыпаттоо.

Угуу. Мугалимдин жекече кайрылууларын, классташтарынын айткан жөнөкөй деңгээлдеги сөздөрүн, айтылган жөнөкөй жарыяларды, кайрылууларды өтүлгөн грамматикалык-лексикалык материалдардын чегинде, сүйлөшүү сфераларга жараша туура угуп түшүнүү, сүйлөшүүгө даяр болуу.

Окуу. Берилген темага жараша үйрөнгөн грамматикалык-лексикалык минимумдун чегиндеги чакан, жөнөкөй текстерди окуу жана түшүнүү.

Маданий компетенттүүлүктөр:

- Кыргыз балдар адабиятынын элдик үлгүлөрүнөн, жазма адабияттын учурдагы үлгүлүү ыр, аңгеме, жомоктору, табышмактары жана жаңылмачтары менен таанышуу, аларды окуп-үйрөнүү,

- Кыргыз Республикасынын улуттук символдору, кыргыз элинин улуттук буюмдары, табияты, белгилүү адамдары жана жерлери тууралуу маалымат алуу.

Эскертүү: Мында да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар А1 жана А1+ деңгээлдеринде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

- А1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

- А1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат.

3-класс:

Тилдик компетенттүүлүктөр:

Фонетика

Кыргыз тилинин төл тыбыштарын сөздө, сүйлөмдө туура колдоно билүүгө машыгуу, алардын айтылышы ме-

нен жазылышы, аларды кайталап эске түшүрүү жана сүйлөөдө, жазууда колдонуу

Лексика

Активдүү жана пассивдүү лексика, анын ичинен активдүү лексика: (лексикалык минимумдун чегинде)

Грамматика: Уңгу жана мүчө тууралуу түшүнүк. Көптүктүн **-лар** мүчөсү, анын мааниси, варианттары тууралуу билүү

Орунду билдирүүчү **-да** мүчөсү, варианттары, багытты көрсөтүүчү **–га** мүчөсү, анын варианттары, 3-жактагы таандыктын **–нын** мүчөсү, варианттары, **эмес** сөзү, анын тануу мааниси, 1-жактагы таандыктын **–ым** мүчөсү, варианттары, 3-жактын **–ы** таандык мүчөсү, варианттары;

Этиштин учур чагы, өткөн чагы, келер чагы тууралуу түшүнүк

Барыш жөндөмөсүнүн –га, табыш жөндөмөнүн **кимди? эмнени?** деген суроолоруна жооп берген сөздөр (**-ны** мүчөсү), барыш жөндөмөнүн кимге? эмнеге? суроолору (-га мүчөсү), жатыш жөндөмөнүн **кимде? эмнеде?** деген суроолоруна жооп берген сөздөр (-да мүчөсү), чыгыш жөндөмөсүнүн **кимден? эмнеден?** деген суроолоруна жооп берген сөздөр.

Ким менен? эмне менен? суроолоруна жооп берген сөздөр.

Чейин, **кийин** жандооч сөзү, анын мааниси.

Экен, эле, абдан, эң, жөнүндө, тууралуу, кандай экен? канча экен? деген суроо боюнча иштей билүү.

Коммуникативдик компетенттүүлүктөр:

Сүйлөө. Маек кеби. Темага жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша грамматикалык категорияларды колдонуп, кыска маектешүүлөргө катышуу, маектерди толуктап, улантып оюн айта алуу.

Жеке кеп. Үйрөнгөн лексикалык, грамматикалык формаларды колдонуп, кыска жана жөнөкөй мазмунда сүй-

лөмдөрдү оозеки жана жазуу жүзүндө өз оюн өз алдынча айта алуу. Көргөнү, укканы тууралуу жөнөкөй баяндоо, көрүнүштү, буюмду жөнөкөй сыпаттоо.

Угуу. Мугалимдин жекече кайрылууларын, класташтарынын айткан жөнөкөй деңгээлдеги сөздөрүн, айтылган жөнөкөй жарыяларды, кайрылууларды өтүлгөн грамматикалык-лексикалык материалдардын чегинде сүйлөшүү сфераларга жараша туура угуп түшүнүү, сүйлөшүүгө даяр болуу.

Окуу. Берилген темага жараша үйрөнгөн грамматикалык-лексикалык минимумдун чегиндеги чакан, жөнөкөй текстерди окуу жана түшүнүү.

Маданий компетенттүүлүктөр:

- Кыргыз балдар адабиятынын элдик үлгүлөрүнөн, жазма адабияттын учурдагы үлгүлүү ыр, аңгеме, жомоктору, табышмактары жана жаңылмачтары менен таанышуу, аларды окуп-үйрөнүү

- Өзү, айлана-чөйрөсү, окуган, жашаган жери, достору, бир туугандары, ата-энеси жана Кыргыз Республикасынын улуттук символдору, кыргыз элинин улуттук буюмдары, табияты, белгилүү адамдары жана жерлери тууралуу маалымат алууну улантуу.

Эскертүү: Мында да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар А1 жана А1+ деңгээлдеринде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

- А1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

- А1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат.

4-класс

Тилдик компетенттүүлүктөр:

Фонетика

Кыргыз тилинин төл тыбыштарын, алардын айтылышы менен жазылышын кеңейтип эске түшүрүү жана сүйлөөдө, жазууда колдонуу.

Лексика

Активдүү жана пассивдүү лексика, анын ичинен активдүү лексика: лексикалык минимумдун чегинде.

Грамматика: Сөз жасоочу мүчөлөр: **(-стан, -лык, -луу),** кесипти билдирүүчү –**чы** мүчөсү.

Сөз жасоочу (-**лар, -мын, -быз** мүчөлөрү), терс маанини билдирген –**ба** мүчөсү жана эмес сөзү.

Жалпы таандык –**ныкы** мүчөсү.

Этиштин учур чагы (кененирээк үйрөнүү), **этиштин өткөн чагы** (кененирээк үйрөнүү), **этиштин келер чагы** (кененирээк үйрөнүү).

Кимдин? Эмненин? деген суроолор боюнча текст менен иштөө. **К, П** тыбыштарынын өзгөрүү табияты.

Кимге? Эмнеге?, Кимди? Эмнени?, Кимде? Эмнеде? (бар, жок) деген суроолорго жараша текст менен иштөө, **Кимден? Эмнеден?** (кийин, мурда) деген суроолорго жараша текст менен иштөө.

Ким менен? Эмне менен? Кайда (каякка чейин) суроолорунун байламталык жана жандоочтук маанилери.

Каерде? Кайда? Каякта? (алдында, артында, жанында, үстүндө, астында) суроолоруна жараша текст менен иштөө.

-бы, беле, эле, экен бөлүкчөлөрү, кептеги мааниси.

Абдан, эң, аябай сөздөрү, алардын маанилери.

Жөнүндө, тууралуу (ким, эмне жөнүндө, ж.б.)

Эмне үчүн? Эмнеге? суроолору, алардын маанилери.

Сын+зат атооч, сан+зат атооч, ат **атооч+зат атооч** сөздөрүнөн түзүлгөн сөз айкаштары.

Коммуникативдик компетенттүүлүктөр::

Сүйлөө. Маек кеби. Темага жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша грамматикалык категорияларды колдонуп кыска маектешүүлөргө катышуу, маектерди толуктоо, жаңы маек үлгүлөрүн түзүү, оюн айта алуу.

Жеке кеп. Үйрөнгөн лексикалык, грамматикалык формаларды колдонуп кыска жана жөнөкөй мазмунда өз оюн өз алдынча айта алуу. Көргөнү, укканы тууралуу жөнөкөй баяндоо, көрүнүштү, буюмду жөнөкөй сыпаттоо.

Угуу. Мугалимдин жекече кайрылууларын, классташтарынын айткан жөнөкөй деңгээлдеги сөздөрүн, айтылган жөнөкөй жарыяларды, кайрылууларды өтүлгөн грамматикалык-лексикалык материалдардын чегинде, сүйлөшүү сфераларга жараша туура угуп түшүнүү, сүйлөшүүгө даяр болуу.

Окуу. Берилген темага жараша үйрөнгөн грамматикалык-лексикалык минимумдун чегиндеги чакан, жөнөкөй текстерди окуу жана түшүнүү.

Маданий компетенттүүлүктөр:

- Социалдык-маданий жана өздүк чөйрөгө ылайык текстер, кыргыз балдар адабиятынын элдик үлгүлөрү, жазма адабияттын учурдагы үлгүлүү ыр, аңгеме, жомоктору, табышмактары жана жаңылмачтары менен таанышуу, аларды окуп-үйрөнүү. Мазмунун түшүнүү.

- Кыргыз Республикасы, Кыргызстандагы башка улут өкүлдөрүнүн маданий баалуулуктарын билүү, аларга урматтоо, сыйлоо менен мамиле кылуу, улуттук тилдин маанисин билүү, кыргыз элинин улуттук буюмдары, табия-

ты, белгилүү адамдары жана жерлери тууралуу маалымат алуу.

Эскертүү: Мында да да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар А1 жана А1+ деңгээлдеринде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

- А1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

- А1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат. Анын жыйынтыгы А1 деңгээлинде тил билүүнү тастыктаган оозеки сынакта аныкталат.

А2 (А2+) ДЕҢГЭЭЛИНДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН КЕПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРҮН, ПРАКТИКАЛЫК МАШЫГУУЛАРЫН ЖАНА ЖАТЫГУУЛАРЫН ТЕКШЕРҮҮДӨ ЭМНЕЛЕР КӨҢҮЛГӨ АЛЫНАТ?

А) Окуу ишкердүүлүгүндө: Окуу ылдамдыгы 1 минутада 30—60 муун, окуунун мүнөзү — муундап, бара-бара шар окуу. Текстин оордугу 5—7 бейтааныш сөз, тексттин татаалдыгы 15—50 сөз, ар бир сүйлөмдө 2—6 сөз болушу мүмкүн.

Б) Жазуу ишкердүүлүгүндө: Сүйлөмдү катасыз, элементи менен жазууга (адегенде көчүрүп, кийинчерээк угуп жазуу) көнүгүү, орфографиялык, пунктуациялык каталарын жоюу.

В) Сүйлөө ишкердүүлүгүндө:

— кыргыз тилиндеги тыбыштарды туура айтуусу;

— кыргызча интонацияны так сактоо;

— лексикалык каражаттарды туура, өз орду менен колдонуусу;

— грамматикалык жактан сүйлөмдүн туура курулушу;

— тексттин мазмунун туура, кыскача баяндап берүү;

— маектешүүдө суроону так коюу;

— маектешип жаткан адамдын суроосун түшүнүүсү, суроого карата жооптун шайкеш келиши;

— маектешүүнү ырааттуу уланта билүүсү;

— кыргызча кеп маданиятына жатыгуу деңгээли.

Маектешүүдө суроо-жооп 2—5ке чейин болушу мүмкүн.

А2 ДЕҢГЭЭЛИНДЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ҮЙРӨНҮҮГӨ КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР ЖАНА АНЫ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ ЖОЛДОРУ

А2 (А2+) - орто деңгээл, калыптануу деңгээли, негизинен 5-9 -класстарды камтыйт. Ал кыргыз тилин үйрөнүүдө 2-баскычтын милдетин аткарат. Ошону менен ал окуучулардын кыргызча тилин өз алдынча иштөөгө жана чыгармачыл ишмердүүлүккө көнүктүрүүчү мезгил болуп мүнөздөлөт.

Калыптануу деңгээли деп аталган бул 5-9-класстарды камтыган *(тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө, сабаттуулукка калыптандыруу, активдештирүү мезгили)* кадыресе деп аталган деңгээлде окуучулар кыргызча сүйлөөдө жана жазууда, негизинен, буга чейинки (башталгыч

класстарда) ээ болгон баштапкы көндүмдөрдү бекемдеген, кадыресе тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө ээ болгон, кыргызча сабаттуу жазууга машыга баштаган өткөөл мезгил катары бааланат.

Окуучулар бул мезгилде заттык, сандык, сындык жана да кыймыл маанисиндеги лексикалык каражаттарды толук өздөштүрүп, жак, чак, көптүк, сурама мүчөлөрүн ж.б. грамматикалык негизги формаларды кебинде активдүү колдонуп, кыргызча сүйлөшүү этикетинин негизги түрлөрүнө ээ болушат. Өзүлөрүнүн тил үйрөнүүдөгү оң мотивациясын өнүктүрүп калган мезгилге жетишет.

Бул окуучулардын тил билүү деңгээли жашаган, окуган чөйрөсүн кыргыз тилинде кеңири таанып-билип калган мезгилге келгенин тастыктайт. Ал таанып-билүү андан ары активдүү улантылат, анткени бул класстардын окуу материалдары окуучулардын таанып-билүүсү менен катар, тил үйрөнүүдөгү ишмер аракеттерин чагылдырып, комплекстүү, системалуу түрдө уюштурулат.

Бул класстарга окуучулардын сабаттуу сүйлөшүү жана жазуу кебинин программалык негизин түзгөн лексикалык кор (лексика), сөз түркүмдөрүн (морфология) окуп-үйрөнүү кезеги келет. Мында лексикалык материалдар аркылуу кыргыздардын улуттук материалдык-рухий маданияттын, салттын ж.б. таанып-билүү иш-аракеттери да активдешет жана буга чейинки бардык көндүмдөр мындан ары татаалданат жана балдар андан ары чыгармачылык менен иштөө жолуна багыт алат.

Бул деңгээлде окуучулар төмөндөгүдөй дидактикалык жалпы көндүмдөргө ээ болуп калышат.

1. Кепке жатыгууларына коюлуучу талаптар

а) Угуп жатыгуу ишкердүүлүгүндө:

— сабакта өтүлгөн окуу материалдарды, түрдүү окуу кырдаалдарындагы кайрылууларды эч кандай кайталоосуз же которуп берүүсүз эле түшүнүүгө жетишүү;

— тааныш грамматикалык формалар катышкан бейтааныш көркөм жана публицистикалык маанайдагы текстерди сөздүктүн жардамы менен түшүнүү;

— фоножазууларды угуп, мазмунун кайра айтып берүүгө үйрөнүү.

2. Сүйлөө ишкердүүлүгүндө:

а) Жеке кеп (мологдук кеп):

— көрүнүшкө, окуяларга карата өз пикирин, оюн сүрөттөө, баяндоо түрүндө түшүндүрө алуу;

— укканын, окуганын таяныч материалдардан пайдаланып, мисалдарды келтирип, кыскача же кенен баяндап берүү;

— түрдүү темалардагы талкууларга өз демилгеси менен катышып, пикирин билдирүүгө көнүгүү;

— сабакта кептин стилдерине жана түрлөрүнө жараша анын сөз каражаттарын пайдаланып, оозеки кыргызча кырааты менен баяндама жасай билүү;

— тилдин каражаттарын, өтүлгөн грамматикалык материалдарды өз орду менен пайдалануу, кыргызча кеп маданиятына жатыгуу (таза, туура, көркөм, логикалуу сүйлөй алуу).

б) Маек кеби (диалогдук кеп):

— Класста коомдук жайларда окуу жана турмуштук кырдаалдарда түрдүү тематикаларда эркин, даярдыксыз эле маектеше алууга жана маектешүүгө кошулуп, аны улантып, өз оюн эркин билдире алууга жетишүү;

— бейтааныш турмуштук кырдаалдарды чагылдырган маек үлгүлөрүн таяныч материалдарды пайдалана алуу менен түзүү, же өз көз карашын билдирип, уланта билүүгө машыгуу.

3. Окуу ишкердүүлүгүндө:

— көркөм, адабий жана публицистикалык маанайдагы текстерди шар окуп чыгып, мазмунун кыскача баяндап айтып берүү;

— окуган текстти сөздүксүз эле түшүнө билүү;

— текстерди окуганда кептин стилине, түрүнө жараша көркөм, образдуу окууга жетишүү.

4. Жазуу ишкердүүлүгүндө:

— окуган жана уккан текст боюнча кыскача өз оюн баяндап жазып бере алуу;

— окуган текстинин же сүйлөй турган сөзүнүн кыскача, жөнөкөй планын түзө алуу;

— буюмду же табияттын көрүнүшүн сүрөттөп, баяндап, жазууга көнүгүү;

— бирөө окуп жатканда же фоножазуудан укканда, анын урунттуу окуяларын конспектилөөгө үйрөнүү;

— берилген кырдаал жана тематика боюнча маектин үлгүсүн таяныч материалдарсыз эле өз алдынча түзүү, кайра өзгөртүп жазуу;

— баяндама жазууда кептин түрүнө, стилине жараша сөз каражаттарын туура пайдалана билүү;

— программада көрсөтүлөн иш кагаздарынын үлгүлөрүн түзүү;

— өз алдынча түрдүү тематикада сүйлөм түзө билүү;

— сүйлөмдөргө лексикалык, грамматикалык, фонетикалык талдоолорду жүргүзүүнү активдештирүү;

— сүйлөшүүдө анын көлөмү 10—12 сүйлөм (реплика) болушу мүмкүн.

Которуу ишкердүүлүгүндө:

— кептин түрлөрүн чагылдырган чакан текстерди кыргызчадан орусчага, орусчадан кыргызчага сөздүктү пайдаланып же пайдаланбай эле которо алуу;

— жөнөкөй сүйлөмдөрдү оозеки, сөздүксүз эле которуу.

— которууда которуу тездиги, котормонун адекваттуулугу, сөздүк менен иштей билиши, которуу ишиндеги өз алдынчалыгы эске алынат.

6. Окууга сунуш кылынуучу материалдардын тематикалары:

— Кыргыз Республикасы, эл аралык арендадагы анын орду, дүйнөлүк жаңылыктар, кыргыз жеринин жаратылышы, анын байлыктары, элдик салт-санаалары, кыргыз элинин тарыхы, белгилүү инсандары, алардын өмүр жолу, өрнөктүү сапаттары, жаныбарлар, алардын түрлөрү, алардын жашоо-тиричилиги тууралуу;

— баланын окуусу, үй-бүлөсү тууралуу жана үй тиричилигиндеги кол кабыш кылуусу жана бош убактысын өткөрүүсү, анын келечекке умтулуусу, интернационалдык мамилелер, адептик жүрүм-туруму, маданияты жөнүндөгү материалдар.

— баланын билимин жана таанып билүүсүн, жалпы көз карашын өстүрүүгө көмөк берер кызыктуу, түрдүү окуу материалдары, илим-техникадагы жаңылыктар, спорт ж. б.

Эскертүү: Мында да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар А2 жана А2+ деңгээлдеринде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

- А2 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

- А2+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат. Анын жыйынтыгы А2 деңгээлинде тил билүүнү тастыктаган оозеки сынакта аныкталат.

B1 (B1+) ДЕҢГЭЭЛИ: 10-11-КЛАССТАР

B1 (B1+) ДЕҢГЭЭЛИНДЕ ОКУУЧУЛАР КЫРГЫЗ ТИЛИНЕН ЭЭ БОЛУУЧУ ТАЛАПТАР ЖАНА АНЫН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Бул деңгээл ортодон жогорку денгээл деп мүнөздөлөт. Ал деңгээлге, негизинен, төмөндөгүдөй дидактикалык талаптар коюлат да, кыргыз тилин үйрөнүүдө мектептик талапты камтыган ортодон жогорку деңгээл катары бааланып, орто мектептин программалык материалдарын толук бүтүрүп жаткандыгы эске алынып, жалпылоочу жана жыйынтыктоочу мезгил деп бааланат.

B1 (B1+) - ***ортодон жогорку деңгээл окуучулардын өз алдынча чыгармачыл ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү мезгили катары мүнөздөлүү менен, 10-11-класстарды камтыйт.*** Мурдагы класстардан бир кыйла активдешкен жана тил билүү көндүмдөрү жогорулаган, мектеп деңгээлин жыйынтыктаган мезгил катары баалант. Бул мезгилде окуучулар кыргыз тилин синтаксистик негизде, т.а. тилдик материалдарды функционалдык негизде үйрөнүү менен, сүйлөөгө сүйлөшүү аркылуу, сүйлөшүүнүн жүрүшүндө үйрөнүү принцибинде иштөө активдешет. Окуучулар чакан диалог түзүү аркылуу пикирин билдирүүгө, күндөлүк түрдүү турмуштук жана окуу кырдаалдарына ылайык кыска сүйлөмдөр менен тааныш тематикаларда сүйлөшө алууга жетишишет.

Окуучулар муну менен мектеп стандартын жана орто мектептин программалык материалын толук өздөштүрүп, кыргызча сүйлөөгө болгон аракети активдешип калгандыгы мүнөздөлүп, кыргыз тилинде **орто деңгээлдеги тил билүү сертификатына ээ болуп**, мектепти аякташы зарыл. Ал сертификат Жогорку окуу жайына киргенде, т.а. кыргыз тилин үйрөнүүнү B2 (B2) деңгээлине өтүүдө талап кылынышы шарт.

Ал үчүн алдыда эмнелер аткарылуусу тийиш, т.а. ЖОЖдордо Кыргыз тилин үйрөтүү стандарты жана алардын ар биринин профилине ылайык B2 деңгээли үчүн атайын концепция, предметтик стандарт жана практикалык багыттагы Кыргыз тилинин программалары иштелип чыгышы шарт. Антпесе, мектептен B1 (B1+) деңгээлин үйрөнүп келген студент кайрадан A1 (A1+) деңгээлине түшүп, саламдашуудан баштабашы керек. ЖОЖдордун Кыргыз тили окуу китептери алардын профилдерине ылайык, профилдик минимумдары эске алынуу менен, т.а. медициналык, юридикалык, экономикалык, туризмдик, айыл чарбалык ж.б. багыттардагы минимумдун негизинде жазылган Кыргыз тили окуу китептери иштелип чыгып, «Кесиптик кыргыз тили» деген түшүнүк бекемделиши, бүтүрүүчү кесиби менен бирге кыргыз тилине ээ болуу менен, кыргыз тилинде сүйлөп-иштеген адис болуп чыгуусу шарт. Ал үчүн ар бир ЖОЖдо кесиптик багыттардагы минимум сөздүктөр, сүйлөшмөлөр түзүлүшү, жеткиликтүү санда чыгарылып, камсыздалышы керек.

Негизинен, бул деңгээлге төмөндөгүдөй дидактикалык талаптар коюлат:

Кепке жатыгууларына коюлуучу талаптар

А) Угуп түшүнүү ишкердүүлүгүндө:

- адабий-көркөм, коомдук-саясий темада анча татаал эмес баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү мүнөзүндөгү мугалимдин лекцияларын котормосуз эле түшүнүү;

- сабакта өтүлүүчү тилдик-грамматикалык мүнөздөрдөгү окуу материалдарын туура жеткиликтүү түшүнө алуусу;

- класста мугалимдин ар кандай кырдаалдардагы жеке мүнөздөгү кайрылууларын туура түшүнүп, ой бөлүшө алуусу;

- жөнөкөй жазылган көрнөк-жарнактарды, теле, радио берүүлөрдөн публицистикалык маанайдагы өзү кызыккан темадагы жөнөкөй берүүлөрдү, уккан ырлардын маанисин түшүнө алуусу;

- коомдук жайларда ага ар кандай тематикадагы жана кырдаалдардагы кайрылууларды биринчи эле жолу угууда түшүнүү.

2. Сүйлөө ишкердүүлүгүндө:

А) Жеке кеп (монологдук кеп):

- Сабакта жана коомдук жайларда мектеп программасынын минимумдарынын негизинде кыргызча сүйлөөгө жатыгуу;

- программалык тематикалык минимумдар камтылган түрдүү темадагы жана мазмундагы текстердин мазмунун баяндап айтып берүү:

- жашаган, окуган социалдык-маданий чөйрөдөгү көрүнүштөрдү, болуп жаткан жана болуп өткөн окуяны сүрөттөп, ой жүгүртүп, өз пикирин билдире алуу, башкага айтып түшүндүрүп айта алуу;

- окуган китеби, макаласы, көргөн фильми, уккан жаңылыктары тууралуу жыйынтык ой, сын пикир айтып бере алуу;

- сүрөттөө, баяндоо, ой жүгүртүү түрүндө берилген тема боюнча оозеки баяндамаларды түзө алуу;

Б) Маек кеби (диалогдук кеп):

- түрдүү чөйрөдө, т.а. өздүк, окуу, социалдык-маданий чөйрөгө ылайык түрдүү тематикада жана кырдаалда кыргызча маектеше алуу;

- окуган китеп, көргөн фильм, же болуп өткөн окуялар боюнча талкууга катышуу, өз пикирин айтып сүйлөшө, ой бөлүшө алуу.

3. Жазуу ишкердүүлүгүндө:

- Сабакта программалык тематикалык мимимумдардын негизинде жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнүн алкагында берилген тематикалардын негизинде жат жазууларды, баяндамаларды мазмундуу, сабаттуу жазууга жетишүү;

- жыйынтыктоочу сынактарда, чейректерде, окуу материалдарынын кайсы бир бөлүмдөрүн аяктаганда ага ылайык

тематикаларда чакан дил баяндарды, эсселерди сабаттуу жаза алуу;

- окуган китеби, көргөн фильми ж.б. боюнча план түзүп, дил баян, баяндама, эссе жаза алуу;

- өз оюн жазуу жүзүндө билдирүү, программада берилген иш кагаздарын кыргыз тилинде туура жүргүзүү, досторуна кыргызча кат жаза билүү;

- окуган китеп, уккан лекция боюнча конспект түзүү, доклад, реферат жазуу;

- газетага публицистикалык маанайда макала даярдоо, чакан ыр, аңгеме жазуу;

- берилген темада ой жүгүртүп, сүрөттөп, баяндап баяндама жазуу;

- сүйлөмдөргө грамматикалык, лексикалык, фонетикалык, стилдик талдоолорду жүргүзө алуу.

4. Которуу ишкердүүлүгүндө:

- тааныш тематикадагы татаал эмес грамматикалык формалар жана конструкциялар катышкан анча татаал эмес публицистикалык маанайдагы, кептин баяндоо жана сүрөттөө типтеринде талаптын деңгээлиндеги өлчөмдө жана көлөмдө тексттерди сөздүксүз эле которо билүүгө жетишүү;

- бейтааныш тематикадагы, бир аз татаалыраак тексттерди сөздүктүн жардамы менен которо алуу.

5. Окууга сунуш кылынуучу тесттердин тематикалары кандай болууга тийиш?

- Кыргыз Республикасы, анын маданий баалуулуктары, белгилүү жерлери;

- окуучунун айлана-чөйрөсү, күндөлүк турмушу, умтулуулары, жүрүш-турушу;

- кыргыз тили, адабияты, маданияты, Кыргызстанда билим берүү, эли-жери, майрамдары, спорту;

- кыргыз жаратылышы, анын түрдүү кубулуштары, кооз жерлери, жаратылыш байлыктары;

- элибиздин залкар адамдары тууралуу;

- илимдеги, техникалык жаңылыктар;

- окуучунун көз карашын, дүйнө таануусун ар тараптан өстүрүүчү түрдүү мазмундагы материалдар;

- дүйнөдөгү, жакынкы, алыскы, чет өлкө жаңылыктары;

- кыргыздын жана дүйнөнүн спорт жаңылыктары ж.б.

6. Окуучунун билимин, машыгууларын жана жатыгууларын тектерүүдө эмнелер эске алынат?

А) Окуу ишкердүүлүгүндө:

- окуу-техникасы – шар, бир калыпта, көрктүү;

- тексттин оордугу – 10-25 бейтааныш сөз;

- тексттин татаалдыгы – текст 10-40 сүйлөмдөн, ар бир сүйлөм 5-10 сөздөн, жалпы ... сөздөн турушу мүмкүн.

Б) Жазуу ишкердүүлүгүндө:

- орфографиялык, пунктуациялык, грамматикалык жана стилдик каталарынын жоктугу;

- кептин стилин жана тибин сактай билиши;

- оюн кенен ачып же кыска, так бере алышы, жазганы темага дал келиши;

- кептин түрлөрүнө жараша баяндама, дил баян, эссе, рефераттарды жазууга чыгармачылык менен мамиле кыла билиши;

- кыргызча кат жазуу, иш кагаздарын жүргүзө билүү деңгээлинин жогорулугу.

В) Сүйлөө ишкердүүлүгүндө:

- кыргызча кыраатынын тазалыгы;

- сүйлөшүп жаткан адамдардын оюн туура түшүнүп, ага адекваттуу жооп айта алышы, маектин логикасын сактап, андан ары уланта билиши;

- сүйлөө маданиятын, кыргызча кеп каадасын (речевой этикет) сактай билиши;

- окуган текстин же көргөн фильмдин ж.б. мазмунун айтып бере алышы;

- айткан маалыматынын тактыгы, тууралыгы, көрктүүлүгү, оюнун далилдүүлүгү;

- лексикалык, грамматикалык каражаттарды өз орду менен колдоно алышы.

Г) Которуу ишкердүүлүгүндө:

- сөздүктөр менен иштей билиши;
- котормосунун адекваттуулугу;
- котормо ишинин тездиги жана өз алдынчалыгы.

Эскертүү: Бул деңгээлде да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар B1 жана B1+ деңгээлдеринде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

- B1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

- B1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат. Анын жыйынтыгы B1 деңгээлинде тил билүүнү тастыктаган сертификат алуу үчүн сынакта аныкталат.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ НОРМАТИВДИК жана МЕТОДИКАЛЫК ТАЛАПТАР

Сүйлөшүү деңгээлдеринин мүнөздөмөлөрү (дескрипторлор)

Мында кеп ишмердүүлүгүнүн төрт багыты, т.а. угуп түшүнүү, окуп түшүнүү, сүйлөө жана жазуу көңүлгө айрыкча аланат. Алардын ар бири сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жана деңгээлдерине жараша жетишиле турган талаптары менен бирге түзүлөт.

Бул дескрипторлор (тил үйрөнүү мүнөздөмөлөрү) кыргыз тилин үйнөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар менен дал келтирилет жана ал орто мектеп үчүн төмөндөгүдөй мүнөздөлөт.

Кыргыз тилинде сүйлөө деңгээлинин мүнөздөмөсү (дескриптор)
(A1(A1+), A2(A2+), B1(B2+) деңгээлдери)

Кеп ишмердигинин түрлөрү	A1(A1+) деңгээлинин талаптарына жараша баалоо мүнөздөмөсү	A2(A2+) деңгээлинин талаптарына жараша баалоо мүнөздөмөсү	B1(B1+) деңгээлинин талаптарына жараша баалоо мүнөздөмөсү
Угуп түшүнүү	Окуучу өзү жана үй-бүлөсү жөнүндө айтып бере алат жана бирөө сураса кыргызча жооп бере алат; жашаган, окуган жери жөнүндө суроого жооп бере алат, үйүндө,	Окуучу программалык темалардын тегерегинде өздүк-жеке, окуу-билим жана соиалдык-маданий чөйрөлөргө ылайык материалдарды угуп түшүнө алат. Өзү жана жашаган өлкөсү,	Жеке-өздүк, окуу-билим жана социалдык-маданий чөйрөлөргө жараша жашаган мекени Кыргызстан, анын региондору, бор-бор шаары, айылы, алдыдагы келечек максаты, күндөлүк иши, бош убакытты

Угуп түшүнүү	мектебинде жана жашаган жеринде болуп жаткан күндөлүк окуялар боюнча пикир алышат, мында ал жөнөкөй сүйлөмдөр менен активдүү сөздөрдү так жана туура колдонуп оюн түшүндүрө алат. Ушул багыттарда айтылган сөздөрдү туура түшүнө алат. Зат атооч сөздөрүн, ким, эмне, кандай, канча, эмне кылды деген суроолор менен айкалыштырып сүйлөм түзүп, жеке, окуу-билим жана социалдык-маданий чөйрөгө ылайык оюн билдире алат.	шаары, айылы, андагы жакындары, достору, бир туугандары, ата-энеси, классташтары ж.б. жөнүндө маанилүү маалыматтарды айтып бере алат. Алар тууралуу чакан билдирүү жасап, аны оозеки жана жазуу түрүндө бере алат жана ушул багытта айтылган сүйлөмдөрдү, чакан текстти дээрлик түшүнө алат. Мектептеги кулактандыруулардагы жана билдирүүлөрдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдү эмне жөнүндө айтылып жатканын жетишерлик деңгээлде түшүнө алат. Программалык материалдарды, андагы активдүү сөздөрдү грамматикалык формаларга салып, оюн сүйлөм менен билдире алат.	өткөрүү, эс алуу, спорт, кызыгуулары ж.б. байланышкан темалардын тегерегинде айтылган анча чоң эмес чакан текст түрүндөгү оозеки жана жазуу формасындагы билдирүүлөрдү түшүнө алууга жетишет. Ушул багытта болуп жаткан сөздү түшүнөт. Мектептеги жыйындарда жана радио-телеберүүлөрдө болуп жаткан күндөлүк окуяларды жана ошондой эле өзүнүн кызыкчылыгына байланышкан кызыктуу берүүлөрдө айтылып жаткан ойду түшүнөт.
Сүйлөө	Окуучу өздүк-жеке, окуу-билим жана социалдык-маданий чөйрөлөргө ылайык чакан суроолорду берип, кыска жоопторду алып сүйлөшө алат. Ошону менен бирге аталган багыттарда тааныш теманын тегере-	Окуучу тааныш тематикада күндөлүк жөнөкөй кырдаалдарга жараша сүйлөшүп пикир алыша алат, сураса маалымат бере алат. Күндөлүк окуусун, маданият, спорт, билим, турмуш-тиричилик тематикаларын кыска пикир алы-	Жеке-өздүк, окуу-билим жана социалдык-маданий чөйрөлөргө жараша жашаган мекени Кыргызстан, анын региондору, борбор шаары, айылы, алдыдагы келечек максаты, күндөлүк иши, бош убакытты өткөрүү, эс алуу, спорт, кызыгуулары ж.б. байланышкан

Сүйлөө	гинде берилген мугалимдин, досунун, ата-энесинин ж.б. суроолоруна жооп бере алат. Аңгемелешкен адамы сүйлөшүп жаткан темаларда жай темпте жана кыска сүйлөмдөр менен сүйлөшсө, диологдорго катыша алат. Сөзүндө жөнөкөй сүйлөмдөрдү, сөз айкаштарын колдоно алат. Өзүнүн жашаган үйүнүн, окуган мектебинин кайда экенин, так дарегин айтып бере алат.	шууларга катыша алат, бирок өз алдынча аңгемелешүү өткөрө албайт. Сөзүндө программалык материалдарды, үйрөнгөн лексикасын, грамматикалык формаларды колдонуп, жөнөкөй сүйлөмдөр же сөз айкаштары түрүндө оюн айтып бере алат.	темалардын тегерегинде күндөлүк турмуштук кырдаалдарда пикир алышып сүйлөшө алат. Эч даярдыгы жок эле окуучуга тааныш жана кызыктырган темалардын тегерегинде диалогдорго катыша алат (мисалы: «үй-бүлө», «окуу», «хобби», «бош убакыт», «келечек максат», «күндөлүк кырдаалдар») ж.б. Окуучу өзүнүн максаты жана каалооониетин, күндөлүк кызыктуу окуяларын жөнөкөй сүйлөмдөр менен билдире алат. Өзүнүн көз карашын, пикирин, макул, каршы, жакшы, жаман, кызыктуу, кызыксыз ж.б. мазмунда кыска сүйлөмдөр аркылуу айтып, түшүндүрө алат. Кызыктуу фильмдердеги же китептердеги сюжеттүү окуяларды кыскача баяндап айта алат.
Окуу	Окуу китептердеги сүйлөмдү, диалогдорду, тексттерди так, муундап, сөздөп сабаттуу окуйт. Мектептеги жөнөкөй сүйлөмдөр аркылуу берилген кулактандырууларды жана ошондой эле	Өздүк-жеке, окуу-билим жана соиалдык-маданий чөйрөлөргө ылайык материалдарды, анын ичинде орто көлөмдөгү, татаал эмес тексттерди, сүйлөмдөрдү окуп-түшүнө алат. Мен күндөлүк турмушка жана мек-	Өздүк-жеке, окуу-билим жана социалдык-маданий чөйрөлөргө ылайык материалдарды, ошондой эле публицистикалык, көркөм тексттерди, айрым кесиптик багыттардагы тексттин негизги мазмунун бир окуп түшүнөт. Сүрөттөп жазылган

Окуу	берилген чөйрөлөргө жараша сөздөрдү, аталыштарды, сүйлөмдөрдү окуп-түшүнөт.	теп турмушуна байланышкан жарнамаларды, менюларды, расписаниелерди, жөнөкөй текстердин негизги маалыматтарын, анын мазмунун жеңил түшүнүп, эмне тууралуу экендигин кайра айтып бере алам. Мен өздүк мүнөздө жазылган жөнөкөй катты телефондон түшүнөм.	чакан баяндама, дил баянды, өздүк мүнөздөгү каттарды, каалоо мүнөздөгү билдирүүлөрдү, айтылган окуяны түшүнөт.
Жазуу	Кыргыз алфавитин билет, кыргыз алфавитиндеги өзгөчө тыбыштарды каллиграфиясы менен жана аларды башка тамгаларга улап жаза алат. Сөздөрдү, сүйлөмдү кыргызча көчүрүп, туура, муундап жаза алат. Жазууда эң жөнөкөй кыргызча орфографиялык, пунктуациялык эрежелерди сактай билет, жөнөкөй сөздөрдү муундап бөлүп, ташымалдай алат. Созулма-кыска жана дублет тамгаларды ажыратып көчүрүп катасыз жаза билет.	Сүйлөмдөрдү жана чакан текстти, текстти бөлүгүн катасыз көчүрүп жана угуп жаза алат. Атайын калтырылып кеткен тамгаларды ордуна туура, мазмунуна жараша коюп жаза билет. Жардамчы сөздөрдү колдонуп сүйлөмдөрдү түзөт. Чакан диалогдорду толуктай алат, кырдаалдарга жараша чакан диалог түзөт. Сүрөткө жараша сүйлөмдөрдү түзө билет. Өзү, үй-бүлөсү, досу тууралуу 4-5 сүйлөмдөн турган чакан текст түзүп жаза алат. Сүйлөмдөрүндө грамматикалык жөнөкөй формаларды туура колдоно алат.	Жат жазууну өтүлгөн грамматикалык формалардын негизинде катасыз жазат. Өз алдынча кырдаалдарга жараша диалог түзөт жана берилген диалогдорду өз оюн кошуп өркүндөтүп түзөт. Берилген тематика боюнча жардамчы сөздөрдү колдонуу менен чакан текст түзө билет. Берилген тааныш тематикадагы текстти өркүндөтүп баяндама жаза алат. Тааныш тематикада татаал сүйлөмдөрдү түзөт, сүйлөмдөрүндө орфоргафиялык, пунктуациялык эрежелерди сактай алат. Грамматикалык формаларды үйрөнгөн материалдарынын чегинде сактай алат. Текстерден кептин түрлөрүн жана

Жазуу	Кыргызча сөз менен сүйлөмдүн айырмасын маз-мунуна жараша билип жазат.		стилдерин ажыратып түшүнөт.

Эскертүү: Мында да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар белгиленген деңгээлдерде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

- B1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

- B1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат.

СҮЙЛӨШҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕРИНЕ ЖАРАША ЛЕКСИКАЛЫК МИНИМУМДАРДЫН ОКУУ СААТТАРЫНЫН КӨЛӨМҮНӨ ЖАРАША ӨЛЧӨМДӨРҮ

Лексикалык-грамматикалык минимумдар дагы жогоруда аталган сүйлөшүү чөйрөлөргө жана деңгээлдерге жараша тандалган сүйлөшүү тематикаларына жана кырдаалдарына ылайык түзүлмөкчү. Бул минимумдарга жыш колдонулган сөз айкаштары, синонимдер, антоноимдер жана да сүйлөшүү этикетинин үлгүлөрү да камтылууга тийиш.

Учурда КББАнын Мамлекеттик жана көп тилдүү билим берүү лабораториясында А1, А2 жана В1 деңгээлдеринин лексикалык минимуму мектептин базалык окуу сааттарынын талаптарына жараша «Билим берүү жана социалдык интеграция» долбоорунун алкагында түзүлгөн жумушчу тобунун кызматкерлери менен бирге иштелип чыкты. Мында белгилеп кетүүчү нерсе, кыргыз тилине бөлүнгөн учурдагы сааттардын көлөмүнө ылайык жана бир саатта үйрөнүлө турган активдүү сөздөрдүн чегине жараша (мисалы, мектепте бир сабакта 5-7ден 12-15ке чейин активдүү сөз сунушталуу менен) ар бир деңгээлге ылайыкталган лексикалык минимумдун чеги төмөндөгүдөй мүнөздөлдү.

Деңгээлдер жана класстар	**Окуу сааты**	**Бир саатта үйрөнүүчү лексикалык бирдик саны**	**Активдүү сөздөр**	**Пассивдүү сөздөр (жалпы лексиканын ичинде)**	**Жалпы лексикалык бирдик**
А1(А1+)					
1-кл.	3(102)	2-3 (2)	202-306	202	404-508
2-кл.	3(102)	2-4 (2)	202-408	202	404-610
3-кл.	3(102)	3-4 (3)	306-408	306	612-714
4-кл.	3(102)	4-5 (3)	408-510	306	714-820
			1118-1632	**1016**	**2134-2452**
А2 (А2+)					
5-кл.	3(102)	4-6 (6)	408-612 (612)	408	816-1020
6-кл.	3(102)	5-6 (7)	510-780 (612)	510	1020-1290
7-кл.	3(102)	6-7 (8)	612-714 (896)	612	1224-1326
8-кл.	3(102)	6-8 (9)	612-806 (1008)	612	1224-1508
9-кл.	3(102)	7-8 (10)	714-816 (1020)	714	1428-1530
			2244-3818 (4148)	**2244**	**5712-6674**
В1(В1+)					
10-кл.	3(102)	7-9 (11)	714-918 (1122)	714	1428-1632
11-кл	3(102)	8-10 (12)	816-1020 (1224)	816	1632-1836
Жалпы бирдик.			1530-1938 (2346) 4922-7388 (6494)	1530 4790	3060-3468 10906-12594

Лексикалык минимумдардын мындай көлөмдөрүн тактоодо эмнелер эске алынды?

1) Окуучулардын тил билүү мүмкүнчүлүгүнө жараша түзүлгөн коммуникативдик минимумдар;

2) Коммуникативдик эң жөнөкөй мимимумдарга жараша түзүлгөн эң жөнөкөй тексттер (монологдук жана диалогдук);

3) Базистик окуу планында класстарга жараша бөлүштүрүлгөн окуу жүктөмдөрүнүн көлөмү;

4) Сүйлөшүү чөйрөлөрү;

5) Окуу стандарттары менен программада белгиленген тил билүү деңгээлдери;

6) Балдардын класстарга жараша кыргыз тилин билүү деңгээлдери (кыргыз тилин билгендер жана билбегендер, же болбосо кыргыз тили кызмат кылган тилдик чөйрө бар же жок чөйрөлөр);

7) Баланын бир сабакта үйрөнүүгө мүмкүн болгон активдүү жана пассивдүү лексикалык бирдиктеринин эң эле жөнөкөй минимум өлчөмдөрү;

8) Бир темага бөлүнгөн сааттардын өлчөмдөрү.

Биринчи жагдай. Мисалы, 1-класстагы 1-тема: **Учурашуу** (коммуникативдик минимумдан):

- Саламатсыңбы?

- Саламатчылык.

Лексикалык бирдик: 2 (эки грамматикалык форма)

1-класстагы 2-тема:

Таанышуу (коммуникативдик минимумдан):

- Таанышып алалы. Менин атым - ....

- Менин атым - ...

Лексикалык бирдик - 3 (үч лексикалык бирдик)

Демек, 1-сабактан тартып баарлашууда жаңы лексикалык бирдиктердин активдүү катышуусу менен, окуучулар үйрөнүүсү тийиш болгон бирдиктер аныктала баштайт.

Мындай диалогдук же монологдук тексттер теманын мүнөзүнө жараша түзүлүү менен окуу китептеринен орун

ала баштайт. Ошондо да, айрыкча эске алууга тийиш болгон шарт - алгачкы убакта диалогдук текстер көбүрөөк пайдаланылышы жана балдар ага жараша ролдук диалогдорго катышып, тил жатыктыруу иштери активдүү жүрүүсү керек.

Экинчи жагдай. Мисалы: Бир нерсени сурап билүү (коммуникативдик минимумдан)

- Окуучулар, бүгүн кайсы сабак?

- Бүгүн – кыргыз тили сабагы.

Лексикалык жаңы бирдиктер – 5 (анын ичинен – үчөө активдүү, экөө пассивдүү лексика болсун дейли). Эгер ушул эле темага 3 саат берилсе, улам кийинки сабактарда жаңы лексикалык бирдиктер кошулуу менен, 3 эсе көбөйөт, лексикалык бирдиктер арбыйт жана мурдагы пассивдүү лексика активдүүгө айланып, бирдиктердин саны өсөт.

Үчүнчү жагдай. Окуучулардын тил билүү деңгээлерине жараша текттер татаалдануу же жөнөкөй болуу менен, сөздөрдө алымча-кошумчалар болбой койбойт. Ошого жараша лексикалык бирдиктердин саны азайып да же көбөйүп отурат.

Төртүнчү жагдай. Мисалы, 1-класска жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат бөлүнөт дейли. Мынча сааттын ар бирине 2-3-4төн лексикалык бирдиктер эсептелинеби? Жок. Мында чейрек аралык кайталоо сабактары жана жазуу иштери эсепке алынбайт. Өтүлгөн сабактардагы таза дидактикалык убакыттар жана өтүлгөн ар бир окуу материалдары гана эске алынат.

Ушул жерден эскерте кетүүчү бир маселе – лексикалык минимумду түзүүдө жана сабакта практикалык иштерде колдонула турган сөз каражаттарын тандоодо төмөндөгүдөй шарттар дагы эске алынууга тийиш:

1. Сөздүн негизги мааниси жана өтмө мааниси;
2. Жеке маани жана жалпы маани;
3. Түпкү маани жана абстракттуу маани;

4. Бир муундуу жана көп муундуу сөздөр (кыска жана узун сөздөр);

5. Баланын курагына жакын тематика жана курагынан алыс тематика;

6. Баланын кызыкчылыгына жараша тематикалар;

7. Баланын турмушуна жакын чөйрө жана алыс чөйрө;

8. Негизги сыпаттоо жана мүнөздөө сөздөрү, кошумча сыпаттоо жана мүнөздөө сөздөрү;

9. Бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр;

10. Сөз, түшүнүк, термин (жөнөкөйдөн – татаалга);

11. Күндөлүк турмушта жыш колдонулган жана сейрек колдонулган сөздөр;

12. Балага тааныш жана бейтааныш кесиптик сөздөр жана терминдер;

13. Адабий жана диалектилик сөздөр;

14. Синонимдик катарлар;

15. Антонимдик катарлар;

16. Сөздүн жөнөкөй формалары жана татаал формалар;

17. Уңгу, туунду жана уңгулаш сөздөр;

18. Эне тилдеги төл сөздөр жана кабыл алынган сөздөр;

19. Интернационалдык сөздөр;

20. Орус-кыргыз тилдеринде бирдей айтылган сөздөр;

21. Котормо жана калька сөздөрү;

22. Окуу предметтерине байланыштуу жана алардагы предметтерге мүнөздүү сөздөр, сөз айкаштары жана түшүнүктөр.

Демек, ушундай жол менен тандалган лексикалык минимумдар жана ошол минимумга жараша топтолгон текст ж.б. окуу материалдары гана Кыргыз тили окуу китептеринин балдардын курагына, класстык өзгөчөлүктөрүнө жараша жазылышын шарттайт.

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ СҮЙЛӨШҮҮ ДЕҢГЭЭЛИН БААЛОО ШКАЛАСЫ (А1(А1+), А2(А2+), В1(В1+) деңгээлдери)

Бул шкала дагы өзүнө сүйлөшүү чөйрөлөрү менен деңгээлдерди жана да кеп ишмердүүлүгүнүн бардык багыттарын бирге камтыйт. Ал жогоруда аталып өткөн кеп ишмердигине ылайык сүйлөшө билүү деңгээлдерине коюлуучу талаптар жана дескриптор кандай деңгээлде ишке ашып жатат, баланын сүйлөй билүү деңгээли талаптарга туура келеби, ошону туюнткан жана текшерген мониторинг сыяктуу кызмат аткарат. Дескриптордо берилген мүнөздөмөлөргө ылайык ар бир окуучу мындай баалоо шкаласынын талаптарына жараша өзүнүн сүйлөй алуу деңгээлин өзү аныктайт. Бул шкала дагы академияда мындайча болуп аныкталды.

Кеп ишмердигинин түрлөрү	А1(А1+) деңгээлинин талаптарына жараша баалоо мүнөздөмөсү	А2(А2+) деңгээлинин талаптарына жараша баалоо мүнөздөмөсү	В1(В1+) деңгээлинин талаптарына жараша баалоо мүнөздөмөсү
Угуп түшүнүү	Мен, өзүм бир туугандарым жана ата-энем жөнүндө айтып бере алам; менин жашаган, окуган жерим, айланамда болуп жаткан күндөлүк окуялар боюнча пикир алышууда жөнөкөй сүйлөмдөрдү же мага тааныш сөздөрдү так жана туура колдонуп түшүндүрө алам жана ушул багыттарда айтылган сөздөрдү түшүнө алам. Класста мугалимдин	Мага тиешелүү темалардын тегерегинде билдирүүлөрдү б.а. өзүм жөнүндө, окуум, жашаган жерим, бир туугандарым, ата-энем, алардын иши, дареги тууралуу маалыматтарды айтып бере алам. Үйдө, класста аткарган иштерим тууралуу, жашаган, окуган жерим, айылым, шаар жөнүндө суроолорго жараша оюмду түшүндүрө алам жана ушул	Окуу, бош убакыт, китеп, эс алуу, мектеп, спорт ж.б. өзүмдүн кызыгууларыма байланышкан темалардын тегерегинде сөз адабий тил менен так айтылса, анын негизги, маанилүү учурларын түшүнө алам. Сабактагы, мектептеги окуу-уюштуруу, коомдук иштер багытындагы кайрылууларды, кулактандыруларды, чакырууларды жакшы түшүнөм.

Угуп түшүнүү	учурашуусун, күндөлүк сабак боюнча айткандарын, кайрылууларын дээрлик жакшы түшүнөм.	багытта айтылган сүйлөмдөрдү дээрлик түшүнө алам. Мен кулактандырууларда жана билдирүүлөрдөгү жөнөкөй сүйлөмдөрдүн эмне жөнүндө айтылып жатканын жетишээрлик деңгээлде түшүнө алам. Сабактагы мугалимдин окуу, уюштуруу багытындагы бардык кайрылууларын жакшы түшүнөм.	Үйдө, мектепте, көчөдө, транспортто, китепканада ж.б. коомдук жайларда болуп жаткан сөздөрдү, буга байланыштуу кайрылууларды, билдирүүлөрдү жакшы түшүнөм.
Сүйлөө	Мен кызыккан темама байланыштуу маселелер боюнча жөнөкөй суроолорду бере алам, ошону менен бирге мени кызыктырган, тааныш теманын тегерегинде суроолорго жооп бере алам. Эгерде аңгемелешкен адамым менин өтүнүчүм менен жай темпте жана кыска, так формада пикир алышса, мен диологдорго катыша алам. Өздүк, социалдык-маданий, окуу чөйрөлөрүндөгү жөнөкөй темаларда сүйлөшүүлөрдө жөнөкөй сүйлөмдөрдү, сөз айкаштарын колдоно алам, б.а. өзүмдүн жана мен тааныган адамдардын, жакындарымдын, досторумдун	Мен күндөлүк жөнөкөй кырдаалдарда пикир алыша алам, т.а. мага тааныш темалардын тегерегинде маалымат алмаша алам. Мен күндөлүк турмуш тиричиликти камтыган теманын тегерегинде кыска пикир алышуларга катыша алам, бирок өз алдынча аңгемелешүүдө кыйналам. Мен өзүм, бир туугандарым, досторум, ата-энем жана башка адамдардын окуусун, бүгүнкү же мурунку жумушу тууралуу айтып сүйлөшө алам, ал учурда жөнөкөй сүйлөмдөрдү же сөз айкаштарын колдоно алам.	Мен мектепте, класста окуу-уюштуруу жана башка күндөлүк турмуштук кырдаалдарда пикир алыша алам. Мен эч даярдыгы жок эле мага тааныш, мени кызыктырган темалардын тегерегинде диалогдорго катыша алам (мисалы: окуу, спорт, үй-бүлө, хобби, класстык чогулуш, коомдук-класстык иштер, бош убакыт, күндөлүк кырдаалдар ж.б.). Мен өзүмдүн келечек максатымды жана каалоо-ниетимди, кызыктуу окуяларды, окуган китебим, көргөн фильм, досторум менен жолугушууларды кыскача айта алам. Туулган күн,

Сүйлөө	окуган, иштеген дарегин айтып бере алам.		майрам, куттуктоо ж.б. кырдаалдарда жөнөкөй сүйлөмдөр аркылуу оюмду билдире алам.
Окуу	Мен окуу китептеги адам аттарын, буюмдардын аталыштарын, жаныбарлардын аттарын, жөнөкөй сүйлөмдөрдү, жөнөкөй сүйлөмдөр аркылуу берилген текстерди, класстагы, мектептеги кулактандырууларды жана ошондой эле мага тааныш сөздөрдү так, туура окуп түшүнөм.	Мен кыска жана жөнөкөй текстерди окуп түшүнөм. Мен чакан аңгемелерди, жомокторду, публицистикалык маанайдагы, өздүк, коомдук-социалдык, окуу чөйрөсүнө ылайык текстерди окуп түшүнөм. Мектептеги, көчөлөрдөгү, транспорттогу жөнөкөй тил менен жазылган жарнамаларды окуп-түшүнөм. Мен өздүк мүнөздө жазылган жөнөкөй катты түшүнөм.	Мен күндөлүк сабакка байланыштуу окуу китептериндеги маалыматтарды окуп түшүнө алам. Чакан аңгемелерди, жомокторду, публицистикалык стилдеги жана өздүк, коомдук-социалдык, окуу чөйрөсүнө ылайык текстерди окуп түшүнөм. Мектептеги, көчөлөрдөгү, транспорттогу жарнамаларды окуп-түшүнөм. Мен сүрөттөп жазылган каттардагы өздүк мүнөздөгү каалоону, сезимди, окуяны түшүнөм.
Жазуу	Кыргыз алфавитиндеги өзгөчө тыбыштарды каллиграфиясы менен жана аларды башка тамгаларга улап жаза алам. Сөздөрдү, сүйлөмдү кыргызча көчүрүп, туура, муундап жаза алам. Жазууда эң жөнөкөй кыргыздын орфографиялык, пунктуациялык эрежелерин сактайм, сөздөрдү муундап бөлүп, ташымалдап жазганды билем.	Сүйлөмдөрдү жана чакан текстти китептен же тактадан катасыз көчүрүп жана мугалимдин айтуусунда угуп жаза алам. Текстеги, сүйлөмдөгү калтырылып кеткен тамгаларды ордуна мазмунуна жараша коюп жаза алам. Таяныч сөздөрдү колдонуп, сүйлөмдөрдү түзө алам. Таяныч сөздөр менен диалогдорду толуктап жана	Өз алдымча берилген кырдаалдарга жараша диалог түзөм жана диалогдорду өз оюмду кошуп өркүндөтүп түзө алам. Сабакта өткөн тематикалар боюнча жардамчы сөздөрдү колдонуу менен чакан текст түзөм. Берилген тааныш тематикадагы текстти өркүндөтүп баяндама жаза алам. Тааныш тематикада татаал сүйлөмдөрдү түзөм, сүйлөмдөрүндө орфоргафиялык,

Жазуу	Созулма-кыска жана дублет тамгаларды ажыратып көчүрүп катасыз жазам.	улантып түзө алам, Чакан кырдаалга жараша диалог түзөм. Предметтик жана кырдаалдык сүрөткө жараша сүйлөмдөрдү түзөм. Өзүм, биздин үй-бүлө, досум, классташым тууралуу 4-5 сүйлөмдөн турган чакан текст түзүп жаза алам. Жазууда грамматикалык жөнөкөй формаларды туура колдоно алам.	пунктуациялык эрежелерди сактайм. Грамматикалык формаларды үйрөнгөн тилдик материалдардын чегинде сактайм. Жат жазууну өтүлгөн грамматикалык формалардын негизинде катасыз жазам. Текстерден кептин түрлөрүн жана стилдерин ажыратып түшүнөм.

Эскертүү: мында да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар деңгээлдерде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

- B1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

- B1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат.

ДЕҢГЭЭЛДЕРГЕ ЖАРАША СҮЙЛӨШҮҮ МАКСАТТАРЫ, ТҮРЛӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

A1(A1+), A2(A2+) деңгээлдерине тиешелүү муктаждыктар (интенциялар)

Башталгыч класстарда, тактап айтканда, A1(A1+) деңгээлинде жөнөкөй гана интенцияларга жараша сүйлөөгө жетишүү менен, андан соң A2(A2+) деңгээлинде бир катар татаал интенцияларга ылайык сүйлөшө алууга жетишүүгө тийиш. Ал үчүн аталган деңгээлдерге жараша интенциялардын негизги мазмунун, алардын түрлөрүн өз-өзүнчө мүнөздөп, классификациялап, коммуниканттардын сүйлөшө алуу багыттарын так аныктообуз керек. Ал интенциялар кыргыз тилинде сүйлөшө билүүнүн негизги багыттарын, талаптарын, ички муктаждыктары менен сүйлөөгө болгон ынтаа-ниеттерин чагылдырып турат.

Андай болсо, интенциялардын түрлөрү жана мазмуну төмөндөгүчө болуусу ыктымал.

Интенциялар жана алардын түшүндүрмөлөрү

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүү тилди үйрөнүүчүлөр үчүн, албетте, адегенде башталгыч этапта үйрөтүү ыкмалары киргизилет, ал эми кыргыз тилин байланыш-катыштын деңгээлинде билген окуучулар үчүн улантуучу топтордо иштөө жүзөгө ашырылмакчы. Бир катар мектептерде балдардын тил билүү деңгээлдерине ылайык тайпаларга бөлүп окутуу да уюштурулушу мүмкүн. Бул шарттарды практикада туура эске алганда гана кыргыз тилин үйрөтүүнүн натыйжалуу болуусуна жетишмекчи (концепцияда айтылган).

Кыргыз тилин үйрөнүүнү баштаган Кыргыз Республикасынын жараны болобу, же чет элден келген жарандар болобу, башталгыч этапта, тактап айтканда, А деңгээлин-

де жөнөкөй гана интенцияларга жараша сүйлөөгө жетишүү менен, А2(А2+) деңгээлинде бир катар татаал интенцияларга ылайык да сүйлөшө алууга жетишүүгө тийиш. Ал үчүн аталган деңгээлдерге жараша интенциялардын негизги мазмунун, алардын түрлөрүн өз-өзүнчө мүнөздөп классификациялап, коммуникантардын сүйлөшө алуу багыттарын так аныктообуз керек. Ал интенциялар кыргыз тилинде сүйлөшө билүүнүн негизги багыттарын, талаптарын, ички муктаждыктары менен сүйлөөгө болгон ынтаанниеттерин да чагылдырып турат.

Андай болсо, интенциялардын түрлөрү жана мазмуну төмөндөгүчө болуусу ыктымал. Адегенде А1(А1+) деңгээлинин муктаждыктары (интенциялар) тууралуу кеп кылалы. Алар: байланыштыруучу интенциялар, маалыматтык интенциялар, аныктоочу интенциялар жана жеке баасын, мамилесин билдирүүчү интенциялар болуп бөлүнөт.

1. Байланыштыруучу муктаждыктар (интенциялар):

- учурашуу
- таанышуу
- башка бирөөнү тааныштыруу
- сурап алуу
- сурап билүү
- кечирим суроо
- уруксат суроо
- куттуктоо
- чакыруу
- коштошуу

2. Маалыматтык муктаждыктар (интенциялар):

- аты-жөнүн, ким экенин айтып билдирүү
- үй-бүлөсү тууралуу айтып билдирүү
- жашаган, окуган жери тууралуу маалымат берүү
- иштеген иши, анын мүнөзү тууралуу айтып берүү
- жаш-курагын айтып билдирүү

- улуту тууралуу маалымат берүү
- кайдан келгенин билдирүү
- дарегин айтып билдирүү
- жакындары, досу тууралуу айтып берүү
- жакын адамдарынын кесиби, статусу тууралуу маалымат берүү
- кызыгуулары тууралуу айтып ой бөлүшүү
- нерсенин эмне экенин айтып билдирүү
- кимдин, эмненин кайда тургандыгын айтып билдирүү
- кимдин, эмненин кайда баратканын айтуу
- нерсенин кимге жана каякка таандык экенин билдирүү
- нерсенин эмне экенин айтып билдирүү
- кимдин, эмненин кайда тургандыгын айтып билдирүү
- кимдин, эмненин кайда баратканын айтуу
- жыл мезгилдерин, табиятты, анын көрүнүштөрүн баяндап, сүрөттөп айтып берүү
- убакытты, күндүн, жуманын, айдын сан-иретин айтып билдирүү

3. Аныктоочу мүнөздөөчү муктаждыктар (интенциялар):

- кимдин, эмненин кандай экенин мүнөздөө
- нерсенин канча экенин аныктоо
- нерсенин кимдики экенин аныктоо
- иш кантип аткарылганын мүнөздөө

4. Жеке мамилесин билдирүүдөгү муктаждыктар (интенциялар):

- маалыматка макул экенин билдирүү
- маалыматка каршы экенин билдирүү
- маалыматты далилдөө
- маалыматты төгүндөө
- ыраазы экенин айтуу
- нааразы экенин айтуу
- бар, жок экенин айтуу.

В1(В1+) деңгээлине тиешелүү муктаждыктар (интенциялар):

1. Байланыштыруучу муктаждыктар (интенциялар):

- учурашуу (тереңдетүү);
- байланышкан адамдардын статустарына жараша тааныштыруу, өзүн жана башка бирөөнү тааныштыруу;
- бирөөнүн көңүлүн өзүнө буруу;
- пикир алышууга катышуу;
- пикир алышуу демилгесин колго алуу;
- пикир алышууну уланта алуу;
- пикир алышуу процессинде анын темасын, багытын өзгөртүү;
- кырдаалга жараша сүйлөшүүнү жыйынтыктоо;
- пикир алышкан адамдары менен алардын статустарына жараша коштошо билүү;
- ыраазычылыгын билдирүү;
- кечирим сурай билүү;
- куттуктоо;
- ийгилик каалоо;
- чакыруу.

2. Жөнгө салуучу (регулирующие) муктаждыктар (интенциялар), (пикир алышкан адам менен мамилени жана каалоо-ниетин жөнгө салуу):

- сурануу, өтүнүү;
- кеңеш айтуу;
- сунушун билдирүү;
- каалоосун айтуу;
- талап кылуу, буюруу;
- тыюу салуу;
- макул же каршы экенин билдирүү;
- убада берүү.

3. Маалыматтык муктаждыктар (интенциялар):

- болуп жаткан, боло турган жана болуп өткөн окуяларды тактоо;

- окуянын мезгилин, ордун тактоо;
- окуянын кандай ишке ашканын, анын далилдерин сурап билүү;
- алдыдагы максаттарды тактоо;
- окуянын себептерин тактоо;
- иштин натыйжасын, анын ким тарабынан аткарылганын тактоо;
- кайра сурап тактоо.

4. Баа берүүчү муктаждыктар (интенциялар):

- каалоо-тилегин билдирүү;
- талабын билдирүү;
- жеке оюн билдирүү;
- кабардар экенин билдирүү;
- жактыруу;
- мактоо;
- каршылык көрсөтүү;
- оң же терс баа берүүсүн билдирүү;
- кубануусун же кайгыруусун билдирүү;
- бир нерсеге кызыгуусун билдирүү.

Мына ушул интенцияларга жараша B1(B1+) деңгээлине ылайык сүйлөшүү сфералары аныкталды жана текстин тематикалары тандалып алынды. Тактап айтканда, чет жерден келген же кыргыз тилин үйрөнө баштаган кыргызстандык ар бир жаран мына ушул аталган интенциялардын негизинде өз статусуна жараша коммуникативдик аракеттерин ишке ашырат. Ал аракеттер төмөндөгүдөй урунттуу чөйрөлөргө жараша жүрөт.

Мында да окуу материалдарынын мүнөзүнө жана көнүгүү-машыгуу иштерине коюлган жалпы талаптар A1 жана A1+ деңгээлдеринде бирдей эле коюлат, бирок бул мезгилде да ишмердүүлүктөр эки деңгээлде жүзөгө ашат, т.а:

- B1 деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана бара-бара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методика-

лык жактан); ошону менен бирге лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

- B1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат.

КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭКИНЧИ ТИЛ КАТАРЫ ОКУП-ҮЙРӨНҮҮНҮ ТЕКШЕРҮҮ ЖАНА БААЛОО

Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун предметтик стандартында биринчи ирет кыргыз тилин башка улуттун өкүлдөрүнө үйрөтүү иш-аракеттерин баалоо маселелери да чечилген. Анда булар тууралуу сөз болот.

Мисалы, Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда окуучулардын жетишкендиктерин баалоо күтүлүүчү натыйжалар менен тыгыз байланышкан жана көрсөткүчтөргө негизделет. Класстагы баалоо объектилери болуп билим алуудагы окуучулардын жекече жетишкендиктери менен өсүшү саналат.

Стандартта кыргыз тилин үйрөнүүнүн деңгээлин баалоонун төмөндөгү негизги принциптери да так көрсөтүлгөн.

1. Калыстык. Калыстык принциби бардык окуучулар бирдей шартта окшош сыноодон өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды текшерүү калыстыгы мугалим үчүн дагы, бардык окуучулар үчүн дагы баалоонун так критерийлеринин болушун туюндурат.

2. Ишеничтүүлүк. Ишеничтүүлүк принциби ошол эле белгини кайталап өлчөөдө бирдей натыйжа алууга мүмкүнчүлүк берген педагогикалык баалоонун тактыгын билдирет.

3. Жарамдуулук – бул башка нерсе эмес, чын эле өлчөөгө тийиш болгон нерсе өлчөнүп жаткандыгын көрсөткөн баалоо усулунун аныктыгы.

Мындай баалоодо анын түрлөрүн колдонуу да айрыкча керек. Анын түрлөрү катары стандартта үч түрү сунушталган, атап айтканда: ***диагноздоочу, калыптандыруучу жана суммативдик баалоо.***

Диагноздоочу баалоо мындайча жүрмөкчү. **Мисалы,** баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана аны өркүндөтүшүнө негиз болот.

Ал эми, **калыптандыруучу баалоонун** максаты – окуучунун жетишкендиги менен материалды жекече өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучунун ийгиликке жетиши үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Мугалим калыптандыруучу баалоону окутуунун жүрүшүнө өз убагында түзөтүү, пландоого өзгөртүү киргизүү үчүн пайдаланса, ал эми окуучу өзү аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун жөндөм деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.

Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу тездиги, теманы өздөштүрүү жөндөмү ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктери менен өсүштөрүнө көңүл бурулат. Окуучунун өсүшү билим берүү тармагы менен предметтердин алкагындагы окутуу максаты болуп саналган белгилүү натыйжаларга жетүү катары аныкталат. Журналга баа зарылдыгына карай коюлат (катталат), мугалим окуучунун жекече өсүшүнө жүргүзгөн байкоолорун белгилейт.

Жыйынтыктоочу (сумматив дик) баалоо мындайча жүрмөкчү. Сумматив дик баа берүү окутуунун ар бир баскычында пландалуучу натыйжаларга окуучулардын жетишүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылып, *утурумдук, аралык жана жыйынтыктоочу* баалоодон түзүлөт.

• жекече аткарылган тапшырмаларды у*турумдук баалоо* баа берүү ченемдери (туура чечимдердин саны, кетирилген каталардын саны, тариздөө эрежелеринин сакталышы ж.б.) менен мугалим жана/же окуучулардын өздөрү берген өзүнчө ишти аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө жараша утурумдук баалоо жүргүзөт.

• *Аралыктан баалоо* предметтик стандартта аныкталган иштердин түрүнүн негизинде жүргүзүлөт:

- кат жүзүндөгү иштер/булактар менен иштөө;
- оозеки жооп /жүзачар;
- долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;
- портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж. б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

• *Жыйынтыктоочу баалоо* мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерине жараша кат жүзүндө аткарылат.

Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат. Иштердин формасынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып аныктайт.

Билим берүү тутумунда милдеттери менен айырмалануучу педагогикалык баалоонун дагы эки түрү колдонулат: **ченемдик жана критерийлик.**

Айрым окуучулардын билимдерин **ченемдик баалоо** окуп жаткандардын өзүнчө тобунун даярдык деңгээлине карата жүргүзүлөт. Анын максаты – айрым окуучулар менен калган окуучулардын ортосунда билимдерин иш жүзүндө салыштыруу.

Айрым окуучулардын билимдерин **критерийлик баалоо** белгиленген стандарттарга ылайык жүргүзүлөт. Анын максаты – белгиленген стандарттарга ылайык айрым окуучулардын жетишкен натыйжаларын сыпаттоо.

Баалоонун бул эки түрү бири бирин жокко чыгарбайт, педагогикалык практикада ченемдик дагы, **критерийлик** дагы баалоо зарыл. Ал төмөндөгүдөй деңгээлдик талаптарды камтышы мүмкүн:

- окуу материалынын мазмунун билүүсүн;
- билгенин практика жүзүндө колдоно алуусун;
- мугалимдин берген проблемалуу суроосун чече билүүсүн;
- өзүнүн жеке чыгармачылыгын көрсөтө алуусун (С.Рысбаев, «Деңгээлдик билим берүү технологиялары», Б., 2023-ж.).

Мугалим баалоонун кайсы түрүн колдонуу керектигин аныктоо үчүн баалоонун максатын эске алышы абзел. Эгер ар бир окуучунун окуу материалынын маанилүү бөлүгүн өздөштүргөн-өздөштүрбөгөндүгүн аныктоо зарыл болсо, бул учурда баалоонун критерийлик түрүн колдонуу шарт. Предмет боюнча мектеп олимпиадасына катыштыруу үчүн класстан бир нече окуучуну тандап алуу зарыл болгондо сөзсүз баалоонун **ченемдик** түрү керек.

Класста баалоону өткөрүүдө иштин мүнөзүнө ылайык төмөндөгүдөй ченемдик түрү да эске алынмакчы.

1. Текст менен иштөөгө баа берүү (окуп түшүнүү) 20 упай.

Окуучу текст менен туура жана катасыз иштегенде, т.а. тексттин тийиштүү тапшырмасын аткарганда **20 упай** топтойт:

- тексттин грамматикалык түзүлүшүн билет;
- окулган текстти түшүнгөндүгүн көрсөтөт (тексттеги негизги ой менен мазмунун туура түшүнөт);
- тапшырманы туура аткарат;
- өз жоопторун грамматикалык жактан туура жазат;
- орфографиялык жана пунктуациялык каталарды кетирбейт.

Ар бир туура эмес жооп үчүн билимдердин тийиштүү упайы алып салынат.

2. Угууга баа берүү (угуп түшүнүү)

Угууда окуучу тексттин бардык тапшырмаларын туура аткаруу менен **20 упай** топтойт, т.а.:

- берилген темалар боюнча тексттерди угуп кабылдайт жана угулган текстти түшүнгөндүгүн көрсөтөт;
- тексттеги негизги ой менен мазмунун бөлүп көрсөтөт;
- тапшырманы туура аткарат;
- жоопторун грамматикалык жактан туура жазат;
- орфографиялык жана пунктуациялык каталарды кетирбейт.

Ар бир туура эмес жооп үчүн билимдердин тийиштүү упайы алып салынат.

3. Оозеки жоопко баа берүү (оозеки сүйлөшүү)

Оозеки сүйлөшүүдө **20 упай** топтогон окуучу:

- берилген тема боюнча туура суроолорду берет;
- берилген суроолорго жооп бере алат;
- аңгемелешүүнүн мазмунун түшүнөт;
- ар түрдүү кептик (катнаштык) кырдаалдарда макулдугун/макул эместигин туура туюндурат;
- грамматикалык жактан туура жазылган сүйлөмдөрдү түзөт.

Ар бир туура эмес жооп үчүн мугалим тарабынан каралган упай алып салынат.

4. Жазуу ишине баа берүү (жат жазуу, эссенин түрлөрү ж.б.)

Жазуу ишинде **20 упай** топтогон окуучу:

- аталган тема боюнча тилдин граматтикалык формаларын түшүнүп-билет;

- орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди сактайт;

- мурда өздөштүргөн грамматикалык жана орфографиялык жөнөкөй көндүмдөрүн пайдалануу менен өз оюн туура жана сабаттуу баяндайт.

Ар бир орфографиялык, пунктуациялык жана стилистикалык ката үчүн мугалим тарабынан мурда каралган упай алынат.

5. Грамматикалык билимине баа берүү

Грамматикалык билимине баа берүүдө **20 упай** алган окуучу:

- тилдин грамматикалык каражаттарын түшүнөт;

- тил бирдиктерин түшүнүп-билет;

- грамматика менен лексиканы туура жана керегине жараша колдонот;

- синтаксисттик эрежелерге таянып сүйлөм түзөт;

- орфографиялык жана пунктуациялык эрежелер боюнча мурда өздөштүргөн көндүмдөрүн туура колдонот;

- тесттин бардык тапшырмаларын туура жана катасыз аткарат.

Ар бир ката үчүн билимдердин тийиштүү упайы алып салынат.

Окуучулардын тил үйрөнүү деңгээлдерин баалоодо жана текшерүүдө окуучулар тил үйрөнүүнүн деңгээлдерине жараша кандай абалда сүйлөй ала тургандыгы да айрыкча маниге ээ. Ошондуктан, кыргыз тили сабактарында окуп-үйрөнүүчү материалдардын жардамы менен, сүйлөшүү деңгээлдерине жараша текстерди тандооого жана диалогдорду ошол багыттарды уюштурууга маани берүү пайдалуу.

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

ОКУУЧУНУН КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ КЕП ИШМЕРДИГИНИН ТҮРЛӨРҮ

Угуу ишмердиги

Тилди коммуникативдик негизде өздөштүрүүдө тилдик ишмердүүлүктүн бардык төрт түрү - угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу, баары бирдей катышат жана алар сүйлөө процессинде интегративдүү түрдө катышат.

Булардын ичинен «угуу ишмердиги маалыматты кабыл алуу процесси: маалымат кабыл алынат, түшүнүлөт, ой жүгүртүлөт жана түшүндүрүлөт» (китепте: Справочник по методике преподавания второго языка в начальной школе. Латыш тилинен Т.Григуленин котормосунда, Б.2015, 23-б.)

Угуу өз алдынча жүрбөйт, ал түшүнүү менен бирге жүрөт, т.а. түшүнүүсүз угуу – үндүн талаага кетишине барабар. Ошондуктан, түшүнүү менен угуу гана пикир алышуунун өзөгү болуп калат. Анткени адам укканын түшүнгөндө гана ага карата реакция кылып, айтылган пикирге оң-терс пикир айтуу мезгилинде гана пикир алмашуу процесси жүрөт.

Угуу процесси психологиялык дагы процесс, анткени угуу процессинде көңүл коюу да, укканын кабыл алуу да бирге ишке ашат. Тактап айтканда, кыргыз тилин башка улуттун баласы угуу кезинде ага көңүл коюусу жана аны түшүнүп кабыл алуусу негизги маселелерден. Ошондуктан, кабыл алууну аз-аздан жана жөнөкөй сөздөрдөн, сүйлөмдөрдөн баштоо менен өркүндөтүү кажет. Мындай учурда баланын угуусун калыптандыруу максатында түзүлгөн (угуу үчүн тексттер) атайын тексттер топтому жардамга келет.

Угуу үчүн текттер менен иштөөгө атайын педагогикалык жетекчилик керек, т.а. анын туура уюштурулган методикалык иш-аракеттери керек:

- Текттин көлөмү чакан болуусу керек;
- Текст предметтүү, т.а. иллюстрация менен коштолуусу зарыл;
- Аты ой жүгүртүүгө багыт берип турса жакшы болот;
- Текстти түшүнүүгө карата таяныч сөздөрдү жана таяныч фразаларды сунуш кылса болот;
- Текстти окууда эмнеге көңүл коюу керектигин түшүндүрүү кажет.

Андан соң угуу иш-аракети жүрөт, т.а. мугалим окуйт, окуучу угат.

Угуу максаттуу жана натыйжалуу болушу мына булар менен түшүндүрүлөт:

- угат-көңүл коёт;
- угат-кабыл алат;
- угат-түшүнөт;
- угат-реакция жасайт...

Угууда дагы бир маанилүү нерсе – бул уга турган текстти окуудагы кыраат, көрктүүлүк, эмоционалдуулук. Анткени окуу кырааты менен эмоционалдуулук сүйлөмдөгү айтылуучу ойдун багытын буруп жиберүүсү ыктымал. Албетте, ал сүйлөмдөгү сөздөргө коюлуучу логикалык басымдарга жараша болмокчу.

Мисалы, **Кыргыз тили сабагы** эртең болот.

Кыргыз тили сабагы **эртең болот.**

Жогорудагы бирдей эле түзүлүштөгү эки сүйлөмдүн кара тамга менен берилген эки бөлүгүн башка-башка кыраат менен жана басым коюп окусак, албетте, эки башка маанини туютмак.

Эгерде биринчисинде мугалим **кыргыз тили сабагына** басым жасап окуса, угуучу-окуучу сөз кыргыз тили сабагы тууралуу болуп жатканын туят, ал эми экинчисинде, ал сабак бүгүн эмес, **эртең боло турганын** түшүнөт.

Угуу ишмердиги оюн учурунда да өзгөчө баалуу ишаракет болуп саналат. Оюн ишмердиги системалуу, үзгүлтүксүз иш-аракет болгондуктан, угуу ишмердиги оюндун үгүлтүккө учурабай жүзөгө максаттуу ашуусуна мүмкүнчүлүк түзмөкчү.

Акырында, окуучуну угуу ишмердигине калыптандыруу деңгээли жат жазуу учурунда айрыкча байкалат. Албетте, мында жат жазуу иши да жөнөкөйдөн - татаалга деген принцип менен, адегенде тамга-муун, муун-сөз, сөздүк жана сөз айкашы жана сүйлөм түрүндө жазылган формаларын пайдалануу менен калыптанары шексиз.

Соңунда угуу ишмердигин текшерүү жана баалоо иштери жүрөт. Албетте, текшерүү мезгилинде угууга коюлган:

- угат-көңүл коёт;

- угат-кабыл алат;

- угат-түшүнөт;

- угат-реакция жасайт... - деген критерийлер эске алынышы керек.

Ошол критерийлерге жооп берген учурда угуучунун угуу деңгээли талаптагыдай болду деп бааланса болот. Ал эми баалоо учурунда салттуу түрдөгү калыптандыруучулук жана жыйынтыктоочу баалоо колдонулмакчы.

Угуу ишмердигине ылайык окуучуларга коюлуучу талаптар:

Бул багытта окуучу төмөндөгүлөргө ээ болуусу керек: кыргыз тилинде кайрылган адамдын жөнөкөй жана кыскача сөзүнүн мазмунун түшүнөт.

Текстин тематикасы: баланын жеке турмуш-тиричилик, окуу жана социалдык-маданий чөйрөсүн камтыган чакан текстер болуусу керек.

Текстин тиби: баяндоо жана сүрөттөө тибиндеги, эң жөнөкөй лексикалык-грамматикалык каражаттар камтылган, атайын түзүлгөн жана адаптацияланган текст болуусу шарт.

Текстин стили: публицистикалык жана көркөм стилдеги чыгармалар камтылат.

Текстин көлөмү: 50дөн 100гө чейинки сөз камтышы мүмкүн.

Окуу жана сүйлөө темпи: мүнөтүнө 60дан 80ге чейинки сөз.

Сүйлөө ишмердиги

Бул багытта окуучу төмөндөгүлөргө ээ болуусу керек: кыргыз тилинде кайрылган адамдын жөнөкөй жана кыскача сөзүнө жооп кылып жана өз алдынча турмуштук кырдаалдарга ылайык бирөөгө кайрылып оюн айтып сүйлөшө алат.

Текстин тематикасы: сүйлөшүү баланын жеке турмуш-тиричилик, окуу жана социалдык-маданий чөйрөсүнө жараша жүрөт.

Кептин тиби: сүйлөшүү баяндоо жана сүрөттөө тибинде, эң жөнөкөй лексикалык-грамматикалык каражаттар камтылуу менен жүрөт.

Кептин стили: сүйлөшүү публицистикалык жана көркөм стилде жүрүүсү ыктымал.

Кептин көлөмү: 50дөн 100гө чейинки сөз камтышы мүмкүн.

Сүйлөө темпи: мүнөтүнө 60дан 80ге чейинки сөз.

Сүйлөө – бул кеп ишмердүүлүгүнүн эң маанилүү жана продуктивдүү түрү, ал адамдын угуу, окуу жана жазуу ишмердиги менен бирге комплекстүү түрдө ишке ашуучу тилди практикада колдоно билүү ишмердиги болуп саналат.

Сүйлөө – адамдардын өз ара карым-катышын ишке ашыруу жолу. Адамдар сүйлөө аркылуу пикир алышат, маалымат алмашышат, өз ара аракет кылуу менен иш-аракет аткарат, бири-биринин жан дүйнөсүнө, жүрүм-турумуна эмоционалдык жактан таасир этишет.

Сүйлөө адамдын жашоосунун ажырагыс бир бөлүгү болгондуктан, ал адамдын түрдүү жашоо, окуу, социалдык

жана эмгек сыяктуу чөйрөлөрү менен тыкыс байланышта жүзөгө ашат. Деги эле сүйлөө болбосо, адамдын коомдо жашоосу жана иш-аракеттери жүзөгө ашпастыгы белгилүү. Ошондуктан, сүйлөшүүнүн түрдүү мүнөзү, ишке ашуу жолдору, максат-милдеттери, ыкмалары жана формалары болуусу толук ыктымал.

Ошентсе да сүйлөө кандайдыр бир себепсиз жүрбөйт, т.а. ал бир адамга жолукканда учурашат, зарыл болгондо бирөө менен таанышат, бир нерсе керек болгондо аны сурап алуу максатында байланышат, бирөөгө бир нерсе тууралуу билдирүү жасайт, бир нерсе тууралуу билгиси келгенде сурап билет, пикир алмашат, маектешет, кечирим сурайт, коштошот, талкууга катышат, ыраазычылыгын же ааразылыгын билдирет ж.б. Булар сүйлөө талаптары, сүйлөөгө себеп болуучу муктаждыктар деп аталат. Демек, ушундан улам, сүйлөө жана сүйлөшүү – негизинде зарылдык жана муктаждык жаткан жана ошолор аркылуу ишке ашуучу психологиялык акт деп айтууга болот.

Маек кеби (диалогдук кеп)

Бул багытта окуучу төмөндөгүлөргө ээ болуусу керек: кыргыз тилинде кайрылган адамдын жөнөкөй суроолоруна жооп кылып жана өз алдынча турмуштук түрдүү кырдаалдарга ылайык диалог куруп сүйлөшүүгө жетишет.

Сүйлөшүүнүн тематикасы: баланын жеке турмуш-тиричилик, окуу жана социалдык-маданий чөйрөсүн камтыган диалогдор болуусу керек.

Кептин тиби: диалог баяндоо жана сүрөттөө тибиндеги, эң жөнөкөй лексикалык-грамматикалык каражаттар камтылуу менен жүрөт.

Кептин стили: диалог публицистикалык жана көркөм стилде жүрөт.

Кептин көлөмү: 50дөн 100гө чейинки сөздү камтышы мүмкүн.

Сүйлөө темпи: мүнөтүнө 60дан 80ге чейинки сөз.

Диалогдук кеп жөн гана суроо-жооптордун жыйындысын эмес, кырдаалдык мүнөздөгү турмуштук маектешүүлөрдү эсибизге салган сүйлөшүү болуп саналат.

Күндөлүк турмуштан эле көрүнүп тургандай, адам өзү көргөн окуя тууралуу бирөөгө айтып берет, бир нерсени сурап алат, бири-бири менен таанышып, учурашышат; маанилүү маселе боюнча талкуулашышат ж.б. Мына ушундай шарттарда диалогдук кеп ишке ашат.

Мектепте элементардык диалогдук кепке үйрөтүүдө төмөндөгүдөй методикалык иштер аткарылмакчы:

1. Стереотиптүү суроолорду берүү жана жоопторду алуу:

Мисалы:

- Сенин атың ким?
- Менин атым - Асан.
- Бул эмне?
- Ал парта?
- Ал ким?
- Ал - Гүлай ... ж.б.

Албетте, булар жасалма суроо-жооптор болсо да, сүйлөшүүгө үйрөнүүнүн башаты, алгачкы сүйлөшүү практикасы болуп саналганы менен жана лексикалык корун (адегенде зат атооч, этиш, ат атооч, андан соң сын, сан атоочтор) топтоонун жана байытуунун мүмкүнчүлүгү болору менен баалуу.

2. Сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша лексикалык, грамматикалык каражаттарды тематикага жараша колдонууга балдарды даярдайт.

Мисалы:

- класста, үйдө, коомдук башка жайларда сүйлөшүүгө, бир нерсени сурап алууга, сурап билүүгө, маалымат берүүгө, маалымат алууга ж.б. жараша кеп каражаттарын (лексикалык, грамматикалык, фонетикалык ж.б.) колдонууга үйрөнөт;

3) Кыргызча кеп этикетине машыгат: учурашуу, таанышуу, куттуктоо, кечирим суроо ж.б.

Ушулардын баарында окуучулар диалогдук кептин түзүлүшү үчүн шарттуу кырдаалдык жана турмуштук кырдаалдык зарылдык жараларын түшүнүшөт.

Диалогдук кепке мүнөздүү болгон көрүнүштөр мына булар болуп саналат:

1) Учурашуу маеги;

2) Таанышуу маеги;

3) Бир нерсени сурап алуу маеги;

4) Бир нерсе тууралуу сурап билүү маеги;

5) Коштошуу маеги;

6) Бирөөнүн айткан сунушуна макул болуу диалогу;

7) Кечирим суроо маеги;

8) Буюмдун турган ордун сурап билүү мүнөзүндөгү маек;

9) Жолдошуңду майрамы же туулган күнү менен куттуктоо маеги;

Жогорудагы кырдаалдар жана ага жараша диалогдорду эске алсак, **(диалог) үлгүлөрүн типтештирип, (классификациялап) көрөлү. Анда төмөндөгүдөй бөлүштүрүүнү алабыз:**

1. Болуп өткөн же боло турган окуя тууралуу билдирүү жасоо.

Мунун негизинде төмөндөгүдөй иш-аракеттер аткарылмакчы:

– болуп өткөн окуяны жайынча баяндап берүү;

– окуянын качан, каерде болуп өткөнүн маалымдоо;

– алдыда боло турган окуя тууралуу кулактандыруу жасоо;

– мугалимге окуучулардын сабакка келиши тууралуу билдирүү ... ж.б.

2. Болуп өткөн окуяга баа берүү, мүнөздөө.

– болуп өткөн окуяны сүрөттөп түшүндүрүү;

– окуяны далилдер менен түшүндүрүп айтуу;

– окуя жөнүндө ой жүгүртүп айтып берүү.

3. Бирөөнүн пикирин, оюн жактоо, колдоо, ага макул экендигин билдирүү.

– бирөөнүн ой-пикирин колдоо, жактоо;

– бирөөгө кеңеш айтуу, көңүлүн буруу, кеңешүүгө тартуу;

– жолдошунун туура иши үчүн мактоо, ыраазы экендигин билдирүү;

– бирөөнү куттуктоо, тилек, каалоолорун билдирүү.

4. Окуяны талдоо, талкуулоо маегине катышуу.

– бирөөнүн кылган ишине жараша сын айтуу;

– бирөөнүн айткан пикирин четке кагуу;

– айтылган пикирге калыс экенин билдирүү;

– окуянын чын же жалган экенин далилдөө.

5. Бирөөнү ынандыруу.

– болуп өткөн окуя тууралуу бирөөнү ишендирүү;

– окуяны далилдеп, негиздеп айтуу;

– айтылган ойго карата бирөөнүн макулдугун билүү.

6. Буйрук берүү, сурануу, өтүнүү.

– кыймыл-аракетти аткарууга бирөөгө буйрук берүү түрүндө кайрылуу;

– бир нерсени аткаруу үчүн бирөөдөн сурануу, өтүнүү;

– чакырык иретинде кайрылуу;

– бирөөдөн кечирим суроо ... ж.б.

Албетте, маек кебинин (диалогдук речтин) бул бардык типтери бир эле класска ушул калыбында, дал ушул тартипте сунуш кылынбайт. Алар сөзсүз жеңилден оорго карай деген принципте, өзүнө ылайык лексикалык, грамматикалык каражаттары менен коштолуп, коммуникативдик минимумдун чегинде, баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша класстарга бөлүштүрүлөт.

Маек кебин түзүүгө төмөндөгүдөй талаптар коюларын эсибизден чыгарбайлы:

1) Айтылган репликалардагы ойдун мааниси, тактыгы;

2) Кырдаалдуулугу;

3) Маекти түзүүдөгү баланын өз алдынча демилгелүүлүгү, маектин көлөмү;

4) Орфографиялык, грамматикалык каталардын бар же жоктугу, б.а. грамматикалык формалардын туура уланган-дыгы;

5) Репликалардын эмоционалдуулугу;

6) Сөз каражаттарынын туура тандалгандыгы, репликалардын стилдик жактан туура курулгандыгы;

7) Тематикасынын, пикир алышуу чөйрөсүнүн ар түрдүүлүгү жана сүйлөшүү логикасына туура келгендиги;

8) Репликалардын бирдиктүү ойду берүүдөгү өз ара логикалык биримдиги. Кыскасы, окуучунун түзгөн маеги канчалык деңгээлде ушул талаптарга жооп бергендигине карап бааланууга тийиш.

Жеке кеп (монологдук кеп)

Монологдук кеп, негизинен, бир адамдын баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү тибиндеги, ошондой эле түрдүү стилдеги, оозеки жана жазуу формасындагы кеби болуп саналат. Ал латын тилинен которуп алганда, ***моно*** - бир, ***логос*** - кеп, сөз дегенди туюнтат.

Монологдук кеп диалогдук кепке караганда татаал көрүнүш, анткени ал бир темага карата (т.а. тематикага жараша) баяндоо, сүрөттөө же ой жүгүртүү түрүндөгү, оозеки же жазуу формасында жана стилдин кайсы бир (көркөм-адабий, публицистикалык же илимий) түрүнө ылайык, өзүнө ички композицияны жана структураны камтып турган кеп продуктусу болуп саналат. Анын түзүлүшү мындай болот, т.а. башталышы, негизги ой айтылган бөлүгү жана жыйынтык пикир болушу шарт жана бул шарттар толук аткарылганда гана текст боло алат.

Монологдук текст мына ушундай жеке өзгөчөлүктөрү менен диалогдук кептен (тексттен) айырмаланып турат. Эске салсак, диалогдук кеп болушу үчүн сөзсүз түрдө сүй-

лөшүү кырдаалы керек болсо, монологдук кеп үчүн сөзсүз түрдө белгилүү бир тема (тематика) керек.

Диалогдук кепке машыгууда азыноолак лексикалык каражаттар керек болсо, монологдук кепке үйрөнүү үчүн атайын даярдык талап кылынат, анткени ал үчүн окуучулар белгилүү бир өлчөмдө лексикалык, грамматикалык жана тематикалык минимумдарга ээ болуулары керек.

Мына ушундай абалдан улам монологдук текст түзүүдө төмөндөгүдөй даярдыктар сөзсүз керек экендигин белгилөөбүз тийиш:

- белгилүү өлчөмдө лексикалык минимумду өздөштүрүү кажет;

- тематикага жараша айта турган ойду кандай грамматикалык каражаттар аркылуу берүүгө машыгуу керек;

- ойду экинчи тилде логикалуу жана байланыштуу айта билүүгө көнүгүү кажет;

- кептин кайсы түрүнө жана стилине жараша оюн билдирүүгө машыгуу керек ж.б.

Монологдук кеп мүнөзүнө жараша эки деңгээлде ишке ашуусу мүмкүн:

- репродуктивдүү деңгээл, мында окуган же уккан маалыматты кайта кайталап айтып берүү же жазып билдирүү ишке ашат;

- продуктивдүү деңгээл, мында адам өз алдынча, белгилүү бир тематикада, кептин бир түрүндө же стилинде, өз оюн жазуу жана оозеки формада чыгармачылык менен билдире алуусу жүзөгө ашат.

Жогоруда айтылгандай, монологдук текст оозеки жана жазуу формасында болмокчу. Булар менен катар, монологдук кеп кайсы бир жанрда, стилде, кептин бир тибинде болорун да эске салуу керек.

Мисалы, кандай жанрларда: аңгеме, жомок, ыр, табышмак, тамсил, бат айтма, макал-лакаптар ж.б.

Стилдер: публицистикалык, көркөм-адабий, илимий, иш кагаз стилдери.

Кептин типтери: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү.

Монологдук кепке үйрөтүүдө мугалим ири алдыда мындай иштерди аткармакчы:

- тематиканы тандоо;
- таяныч сөздөрдү, сөз айкаштарын, сүйлөмдөрүн сунуш кылуу;
- план түзүп берүү;
- ат коюу;
- суроолорду коюу;
- композициясын түзүүгө жардамдашуу;
- үлгү текст сунуштоо ж.б.

Мындай монологдук тексттерди түзүүгө балдарды машыктырууда мындай стимулдоочу дидактикалык каражаттарды пайлалануга болот:

- предметтик, кырдаалдык жана сюжеттик сүрөттөр;
- түрдүү буюмдар, предметтер;
- балдардын турмушунан алынган күндөлүк окуялар;
- күндөлүк режимдер;
- досуна кат жазуу, майрамы, туулган күнү менен куттуктоо, чакыруу каттары;
- ой жүгүртүүгө түрткү берүүчү эркин темалар;
- аягын улантууга, жыйынтыктоого тийиш болгон толук эмес тексттер;
- баштан өткөн күлкүлүү, кызыктуу окуялар;
- саякатка табиятка чыгаруу;
- укканы же окуганы тууралуу жазуу ... ж.б.

Бул багытта окуучу төмөндөгүлөргө ээ болуусу керек: *кыргыз тилинде кайрылган адамдын жөнөкөй жана кыскача сөзүнүн мазмунун түшүнөт.*

Тексттин тематикасы: *баланын жеке турмуш-тиричилик, окуу жана социалдык-маданий чөйрөсүн камтыган чакан тексттер болуусу керек.*

Тексттин тиби: *баяндоо жана сүрөттөө тибиндеги, эң жөнөкөй лексикалык-грамматикалык каражаттар камтылган, атайын түзүлгөн жана адаптацияланган текст болуусу шарт.*

Текстин стили: *публицистикалык жана көркөм стилдеги чыгармалар камтылат.*

Текстин көлөмү: *50дөн 100гө чейинки сөзду камтышы мүмкүн.*

Окуу жана сүйлөө темпи: мүнөтүнө 60дан 80ге чейинки сөз.

3.Дидактикалык оюндар:

– ролдук оюндар;
– сюжеттик оюндар;
– фонетикалык оюндар;
– грамматикалык оюндар;
– сөздүк оюндар (кроссворддор, ребустар...)

Монологдук кеп үчүн текст түзүүгө карата темалар:

Менин өлкөм - Кыргызстан

1. Менин Ата Журтум - Кыргызстан
2. Кыргызстан - эркин өлкө.
3. Мен келечекте Кыргызстанга кандайча кызмат кылам?
4. Менин туулган айылым.
5. Кооздукка бай өлкө.

Мамлекеттик тил

6. Кыргыз тили - мамлекеттик тилибиз
7. Тилсиз улут жок
8. Мен кыргыз тилинде кандай сүйлөйм?
9. Мен эмне үчүн кыргыз тилин билгим келет?

Мен жана менин үй-бүлөм

10. Биздин үй-бүлө
11. Биздин үй-бүлөдө ким эмне иш кылат?
12. Мен ата-энемди кантип кубантам?
13. Мен бир туугандарыма кандай жардам берем?

Улуттук тамак-аштар

14. Улуттук тамак-аштарды билесиңби?

15. Кымыз – баалуу суусундук
16. Сен кандай тамакты жакшы көрөсүң?
17. Сен үйдө тамак жасай аласыңбы?

Мен келечекте ким болгум келет?

18. Менин сүйгөн кесибим.
19. Мен элиме кантип кызмат кылгым келет?
20. Мен дарыгер болгум келет. Эмне үчүн?
21. Мен юрист болгум келет. Эмне үчүн?
22. Мен мугалим болгум келет. Эмне үчүн?
23. Мен котормочу болгум келет. Эмне үчүн?

Ден соолук жана аны чыңдоо

24. Ден соолук – адамдын биринчи байлыгы
25. Балдардын ден соолугу бекем болсо - элдин ден соолугу бекем болот.
26. Таза жүрүүнүн пайдасы.
27. Спорттун кайсы түрүн сүйөсүң?
28. Сен эртең менен көнүгүү жасайсыңбы?

Мода жана стиль

29. Мен кандай кийимди жакшы көрөм?
30. Улуттук кийим-кечелерди билесиңби?
31. Азыркы мода кандай?
32. Сен улуттук кийимди кийесиңби?

Искусство жана мен

33. Искусствонун кандай пайдасы бар?
34. Театрга барганда
35. Мен сүйгөн фильм
34. Биздин мектептеги бий ийрими
35. Мен сүрөт тартканды жакшы көрөм.

Адабият жана мен

36. Күн сайын китеп окуйсуңбу?
37. Сенин сүйгөн жазуучуң?
38. «Манас» эпосунун каармандары
39. Мен «Манас» эпосунан үзүндү айта алам.
40. Ч. Айтматовдун каармандары.

Спорт жана мен

41. Спорттун ден соолукка пайдасы
42. Мен сүйгөн спорттун түрү
43. Менин сүйгөн спортчум
44. Спорттун кандай түрлөрү бар?

Саякат

45. Кыргызстандын кооз жерлери
46. Туулган жерге саякат
47. Классташтар менен саякаттоо
48. Ысык-Көл - кыргыз бермети
49. «Манас ата» ордосуна саякат
50. «Сулайман-Тоого» саякат

Сүйлөшүү кырдаалы жана коммуникативдик талаптар

Башка тилди үйрөнүүдө сүйлөшүүгө, пикир алышууга болгон зарылдыктар менен муктаждыктар маанилүү роль ойнойт. Ал эки деңгээлде ишке ашмакчы:

1. Коомдо жашап жаткан адамдын ал коом менен байланышуу зарылдыгы негиз болгон жалпы коммуникациялык муктаждык. Коомдо жашап туруп, ал коом менен байланышпай жашоого мүмкүн эместигинен улам адамда сүйлөшүүгө болгон ички зарылдыктын жаралышы.

2. Күндөлүк турмуш-шартына, андагы жаралган сүйлөшүү кырдаалдарынан улам келип чыгуучу конкреттүү зарылдык.

Ошондой эле, кырдаалдарга мындай мүнөздүү белгилер тиешелүү:

1) кырдаалдар окуу мүнөзүндөгү шарттуу-кеп кырдаалдары жана турмуштук кырдаалдар түрүндө болушат.

2) Турмуштук кырдаалдар дагы ич ара стандарттуу жана эркин кырдаалдар болуп бөлүнүшөт.

3) Ролдук кырдаалдар жана ага мүнөздүү диалогдор стандарттуу кырдаалдарга жараша түзүлөт.

4) Көйгөйлүү тапшырмалар менен коштолгон кеп кырдаалдар жана ага ылайык маектерди түзүү тапшырмалары окуучулар өз алдынча иштөөгө көнүгүп калган учурда гана сунуш кылуу керек.

Мындай сүйлөшүү зарылдыгы сүйлөшүү кырдаалы деген түшүнүк менен бирдей, анткени ал адамдын сүйлөшүү, пикир алышуу, бир нерсени сурап алуу же билдирүү сыяктуу зарылдыктардан улам келип чыгуучу сүйлөшүү жагдайлары менен чечиле турган көрүнүш.

Сүйлөшүү кырдаалы абдан кенен түшүнүк жана өзүнө тиешелүү структурага ээ. Мисалы, ал адамдар каерде сүйлөшөт (расмий жердеби, же күндөлүк турмуш-тиричилик жагдайындабы), ким менен сүйлөшөт (бир адам мененби, көп адам мененби), эмне тууралуу сүйлөшөт (сүйлөшүүнүн темасы жана мазмуну), эмне максатта сүйлөшөт (маалымат айтуу, маалымат алуу, маектешүү, таасир этүү ж.б.) сыяктуу түшүнүктөрдү өзүнө камтыйт.

Ошону менен бирге, мындай сүйлөшүү кырдаалы өзүнө: сүйлөшүүгө болгон интенцияларды (сүйлөшүүгө ынтаанын жаралышы, көңүлдүн бурулушу), сүйлөшүү чөйрөлөрүн (өздүк, коомдук-социалдык, окуу жана эмгек), сүйлөшүү тематикаларын (үйдө, мектепте, көчөдө, китепканада, театрда, ашканада, дарыгерде ж.б.), сүйлөшүүчү адресат (ата-эне, дос, бир тууган, мугалим, китепканачы, дарыгер ж.б.) камтыйт жана алар сүйлөшүү кырдаалынын мазмунун аныктайт жана сүйлөшүүгө болгон ынтаа (намерение) сүйлөшүүнүн багыттоочу күчү болуп саналат.

Сүйлөшүү кырдаалдары адамдардын тил үйрөнүүсүнө оң мүмкүнчүлүк түзгөн ролу чоң, ошондуктан мектепте кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөнүүсүндө сүйлөшүү кырдаалдарын колдонуу менен, т.а. сүйлөшүү кырдаалдарын түзүп, лексикалык-грамматикалык материалдарды дал ошол сүйлөшүү кырдаалдарында пайдалануу, албетте, кыргыз тилин үйрөнүүдө оң жагдайды түзөт да, күндөлүк турмуштагы реалдуу сүйлөшүү кырдаалына жакын шартты түзүп бергендиги менен баалуу.

Сүйлөшүү жагдайы, орду ар түрдүү болгондуктан, кырдаалдар да түрдүү болмокчу, тактап айтканда: стандарттуу жана турмуштук кырдаалдар. Стандарттуу сүйлөшүү кырдаалы класста, мугалим, адегенде сүйлөшүүгө баланы тартуу катары стандарттуу түрдө, ролдук сүйлөшүү мүнөзүндө, стандарттуу сүйлөшүү каражаттары менен жүрөт. Бул учурда чыгармачыл реалдуу кырдаал эмес, ролдук мүнөздөгү сүйлөшүү жүзөгө ашат.

Мисалы: «**Дүкөндө соода кылуу**» кырдаалы берилсе, бири - дүкөнчүнүн, экинчиси - сатып алуучунун ролун аткарып, стандарттуу сүйлөө каражаттарын колдонуп сүйлөшөт.

Сатып алуучу: Айран барбы?

Дүкөнчү: Ооба, айран бар.

Сатып алуучу: Мага бир бөтөлкө айран бериңиз...

Ал эми стандарттуу эмес, турмуштук кырдаалдар адамдардын күндөлүк турмушунда кездешкен реалдуу кырдалга жараша түзүлөт да, ошого жараша сүйлөшүү да реалдуу мүнөздө жүрөт.

Мисалы: «Убакытты сурап билүү» кырдаалына жараша сүйлөшүү үлгүсүн берели.

Бала: Саат канча болгонун айтып коюңузчу?

Апасы: Айтайын. Саат 12 болду.

Бала: Рахмат, апа. Мен стадионго кеттим. Жакшы туруңуз.

Апасы: Жакшы бар. Эрте кел, балам.

Көрүнүп тургандай, мында сүйлөшүү бала менен апасынын ортосундагы сурап билүү, себебин айтуу, коштошуу сыяктуу жеке мамилесин билдирүү мүнөзүндөгү пикир алышуу болду. Демек, мындай реалдуу кырдаалдагы сүйлөшүүлөр сүйлөшүүчү адамдардын ички керектөөсү, мамилелери, сүйлөшүүнүн себептери, максаттары ж.б. компоненттер кеңири катышат жана мазмуну ар тараптуу, бай келет.

Кырдаалдык минимумдар жана алардын мүнөзү:

1. Учурашуу кырдаалы;
2. Таанышуу кырдаалы;
3. Нерсенин эмне экенин билүү;
4. Нерсенин турган ордун сурап билүү;
5. Бирөөнүн эмне кылып жатканын сурап билүү кырдаалы;
6. Кимдин кайда, эмне кылып жатканын сурап билүү;
7. Нерсенин кайда жана эмне кылып жатканын сурап билүү;
8. Досунун үйү кайда экенин сурап билүү;
9. Досунун кайда окуй турганын сурап билүү;
10. Бирөөнүн кайда бара жатканын сурап билүү;
11. Бирөөнүн кайдан келе жатканын сурап билүү кырдаалы;
12. Бирөөнүн кайдан келгенин сурап билүү;
13. Бирөөнүн кайда бара жатканын сурап билүү;
14. Бирөөнүн кайдан келе жатканын сурап билүү кырдаалы;
15. Заттын кайдан келгенин сурап билүү;
16. Бирөөнүн жашы канчада экенин сурап билүү;
17. Убакытты сурап билүү;
18. Бирөөнүн качан эмне кыларын сурап билүү;
19. Нерсенин кандай экенин сурап билүү;
20. Нерсенин канча экенин сурап билүү;
21. Нерсенин кимдики экендигин сурап билүү;
22. Кимдин эмне менен иш аткарып жатканын сурап билүү тести;
23. Кимдин ким менен бирге иш аткарып жатканын сурап билүү;
24. Дем алышта эмне иш аткарарын сурап билүү;
25. Бош убакытты кандай өткөрөрүн сурап билүү;
26. Каникулду кандай өткөрөрүн сурап билүү;
27. Эмне тамак ичерин айтуу кырдаалы;

28. Окуган китеби тууралуу айтуу кырдаалы;
29. Көргөн киносу тууралуу айтуу кырдаалы;
30. Ата-энеси тууралуу айтуу кырдаалы;
31. Кайсы сабак жагары тууралуу пикир алышуу кырдаалы;
32. Кайсы ийримге барары тууралуу пикир алышуу кырдаалы;
33. Спорттун кайсы түрүнө кызыгары тууралуу пикир алышуу кырдаалы;
34. Майрамы менен куттуктоо кырдаалы;
35. Туулган күнү менен куттуктоо кырдаалы;
36. Ден соолугун сурап-билүү кырдаалы;
37. Бирөөгө буюруу иретинде кайрылуу кырдаалы;
38. Бирөөгө өтүнүү иретинде кайрылуу кырдаалы;
39. Бирөөдөн кечирим суроо кырдаалы;
40. Сылык кайрылуу кырдаалы;
41. Бирөөго макул экенин билдирүү кырдаалы;
42. Бирөөгө каршы экенин билдирүү кырдаалы.

Окуу ишмердиги

Окуу жаңы маалыматты кабыл алуунун негизги каражаты болуу менен, маалыматтарды гана кабыл алуунун жолу эмес, тил жатыктыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү ж.б. маанилүү иш-аракеттер менен тыкыс байланыштуу. Албетте, окуу ишмердиги текстсиз ишке ашпайт. Ал эми текстти окуу төмөндөгүдөй көптөгөн максаттуу ишмердиктер менен коштолот, т.а.:

- тил жатыктыруу;
- окуу көндүмүн өнүктүрүү;
- окуу техникасын өркүндөтүү;
- маалымат алуу;
- жаңы билим алуу;
- сөздүк корун байытуу;
- байланыштуу кебин жана кеп маданиятын өнүктүрүү;

- окурмандык маданиятын өнүктүрүү ... ж.б.

Окуудагы негизги күтүлүүчү натыйжа – текстин мазмунун жана идеясын түшүнүү болуп саналат. Андыктан, окуу ишмердигин арттырууда окуу жана түшүнүү ишмердиги бирге жүрүүсү кажет.

Окуу жана түшүнүүдө кыргыз тили сабагында башка улуттун баласы төмөндөгү көндүмдөргө ээ болуусу тийиш. Мисалы:

- текстин атын түшүнүү;
- сюжетин түшүнүү;
- мазмунун түшүнүү;
- темасын түшүнүү;
- идеясын түшүнүү...

Ушундай иш-аракеттерден соң гана, окуучу текстти окууда анын мазмуну ачылат жана маанисин түшүнөт. Маанисин жеткире түшүнүү окуган текстин табиятын эске тутууга жол ачат. Анткени окуган бала текстин мазмунун түшүнбөсө, анда ал эч кандай маалымат албайт, грамматикалык формалардын ролун да, лексикалык каражаттардын маани-маңызын да билбейт, билим да албайт, сөздүк кору да байыбайт, байланыштуу кеби да өнүкпөйт. Ошондуктан, текстти түшүнүү менен окуу, мазмунун кабыл алуу, эсте сактап калуу окуу ишиндеги комплекстүү иш-аракет болуп эсептелет.

Кыргыз тили сабагында окуу аркылуу төмөндөгүдөй иш-аракеттер коштолот:

- жаңы лексиканы өздөштүрөт жана анын маанисин контексттен түшүнөт;
- жаңы өздөштүргөн грамматикалык каражаттардын тексттеги ролун үйрөнөт жана өздөштүрөт;
- мазмунун кайра айтып берүү менен сүйлөө практикасы калыптанат;
- байланыштуу кеби, кеп маданияты өсөт.

Ушул багытта алганда, кыргыз тили сабагында текст окуу иш-аракети тил үйрөнүү практикасын өркүндөтүүгө

салым кошот. Ошондуктан, кыргыз тилинин ар бир сабагында грамматикалык-лексикалык минимумдун чегинде түзүлгөн мазмундуу жана кызыктуу текст пайдаланышы керек.

Дагы бир айта кетер маанилүү сөз - тексттин сабактагы ролуна жараша аны менен иштөөнүн максатына жараша бир канча үлгүдөгү тексттердин топтомун түзүп алуу керек. Мисалы:

- угуу жана түшүнүү үчүн тексттер;
- тил жатыктырып окуу үчүн тексттер;
- жаттап, эсте тутуусун өнүктүрүү үчүн тексттер;
- окуп айтып берүү үчүн тексттер;
- жазуу, сабаттуулугун текшерүү жана бекемдөө үчүн тексттер;
- окуп, андан ары толуктоо жана өркүндөтүү үчүн тексттер ... .

Мындай тексттер, албетте, окуучулардын кыргыз тилин билүү деңгээлин текшерүүчү да , баалоочу да каражаттардан болуп калары бышык.

Эмесе, төмөндө тексттердин колдонулуу максаттарына жараша бир нече тобун сунуш кылабыз.

Жазуу ишмердиги

Жазуу, сүйлөө жана окуу ишмердиктери – бул адамдын сабаттуулугу менен билиминин гана эмес, маданиятынын да негизги бир белгиси, ошону менен ал адамдын жеке турмушунда да, коомдук турмушунда социалдык-маданий чоң мааниси бар маселелер да болуп саналат. Ошону менен ал адам өз турмушундагы кездешкен көйгөйлөрдү чечет жана ишмердигин уюштурат.

Ишмердиктин бул үч түрү ар бири өз алдынча кенен изилдөөлөрдү талап кылат. Андыктан, бул ирет окуучунун жазуу ишмердигинин табияты тууралуу кеп кылалы.

1. Жазуу маданиятындагы ишмердүүлүктөр

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө ишмердиктин бул түрү негизги иштердин бири болуп саналат. Анткени ал угуу, окуу, сүйлөө ишмердигинин негизинде ээ болуучу сабаттуулуктун негизги белгиси, ошону менен бирге, ошолор аркылуу калыптануучу ишмердик. Жазуу ишмердиги, айрыкча, угуу ишмердиги менен тыкыс байланышта ишке ашат. Анткени сабактан тыбышты же сөздү окуучу туура укса, кандай гана тыбыш болобу, аны белгилөөчү тамга болобу, же сөз болобу туура жазат. Ошондуктан, 1-класстан тартып, фонетикалык материалдарды өтүүдө жаңы биринчи күндөн тартып үйрөнгөн тыбыштырды белгилөөчү тамгаларды туура жазып машыгышы шарт.

Мисалы: к, г, ж, ө, ү, ң жана созулма үндүү: аа, оо, уу, үү, ээ, өө тыбыштарын үйрөтүүдө алардын фонематикалык жана графикалык (каллиграфиялык) өзгөчөлүктөрүн балдар туура ажыратып билүүгө тийиш. Балдар, адегенде, уккан тыбышка жараша тамгаларады туура жазып машыккан болсо, эми андан ары сөздөрдү туура угуп жазууга машыгат. Андан ары сүйлөмдү, а андан ары чакан текстерди туура жазууга көнүгүшөт. Ошондон улам, жазуу ишмердиги баланын даярдык баскычтарына ырааттуу ээ деп айтсак болот. Ал баскычтар төмөндөгүлөр:

1) Тамганы туура жазуу (каллиграфия):

- тамганы абада туура жазып машыгуу;
- тамганы көрүп туура жазуу;
- тыбышты туура угуп, алардын артикуляциялык белгилерине жараша тамганы бири-биринен айырмалап туура жазуу;
- баш жана кичине тамгаларды айырмалап жазуу,
- тамганы жумуру (учтуу кылбай) тартып туура жазуу;
- тамганы жантайтып (тик тартпай, чалкалатпай) туура жазуу;
- тамганы баракка катуу баспай, салмак менен жазуу;

- баш тамганы элементи менен, астыңкы жана үстүңкү саптардын аралыктарын мейкиндикте туура тартып жазуу;
- тамганы сапка туура тизип жазуу;
- тамганы сулуу кылып жазуу;

2). Сөздү туура жазуу:

- сөздө тамгалардын «куйруктарын» туура жалгаштырып жазуу;
- баш жана кичине тамгаларды туура улап жазуу;
- сөздө тамгаларды бир кылка жантайтып жана жумуру тартып туура жазуу;
- сөздү туура көчүрүп жазуу;
- сөздү туура угуп, катасыз жазуу;
- сөздү сулуу жазуу;

3). Сүйлөмдү туура жазуу:

- сүйлөмдү көчүрүп катасыз жазуу;
- сүйлөмдү угуп катасыз жазуу;
- сүйлөмдөгү сөздөрдүн аралыктарын туура сактап жазуу;
- сүйлөмдөгү баш жана кичине тамгаларды туура жазуу;
- сүйлөм түзүүдө сөздөрдү эне тилинде туура жазуу;
- сүйлөмдө сөздөрдү маанисине жараша туура колдонуу;
- сүйлөм түзүүдө сөздөрдү логикалык жактан туура орун тартибин сактап жазуу;
- сүйлөмдү сулуу жана таза жазуу.

4) Текст жазуу ишмердиги:

а) текстти сабаттуу жазуу ишмердиги. Бул ишмердик жат жазуу (диктант) иши менен аныкталат. Эми, байкаган адамга «жат жазуу» деген терминдин, т.а. түшүнүктүн өзү ишмердикти элестетип турат, анткени жазууга жатыгуу, жазып жатыгуусуз сабаттуу болууга мүмкүн эмес. Сабаттуулуктун өзү да жазуу ишине ишмердик мамиле кылуу аркылуу калыптанат. Анын жолдору көп, жалпысынан ал: калыптандыруучу жана текшерүүчү жат жазуу болуп эки баскычта жүрөт.

«Жат жазуу» дегенде көпчүлүк кыргыз тилчи мугалимдер чейректик, жылдык текшерүү ишин гана түшүнөт. **Жазууга жатыктыруу, жатыгып жазуу, колду жатыктырып жазуу, колду жазууга көңүктүрүү ишине** - класстагы кыргыз тили сабагындагы ар бир жазуу иши кирет, т.а.:

- китептен көчүрүп жазуу;
- тактадан көчүрүп жазуу;
- укканын жазуу;
- тактага жазуу;
- дептерге жазуу;
- өзүнүн жазганын өзү текшерүү;
- өзүнүн катасын өзү табуу жана оңдоо;
- башканын катасын табуу жана оңдоо;
- сүйлөмдү толуктоо;
- жаңы сүйлөм түзүп жазуу;
- сүйлөмдү өзгөртүп түзүү;
- текстти көчүрүп жазуу;
- текстти өзгөртүп жазуу;
- таяныч сөздөрдөн сүйлөм курап жазуу;
- өз оюнан жаңы сүйлөм ойлоп жазуу;
- жаңы текст жазуу...

Ушунун баары – чейрек ичинде ырааттуу жүрүү менен, чейрек жана жыл аягында текшерүү жат жазуусу менен жыйынтыкталат, т.а., жазуу сабаттуулугунун маданияты текшерилет.

Ушуларды жыйынтыктап жатып, баса айтып кете курган бир сөз: кыргыз тили сабактарында мына ушундай ырааттуу иштер өз убактарында так аткарылбагындыктан, окуучунун гана эмес, чоң адамдардын да фонематикалык кабыл алуусу туура калыптанбай калат да, өмүр бою ошол өксүк анын социалдык-маданий сабатсыздыгына айланат.

б) Текстти кайра түзүү жана өркүндөтүү ишмердиги. Класс жогорулаган сайын бул ишмердикке балдар акырындап даярдала баштоосу керек. Анткени ал иш-аракет уккан текстин мазмунун эсте сактоосу, түшүнүүсү боюнча

баяндама жазуу менен аткарылат. Ошону менен ал аракет кыргыз адабиятында балдар көркөм текстти түшүнүүсүнө, түшүнгөнүн кайра айта билүүсүнө, өз оюн жазуу жүзүндө билдире алууга даярданышат да, бара-бара кайсы бир тема боюнча өз алдынча текст түзүүгө, т.а. дил баян жазууга машыгышат.

Баяндама кептин түрүнө жараша: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү түрүндө, кептин стилине жараша: көркөм, илимий жана публицистикалык стилдер түрүндө да жазылат. Бул ишке үйрөтүүдө мугалим сабактарда окуучуларга ар түрдүү эң эле жеңил тематикада: өзү, үйү, ата-энеси, бир туугандары, бөлмөсү, достору, классташтары, окуган классы, мугалими, кызыгуулары, окуган китеби, ойногон оюну ж.б. тууралуу жазып оюн билдирүүгө, аны оозеки айтып берүүгө, чакан сүйлөмдөрдү пайдалануу менен табияттын көрүнүшүн сүрөттөөгө, болгон окуяны баяндап берүүгө, сүрөт боюнча чакан текст түзүүгө машыктырат. Бул иштер баяндама ишине да ишмердик мамиле жасоонун өзүн туюнтат, анткени баяндама жазуу-балдарды дил баян жазууга даярдоочу чоң илимий-методикалык милдетти аткарат.

Жазуу ишмердиги деңгээлдерде да калыптанат. Адегенде А1 деңгээлинде анын талаптарына, мүнөздөмөсүнө, сүйлөшүү чөйрөлөрүнө, интенцияларга жана дескрипторлорго жараша кыргыз тилинде сүйлөп машыгуудан ары жазып машыгуу ишине өтөт. Анын баары ар бир деңгээлдин сөздүк жана грамматикалык минимумдарынын өлчөмдөрүнө жараша өнүгүп-өсүп, татаалданын отурат. Андан ары А2, В1 деңгээлдеринде класстарга жараша калыптанып жыйынтыкталат.

Деги эле, адамдын жазуу ишмердиги менен сүйлөө ишмердиги бирге жүргөндө гана ал адамдын ишмердиги толук ачылат деп айтууга болот. Андай болсо, окуучу сабактарда жазып берген ишин кайра сүйлөп берүү, же сүйлөп бергендерин кайра жазып берүү сыяктуу көнүктүрүүчү

иш-аракеттер аркылуу бул ишмердикке окуучу калыптанат. Мугалим аны ар бир сабактарында эске алууга тийиш.

Окуучулардын бул багыттагы ишмердиктери да А1, А2, В1 деңгээлдеринде окуучулардын ишмердик аракеттери сыяктуу көпчүлүк учурларда мугалим менен бирге, анын түздөн-түз жетеги менен ишке ашырылат жана барабара өз алдынча, чыгармачылык менен иштөөсүнө багыт берилет (методикалык жактан); ошону менен бирге лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан минимум талаптар коюлат.

Ал эми, А1+, А2+ жана В1+ деңгээлинде окуучулардын ишмердик аракеттери көпчүлүк учурда өз алдынча иштөөсүн уюштуруу мүнөзүндө өтөт жана бара-бара балдардын өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттери уюштурулат. Лексикалык, грамматикалык жана коммуникативдик жактан 25-30 пайыз өлчөмүндө адымдатылган мүнөздө талаптар коюлат.

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ТИНИНИН ФОНЕТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН ҮЙРӨТҮҮДӨ ОКУУЧУЛАР ЭЭ БОЛУУЧУ ФОНЕМАТИКАЛЫК КӨНДҮМДӨР

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептин 1-класстарында, албетте, кыргыз тилиндеги өзгөчө тыбыштар **ө, ү, ң, к, г, ж** жана **аа, оо, уу, өө, үү, ээ** созулма үндүүлөрү менен таанышторууга жана аларга балдардын тилин жатыктырууга жана ал аркылуу алардын фонематикалык көндүмдөрүн калыптандырууга айрыкча көңүл бурулат. Алар боюнча иш жүргүзүүдө усулдук бир катар ыкмаларды колдонуп, ал тыбыштарды туура айтып үйрөнүүнүн зарылдыгы, аларды туура айтуу аркылуу кыргыз тилинде сөз маданиятына ээ кылуу, ошону менен бирге, ал тыбыштар катышкан сөздөрдү айттырып, сөздүк корун байытуу, байланыштуу кебин өстүрүү боюнча көнүгүүлөр жөнүндө айтылат.

Эмесе, ошол ар бир тыбышты туура айтуу компетенциясына көнүктүрүү боюнча жүргүзүлүүчү методикалык иштер боюнча сөз кылалы.

Тема: «К» тамгасы

Активдүү сөздөр: каз, мышык, бычак, кур, кой, козу, короз, кыштак, кыш, кол ... ж.б.

Сүйлөө маданияты: Мугалим балдарга биринчи иретте **к** тамгасынын сүйлөм ичиндеги үндүү тыбыштардын таасири менен сөздөрдө эки түрдүү окулуп жана айтыла тургандыгы жөнүндө түшүндүрүү керек. Атап айтканда, өзүнөн мурда келген үндүү тыбыш – **а, о, у, ы** (жоон үндүү болсо) жана созулма **аа, оо, уу** үндүүлөрү болсо анда **«кы»** болуп айтылат жана окулат. Ал эми өзүнөн мурда келген үндүүлөр ичке **э, и, ү, ө** жана **ээ, үү, өө** созулма үндүүлөрү болсо, **«ки»** болуп айтылат жана окулат.

Мугалим окуу китептеги сүрөттөр менен катар, кошумча көрсөтмө каражаттарды пайдаланып мисал аркылуу буларды далилдеп көрсөтөт. Адегенде **«ки»** болуп айтыла турган **китеп, кит, килем, киши... ж.б.** нерселердин сүрөттөрүн пайдалануу менен алардын аттарын атап айттырып, тилдерин жатыктырат. **«кы»** тыбышына тилдерин жатыктыруу үчүн да буюмдардын, нерселердин сүрөттөрүн, оюнчуктарды кеңири пайдаланса болот.

Байланыштуу кеп: Мында кунт коюп угуп, **«к»** тыбышынын **а, о, у, ы** тыбыштары менен жалганып айтылышына карата берилген сөздөрдү угууга, айырмалоого балдарды үйрөтүү керек.

Тил жактыруу үчүн сюжеттүү сүрөттөрдү карап сүйлөм түзүүгө, же мугалим тарабынан түзүлгөн сүйлөмдөрдүн маанисин түшүнүүгө багыт берет.

Тема: «Г» тамгасы

Активдүү сөздөр: карга, кагаз, тогуз, сайгыч, бугу, кыргыз, сагыз... ж.б.

Кеп маданияты: Мында **г** тамгасы менен таанышторууда да жогорудагыдай иш жүргүзүлөт. Балдарга **«г»** тамгасы менен сөз ичиндеги ичке үндүү тыбыштардын таасиринде **ги** болуп, айтыла тургандыгын ажыратып түшүндүрүү кажет. Ал үчүн **мугалим, газета, сегиз** ж.б. сөздөрдү айтып, алардын сүрөттөрүн пайдаланат. Бул жерде **ги** болуп айтылышы жөнүндө жана **«гы»** тыбышы тууралуу аңгемелешүүгө болот. Угуп, кайталап айттыруу үчүн **гы** тыбышынын **а, о, у, ы** тыбыштары менен айкалышып айтылышын, ага келтирилген сөздөрдү айтып тил жатыктырып, берилген сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзүүгө үйрөтүү керек.

Байланыштуу кеп: Андан ары ишти ырааттуу улантып, мугалим предметтүү жана сюжеттүү сүрөттөрдү пайдаланып сүйлөм түздүрүп балдар менен аңгемелешет.

Мында негизги иш сөз менен иштөө болуп саналат. Сөздөрдүн котормосу менен таанштыруу аркылуу пред-

меттүү жана сюжеттүү сүрөттөрдүн мазмунун түшүндүрүү маанилүү.

Мисалы: «Бул – карга. Ал талга конду» деген сүйлөмдөрдү окуп берип, түшүнүүгө оорчулук келтирген бир сөз – талга дегендеги га мүчөсү жөнүндө кененирээк түшүнүк берүү керек. Тактап айтканда, талга, (на иву) чатырга (на крышу), жыгачка (на дерево), тоого (в гору) дегендей, түрдүү мисалдарды келтирүү менен түшүнүктү бекемдөө зарыл.

Тема: «Y» тыбышы

Активдүү сөздөр: үпүп, көпүрө, үлүл, дүрбү, күрөк, үкү, боз үй, гүл, күз, күрөк.

Кеп маданияты: «Y» тыбышына балдардын тилин жатыктыруу да бир кыйла машакаттуу иш экендиги практикада белгилүү. Ошондуктан, ал тыбышты туура айтууга жардам берүүчү ыкмаларды пайдалануу керек.

Ал үчүн, адегенде **«и»** тыбышын айтып, оозду чормойтуп, эринди алдыга жүткүнткөндө **«ү»** тыбышын айтууга оңой болорун түшүндүрүү кажет. Андан соң жаңы үйрөнө турган активдүү сөздөрдү мугалим окуп берет, балдар укканын кайра туура кайталап айтышат. Мында да **«ү»** тыбышын туура айтуу менен гана ал тыбыш катышкан сөздөрдү туура айта алыша тургандыгын, болбосо – **күн-кун, гүл-гул, түн-тун, үлүл-улул, үпүп-упуп** болуп, сөздүн мааниси жоголорун балдарга түшүндүрүү зарыл.

Байланыштуу кеп: «Y» тыбышын туура айтууга көнүккөндөн кийин ал тыбыш катышкан сөздү, аларды катыштырып сүйлөмдөрдү туура түзүүгө сөздөрдү кураштырып сүйлөөгө көнүктүрүү зарыл.

Ал үчүн предметтүү жана сюжеттүү сүрөттөрдү көңүл коюп карап, андагылардын аттарын, кыймыл-аракеттерин кыргызча туура айтууга окуучуларды машыктыруу пайдалуу.

Тема: «Ө» тамгасы

Активдүү сөздөр: көз, өрдөк, сөйкө, көйнөк, көл, көлөкө, көпөлөк, көз ж.б.

Кеп маданияты: «Ө» тамгасынын айтылышын түшүндүрүү жана ага машыктыруу үчүн анын жасалыш орду, жасалыш ыгы жөнүндө түшүндүрүү пайдалуу. Башкача айтканда, э тыбышын созуп айтып, эриндерди чормойтуп алга жылдырганда **«ө»** тыбышы айтыларын түшүндүрүү, ал ыкманы колдонуп, машыктыруу да ашык болбойт. Андан соң **«ө»** тыбышы катышкан сөздөрдү айттырып, баланын тилин жатыктыруу керек.

Мында эскерте кетчү нерсе: **«ө»** тыбышын так айтып үйрөнүүнүн чоң мааниси бар экендигине балдарды ишендирүү, эгер **«ө»** тыбышы туура айтылбаса, сөздөрдүн мааниси: **өз-оз, көз-коз, сөз-соз, көл-кол** болуп, лексикалык мааниси өзгөрүп башка сөзгө айланып каларын түшүндүрүү зарыл.

Байланыштуу кеп: «Ө» тыбышын катыштырып сөздөрдү туура айтууга, туура сүйлөөгө көнүктүргөндөн кийин сюжеттүү сүрөттөр менен иштеп, аларга ылайык сүйлөмдөрдү түздүрүп, маектешип, сүрөт боюнча сүйлөмдүн маанисин түшүнүүгө, айтылган сөздөрдөн **ө** тыбышын таба билүүгө үйрөтүү, аны туура айтып тилин жатыктыруу башкы максат.

Тема: «Ң» тамгасы

Активдүү сөздөр: жаңгак, бадыраң, жең, жаңы, чоң эне, чоң ата, ж.б.

Кеп маданияты: «ң» тамгасы **«ң»** тыбышын бере турганын билдирүү менен, ал тыбыштын айтылыш ыгын, жасалыш ордун балдарга үйрөтүп, көнүктүрүү мугалим үчүн машакаттуу иш. Ал үчүн: мурдуңар менен дем алып жатып, анан үнүңөрдү чыгарып көргүлөчү, ошондо даана эмес, күңүрт дабыш чыгат. Ал тыбыш **«ң»** тыбышы болуп саналат деп айтуу да жетиштүү. Тактап айтканда, балдарга тилдин

ортосу таңдайга тийип айтылганда мурунчул (носовой) **«ң»** тамгасы пайда болорун түшүндүрүү кажет.

Андан соң **«ң»** тыбышы катышып айтылган бир нече активдүү сөздөрдү туура айтып уктуруп, аны кайталатып туура айттыруу, сөздөрдө, сүйлөмдөрдө айттырып тил жатыктыруу иши улантылат.

Бул убакытта да **«ң»** тыбышы туура айтылбаса сөздүн мааниси башка мааниге өтүп кетерин, ал тыбышты сөзсүз туура айтуу зарыл экендигин балдарга сөз үлгүлөрү аркылуу түшүндүрүү башкы нерсе.

Мисалы: **оң (правый) – он (десять)**
өң (лица) – өн (расти)
жаңы (новый) – жаны (его душа)

Байланыштуу кеп: Жогоруда берилген тыбыштарды туура айтып, сөз ичинде туура колдонууда кандай иш иштеле турган болсо, мында да ошол сыяктуу иш улантылат.

Предметтүү, сюжеттүү сүрөттөрдүн мазмунуна ылайык сөздөрдү, сүйлөмдөрдү, маектерди мугалим балдарга түшүндүрөт, катышкан сөз жана сөз айкаштарынын үлгүлөрү менен тааныштырат.

Тема: «Ж» тамгасы

Активдүү сөздөр: жака, жол, жөжө, жүзүм, жылдыз, жумуртка, жаз, жай, жок ж.б.

Кеп маданияты: Бул тыбышты туура айтып үйрөтүүдөн мурда, мугалим **«ж»** тыбышы катышкан **журнал, дежурный, жакшы** деген сөздөрдү, **Жамал, Жаанбек** деген сыяктуу адам аттарын туура айттырып, алардын айтылышында орус тилинен кирген сөздөрдүн бири-биринен кандай айырмалана тургандыгын түшүндүрөт. Андан соң гана **ж** деген тамга эки түрдүүчө, т.а. – **ж** жана **«дж»** болуп айтыла тургандыгын далилдеп көрсөтүү туура болот. Анан **«ж»** тыбышынын **а, о, у, ы, э, и, ө, ү** тыбыштары менен айкалышып айтыларын түшүндүрүп, андагы алардын

тажрыйбасын балдардын тилин жатыктыруу, ж тамгасы катышкан сөздөрдү айттырууга, сүйлөмдөрдү түзүүдө пайдалануга болот.

Мисалы: **джакшы эмес – жакшы,**
джаман эмес – жаман, джең эмес – жең,
джол эмес – жол ... ж.б.

Байланыштуу кеп: «ж» тыбышын өз алдынча эле айтып үйрөнүп, тил жатыктыруунун анча натыйжасы жок, аны сөз ичинде туура айтып гана сүйлөөдө активдүү колдонууга жетишүү зарыл. Ал үчүн предметтүү жана сюжеттүү сүрөттөрдү көңүл коюп карап, андагы заттардын атын, кыймыл-аракетин туура атап сүйлөм түздүрүү, көмөктөшүү, балдар менен жекече жана жалпы иштерди уюштуруу максатка ылайык келет.

Сүрөт: жыгылып кеткен кызга бала жардам берип, колунан тартып тургузуп жатат.

Мисалы: **Жаркын жыгылды, Жакин жардам берди.** Сүйлөмдөрдү окуп берип, ж тыбышын сөздүн арасынан таптырып, туура айтууга үйрөтүү менен, баланын кыймыл-аракетинен эле алардын аттарын туура ататуу аркылуу сүйлөмдүн маанисин түшүндүрсө болот.

Тема: Созулма «оо» тыбышы

Активдүү сөздөр: жоолук, музоо, тоок, жоогазын, ооз, кооз, короо, жайлоо, боо.

Кеп маданияты: «оо» тыбышынын жасалышын үйрөтүүдө жана ага тил жатыктырууда аа тыбышы боюнча иштегендей эле иштелет, т.а.

1. Эки **«о»** тыбышы катар келип, үзгүлтүксүз созулуп айтылат;

2. Созулма **«оо»** тыбышы сөздүн маанисин ажыратуучу касиетке ээ экендигин түшүндүрүлөт.

Байланыштуу кеп: Сюжеттүү же предметтик сүрөттөр менен тааныштыргандан кийин, алардын аттарын туура

атап, алардын аттарын пайдаланып сөз айкаштарын түзүү же андан соң балдар өз алдынча сүйлөшүүнү жүргүзсө болот.

Мисалы: – **Бул эмне?**
– **Бул тоок.**
– **Тоок кандай?**
– **Тоок ак (же кара) ж.б.**

Жаңылмачтарды да айтып, тил жатыктырса болот:

Оюнсаак Омар
Ойлонсо оңоор.
Обу жок оюнун
Ойлонбой коёр.

Тема: Созулма «аа» тыбышы

Активдүү сөздөр: жаа, каалга, жылаан, араа, аары, бет аарчы, жаан, шаар... **ж.б.**

Кеп маданияты: Созулма аа тыбышы эки кыска а тыбышынан турарын, ал эки тыбыш катар келип, үзгүлтүксүз созулуп айтылганда жасаларын түшүндүрүү биринчи максат. Ошону менен бирге, созулма аа тыбышын туура айтпаса сөздүн мааниси өзгөрүп кетерин да, ага тил жатыктыруу зарыл экендигин да түшүндүрүү, алар катышкан сөздөрдү айттырып машыктыруу керек.

Байланыштуу кеп: Созулма **«аа»** тыбышынын сөз ажыратуучу касиетине карата **ш, ж, р, б, т, к, л** жана башка тыбыштары менен айкалышта келип, түрдүү сөз жасаларын, ал сөздөрдүн жардамы менен сөз айкаштары жана түрдүү сүйлөмдөр куруларын түшүндүрүп, аларды мисалдар менен бекемдөө зарыл. Мында балдар мугалимдин жардамы менен сюжеттүү сүрөттөргө карата сүйлөмдөрдү, маектерди түзүшөт, бат айтмаларды, ырларды жатташат, сүйлөмдөрдүн үлгүлөрү менен таанышышат. Аларга карап өз алдыларынча сөздөрдү табууга, сүйлөм түзүүгө, түшүнүктөрүн бекемдөөгө көнүгүшөт.

Мисалы: Сүбир кыз бир баладан убакыт канча болуп жатканын сурап жатат, а берки бала ага жооп берип жатат – дейли.

– Жаныбек саатың канча болду?

– Саатым 10 болду.

– Ыракмат, Жаныбек.

Мында убакытты сурап билүү кыргыз тилинде ушундайча айтыла тургандыгын белгилөө зарыл. Өтүнүчүн канааттандырган адамга карата «ыракмат» деп сылык жооп кайтаруу керектигин айтуу да ашыктык кылбайт. Эгерде бала суроо-жооп берүүдө кыйналса, мугалим башка балдарды жардамга чакырат, өзү да көмөк көрсөтөт.

Тема: Созулма «ээ» тыбышы

Активдүү сөздөр: ээр, тээк, бээ, кечээ, Жээнбек ж.б.

Кеп маданияты: Мындагы **«Ээ»** тыбышын туура айтууга үйрөтүү **аа, оо, уу** тыбыштары сыяктуу эле анча кыйынга турбайт. Бирок негизги көнүгүү – **«ээ»** тыбышын созуп айтууну балдар унутпашы керек жана аны туура айтпаган учурда сөз мааниси бузуларын түшүндүрүүгө тийиш.

Мисалы: **ээр (седло) – эр (герой)**
ээк (подбородок) – эк (сажай)
жээк (берег) – жэк, жэк көрүү (ненавидеть)

Байланыштуу кеп: Адатта жаңы үйрөнгөн активдүү сөздөрдү өздөштүрүп, тил жатыктырып, аны эсте тутууда маектерди түзүүнүн ролу чоң. Ошого ылайык төмөнкүлөрдөй маек үлгүлөрү үлгү катары берилет. Биринчи маекте ээр деген жаңы сөз жана Жээнбек деген адам аты берилген. (Чапты деген сөздүн котормосу өз алдынча түшүндүрүлөт). Бул жерде чапты деген сөз жасады деген мааниде айтылат.

Бул маектердеги **ээр** деген сөздү **тээк** деген сөз менен жана чапты деген сөздү жасады деген сөз менен алмаштырып көрөлүчү. Анда төмөндөгүдөй маек келип чыгар эле:

– Тээкти ким жасады?

– Тээкти Жээнбек жасады.

Мында да сүрөттөгү кыймыл-аракеттерди кыргыз тилинде түшүндүрүү, тилдерин жатыктыруу, өз алдынча жана жалпы иштөө аркылуу иш жүргүзүү керек. Эгерде бала айтылган сөздү, ойду түшүнө албаса мугалим орус тилинде тапшырманы түшүндүрсө болот. Башка маектер боюнча да ушундай багытта иш жүргүзүлөт.

Тема: Созулма «үү» тыбышы

Активдүү сөздөр: түрдүү, көңүлдүү, бөлүү, элүү, гүлдүү, түстүү.

Кеп маданияты: Башка созулма үндүү тыбыштарга караганда созулма үү тыбышы менен таанышпыруу, аны туура айтууга көнүктүрүү бир кыйла татаал. Анткени балдардын күндөлүк кебинде кеңири колдонулган созулма үү тыбышы катышкан сөздөр аз. Айрым гана, атап айтканда **бөлүү, элүү** деген сөздөрдөн башка, көңүлдүү, **түрдүү, күү, жүндүү, сүттүү, эттүү** деген сөздөр бар. Буларды үйрөтүүнүн кыйынчылыгы – ал тыбыштар катышкан сөздөр предметтүү жана элестүү эмес, б.а. колго кармап көрүүгө мүмкүн боло турган буюмдар эмес. Ошондуктан мугалим мындай кыйынчылыкты жеңип, ырларды, жаңылмачтарды, табышмактарды ж.б. колдонуп, бул тыбышты туура айтууга машыктыруусу керек. Мында **үү** тыбышын туура айтуунун зарыл экендигин, эгер туура айтылбаса, мында да сөздүн маниси бузуларын түшүндүрүү көңүлдүн борборунда болуусу кажет.

Мисалы: **Болуу эмес – бөлүү,**
Жундуу эмес – жүндүү,
Куу эмес – күү
Суттуу эмес – сүттүү ... ж.б.

Байланыштуу кеп: Мында да мугалим тил жатыктыруучу машыгууларды чыгармачылык менен түрдүү формада өткөрүлчү фонетикалык оюндарды, активдүү сөздөрдү, алар

катышкан сүйлөмдөрдү пайдаланып, сүрөткө же турмуштук түрдүү көрүнүштөргө ылайык маек үлгүлөрүн же чакан текст түзүүгө багыт алса болот.

Мисалы: – Бул кандай чайнек? – деген суроо берилсе,

– Гүлдүү чайнек - деп жооп берилет.

Эмне үчүн? Себеби чайнек – гүлдүү. Тактап айтканда, чайнектин боорунда гүл тартылып турат. Ошондуктан ал гүлдүү деп айтылат - деп, анын функционалдык кызматын түшүндүрсө, ал тургай гүлдүү эмес чайнектин сүрөтүн да көрсөтүп салыштырып түшүндүрсө да ыңгайлуу болот.

Тема: Созулма «өө» тыбышы

Активдүү сөздөр: өгөө, сөөмөй, сөөлжан, төө, жөөк, төөлөр, өрөөн ж.б.

Кеп маданияты: Мугалим созулма өө тыбышынын өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгү менен балдарды таанышпырган соң үнсүз тыбыштар менен айкалышып айтылыштарына балдардын тилдерин жатыктыруу ишин ырааттуу жүргүзүүсү тийиш.

Байланыштуу кеп: Деги эле, мында ар бир сюжеттүү сүрөттөр менен иштөөдө мугалимдин ролу жана милдети чоң.

Мисалы:

– Өмүрбек эмне кылды?

– Өмүрбек сөөмөйүн кесип алды-деген маектеги кесип алды деген сөз айкашын түшүнүктүү бериш үчүн ошондой кырдаалды чагылдырган сүрөт таап, элестүү түшүндүрсө жакшы болмок.

Ал эми, Асан ат минип келатат. Үсөн жөө келатат – деген сүйлөмдөрдү да алардын кыймыл-аракетин сюжеттүү сүрөттөө менен түшүндүрүү аркылуу ынандырууга болот.

Тема: Созулма «уу» тыбышы

Активдүү сөздөр: Ак куу, туу, суур, буу, буудай, таттуу, ачуу ж.б.

Кеп маданияты: Мугалим мурунку сабактарда **аа, оо** созулма үндүүлөрдү түшүндүрүүдөгү ыкма менен эми **«уу»** тыбышынын жасалышын жана сөз ажыратуучу касиетин да туура түшүндүрөт. **«УУ»** тыбышы катышкан сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү айттырып машыктырат, тилдерин жатыктырат.

Байланыштуу кеп: «уу» тыбышынын үнсүз тыбыштар менен айкалышып айтылышын түшүндүрүүдөн – ал сөздөрдү кепте пайдаланып сүйлөөгө көнүктүрүүгө өтүү маанилүү жумуш.

Мисалы:

– Туз кандай?

– Туз ...

Мында балдар көп чекиттин ордуна, таяныч сөздөрдөгү «ачуу» деген сөздү коюп, Туз ачуу – деп сүйлөмдү толуктай алышат. Ошондой эле: – Кант кандай? деген суроого да ой жүгүртүп, таяныч сөздөрдү пайдаланып, өзүнө ылайык жооптуу туура айтышат.

Албетте, бул айтылган методикалык сунуштар орус мектептеринин 1-класстарында Кыргыз тили сабагында окуучулардын кыргыз тыбыштарына тил жатыктырып айтууга, ал аркылуу окуучуларды кеп маданиятына көнүктүрүү аркылуу, алардын фонетикалык материалдар боюнча теориялык жана практикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда белгилүү ролду ойноору талашсыз.

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ТИЛИН БИЛҮҮ ДЕҢГЭЭЛИН ТЕСТ АРКЫЛУУ ТЕКШЕРҮҮ ЖАНА БААЛОО

Деги, педагогика илимине жана практикасына тест качан, кантип кирген? Чындыгында, адегенде тестти (тест *англис тилинен* алып кыргызчалаганда байкоо, сыноо, текшерүү, изилдөө деген маанини билдирет) англиялык психологдор адамдын психологиялык абалын текшерүү, аны тактоо, анын адамдын турмушуна тийгизер таасирин изилдөө, анын жыйынтыктарын салыштыруу аркылуу практикада колдонушкан экен.

Тест менен иштөөнү педагогика тармагында адегенде 1864-жылы ошол эле англиялык окумуштуу Дж.Ф. Гринвич мектеп окуучуларынын билимин текшерүүдө колдонгон. Андан соң трестти америкалык психолог-педагог С. Пресси киргизген. С. Пресси тесттик тапшырмаларды колдонуу менен окуу жылынын аягында окуучулардын билиминин жыйынтыгын текшерип баалоону практикалаган.

1990-жылдарга чейин бир катар окумуштуулар И.Рапопорт, Р. Сельг, И. Соттер «Орто мектепте чет тилин окутууда колдонулуучу тесттер» деген методикалык эмгегинде тесттин методикалык кызматын көп жактуу баалоо менен, тесттин 8 түрүн сунуш кылышкан. Анда, негизинен, окуучулардын теориялык маалыматтуулугун текшерүүгө айрыкча маани беришкен.

Ал эми Кыргызстанда тест түзүү жана окуучулардын теориялык билимин, машыгууларын, көндүмдөрүн текшерүү максатында ар бир бөлүмүн камтуу менен, 1993-жылы башталган. Кыргыз тилин кыргыз мектептеринде окутууну текшерүү максатын көздөгөн мындай тесттер кийин китепче болуп жарыяланып, азыркы учурга чейин колдонулуп келет.

Дегинкиси, лингводидактикада тест эки багыттагы максатына жараша тилдик тесттер жана речтик тесттер болуп эки топто бөлүнүп келет. Мында «тилдик тесттер» окуучулардын лингвистикалык билимин, маалыматтуулугун, аларды эсте тутуусун текшерүүгө басым жасаса, ал эми «речтик тесттер» окуучунун кеп ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүнө жараша түзүлүү менен, үйрөнгөнүн кебинде кантип колдоно аларлык практикалык көндүмдөрүн текшерүүнү көңүлгө алат.

Кандай болгондо да, тесттик тапшырмалар жыл санап теориялык-практикалык жактан өсүп-өнүгүү жолунда келатат. Анын «педагогикалык өлчөө каражаты» катары каралып, А. Аванесов (Россия) жана С.Калдыбаев (Кыргызстан) бир катар изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. Алардын эмгектеринде тапшырмаларынын татаалдык деңгээлдерине жараша айрыкча үч деңгээлде болуусу окуучулардын предметти өздөштүрүү деңгээлдерине жараша жиктеп (дифференцирлеп) мамиле жасоо да эске алынган.

Мына ушул жерден окутуудагы деңгээлдик технология жиктеп (дифференцирлеп) окутуу менен маанилеш, түпкү максаты бирдей педагогикалык категория экендиги талашсыздыгы эске түшпөй койбойт. Бирок, бул экөөнүн жүзөгө ашыруу технологиясы эки башка категория катары таанылып келет. Анткени жиктеп (дифференцирлеп) окутуу технологиясынын негизги көңүлү «баланын билим, өздөштүрүү, кабыл алуу, иштөө жөндөмдүүлүктөрүнүн деңгээлдерине жараша төмөн, орто жана жакшы өздөштүргөн окуучу деп бөлүштүрүп, ишти ошого жараша уюштуруу» (И.Б. Бекбоев) болсо, деңгээлдик технология окуучуларга сунуш кылынган тапшырмалардын жөнөкөй жана татаалдык деңгээлине, алардын мазмунуна жараша бөлүштүрүү ишке ашырылат. Бирок да, экөөнүн тең түпкү максаты баланын мүмкүнчүлүгүн тандоо, мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүү жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша билимин баалоо, текшерүү катары, түпкү максаты бирдей көрүнөт. Ошондуктан, бул эки технологияны бирдиктүү, өз ара байла-

ныштагы бир система катары карап, бир максатка багыттап иштесе, балким, биздин оюбузча, түпкү натыйжага жетүүгө жакшы багыттын ачкычы болуп берүүсү шексиз.

Деңгээлдик негизде тил үйрөтүүнүн эл аралык тажрыйбасында бир катар тажрыйба топтолгону белгилүү. Аларга таянып кыргыз тилин экинчи тил катары деңгээлдик негизде үйрөтүү маселесине кайрылсак, анда анын мүнөзү мындайча болуп чыга келет:

- биринчиден, бардык окуучулар үчүн кыргыз тилин үйрөтүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарынын, программалык материалдарды өздөштүрүүдөгү компетенциялардын минималдуу өлчөмүнө ээ болуучу бирдей базалык деңгээлдин сакталышы;

- экинчиден, окуучулардын кыргыз тилинде угуп түшүнүү, окуу, сүйлөө жана сабаттуу жаза билүү деңгээлине карап тайпаларга бөлүү;

- үчүнчүдөн, окуучунун акыл эмгегинин, өздөштүрүү деңгээлинин өсүү-өнүгүү, адымдоо мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жиктөө;

- төртүнчүдөн, ар бир окуучу деңгээлдеп окутуу процессинде өз деңгээлин акыл-эстүү түрдө аныктоого багыт берүү;

- бешинчиден, ар бир окуучунун тил үйрөнүү, өздөштүрүү, окуу, жазуу ж.б. ишмердүүлүктөрү минималдуу, стандарттуу деңгээлден төмөн болбоосун байкоо жана аны камсыз кылуу.

Демек, кыргыз тилин үйрөтүүдө деңгээлдеп-жиктеп (дифференциялап) иштөөнүн мына ушул мүнөзүн карманууга тийишпиз.

Бирок иш ушуну менен бүтпөйт. Алдыда, албетте, аталган деңгээлдеринин ар биринин талаптарын аныктоо, ага жараша иштөө жолдорун жана окуучулардын компетенцияларын баалоо технологияларын иштеп чыгуу турат.

Тесттин типтери, алардын мүнөздөмөлөрү төмөндөгүдөй болуусу ыктымал.

Угуп түшүнүү тести

Угуп түшүнүү тести - окуучулардын оозеки маалымдоону же мугалимдин окуп берүүсүндөгү уккан текстин мазмунун түшүнө билүү абалын, деңгээлин, далилдерди эстеп калуусун, текстин окуясын кайра айтып бере алуусун текшерүү максатын көздөйт. Мында текшерүү гана ишаракети аткарылбайт, аны менен бирге укканын түшүнүп жана эсте тутуп калуусун бекемдөөчү да милдетти бирге аткармакчы. Албетте, тесттин мындай түрү практикада мугалимдер тарабынан дээрлик колдонулбай келгени маалым, ошондуктан, аны жүргүзүү жолдору да мугалимге белгисиз. Ошондуктан, эмгектин кийинки параграфтарында кеп ишмердүүлүгүнүн ар бир түрү боюнча жүргүзүлүүчү тесттердин ар бири тууралуу кенен маалымат менен бирге, андай тесттер менен иштөөнүн ыкмалары да кеңири көрсөтүлөт.

Окуп түшүнүү тести

Окуп түшүнүү тести - тесттин бул түрүн да мугалимдер практикада көп колдонбойт, ошентсе да, текст боюнча иш жүргүзүүдө сынчыл ойлом стратегиясынын окуу жана түшүнүү ыкмасы мугалимдерге белгилүү; анда текстин мазмунун, темасын, негизги идеяны, тарбиялык маңызын талдап үйрөнүү, ал идеяларды берүүдөгү айрым сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн, ал тургай эпизоддордун, абзацтардын ролу, жалпы мазмунду берүүдөгү орду, мааниси комплекстүү талданып-түшүндүрүлөт; тесттин мындай окуп-түшүнүү түрүндө дал ошол көйгөйлөрдү окуучулар кандай өздөштүрдү, сөздүн, сүйлөмдүн текстин жалпы маанисин ачуудагы аткарган кызматын талдап түшүндүрүүсүн текшерүү жана ал көндүмдөрүнүн калыптануусун көздөгөнү менен маанилүү; тесттин бул түрү менен иштөөнүн методикалык жол-жоболору тууралуу да кийинки параграфта атайын сөз кылабыз.

Сүйлөө (сүйлөшүү) тести

Сүйлөө (сүйлөшүү) тести - тесттин бул түрү мугалимге да, окуучуларга да баштадан белгилүү десек жаңылышпайбыз; анткени түздөн-түз ушундай аталыштагы тесттер менен иш алып барылбаса да, диалогдор менен иштөө, диалогдорду түзүү же толуктоо (же суроосун, же жообун, же таяныч сөздөр менен) мүнөзүндө иштер аткарылып келет; андай болсо тесттин бул сүйлөшүү түрү окуучуга жеңил десек болот; демек бул тест менен окуучулардын кайсы бир кырдаалга жараша сүйлөшө билүүсүн, оюн айта алуусун, пикирин түшүндүрө алуусун текшерет жана андай көндүмдөрүн калыптандырат.

Жазуу тести

Жазуу тести - бул тест баштадан окуучулар менен мугалимдерге тааныш; окуучулардын теориялык билими менен айрым практикалык машыгууларын текшерүүдө мектеп практикасында кеңири колдонулуп келатат; бир гана нерсе - мындан ары бул тестти түзүүдө деңгээлдик мамиле жасоо, окуучулардын өздөштүрүү деңгээлдерине жараша түрдүү деңгээлдеги тесттерди түзүү милдети турат,

Которуу тести

Которуу тести - бул тестти дагы мугалимдер практикада колдонуп жүрүшөт, анда кыргызча сөздүн орусча котормосун же орусча сөздүн кыргызчасын туура табуу максатын көздөө менен, эске тутуусун текшерүү да, аны бекемдөө да максаты көздөлөт.

Алдыдагы милдет - тесттин бул түрлөрүнүн ар бирин деңгээлдерге ылайык түзүү милдети турат.

Окуу тесттерин түзүүнүн логикалык-деңгээлдик ыкмасы

1. Маалыматтык деңгээл: Мында, көпчүлүк учурда мугалимдер окуучуларга өтүлгөн тема боюнча маалымат берүү, маалыматтарды жаттоо, кайра аларды кайталатып суроо, текшерүү мүнөзүндө гана иш жүрөт. Окуучулар өтүлгөн темадагы фактыларды жаттап эсте тутуу менен гана чектелишет.

2. Колдонуу деңгээли: Мында мугалим сабакта өтүлгөндөрдүн маанисин түшүндүрүп, аны практикада колдонуп сүйлөп, жазууга багыт берет. Окутуунун практикалык багыты жүзөгө ашырылат. Окуучулар үйрөнгөнүн чыгармачыл өздөштүрүүгө жол алат.

3. Көйгөйлүү жагдайларды чечүү деңгээли: Мында окуучу мугалимдин көйгөйлүү суроолоруна жараша иш аткармакчы. Ал үчүн окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү үчүн атайын тапшырмалар берилет.

4. Чыгармачыл деңгээл: Мугалим өтүлгөн сабакта айтылган ойлорунун себеп - натыйжалаш табиятын ачып түшүндүрөт. Окуучу аларды сынчыл көз карашта кабыл алуу менен көйгөй жаратып, кайра аны чечип түшүндүрөт. Окуучунун чыгармачылык менен өздөштүрүүсүнө багыт берет, чыгармачыл ишин уюштурушат.

Тесттик тапшырмалардын сүйлөшүү милдеттерине жараша тематикалары

Албетте, тесттик тапшырмалар окуучулар сүйлөшө турган текстердин багыттары менен интенциянын багыттарына шайкеш келсе, максатка ылайык келет. Ошондуктан, ал тесттер мындай багыттардагы окуучулардын кепке жатыгууларына карап түзүлүүсү керек:

1. Учурашуу тести;
2. Таанышуу тести;
3. Нерсенин эмне экенин билүү;

4. Нерсенин турган ордун сурап билүү;

5. Бирөөнүн эмне кылып жатканын сурап билүү тести;

6. Кимдин кайда, эмне кылып жатканын сурап билүү;

7. Нерсенин кайда жана эмне кылып жатканын сурап билүү;

8. Досунун үйү кайда экенин сурап билүү;

9. Досунун кайда окуй турганын сурап билүү;

10. Бирөөнүн кайда бара жатканын сурап билүү;

11. Бирөөнүн кайдан келе жатканын сурап билүү тести;

12. Бирөөнүн кайдан келгенин сурап билүү;

13. Бирөөнүн кайда бара жатканын сурап билүү;

14. Бирөөнүн кайдан келе жатканын сурап билүү тести;

15. Заттын кайдан келгенин сурап билүү;

16. Бирөөнүн жашы канчада экенин сурап билүү;

17. Убакытты сурап билүү;

18. Бирөөнүн качан эмне кыларын сурап билүү;

19. Нерсенин кандай экенин сурап билүү;

20. Нерсенин канча экенин сурап билүү;

21. Нерсенин кимдики экендигин сурап билүү;

22. Кимдин эмне менен иш аткарып жатканын сурап билүү тести;

23. Кимдин ким менен бирге иш аткарып жатканын сурап билүү;

24. Дем алышта эмне иш аткарарын сурап билүү;

25. Бош убакытты кандай өткөрөрүн сурап билүү;

26. Каникулду кандай өткөрөрүн сурап билүү;

27. Эмне тамак ичерин айтуу тести;

28. Окуган китеби тууралуу айтуу тести;

29. Көргөн киносу тууралуу айтуу тести;

30. Ата-энеси тууралуу айтуу тести;

31. Кайсы сабак жагары тууралуу пикир алышуу тести;

32. Кайсы ийримге барары тууралуу пикир алышуу тести;

33. Спорттун кайсы түрүнө кызыгары тууралуу пикир алышуу тести;

34. Майрамы менен куттуктоо тести;

35. Туулган күнү менен куттуктоо тести;

36. Ден соолугун сурап-билүү тести;

37. Үйдө кандай гүл өстүрөрү тууралуу сурап-билүү тести.

38. Бирөөгө буюруу иретинде кайрылуу тести;

39. Бирөөгө өтүнүү иретинде кайрылуу тести;

40. Бирөөдөн кечирим суроо тести;

41. Сылык кайрылуу тести;

42. Бирөөгө макул экенин билдирүү тести;

43. Бирөөгө каршы экенин билдирүү тести.

Окуучулардын тил үйрөнүүсүн текшерүү жана баалоо каражаттары

Окуучулардын кыргыз тилин үйрөнүү деңгээлин ар кандай каражаттар менен текшерип жана баалоого болот. Алар окуучунун кыргыз тилине тил жатыктыруусун, анын фонетикалык табиятын, лексикалык каражаттарды билүүсү, текстти түшүнүп, диалогго катыша алуусун, сабаттуу жаза алуусун ж.б. ой жүгүртүү мүмкүнчүлүктөрүн текшерүү жана алардагы ийгиликтерин баалоого мугалимге жардам берүүсү тийиш да, ар убакта мугалимдин портфолиосунда болууга тийиш.

Мисалга алсак, ал каражаттар төмөндөгүлөр болуусу ыктымал:

Кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө жараша көркөм тексттер:

- угуп түшүнүү,
- окуп тил жатыктыруу,
- айтып берүү,
- жаттоо;
- жазуу ишмердигин текшерүү үчүн.

ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

ДИДАКТИКАЛЫК ОЮНДАР АРКЫЛУУ КЕП ӨСТҮРҮҮ

Башталгыч орус класстарында кыргыз тилин үйрөтүүдө башкы маселе окуучудагы кыргызча сөзүн өстүрүү, тил маданиятын калыптандыруу экендиги талашсыз. Ал үчүн кыймылдуу, дикактикалык оюнду ырааттуу жүргүзүүнүн маниси өтө зор. Анткени бул класста оюн сабактарын жүргүзүү алардын курактык өзгөчөлүктөрүнө да ылайык келет. Ошентсе да, мындай оюндар өтүлө турган темага ылайык, максаттуу жүргүзүлгөндө гана натыйжа берери шексиз. Оюндар өз алдына айкын максатты жана бир нече милдеттердин комплексин чечүүнү коёт. Атап айтканда, оюн жүргүзүү менен балдардын кыргызча кебин калыптандыруу жана сабактын практикалык баалуулугун өстүрүү максатын койсо, фонетикалык, лексикалык, грамматикалык сабаттуулугун арттыруу сыяктуу милдеттер аны коштоп жүрмөкчү. Ошондуктан дидактикалык оюндар максатына жана милдеттерине жараша бир нече типке бөлүнөт. Мисалы:

1. тил жатыктыруучу маданиятына;
2. лексикалык байлыгын өстүрүүчү;
3. кебин (монологдук, диалогдук) өстүрүүчү кыймылдуу оюндар;
4. грамматикалык көндүмдөрүн калыптандыруучу.

Булардын ар бири өз алдына коюлган милдеттерди чечүүгө карата түрлөрү, дидактикалык максат-милдеттери, пайдаланылуучу жабдуулары жана жүргүзүү жолдору сыяктуу мүнөздүү белгилерге ээ.

Мугалим оюндардын түрүн, типтерин белгилөөдө, аларды жүргүзүү сценарийин түзгөндө жогоруда белгиленген пункттарды сөзсүз эске алуусу кажет.

Ири алдыда мындай көйгөйлүү (проблемалуу) суроолорду чечип алуу керек:

1) Оюнду эмне максатта колдонобуз?

2) Бир сабакта канча оюнду жүргүзсө болот?

3) Оюнду сабактын кайсы этабында колдонуу пайдалуу?

4) Оюнду сабактын мазмуну менен кантип байланыштыруу керек?

5) Оюндун узактыгы канча болот?

6) Оюнду уюштуруу жана ага жетекчилик кылуу кантип ишке ашат?

Оюнду уюштурууда жана ага жетекчилик кылууда мугалимдин ролу чоң. Мындагы анын ролу жөн гана мугалим экендиги үчүн эмес, ал тарабынан оюндун сабактагы орду, убактысы так ойлонулгандыгы, максаты так аныкталгандыгы, илимий-усулдук жактан туура уюштурулгандыгы болуп саналат.

Мугалим оюн учурунда керектелүүчү лексикалык каражаттарды туура пайдалануну, грамматикалык формаларды орундуу колдонууну, суроо коюуну, сүйлөө мимикаларын, кеп адебин ж.б. маселелерди адегенде өзү катышуу менен чечип, үлгү көрсөтүүсү кажет.

Оюндар, негизинен, эки түрдө болору белгилүү: ролдук оюндар жана кырдаалдык оюндар

Ролдук оюндар, аларды жүргүзүү

Ролдук оюндар даярдоочу, машыктыруучу оюндар катары мүнөздөлөт.

Оюндун аталышы: **Дүкөндө.**

Грамматикалык тема: Канча?

Дидактикалык максаты: Окуучулардын бири дүкөнчү, калганы-сатып алуучулар болуп, сатып алган буюмдардын бааларын айтууга машыгуу аркылуу кыргызча сандарды айта билүү жана санай билүүгө, буюмдардын баасын кыргызча туура айта билүү аркылуу кеп ишкердүүлүгүнө машыктыруу.

Керектүү каражаттар: китеп, дептер, калем, сызгыч, оюнчук ж.б.

Оюндун жүрүшү: Бир бала дүкөнчү, төрт-беш окуучу сатып алуучу болот. Балдар дүкөнчүгө келет да, турган буюмдарын сатып алышат. Сатуучу алардын бааларын айтып, эсептейт... Сатып алгандар дүкөнчүгө ыракмат айтып кетишет.

Дагы бир оюнду мисалга тарталы:

Оюндун аталышы: **Ким кайда барат?**

Грамматикалык тема: Кайда? Каякка?

Дидактикалык максаты: Кайда? Каякка? деген суроолорго ылайык балдардын бири автобустун айдоочусу, калганы-жүргүнчү болуп ролдук оюн жүргүзүп, алар бара турган багыттын кыргызча атын туура, так айта билүүгө машыктыруу.

Керектүү каражаттар: Автобус, троллейбус, такси, самолет ж.б. макеттери.

Оюндун жүрүшү: Балдар шаардык автобуста же троллейбуста бара жатышкан болот. Окуучулардын ар бири ар башка жакка, ар башка көчөгө барышары белгилүү. Бири сурап, экинчиси жооп беришип, маек түзүшөт.

Мисалы: – Асел, сен кайда барасың?

– Мен «Ала-Тоого» барам.

– Акмат, сен кайда барасың?

– Мен «Асанбайга» барам... ж.б.

Кырдаалдык оюндар

Кырдаалдык оюндар окуучуларды ойлонууга чакырган проблемалуулугу менен айырмаланат. Мисалы:

Оюндун аталышы: Таанышуу.

Грамматикалык тема: Суроолуу сүйлөм.

Дидактикалык максаты: Кыргызча суроо кыраатын так коюп, тааныша билүүгө кыргызча тил маданиятына машыктыруу;

Оюндун жүрүшү: бир окуучу класстан чыгат да, калганы калып, класска кирет. Ал жаңы келген бала катары эсептелинет да, класста отурган балдардан анын алдынан тосуп чыгып адегенде бирөө анын атын сурайт, дагы бирөө атасынын атын ж.б. сурап, класста таанышуу кырдаалы боюнча маек түзүү ишке ашырылат.

Мисалы:

– Атың ким?

– Менин атым – Алмаз.

– А менин атым – Кадыр.

– Сенин фамилияң ким?

– Менин фамилиям Асанов.

– Менин фамилиям Дүйшөнов ж.б.

Оюндун аталышы: «Бар, жок».

Грамматикалык тема: «Бар, жок».

Дидактикалык максаты: Буюмдардын, нерселердин атын кыргызча туура айта билүү менен, тил маданиятына машыктыруу.

Керектүү материалдар: Түрдүү жер-жемиштер же алардын сүрөттөрү.

Оюндун жүрүшү: Мугалим бир окуучуну өзүнүн жанына чакырат, же тактага 4–5 жемиштин сүрөтүн илет. Адегенде колдо болгон жемиштердин макетин же сүрөттөрдү балдарга көрсөтөт да, анан аны алып же жаап таштайт. Балдар анын эмне экенин эстерине сактап калышат. Мугалим балдардан жемиштердин атын сурап, алардан эмнеси бар, эмнеси жок экендигин сурайт. Балдар эстеринде сактап калгандары боюнча, айтылгандардын кайсынысы бар же жок экендигин айтышат.

Мисалы:

– Алма барбы?

– Алма бар.

– Алмурут барбы?

– Алмурут жок.

Балдар так айтса утат, эгер жаңыла турган болсо, утулат. Оюн андан ары уланат.

Оюндун аталышы: Ким кайда? Эмне каерде?

Грамматикалык тема: Орунду билдирүүчү сөздөр.

Дидактикалык максаты: Буюмдардын, адамдардын аттарын кыргызча так атап айтуу менен, алардын турган ордун кыргызча атап көрсөтүүгө машыктыруу.

Оюндун жүрүшү: Бир окуучуну мугалим өз жанына чакырып алат да, кадимки эле карандашты үстөлдүн үстүнө чимирип айлантат, карандаш адатта 4–5 тегеренип токтойт. Окуучу токтогон карандаштын учу көрсөткөн тарапта эмне турса, ошолордун аттарын атап, каерде турганын айтат. Таап, так айтса, баа коюлат, таппай, айта албай кыйналса, андан ары уланат. Бул оюн балдардын монологдук речин өстүрүүгө багытталат.

Мисалы: Гүл терезеде, Асан терезенин жанында отурат. Ал жакшы бала. Асандын колунда китеп бар...

Демек, дидактикалык мындай оюндарды системдүү жүргүзүү менен, мугалим балдардын кыргызча кебин өстүрүү, кеп маданиятына үйрөтүү сыяктуу маанилүү милдеттерди чечүүгө ушинтип багыт алса болот.

СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

ОКУТУУНУН КОММУНИКАТИВДҮҮЛҮГҮ – КЫРГЫЗЧА ООЗЕКИ КЕПКЕ ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН НЕГИЗГИ ӨБӨЛГӨСҮ

Тил үйрөнүүнүн коммуникативдүүлүк багыты бүгүнкү күндө кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн негизги ыкмасы катары практикага бекем киргизилиши зарыл. Бул көрүнүш анын практикалык баалуулугунан улам келип чыгып олтурганы талашсыз.

Орустун белгилүү усулчусу, окутуунун коммуникативдүүлүгүнө көп эмгектерин арнаган Е.И. Пассов окутуунун жаңыча технологиясын сунуш кылды. Анын схемасы төмөндөгүдөй элестетилет:

№1 таблица

Сүйлөөгө багыт берүү	Ишмердикке багыт берүү	Пикир алышууга багыт берүү

Себеби, бул экинчи тилди окутуунун негизин балдарды пикир алышууга үйрөтүү ээлеши керек экендигин белгилейт. Окуучуну чет тилге үйрөтүү үчүн аны ал тилде пикир алышуу чөйрөсүнө, тагыраак айтканда, сабакта ошого жакын, ошого окшош, жасалма тилдик чөйрөнү түзүү талапка ылайык.

Коммуникативдүүлүктүн негизинде тил үйрөтүү **«пикир алышуунун жүрүшүндө», «пикир алышуу үчүн»** жана **«пикир алышуу аркылуу»** ишке ашат деген принциптүү багыттар түзүп турат. Анын маңызы да ушунда жатат жана сабактагы мындай иш процесси пикир алышууга үйрөтүүнүн «алтын ачкычы» катары кызмат кылат. Ошентсе да, сабак

түрдүү чөйрөдөгү кырдаалдарда пикир алышуулардын гана карандай көчүрмөсү да болбошу керек.

Мындай сабактардын мазмунун байыткан нерсе адамдардын турмуштук түрдүү жашоо кырдаалдары, ал кырдаалдарда пикир алышуу жана мамилелешүү системи экени талашсыз. **А окуучу менен мугалим ошол кырдаалдарда сүйлөшүп жаткан эки улуттун өкүлү катары элестөөсү туура натыйжа берет.** Жандуу пикир алышуу гана сабактын натыйжасын арттыра турганын унутпайлы. Белгилүү орус педагогу В.А. Сухомлинский: «Ар бир бала – биз үчүн журналдагы тизме же номер эмес, жандуу адам, кайталангыс дүйнөсү бар инсан», – деп бекеринен айткан эмес. Мындай көрүнүш кыргыз тилин окутуу процессинде жандуу сүйлөшүү сабактарын уюштурууда да өзгөчө эсепке алынууга арзыйт.

Коммуникативдик ыкма – биринчиден, пикир алышууга үйрөтүүчү, экинчиден, мугалимдин практикалык ишин мазмундуу, ар тараптуу жана продуктивдүү мүнөзгө айлантуучу мүмкүнчүлүккө ээ.

Пикир алышуу дегенди биз кандайча түшүнөбүз жана ал кандай багыттарда жүрөт? Пикир алышуу – бул өтө кең түшүнүк, көп тараптуу мамилешүүнүн бир формасы. Ал аркылуу адамдардын бири-бири менен маалымат алмашуусу, жеке жана коомдук мүнөздөгү маселелер туурасында ой бөлүшүүсү жүрөт, пикирлердин бир багытта же түрдүүчө болушу сыяктуу маектерди камтыган коомдук психологиялык жана сүйлөшүү процесси. Адамдар коомдо түрдүү социалдык абалда болушат: **үйдө** – ата-бала, эне-кыз, бир тууган; **иш орунда** – жетекчи, жумушчу, кызматкер; **кесиби боюнча** – мугалим, окуучу, врач, айдоочу, жүргүнчү, учкуч, ... жана башкалар. Булар ал адамдардын коомдук-социалдык кызматын туюнтат.

Бирок алардын баары адам да, андыктан алар ошол социалдык гана абалына жана кызматына жараша пикир алышып, мамиле кылышпастан, өз ара жекече да мами-

лелешүүлөрү толук ыктымал. Мына ушуга байланыштуу адамдардын пикир алышуусун жогорудагыларга ылайык эки багытка бөлсөк болот: **формалдуу** (ролдук) жана **формалдуу эмес** (жеке инсандык) пикир алышуу.

Сабакта ушундай турмуштук көрүнүштөр эске алынбаса, анын практикалык мааниси ачылат беле? Буга жооп алуу үчүн сабакта балдар пикирлешип сүйлөшөбү же кезектеги грамматикалык мүнөздөгү тапшырмаларды гана аткаруу менен чектелеби? – деген түйүндүү суроо коюлат.

Чын-чынына келгенде, салттуу ыкмадагы өтүлгөн сабактарда окуучуларды жеке инсандык пикир алууга даярдоо деген ой эч качан эске алынбайт, башкача айтканда, мындай сабактар жекече пикир алышууга үйрөтүүчү бардык сапаттардан сыртта турат. Себеби, мындай сабактарда: *Мугалим менен окуучунун окуу ишине байланыштуу расмий мамилелешүүдөн сырткары, жекече кандайдыр бир жеке инсандык өз ара мамиле жүргүзүлбөйт.* Алардын пикир алышуусу дээрлик бардык учурда *ролдук мүнөздө – окуучу-мугалим формасында* гана болот. Бири мугалимдин, а экинчиси окуучунун гана «ролун» аткарышат. Алар класста бири-биринен «окуучу жана мугалим» деген расмий укукмилдеттерин гана көрүшөт. Ошондуктан, аларды бири-бири менен турмуштук кырдаалдарда пикир алышуу кызыктырбайт. Мисалы:

№2 таблица

Окуучу-окуучу формасы	Окуучу-мугалим формасы

Окуучу-мугалим формасы:

1. Пикир алышуу мотиви мындай учурда түзүлбөйт. Ал тургай, жеке инсандык пикир алышуу зарылдыгы көрүнбөйт. Айрым учурда окуучулардын окуу ишине байланыштуу болгон пикир алышуу зарылдыгы пайда болсо да, ал коммуникативдик зарылдыкка жатпайт.

2. *Мугалим менен окуучунун ортосунда инсан катары өз ара мамиле болбогондон кийин, бул мамилени өзгөртүү максаты да талап кылынбайт.* Ошондуктан, ар дайым мугалим менен окуучунун ортосунда класста окуу тапшырмасын аткаруу, тартип, тазалык маселелерине байланыштуу гана ролдук өз ара мамилени жөнгө салып туруу процесси ишке ашырылат.

3. *Окуучу өзүнүн көз карашына жана турмушуна ылайык мугалим менен жекече ой-максатын, ички сезимдерин билдирип ой бөлүшпөйт.* Класска тааныш же бейтааныш текстерди кайталап айтып, окуп берип, берилген стандарт суроого стандарт жоопторду гана кайтарышат. Эч кандай турмуштук кырдаал түзүлбөгөн, ички толгонуулар сезилбеген жасалма сүйлөмдөрдү окуп, жазып талдашат...

Жыйынтыктап айтканда, сабактагы мамиленин мазмунун «мугалим-окуучу», «окуучу-окуучу» формасындагы окуу ишкердүүлүгү гана түзүп турат. Булардын баары алардын жеке инсандык пикир алышуусу катары эсептелбейт. Андыктан, *кыргыз тили сабагында окуучу менен мугалим окуу ишине байланыштуу ролдук өнөк эмес, сүйлөшүү өнөгү болуусу кажет. Себеби, сүйлөшүүгө сүйлөшүүсүз үйрөтүү мүмкүн эместиги түшүнүктүү.*

Азырынча кыргыз тилин орус мектебинде окутууда мындай усулдук ыкмаларды колдонуп сабак өтүү жалпынын тажрыйбасына айлана элек. Сабактарда, жогоруда айтылгандай, ролдук гана өнөк катары окуучу менен мугалимдин күндө кайталанган азыноолак сөздүк запасын камтыган формалдуу пикир алышуу гана жүргүзүлүүдө. Мындай маанайда экинчи тил катары кыргыз тилин үйрөтүү кыйынга турары бышык.

Жеке, башкача айтканда, формалдуу эмес пикир алышуу тууралуу сөз кылганда турмуштук кырдаалдар жөнүндө айтпай коюуга болбойт. Чындыгында, турмуштук кырдаал болбосо, жеке инсандык пикир алышуу да ишке ашпайт. Андыктан, *окутуунун кырдаалдуулугун кыргыз ти-*

лин экинчи тил катары окутууда жетектөөчү принцип кылып алуу илимий-усулдук жактан да эң тура болмокчу.

Орус мектептерде кыргыз тилин окутуунун максаты – бул тилде пикир алышууга үйрөтүү болгондуктан, сабактардын мүнөзү жана мазмуну ошого дал келүүгө тийиш же сүйлөшүүгө үйрөтпөгөн, тилдин илимий негиздерин, грамматиканы гана окутуу менен чектелген сабак эч качан өз максатына жетпейт. Ошондуктан орус мектептеринде кыргызча сүйлөй албаган окуучуга 1-класстан тартып эле түрдүү усулдук ыкмаларды колдонуу менен тил үйрөнүүгө багыт берип, алардын кызыгууларын ойготуп, жеке инсандык пикир алышууга аз-аздан тарта баштоо зарыл.

Ал үчүн адегенде кыргыз сөзүн туура угуп түшүнүү, кайра аны туура сүйлөп түшүндүрүү, андан кийин гана туура жазып түшүндүрүү иш-аракети системалуу улантылат. Аны бул таблица менен элестүү түшүндүрүп көрөлү:

№3 таблица

Сөздү туура угуп жатыгуу	Сөздү туура айтып жатыгуу	Сөздү туура жазып жатыгуу

Сабактарда грамматикалык материалдарды гана окутууга басым койбой, үйрөнүлгөн сөздүн кептеги кызматын түшүндүрүп, ал сөздөрдү колдонуп балдардын кыргызча сүйлөшүүгө болгон умтулуусун, талабын канааттандыруу керек. Мындай учурда жалаң тилдик материалдарды окутуудан качууга туура келет. Бирок тилдик материалдарга такыр эле көңүл бөлбөй коюуга да жарабайт. Грамматика – сүйлөшүүнүн негизги «курулуш материалы» катары кызмат кыларын унутууга болбойт. Андыктан грамматикалык-лексикалык материалдарды негиз кылып алып, түрдүү тематикаларда, кырдаалдарда сүйлөшүүгө ырааттуу үйрөтүү гана ишти натыйжалуу жолго салат.

Экинчи тилди үйрөнүүнү табигый сүйлөшүү чөйрөсүнө жакындатуу, анын элементтерин сабакта пайдалануу чоң роль ойноп тургандыгы түшүнүктүү. Ошондуктан, сабакта ошондой табигый шартты жасалма түрдө болсо да түзүү, сабакты дал ошондой ыкмада уюштуруу көңүлдүн борборунда болуусу пайдалуу. Ал үчүн **жекече, жупташып** (окуучу менен окуучу), топтошуп жана да (үчтөн ашык окуучу) **жалпылап иштөө** сыяктуу уюштуруу ыкмаларын кеңири колдонуу зарыл.

№4 таблица

Грамматикалык көнүгүүлөр аркылуу машыгуу	Грамматикалык материалдарды шарттуу сүйрөшүү кырдаалында колдонуп машыгуу	Грамматикалык материалдарды табигый чөйрөдө колдонуп сүйлөшүү

Мындай болбогон учурда, б.а. салттуу окутуу ыкмасында бала мугалим менен бетме-бет келип (орус классында кыргыз тилин үйрөтүү сабагында кыргыз тилин жалгыз гана мугалим жакшы билген учурда), алар психологиялык чоң таймашка «түшүшөт». Бала мындай таймаштан жеңилишке учурап, мугалимдин айтканын түшүнбөй, тилин жатыктыра албай, же тапшырмасын аткарбай калса «артка чегинип» психологиялык «кыйноого» учурап калуу коркунучу туулат. Мындай көрүнүш баланын тил үйрөнүү ишмердүүлүгүнө тескери таасирин тийгизери шексиз. Ошондуктан, баланы бул абалга кабылтпоонун бирден-бир маанилүү ыкмасы, жогоруда айтылып өткөндөй, жупташып (окуучу менен окуучу) жана топтошуп иштөө (класстагы окуучулар өз алдынча тайпаларга бөлүнүшөт) чоң натыйжа бермекчи. Ошону менен бирге, бала мугалимдин алдында психологиялык жалгыздыктан кутулат. Балдар болсо бири-биринен

тартынбай сүйлөшөт. Себеби, кыргыз тилин билүү жагынан көпчүлүк окуучулар бирдей деңгээлде турушат эмеспи. Табигый, башкача айтканда, жеке инсандык сүйлөшүү чөйрөсүн уюштуруу үчүн ушундай учурлар эң эле ыңгайлуу. Окуучулардын жаңы түшүнүктөрдү алып отурушу, баарына бирдей талаптын коюлушу класста жагымдуу психологиялык маанайды да түзөт. Бирок бардык эле учурда андай боло бербейт. Анткени биздин республикабыздын орус мектептеринде жалаң эле орус балдары эмес, алар менен катар түрк тилдүү балдары бирге окушат. Алар орус балдарга караганда кыргызча кайсы бир деңгээлде түшүнө алат эмеспи. Бул көрүнүш мугалимдин бирдиктүү ишинин багытын бүлүнтүүгө дуушар кылат. Мугалим окуучулар менен жекече жумуштарды жүргүзүү жолун издейт. Мисалы:

№5 таблица

Жуп менен иштөө	Топ менен иштөө (тайпада иштөө)	Жалпы (фронталдык) иш

Сабакты күндөлүк турмуштук практикага жакындатуу – өз алдына түрдүү сүйлөшүү милдеттерин чечүүнү талап кылат. Ал кандай милдеттер?

1. Болуп өткөн же боло турган окуя тууралуу билдирүү жасоо.

Мунун негизинде төмөндөгүдөй иш-аракеттер аткарылмакчы:

– болуп өткөн окуяны жайынча баяндап берүү;

– окуянын качан, каерде болуп өткөнүн маалымдоо;

– алдыда боло турган окуя тууралуу кулактандыруу жасоо;

– мугалимге окуучулардын сабакка келиши тууралуу билдирүү... ж.б.

2. Болуп өткөн окуяга баа берүү, мүнөздөө.

– болуп өткөн окуяны сүрөттөп түшүндүрүү;

– окуяны далилдер менен түшүндүрүп айтуу;

– окуя жөнүндө ой жүгүртүп айтып берүү.

3. Бирөөнүн пикирин, оюн жактоо, колдоо, ага макул экендигин билдирүү.

– бирөөнүн ой-пикирин колдоо, жактоо;

– бирөөгө кеңеш айтуу, көңүлүн буруу, кеңешүүгө тартуу;

– жолдошунун туура иши үчүн мактоо, ыраазы экендигин билдирүү;

– бирөөнү куттуктоо, тилек, каалоолорун билдирүү.

4. Окуяны талдоо, талкуулоо маегине катышуу.

– бирөөнүн кылган ишине жараша сын айтуу;

– бирөөнүн айткан пикирин четке кагуу;

– айтылган пикирге калыс экенин билдирүү;

– окуянын чын же жалган экенин далилдөө.

5. Бирөөнү ынандыруу.

– болуп өткөн окуя тууралуу бирөөнү ишендирүү;

– окуяны далилдеп, негиздеп айтуу;

– айтылган ойго карата бирөөнүн макулдугун билүү.

6. Буйрук берүү, сурануу, өтүнүү.

– кыймыл-аракетти аткарууга бирөөгө буйрук берүү түрүндө кайрылуу;

– бир нерсени аткаруу үчүн бирөөдөн сурануу, өтүнүү;

– чакырык иретинде кайрылуу;

– бирөөдөн кечирим суроо... ж.б.

Мындай сүйлөшүү милдеттери ар бир сабакта көнүгүү тапшырмалары менен бирдикте, негизги теманын мүнөзүнө жараша ырааттуу аткарылып отурмакчы. Бул сыяктуу иш-аракеттер ар бир сабактын жаңыча мүнөзүн аныктап, практикалык маанисин бекемдеп отурат. Ар бир сабакта, ар бир көнүгүүдө жаңы сүйлөшүү милдеттери коюлуп, жаңы моделдер үйрөнүлүп, жаңы кырдаалдардын болуусу анын тил үйрөтүүчүлүк ролун тереңдетет. Мунун өзү баланы турмуштук түрдүү кырдаалдарга ылайык жеке инсандык сүй-

лөшүүгө машыктырууга улам жаңы кадам жасоосу катары көрүнөт. Бул башталыш түрдүү татаалдыктагы кырдаалдык көнүгүүлөр менен коштолуп, андан ары улантылат.

Ушуга ылайык, жазуучу Л.Толстой: «Балага үйрөнгөн сөзүн колдоно билүү жагдайын түзүү керек. Үйрөнгөн сөзүн бир эле ирет колдонуп сүйлөсө, ал сөз анын менчигине айланат», – деп эң эле элестүү айткан.

Мындай учурда дидактикалык оюндардын ролу өзгөчө чоң. Оюндар сабактын түрдүү типтеринде жана түрдүү этаптарында ыңгайына жараша максаттуу колдонулууга тийиш. Алар жаңы үйрөнгөндөрүн, түшүнүктөрүн бекемдейт, аларды жаңы кырдаалдарда колдонуп сүйлөөгө үйрөтөт, же үйрөнгөндөрүн бышыктоо максатында атайын дидактикалык талаптарга ылайык жүргүзүлөт.

Сабакта баланын оозеки речин өстүрүүгө өзгөчө маани берилиши керектиги жана ал жумуштарды системалуу түрдө кандайча жүргүзүү керектиги жана ал жумуштар системдүү түрдө кандайча жүргүзүлөрү тууралуу усулчу Б.Ш. Катенбаева (Казакстан) да мындайча жүйөлүү сунуштарын айтат:

– окуучунун жообу мугалимдин катышуусуз, өз алдынча болууга тийиш. Окуучу өз бетинче эле сөз маанилерин ача билүүгө, тилдик фактыларды далилдүү мисалдар менен баяндай алууга, жыйынтыктуу кылып корутундулап айтууга;

– окуганын, укканын, көргөнүн мазмундуу кылып айта билүүгө;

– берилген темада өз алдынча чыгармачылыгы менен сүйлөп берүүгө машыгуулары тийиш. (Деги эле окуганынын мазмунун айтып берүүсү окуучунун сөздүк корун байытууга түрткү берет жана жатыгуу даражасын жогорулатат, анын сүйлөөгө көнүгүүсүн, сүйлөө манерасын, сүйлөөгө чеберчилигин арттырат.)

– нерсени, көрүнүштү оозеки сүрөттөөгө;

– баяндама, дилбаян жаздырууга машыктырылат.

Ушул ойлорун андан ары улантып келип, усулчу Б.Ш. Катенбаева мектеп окуучуларынын оозеки сүйлөөсү, көбүнчө кабарлоо, күндөлүк турмуштук темада аңгемелешүү, сын айтышуу, талашып-тартышуу, отчет берүү, үгүт-насыят айтуу, баяндама жасоо жана куттуктоо түрүндөгү сүйлөшүү милдеттери боло тургандыгын жазат да, алардын ар бирин мүнөздөп берет.

Андан ары, негизинен сүйлөө кырааты, сүйлөшүү тематикалары, кеп адеби, жүрүм-турум каадалары көңүлгө өзгөчө алынат, окутуунун өлкөтаануучулук маанайын ачат.

Усулчу Ж.Д. Адамбаева (Казакстан) «Орус мектебинде казак тилин окутуу ыкмалары» тууралуу жазып келип, сөздөрдү туура угуп, туура айта билүүгө, мугалимдин берген суроолорун түшүнүп, кайталап айта билүүгө, үйрөнгөн сөздөрүн бузбай сүйлөөгө жана да, сөздөрдү туура колдонуу менен сүйлөмдү туура кура билүү сыяктуу системдүү ишке үйрөтүүгө өзгөчө көңүл бөлөт.

Ошону менен бирге, усулчу оозеки сүйлөшө билүүгө үйрөтүүгө грамматикалык формаларды да сөзсүз үйрөнүүнүн зарылдыгын унутта калтырбайт.

«Грамматикалык материалдарды окутуунун жүрүшүндө, – деп жазат андан ары усулчу, – өтүлгөн грамматикалык форманы окуучулар тексттен же, сүйлөшүүдөн таап, аны туура түшүнө алгыдай, тааныш сөздөрдү ал формага коюп сүйлөп өз алдынча өзгөртө алгыдай, акырында сүйлөм түзө алгыдай болуусу тийиш».

Айтылган ойлорду таблица менен берип көрөлү:

№6 таблица

Сөздүн лексикалык жана функционалдык маанисин түшүнүү	Грамматикалык формага салуу, фунционалдык маанини колдонуу	Сүйлөөнү пландоо жана сүйлөп машыгуу

Жогорудагы айтылгандарга таянып, окуучулардын ырааттуу кеп ишкердүүлүгүн төмөнкүдөй чийме менен элестүү берсек болот.

Сөздүк жумуштары да окуучулардын тил үйрөнүү аракеттери менен бирдикте жүргүзүлөт. Бул иш да 1-класстан баштап ырааттуу башталуусу керек. Ошондо да, балдар үйрөнгөн сөздүн котормосун жаттоо менен гана эстеринде сактап калбастан, ал сөздүн функциясын кандай учурда, кандай максатта, кандай формада речте колдонуларын системдүү өздөштүрүүлөрү тийиш. Ошондо гана буга чейин үйрөнүлгөн лексикалык-грамматикалык каражаттар баланын кебинде өз ордун таап, «менчиги» (Л. Толстой) болуп калат. Аны мындайча схема менен берсек болот.

№7 таблица

Сөздүн кептеги кызматы (мааниси)	Лексика-грамматикалык материалдар	Сөздүн коммуникативдик ролу

Демек, орус мектептеринде кыргыз тилин талаптагыдай үйрөтүү үчүн башка тилдерди окутуу практикасы менен терең таанышып чыгуунун, алардын алгылыктуу тажрыйбаларын пайдалануунун зыяны жок. Буга таянып кыргыз тилин орус мектебинде окутуунун принциптерин, ыкмаларын, тактап айтканда, кыргыз тилин орус мектептеринде окутуунун усулдук негиздерин түзүп чыгуу кажет.

Усулчу Б.В. Беляев «экинчи тилди үйрөтүүнүн чечүүчү фактору болуп ал тилдин кеп практикасы эсептелинет» деп туура жазган. Бул ойду улантып, Е.И. Пассов: «Сабакта ошол тил жөнүндө гана сөз кылбастан, сабакты ал тилде уюштуруу» талапка ылайык экендигин баса белгилейт. Булар эмнени эске салып турат? Булар: ар бир сабак сүйлөөгө

багыт берүүчүлүк принцибинде уюштурулса, ага ылайык кепке багыттоочу көнүгүүлөр иштетилсе, балдар грамматикалык эрежелерди же сөздөрдү гана жаттабастан, түрдүү турмуштук кырдаалдарда өз пикирин билдире аларлыктай окуу материалдары сунуш кылынса гана оң натыйжага жетишиле турганын айтып турат. Ансыз, биз жүргүзгөн бүткүл иш-аракеттер коммуникативдик, функционалдык ыкмаларга эч качан дал келбестиги белгилүү.

Ошондо да мындай суроо туулбай койбойт: экинчи тилди үйрөнүүдө грамматиканы үйрөнүүнүн мааниси кандай? Пикир алышуунун тилин үйрөнүү менен ал тилдин илимий негиздерин үйрөнүүнүн ортосунда карым-катышы барбы? Бул карым-катышты кантип ишке ашыруу керек?

Жогоруда айтылып өткөндөрдү жыйынтыктап, усулчу Е.И. Пассовдун кеп материалдарын окуу процессинде өздөштүрүүнүн схемасын эске салып көрөлү.

Ал процесс үч этапка бөлүнөт. Е.И. Пассов анын ***биринчисин*** – *машыгууларды калыптандыруу* деп айтат да, лексикалык машыгууларды калыптандыруу жана грамматикалык машыгууларды калыптандыруу аттуу эки этапчага бөлүштүрөт.

Ал эми ***экинчисин*** – машыгууларды өнүктүрүү деп айтат да, аны сүйлөшүүгө даярдоо этабы катары белгилейт. ***Үчүнчү*** – билгичтиктерди (умение) өстүрүү деген этабында монологдук жана диалогдук речти калыптандырууга өзгөчө көңүл бурат.

Демек, сабакта бир эле теманы өздөштүрүүнүн логикасын дал ушул үч этапта карап көрсөк, грамматикалык материалдар кепти өстүрүүнүн негизи болуп бере тургандыгына ишенбей коюуга болбойт. Бекеринен академик Л. Щерба: «Грамматика сүйлөөгө үйрөтөт» деп жазбаган. Мында грамматикалык материалдарды үйрөтүүнү эмнеден баштоо керектигин, аны кандай жол жана ыкмалар менен

ишке ашыруу зарылдыгын түшүнүү башкы нерсе. Андыктан, сабактын дидактикалык максатын аныктоодо өтүлө турган материалдардын грамматикалык жана функционалдык маанисин так аныктоо, андан ары коммуникативдик милдетти чечүүгө аларды кантип пайдалануу керектигин ойлонуу керек.

Лексикалык-грамматикалык материалдарды өздөштүрүүнүн, алардын кептеги маанисин аныктоонун жана коммуникативдик милдетин түшүнүүнүн өзү эле, негизинен, үч этапта ырааттуу жүргүзүлүүчү иш аракет.

Айталы, биринчи этапта окуучу **кызыл** жана **алма** деген сөздүн лексикалык маанисин өздөштүрдү дейли. Бул эки сөздү бириктирип, экинчи этапта **кызыл алма** (красное яблоко) деп сөз айкашын түзө алалбашы да толук мүмкүн. Себеби предметтин кыргызча аталышын билсе болду, аны түз эле өз алдынча пайдаланып сүйлөп кетет деп жыйынтык чыгарууга али эрте.

Дагы бир мисал алалы: жаңы өтүлгөн сабактан барыш жөндөмөсүнүн **-га** мүчөсүн **үйгө, мектепке, сабакка** деп сөзгө улап айтса эле, ал аны речте колдонуп түрдүү кырдаалда эркин сүйлөп кете албайт. Ошондуктан аныктамаларды кургак жаттатуунун анча пайдасы жок экендиги ачык көрүнөт.

Демек, лексикалык материалдарды (сөздөрдү) лексикалык материал катары, грамматикалык материалдарды (эреже, форма ж.б.) жалаң гана грамматикалык материал катары өздөштүрүү методикалык жаңылыштык гана болуп эсептелет. Андан көрө аларды кепке кандай учурда, **кандай кырдаалда, кандай максатта** колдонуу керектигин так аныктап, колдонуп маанисин түшүндүрүү зор натыйжа берээр эле.

Бул процессти мындайча модель менен мүнөздөп түшүнсөк болот:

№8 таблица



Демек, «кеп кырдаалы» деген түшүнүктү чечмелей келсек, анда төмөндөгүдөй бүтүмгө келебиз, тактап айтканда, сүйлөшүү үч багытта жүрөт:

- ким менен сүйлөшөбүз?
- каерде сүйлөшөбүз?
- кандай максатта сүйлөшөбүз?

Мында:

- ким менен сүйлөшөбүз – дегенде, бир киши менен (диалог) жана көп киши менен (полилог) сүйлөшүү жүрөрүн эске салабыз.

- каерде сүйлөшөбүз - дегенде, **расмий чөйрө** (класста, китепканада, спортзалда, дүкөндө, автобуста, чогулушта ж.б.), ал эми **расмий эмес чөйрө** (үйдө, бөлмөдө, короодо, паркта, бакчада, ж.б.) эске алынат.

- ал эми **кандай максатта сүйлөшөбүз** - дегенде, жогоруда берилген интенциялар (байланышуу, учурашуу, таанышуу, сурап алуу, сурап билүү ж.б.) жана коммуникативдик минимумдар эске алынат.

Бул ыкмалар ар дайым, ар күнү жана ар бир сабакта грамматикалык-лексикалык материалдар менен бирге

ырааттуу колдонгондо гана сабак сүйлөшүү сабагына, практикалык багытта жүрмөкчү.

Мындай сабакта ар бир лексикалык-грамматикалык материалдын функционалдык кызматын, речтеги коммуникативдик ролун жеткире түшүндүргөндө гана үйрөнгөндөрдүн практикалык баалуулугу өсө турганы байкалып турат.

Ушуга окшош жагдай туурасында сөз кылып келип, В.А. Сухомлинский мындай деп жазган: «Мугалим окуучуга этиш сөздөрүн катыштырып сүйлөм түзүү тапшырмасын берди дейли. А окуучу мындайча аткарып келди: Трактор жер айдап жатат. Коён чөп жеп жатат ж.б. Окуучулардын «ойлонуп түзүп келген» бул сүйлөмдөрүндө көңүлкоштук жана зеригүү гана сезилип турат. Ушул дагы жандуу кеппи? Ушул дагы окуучунун жекече оюбу? Эгер кокус окуучу жаңылып:

«Окуучу сүзүп баратат, пароход басып келатат» деп жазып койсо деле эч ким байкабай калмак...».

Ошондуктан сабакта дайым эле стандарт суроо коюп, ага стандарт жоопторду берүү менен чектелүү экинчи тилди окутуунун речке багыт берүүчүлүк жана кырдаалдуулук сыяктуу негизги принциптерин четке кагуу дегендик гана болмокчу. Ошол үчүн сабакта иштелген бүткүл көнүгүүлөр өзүнүн сүйлөшүүгө багыт берүүчүлүк мүнөзү менен айырмаланып турушу пайдалуу. **Окуучу сабакта көп жазып иштегенче, көбүрөөк сүйлөгөнү жакшы.**

Бул жерде мындайча суроо туулушу мүмкүн: сабакта кантип эле балдар сүйлөшпөй калсын? Туура, сүйлөшөт, тапшырмаларды оозеки аткарышат, сүйлөмдөрдү окушат, суроолорго жооп беришет. Бирок ушунун өзүн балдардын личносттук баарлашуусу, жекече мүмкүнчүлүктөрүнө жараша өз алдынча сүйлөштү же окуган текстине, жаттаган ырына өзүнүн жеке пикирин билдирип, кырдаалга жараша турмуштук көз карашын айтып маектешти деп ишенсек бо-

лобу? Жок. Бала мындай учурда ойлонбойт. Жаттап жаткан бир-эки сөзүн, бир-эки сөз айкашын айтып, мугалимдин «сурагынан» кутулууга гана далалат кылганы болот.

Белгилүү экспериментатор мугалим В. Шаталов жаңы өздөштүрүп аткан түшүнүктү өз алдынча бышыктоо учурундагы жаңы кадам таштоо кезинде гана окуучу «Жаңылууга укуктуу» деп акыйкат белгиленген. Мугалимдин жетеги менен бала белгилүүдөн – белгисизге, жөнөкөйдөн – татаалга карай «баратып», а дегенде «жаңылып», андан кийин туура жол таап, өз алдынча иштөөгө багыт алганы жакшы. Мунун баары жогоруда айтылгандай, сабакты коммуникативдик багытта уюштурганда гана ишке ашмакчы.

ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

МАЕК КЕБИНИН ТИПТЕРИ, ТҮРЛӨРҮ ЖАНА САБАКТЫ ПРАКТИКАЛЫК БАГЫТТА УЮШТУРУУ ЫКМАЛАРЫ

Кыргызча маек кебинин типтери жана түрлөрү

Көпчүлүк учурда мугалимдер окуу китептердеги грамматикалык мүнөздөгү иш-аракеттерди аткаруу менен гана чектелип, анын туткунунан чыга албай, ошонун натыйжасында кыргыз тили сабагынын максатын так аныктоодон чаташат. Көпчүлүк мугалимдер сабактын максатын грамматикалык жатыгууларды өстүрүү жана бекемдөө деп гана түшүнүшөт, грамматикалык материалдар речтик иш-аракеттерди аткарууда негизги каражаттар гана боло тургандыгын эстерине алышпайт.

Сабакта окутуунун максатын так аныктоо – эң башкы нерсе.

Жогорку параграфтарда бир нече ирет айтылып өткөндөй, орус мектептеринде кыргыз тилин окутуунун башкы максаты – жаңы үйрөнгөн окуу материалын речинде колдонуп сүйлөшө билүүгө машыгуу. Ал эми сүйлөшө билүү деген илимий жактан алганда, маек кебине (диалогдук речке) көнүгүү болуп саналат.

Диалогдук речке үйрөнүү – бул мугалим менен окуучунун күн сайын мамилелешүү тилинен башталып, сабактагы окуу маеги (диалогу) менен улантылышы, андан кийин турмуштук турдуу кырдаалдарда сүйлөшө билүүгө калыптануусу менен жыйынтыкталат. Андай болгон соң маек (диалог) дегенде жөн гана суроо-жоптордун жыйындысын эмес, проблемалуу кырдаалдык мүнөздөгү турмуштук маектешүүлөрдү эсибизге алганыбыз оң.

Андагы коюлган проблемалуу суроолор жана жагдайлар окуп-үйрөнүп жаткан материалдын мүнөзүнө, ички

логикасына, анын маңызын ачууга жасаган мугалимдин чыгармачылыгына жараша болот. Ушундай кырдаалдык жагдайлар гана тил үйрөнүүгө негизги таяныч жана анын ачкычы боло алат. Ал тил үйрөнүүнүн жолу гана эмес, анын өзгөчө усулдук ыкмасы катары да кызмат кылат.

Жогорудагылар туурасында ой жүгүртүп келип, эми кыргыз тилине келсек, сабактын башкы максаты, анын практикалык баалуулугуна жетишүү болгондуктан, көп абстракттуу түрдөгү баарлашуу жөнүндө эмес, анын конкреттүү багыттары, үлгүлөрү жөнүндө болушу зарыл. А турмушта реалдуу пикир алышуунун масштабын эч качан чектөө мүмкүн эмес. Ошого ылайык кеп кырдаалдарды да чектеп алууга болбойт. Антпесе, сабакты турмуштук реалдуу кырдаалдарды элестеткен шарттуу кеп кырдаалдарды түзүү менен уюштурганда да, турмуштук бардык кырдаалдарда пикир алышып сүйлөшүүгө үйрөтүү да мүмкүн эмес. Ал үчүн андай кырдаалдарды типтештирип, адамдардын өз ара мамилелешүүсүнүн, сүйлөшүү иш-аракеттеринин урунттуу, типтүү учурларын тандап алсак болот. Ушундан улам лингводидактиканын маанилүү бир милдети болгон турмуштук реалдуу баарлашууга дал келген пикир алышуу моделдерин, анын типтерин, түрлөрүн түзүп чыгуу иши келип чыгат.

Күндөлүк турмуштан эле көрүнүп тургандай, адам өзү көргөн окуя тууралуу бирөөгө айтып берет, бир нерсени сурап алат, бири-бири менен таанышып, учурашышат; маанилүү маселе боюнча талкуулашышат ж.б. Муну биз речтик иш-аракеттер деп атап жүрөбүз. Мындай кепке багыттоочу иш-аракеттер да эч качан зарылдыксыз (мотивдерсиз) ишке ашпайт. Мотивдер да турмуштук кырдаалдарга жараша түрдүүчө болот. Мына ушул көп түрдүү баарлашуу багыттарын анын типтери деп алсак болот.

Усулчу *В.А. Скалкин пикир алышуунун он жети түрүн белгилеген. Алардын айрымдары төмөнкүлөр:*

а) **маектешине бир нерсе тууралуу маалымат берүү** (алдыда боло турган саякат, жаңы кинофильм, күйөрман болгон командасынын жеңиши... ж.б.);

б) **өзү кызыккан бир нерсе тууралуу сурап маалымат алуу** (математикадан эмне тапшырма берилди, хоккейде мектеп командасы кандай ойноду);

в) **бир нерсе туурасында туура пикирде экендигине жолдошун ишендирүү** (ал кабыл алган чечиминен кайтпоосу жөнүндө сунуш айтуу);

г) **талкуу үчүн кандайдыр бир маселени сунуш кылуу** (кышкы каникул – окуу жылынын эң жакшы мезгили);

д) **кандайдыр бир окуяга, же кандайдыр бир маселеге карата жеке мамилесин билдирүү** (дарбазачыны алмаштырбаса, команда сөзсүз жеңилет...);

е) **стандарт кырдаалга жараша сүйлөшүүнү жүргүзүү** (мугалим менен учурашуу, киного билет алуу...);

ж) **сүйлөшүп жатып, жооп түрүндөгү репликаны айтуу** (макул болуу, эки ойдо калуу, баш тартуу... ж.б.).

Жогоруда айтылып өткөн мотивдер жана да сүйлөшүү жүрүүчү чөйрөлөр окуу процессинде көнүгүүлөрдүн талаптарына жараша түзүүдө эске алынмакчы, балдардын речтик иш-аракеттерин уюштурууда ишке ашырылмакчы. (Бул тууралуу кырдаалдык маектерди түзүүгө үйрөтүү боюнча өзүнчө бөлүктө кайрылабыз).

Ал кандай чөйрөлөр болмокчу? Алар, усулчу В.Л. Скалкиндин пикирине таянсак: социалдык турмуш-тиричиликтик, үй-бүлө, кесиптик-эмгектик, административдик – маданий-коомдук чөйрөлөр болмокчу.

Мындан сырткары, кеп кырдаалдары стандарттуу жана эркин болушу да мүмкүн. Ошого ылайык, маектин үлгүлөрү да стандарттуу жана эркин болушу – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошондо да, алар кыргызча кеп каадасынын (речтик этикеттин) үлгү-ченемдерине ылайык келмекчи. Антпесе, стандарттуу үлгүлөр аркылуу адамдар бири-бири менен толук кандуу сүйлөшө алышпайт. Бекеринен сөзгө чебер адамдын сүйлөп жаткан сөзүн угуп, «кандай көркөм!» же «кандай уккулуктуу!» деп баа берип, тамшанышпайт эмеспи. Стандарттуу маек үлгүлөрү стандарт

үлгүлөр боюнча түзүлө турган болсо, эркин маектешүүлөр реалдуу кырдаалдар боюнча түзүлмөкчү. Ал адамдардын социалдык абалдарына жараша ролдук маектешүүлөрдөй (мисалы: жүргүнчү – айдоочу, врач (дарыгер) – оорулуу, сатуучу – сатып алуучу, мугалим – окуучу ж.б.) эмес, алдын ала болжоп пландаштырылбаган, турмуштук түрдүү зарылдыктардан улам ишке ашкан маектешүүлөр. Мисалы, буларга чогулуштун качан болорун сурап билүү, кечээки мелдеште ким утканын тактап суроо, кинонун качан башталарын билүү ж.б. сыяктуу багыттагы маектешүүлөр кирет.

Сабакта окуу ишине байланыштуу ролдук жана турмуштук кырдаалдар да түзүлүүсү толук мүмкүн. Бул турмуштук кырдаал окуучунун күндөлүк турмушунун ар кандай учурларын чагылдырат. Атап айтканда, бала сабакка келгенде классташтары менен учурашат, мугалим менен да саламдашат, кечигип калса анын себебин түшүндүрөт, сабакта отуруп, эшикке чыккысы келгенде мугалиминен уруксат сурайт, бир жери ооруган болсо врачка көрүнүү керек... ж.б.

Булар сыяктуу кырдаалынан жана ага жанаша жүргөн маектерден табигыйлуулугу, жасалмасыздыгы менен айырмаланат. Мындай кырдаалдар боюнча маектешүүлөрдө мага бул адам мындай десе, мен ага мындайча жооп берем деп алдын ала пландабайт. Ал тургай, сүйлөшүүлөрдүн логикасын алдын ала болжолдоп алса да, андан башкача мазмунда жана темада өзгөрүп кетиши толук ыктымал. Анын реалдуулугу мына ушунда.

Ал эми окуу – кеп кырдаалдары, же ага жараша маектешүүлөр окуу ишине байланыштуу түзүлгөн көйгөйлүү жагдайларды чечүүгө байланыштуу гана түзүлөт, ошентсе да, турмуштук маектешүүлөрдүн белгилери сезилбей койбойт.

Балдарга мындайча тапшырмаларды берсе болот:

1) Бирөөнүн айткан сунушуна макул болуу маегин түзгүлө;

2) Кечирим суроо маегин түзгүлө;

3) Буюмдун турган ордун сурап билүү мүнөзүндөгү маекти түзгүлө;

4) Жолдошуңду майрамы же туулган күнү менен куттуктоо маегин түзгүлө;

5) «Айтып коюңузчу» деген сүйлөм үлгүсүн катыштырып, бир нерсе тууралуу сурап билүү маегин түзгүлө ж.б...

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктоо менен диалогдор, алардын түзүлүшү үчүн кызмат кылган кырдаалдарды кептеги кызматына жараша типтештирип көрсөк, жалпы алганда, маектердин табияты төмөндөгүдөй болот экен:

1) Кырдаалдар окуу мүнөзүндөгү шарттуу-кеп кырдаалдары жана турмуштук кырдаалдар түрүндө болушат.

2) Турмуштук кырдаалдар дагы ич ара стандарттуу жана эркин кырдаалдар болуп бөлүнүшөт.

3) Ролдук кырдаалдар жана ага мүнөздүү диалогдор стандарттуу кырдаалдарга жараша түзүлөт.

4) Көйгөйлүү тапшырмалар менен коштолгон кеп кырдаалдар жана ага ылайык маектерди түзүү тапшырмалары окуучулар өз алдынча иштөөгө көнүгүп калган учурда гана сунуш кылуу керек.

Ушул жерден белгилеп кетүүчү нерсе – окуучулардын өзүлөрү түзгөн маеги үйрөнүп жаткан грамматикалык формаларды гана далилдеш үчүн катышып, жекече мамилесин билдире алгыдай болуусуна жетишүү керек. Антпесек, окуучулар сабакта канчалык жигердүү болушпасын, жеке инсандык баарлашууга көнүктүрүлбөсө, иштин мазмуну жарды бойдон кала бермекчи. Иш алга жүрбөй, мугалимдин гана өз сабагын өткөрүү боюнча алдын ала түзүп алган планы аткарылмакчы. Балдар түзгөн сүйлөмдөрүндө эч кандай жаңылык болбойт: ички дүйнөсүнүн ачылышы, толгонуулары көрүнбөйт; магнитофондук жазууларды кайра кайталап айтып жатышкансып, окуучулар билген сүйлөмдөрүн ой жүгүртпөстөн эле кайра кайталашат, кыскасы, компьютердик программа ишке ашырылып жаткандай туюлат.

Ошол үчүн усулчу С.Ю.Курганов окуучулар менен мугалимдин сабактагы маеги тууралуу айтып келип, мындайча жазат: «Учитель одинок на уроке. Как бы он ни стремился к равенству и диалогу с детьми, как бы он ни хотел проникнуть в мир детской мысли и детского слова – на уроке невозможно. Мир урока – это мир «ничьих слов». Разговаривая с детьми учитель слышит, как дети воспроизводят эти«ничьи слова», т.е. ведет беседу с самим собой».

Андай болсо, демек, сабакта окуучу мугалимдин айтканын угуучу гана, ал эми мугалим жаңы материалдарды аларга айтып берүүчү гана жансыз нерсеби? Жок! Бала мугалимдин айтканын «сырттан кабыл алып», «ичине көздөй» эптеп сиңирүүчү эмес, тескерисинче, уккандарын ички дүйнө, көз карашы, түшүнүгү, балалык дүйнөсү аркылуу адегенде «ичтен» кабыл алып, анан гана «сыртка» өз сөзү менен чыгарып, «билим корунун» деңгээлине жараша кайрадан мугалим менен пикир алышууга жетишүүсү керек.

Ал үчүн мугалимдин бардык сабактарынын өзөгүн сөз өстүрүү жумушу ээлеши керек. Мындай жумуштарсыз тил үйрөнүү мүмкүн эмес.

Мугалимдин ишкердүүлүгү ушундан бааланууга тийиш. Ушундай иш-аракеттердин негизинде гана окуучунун речтик ишкердүүлүгүн ойготууга жана арттырууга мүмкүн.

Чет тилдерди үйрөнүүгө инсандык-ишкердик мамиле кылуу керектигине ВНИК иштеп чыккан Жалпы билим берүүнүн концепциясында да өзгөчө көңүл коюлган. Анда мындай деп айтылат: «Деятельностный подход ориентирует не только на усвоение знаний, но и на способы этого усвоения, на образцы и способы мышления и деятельности, на развитие познавательных сил и творческого потенциала ребенка. Этот подход противостоит вервальным методам и формам догматической передачи словесного преподавания, пассивности учения школьников, наконец бесполезности самих знаний, умений и навыков, которые не реализуются в деятельности».

Мына ошол «инсандык-ишкердүүлүк мамилесине ылайык, окутуунун борборунда окуучу, анын мотивдери, максаты, анын кайталангыс психологиялык өзгөчөлүктөрү, башкача айтканда, окуучунун жеке инсандыгы турат».

Мотив демекчи, бул – сүйлөө ишкердигинин негизги багытын аныктоочу башкы себеп болуп саналат, б.а. конкреттүү бир мотив же керектөө ишкердүүлүктүн практика жүзүндөгү көрүнүшү; мотив аркылуу адамдын кандайдыр бир максаттуу талабы чагылдырылат, ошонун негизинде ишке ашат, ага түрткү болот. Бардык кыймыл-аракет, мотив кандайдыр бир керектүү нерсеге, ички талапка карата умтулуусунан келип чыгат жана ошол максатта ишке ашырылат.

Сүйлөшүүнү уюштуруучу зарыл шарт – бул кырдаал болуп саналат. Ал – коммуникативдик максатта эки же бир нече адамдардын бири-бири менен кандайдыр бир темада сүйлөшүүсүнүн, пикир алышуусунун түзүлүшү жана анын ишке ашышы. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, ал жамааттык эмгектин, окуунун жана жашоонун негизинде башка бир адам менен баарлашып сүйлөшүү, кызыккан бир маселе боюнча кеңешүү, жаңылыктарды айтып, алдыда боло турган нерсе тууралуу маалыматты сурап билүү... сыяктуу багытта сүйлөшүүнүн ишке ашуу механизми.

Биздин пикир алышуулар каерде, ким менен, эмне максатта жүрөт? бул сыяктуу суроого жооп берүү үчүн, биз сөзсүз речтик кырдаалга (сүйлөшүү кырдаалына) кайрылабыз.

Ушул маселеге ылайык усулчу А.Г. Горн да мындай деп жазат:

«Адам кандай шартта сүйлөйт? Кантип сүйлөйт? Ал качан бирөөгө бир нерсе айтуу зарылдыгы пайда болгондо, б.а. себептүү жагдай түзүлгөндө гана сүйлөйт (Эмне үчүн?). Мотив дайыма талаптын болушун күтөт, демек адам качан гана кандайдыр бир максат пайда болгондо сүйлөшөт (Эмне үчүн?).

Ошентип, кеп кырдаалы мына ушул сыяктуу жагдайда түзүлөт, анын белгилерин төмөндөгүдөй схема менен түшүндүрүүгө болот:

№9 таблица

Эмне үчүн?	Кантип?	Каерде?	Кандай максатта?	Ким менен?

1) Бир киши менен сүйлөшүү – өзүнөн кичүү же улуу адам менен, жана да тааныш же бейтааныш адам менен баарлашууда ишке ашырылышы мүмкүн.

2) Кайсы жерде сүйлөшүүгө болот? Ашканада, доктурда, автобуста ж.б.

3) Пикир алышуу, билдирүү жасоо жана таасир этүү мүнөзүндөгү маекте болсо турмуштук кырдаалдар, сүйлөшүү мотивдери эске алынат. Атап айтканда: дем алышты кандай өткөрүү тууралуу пикир алышуу; алдыда боло турган класстык чогулуш тууралуу билдирүү жасоо; ачылып турган каалганы жаап коюуну өтүнүү ж.б.

Жогоруда маектешүү ар тараптуу максатта жана ар кандай жагдайда жүрө тургандыгын айтып өттүк. Адамдардын бири-бири менен боло турган өз ара пикир алышууларынын да чеги жок экендигин сөз кылдык.

Эми буларга таянуу аркылуу маек (диалог) үлгүлөрүн типтештирип (классификациялап) көрөлү. Анда төмөндөгүдөй бөлүштүрүүнү алабыз:

1) Байланышуу маеги: учурашуу, таанышуу, көңүлүн буруу, чакыруу, коштошуу, узатуу, тосуп алуу, куттуктоо;

2) Сурап алуу, сурап билүү маеги: буюмду сурап алуу, бир нерсе жөнүндө сурап билүү, тактап билүү;

3) Пикир алышуу, ой бөлүшүү маеги: ой бөлүшүү, талкуулоо, түшүндүрүү, далилдөө, макул болуу, каршы болуу;

4) Эмоционалдык баа берүү маеги: ыраазы болуу, ааразы болуу, мактоо, мүнөздөп баа берүү, таң калуу;

5) Таасир этүү мүнөзүндөгү маек: өтүнүү, буйрук берүү, чакырык айтуу, кечирим суроо.

Албетте, маек кебинин (диалогдук речтин) бул бардык типтери бир эле класска ушул калыбында, дал ушул тар-

типте сунуш кылынбайт. Алар сөзсүз жеңилден оорго карай деген принципте, өзүнө ылайык лексикалык, грамматикалык каражаттары менен коштолуп, коммуникативдик минимумдун чегинде, баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша класстарга төмөндөгүдөй тартипте болжолдуу бөлүштүрүлөт. Атап айтканда:

1-деңгээлде:

а) байланышуу маеги: таанышуу, учурашуу, чакыруу, коштошуу;

б) сурап алуу, сурап билүү маеги: буюмду сурап алуу, нерсе жөнүндө сурап билүү;

в) таасир этүү мүнөзүндөгү маек: буюруу.

2-деңгээлде:

а) байланышуу маеги: таанышуу, учурашуу, чакыруу, коштошуу;

б) сурап алуу, сурап билүү маеги: буюмду сурап алуу, зат жөнүндө сурап билүү, маалыматты сурап билүү, тактап билүү;

в) пикир алышуу, ой бөлүшүү маеги: макул болуу, каршы болуу;

г) эмоционалдык баа берүү маеги: буюмга мүнөздөмө берүү;

д) таасир этүү мүнөзүндөгү маек: буюруу, өтүнүү.

3-деңгээлде:

а) байланышуу маеги: учурашуу, таанышуу, кайрылуу, чакыруу, коштошуу, куттуктоо;

б) сурап билүү, сурап алуу маеги: буюмду сурап алуу, зат жөнүндө сурап билүү, маалыматты сурап билүү, тактап билүү;

в) пикир алышуу, ой бөлүшүү маеги: түшүндүрүү, макул болуу, каршы болуу;

г) эмоционалдык баа берүү маеги: мактоо, баа берүү;

д) таасир этүү мүнөзүндөгү маек: өтүнүү, буюруу, кечирим суроо.

4-деңгээлде:

а) байланышуу маеги: учурашуу, таанышуу, кайрылуу, көңүлүн буруу, чакыруу, коштошуу, куттуктоо;

б) сурап алуу, сурап билүү маеги: нерсени сурап алуу, маалыматты сурап билүү, маалыматты тактап билүү, зат жөнүндө сурап билүү;

в) пикир алышуу, ой бөлүшүү маеги: түшүндүрүү, талашып-тартышуу, ой-бөлүшүү, макул болуу, каршы болуу;

г) эмоционалдык баа берүү маеги: ыраазы болуу, мактоо, кубаттоо, баа берүү;

д) таасир этүү мүнөзүндөгү маек: өтүнүү, буюруу, кечирим суроо, ж.б. Булар диалог кебинин типтерин жана түрлөрүн түзө турган мотивдер болуп саналат, мындагы диалогдук бирдиктер, адаттагыдай эле, суроо маанайында башталган биринчи сүйлөмдөн жана ага жооп иретинде айтылган экинчи сүйлөмдөн (репликадан) турат. *Сүйлөөчүнүн суроо иретинде айткан репликасы реплика-стимул (өбөлгө сүйлөм) деп аталары белгилүү.* Берилген суроого карата жооп берүүнү талап кылат жана анын мазмунун, айтылыш маанайын билдирет да, жооп берүүгө түрткү берет. *Ал эми сүйлөөчүнүн жообу катарында айтылган сүйлөм реплика-реакция (мамиле сүйлөм) деп аталарын,* б.а. берилген суроого карата экинчи адамдын билдирген мамилеси, жообу экендигин билебиз.

Диалогдук бирдик мазмундук жагынан ажырагыс бир бүтүн ойду туюнтат да, өз ара ырааттуу логиканы сактап турат. Диалогдук бирдиктеги ички ой сөз болуп жаткан темага, анын татаал, же жөнөкөйлүгүнө жараша кыска же узун болуусу мүмкүн. Ошого ылайык маектеги сүйлөмдөрдүн саны эки жана андан ашык болот. Ошондой эле, сөз болуп жаткан материалдын мазмунуна ылайык кошумча суроо же кошумча, тактап билүү, тактап суроо катарындагы маалыматтардын эсебинен уланып, толукталып да турат.

Мисалы: **реплика-стимул**: Асан кайда? **Реплика-реакция** – Асан мектепте. **Кошумча реплика-стимул** – Ал качан келет?

Кошумча жооп, же кошумча реплика-реакция – Асан саат 5те келет... ж.б.

Мындай мисалдарды көп эле келтирсе болот. Мисалы:

– Алло, бул ким, Сережабы?

– ...

же болбосо: – Сережа, сен кайдасың?

–...

Көрүнүп тургандай, реплика-стимул жооп берүүнү талап кылып, анын багытын көрсөтүп, мазмунун да аныктап турат. Ал эми, реплика-реакция болсо, мисалы:

– ...

– Ооба, менмин, сен Алексейсиңби?

Же болбосо:

– ...

– Мен көчөдөмүн. (Мен үйдөмүн) ... ж.б.

Мында көрүнүп тургандай, диалогдук бирдик реплика-реакцияга, б.а. жооп-репликаларына карап толуктоону талап кылып отурат. Маек бирдиктерин чийме түрүндө көрсөтсөк, төмөндөгүдөй болушу мүмкүн.

№10 таблица

Реплика - стимул	Реплика - реакция

Же болбосо:

Реплика - стимул	Реплика - реакция

Кошумча реплика	Кошумча реплика - реакция

Чийме боюнча ой жүгүртүп көрөлү.

Маек үлгүлөрүн жалаң гана стандарт суроо-жоопторду топтому катарында элестетүүгө болбойт. Ал түзүлгөн турмуштук кырдаалдардын негизиндеги жүргөн өз ара пикир

алышуу болуп эсептелет. Адамдардын күндөлүк турмушунун ар кандай жагдайларын камтыйт. Мындай маек үлгүлөрүн мисал иретинде көркөм адабияттардан көп эле учуратууга болот. Мугалим аны ар күн сайын окуп, билип жүргөнүбүздү окуучуларга түшүндүрөт. Бул окуучунун стандарт маек түзүү жөнүндөгү оюнан баш тарттырат. Даярга көндүрбөй, өз алдынча изденүүгө карай жетелейт.

СҮЙЛӨШҮҮ КЫРДААЛДАРЫНА ЖАРАША МАЕК КЕБИН УЮШТУРУУ ЫКМАЛАРЫ

1. Сүйлөшүүгө үйрөтүү учурунда кеп кырдаалын кантип түзүүгө болот?

Кеп кырдаалы өзүнө мүнөздүү белгилерге ээ болот да, төмөндөгүдөй тартипте түзүлүүсү мүмкүн:

Ким менен сүйлөшөт?	Каерде сүйлөшөт?	Кандай максатта сүйлөшөт?

1) Бир киши менен сүйлөшөт – өзүнөн кичүү же улуу адам менен, жана да тааныш же бейтааныш адам менен баарлашууда ишке ашырылышы мүмкүн.

2) Каерде сүйлөшөт: Ашканада, доктурда, автобуста ж.б.

3) Пикир алышуу, билдирүү жасоо жана таасир этүү мүнөзүндөгү маекте болсо турмуштук кырдаалдар, сүйлөшүү мотивдери эске алынат. Атап айтканда: дем алышты кандай өткөрүү тууралуу пикир алышуу; алдыда боло турган класстык чогулуш тууралуу билдирүү жасоо; ачылып турган каалганы жаап коюуну өтүнүү ж.б.

Жогоруда маектешүү ар тараптуу максатта жана ар кандай жагдайда жүрө тургандыгын айтып өттүк. Адамдардын бири-бири менен боло турган өз ара пикир алышууларынын да чеги жок экендигин сөз кылдык.

Эми буларга таянуу аркылуу маек үлгүлөрүн типтештирип (классификациялап) көрөлү. Анда төмөндөгүдөй бөлүштүрүүнү алабыз:

1) **Байланышуу маеги:** учурашуу, таанышуу, көңүлүн буруу, чакыруу, коштошуу, узатуу, тосуп алуу, куттуктоо;

2) **Сурап алуу, сурап билүү маеги:** буюмду сурап алуу, бир нерсе жөнүндө сурап билүү, тактап билүү;

3) **Пикир алышуу, ой бөлүшүү маеги:** ой бөлүшүү, талкуулоо, түшүндүрүү, далилдөө, макул болуу, каршы болуу;

4) **Эмоционалдык баа берүү маеги:** ыраазы болуу, ааразы болуу, мактоо, мүнөздөп баа берүү, таң калуу;

5) **Таасир этүү мүнөзүндөгү маек:** өтүнүү, буйрук берүү, чакырык айтуу, кечирим суроо.

Албетте, маек кебинин (диалогдук речтин) бул бардык типтери бир эле класска ушул калыбында, дал ушул тартипте сунуш кылынбайт. Алар сөзсүз жеңилден оорго карай деген принципте, өзүнө ылайык лексикалык, грамматикалык каражаттары менен коштолуп, коммуникативдик минимумдун чегинде, баланын жаш өзгөчөлүгүнө жараша класстарга төмөндөгүдөй тартипте болжолдуу бөлүштүрүлөт. Атап айтканда:

1-деңгээлде:

а) *байланышуу маеги:* таанышуу; учурашуу, чакыруу, коштошуу;

б) *сурап алуу, сурап билүү маеги:* буюмду сурап алуу, нерсе жөнүндө сурап билүү;

в) *таасир этүү мүнөзүндөгү маек:* буюруу.

2-деңгээлде:

а) *байланышуу маеги:* таанышуу, учурашуу, чакыруу, коштошуу;

б) *сурап алуу, сурап билүү маеги:* буюмду сурап алуу, зат жөнүндө сурап билүү, маалыматты сурап билүү, тактап билүү;

в) *пикир алышуу, ой бөлүшүү маеги:* макул болуу, каршы болуу;

г) *эмоционалдык баа берүү маеги:* буюмга мүнөздөмө берүү;

д) *таасир этүү мүнөзүндөгү маек:* буюруу, өтүнүү.

3-деңгээлде:

а) *байланышуу маеги:* учурашуу, таанышуу, кайрылуу, чакыруу, коштошуу, куттуктоо;

б) *сурап билүү, сурап алуу маеги:* буюмду сурап алуу, зат жөнүндө сурап билүү, маалыматты сурап билүү, тактап билүү;

в) *пикир алышуу, ой бөлүшүү маеги:* түшүндүрүү, макул болуу, каршы болуу;

г) *эмоционалдык баа берүү маеги:* мактоо, баа берүү;

д) *таасир этүү мүнөзүндөгү маек:* өтүнүү, буюруу, кечирим суроо.

4-деңгээлде:

а) *байланышуу маеги:* учурашуу, таанышуу, кайрылуу, көңүлүн буруу, чакыруу, коштошуу, куттуктоо;

б) *сурап алуу, сурап билүү маеги:* нерсени сурап алуу, маалыматты сурап билүү, маалыматты тактап билүү, зат жөнүндө сурап билүү;

в) *пикир алышуу, ой бөлүшүү маеги:* түшүндүрүү, талашып-тартышуу, ой-бөлүшүү, макул болуу, каршы болуу;

г) *эмоционалдык баа берүү маеги:* ыраазы болуу, мактоо, кубаттоо, баа берүү;

д) *таасир этүү мүнөзүндөгү маек:* өтүнүү, буюруу, кечирим суроо, ж.б.

Мугалим буларды өтүлгөн грамматикалык материалдарга жараша лексикалык-тематикалык жана кырдаалдык минимумдарга ылайык түзүп пайдалана алат.

Кырдаалдык маектерди уюштуруу моделдери жана окуучулардын окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн баскычтары

Чындыгында, ар бир иштин планын алдын ала түзүүдө же педагогикалык, усулдук түрдүү иштелмелерди даярдоодо анын түпкү натыйжасын эмне берерин, ал кандай болорун божомолдоп билүү керек. Түпкү натыйжа эмне берерине көзү жетпеген ар кандай педагогикалык сынак да маңызсыз далбас уруу менен барабар.

Ар кандай иштин натыйжасы тууралуу ой жүгүртүүдө алдын ала: Бизге эмне керек? Биз эмнеге жетише алабыз? Ага жетишүүнүн жолу кайсы? – деген сыяктуу көйгөйлүү суроолор коюлат. Бул суроолор окутуунун да максатын чагылдырып турары түшүнүктүү.

Кырдаалдык маектерди кантип уюштурууга болот? Биз жогоруда айтып өткөн маек кебинин типтери, түрлөрү сабакта грамматикалык темалар менен бирдикте кантип байланыштырылып үйрөнүлөт?

Эми ушуга ылайык иштелип чыккан ыкмаларды сунуш кылалы.

Атап айтканда, окутууну тематикалык-кырдаалдык принципте уюштуруу аркылуу окуучулардын кыргызча кырдаалдык маек кебин өстүрүүнүн төмөндөгүдөй ыкмаларын пландаштырса болот. Ал жогоруда белгилеп өткөн диалог кебинин типтери жана түрлөрүнө, аны уюштуруучу тилдик каражаттарына, алардын мүнөзүнө, түзүлүшүнө, окуучулардын таануу иш-аракеттерине, жекече өзгөчөлүктөрүнө жана башкаларына жараша уюштурулат.

Тематика жана **кырдаал** деген түшүнүктү кыскача ТК деп белгилеп алалы. Ошол эле учурда, кептин курулуш материалы катары грамматикалык-лексикалык материалдар да катышарын эске алып, аларды Гр (л) деп белгилейли да, натыйжада кеп (текст, маек (диалог) же жеке кеп (монолог) материалы түзүлөрүн эстейли. Анда биздин сүйлө-

шүүбүздүн же монологдук текст түзүү ишибиздин «модели» («формуласы») төмөндөгүдөй болот, атап айтканда:

1) ТК+Гр(л) + ТОЛУК МАЗМУНДАГЫ жана ТОЛУК ТҮЗҮЛҮШТӨГҮ модели

2) ТК + Гр (л) + ТОЛУК ЭМЕС МАЕК

3) ТК + Гр(л) + ТАЯНЫЧ СӨЗДӨР маекти өзгөртүп кайра түзүүгө ылайыкталган кошумча таяныч сөздөрү менен бирге берилет.

4) ТК + Гр(л) + ТАЯНЫЧ СӨЗДӨР жана СӨЗ АЙКАШТАРЫ (таяныч сөздөр менен түзүү тапшырмасы берилет).

5) ТК + Гр(л) + РЕПЛИКА - СТИМУЛ (жалаң реплика-стимулдар, аны пайдаланып бүтүн диалогдук бирдикти түзүү талабы коюлат).

6) ТК + Гр(л) + РЕПЛИКА - РЕАКЦИЯ (жогорудагыдай).

7) ТК + Гр(л) + ТАЯНЫЧ СХЕМА (таяныч схеманын негизинде диалогдук кебин түзүү).

8) Өз алдынча ТК + Гр(л) модели. (Мында тематика менен кырдаал гана сунуш кылынат. Жогорудагы иш-аракеттердин негизинде окуучулар каалаган мазмунда жана формада маектерди түзүшөт).

Буларды таанып-билүү иш-аракеттеринин үч баскычына жараша бөлүп, схема түрүндө мындайча формада берсек түшүнүктүү жана көрүнүктүү болчудай:

№11 таблица

Алгоритмикалык таанып-билүү	Жарым-эвристикалык таанып-билүү	Эвристикалык таанып-билүү

Тактап айтканда:

– *алгоритмикалык таанып-билүү баскычы:*

а) **ТК + Гр(л) + ТОЛУК МАЕК модели**

– *жарым эвристикалык таанып-билүү этабы.*

а) ТК + Гр(л) + ТОЛУК ЭМЕС МАЕК

б) ТК + Гр(л) + ТАЯНЫЧ СӨЗДӨР + СӨЗ АЙКАШТАРЫ

в) ТК + Гр(л) + ТАЯНЫЧ СӨЗДӨР

г) ТК + Гр(л) + РЕПЛИКА-СТИМУЛ

д) ТК + Гр(л) + РЕПЛИКА-РЕАКЦИЯ модели

– эвристикалык таанып билүү баскычы:

а) ТК + **Гр(л) + ТАЯНЫЧ СХЕМА**

б) Өз алдынча **ТК + Гр(л)** модели

Мындай шарттарда тапшырманын мүнөзү мындайча болушу мыйзамдуу деп эсептейбиз.

– *алгоритмикалык таанып-билүү баскычында:*

а) толук мазмундагы жана толук түзүлүштөгү маек колдонулат.

– *жарым эвристикалык таанып-билүү этабында:*

а) толук эмес маекти окуучулар өз алдыларынча толуктташат;

б) маектер окуучулар өзгөртүп кайра түзүүгө ылайыкталып, таяныч кошумча материалдары кошо берилет.

в) окуучулар сунуш кылынган таяныч сөздөр жана сөз айкалыштары боюнча өз алдынча иштешет;

д) тематика жана кырдаал менен кошо реплика-стимулдар гана сунуш кылынат, окуучулар ага ылайык өз алдынча иштешет.

– *эвристикалык таанып-билүү этабында:*

а) тематика жана кырдаалга жараша грамматикалык материалдарды пайдаланып, окуучулар өз алдынча маек түзүшөт. Бул тапшырманын максаты окуучулардын буга чейин билгендерин текшерүү жана жыйынтыктоо болуп саналат.

з) Мында бардык ишти окуучулар өзүлөрү аткарышат. Бул иш буга чейин аткарылган тапшырмалардын синтези, жыйынтыгы болуп саналат.

Бул методикалык ыкмалар бири-бирин кайталабаган, өз алдынчалуу, үзгүлтүксүз, уланмалуу жана ырааттуу аткарылуучу максаттуу иш-аракеттердин логикасын сактаган жана уланткан ыкмалар болуп калууга тийиш.

Алардын ар бири өзүнүн мүнөзүнө жараша ар башкача иш-аракетти уюштурат жана өтүлүп жаткан теманын мүнөзүнө, окуучунун ишкердүүлүк деңгээлине, материалдын оордук жана жеңилдигине жараша сабактын кайсы бир этабында колдонулушу жана ишке ашырылышы мүмкүн. Мындай системдүү иш-аракетинде ырааттуу жана үзгүлтүксүз пайдаланылса, окуучулардын тил үйрөнүү аракеттерин жигерлештирүүгө толук мүмкүн.

Ушулардын негизинде, сүйлөшүүдө төмөндөгүдөй шарттар ырааттуу колдонулушу керектигин белгилейбиз, атап айтсак: **Сүйлөшүү чөйрөсү – Тил билүү деңгээли – Сүйлөшүү тематикасы – Сүйлөшүү кырдаалы – Грамматикалык материал – Лексикалык материал – Сүйлөшүү үлгүсү.** Ушул шарттар толук колдонулганда гана баарлашуу толук кандуу болушу ыктымал.

Андай болсо, баланын тил билүү деңээлине, сүйлөшүү чөйрөсүнө, сүйлөшүү тематикасына жана баарлашуу кырдаалына жараша лексикалык-грамматикалык материалдар сабакта кандай ырааттуулукта колдонулат? Аны төмөндөгү таблицадан көрөлү. Мисалы:

Сүйлөшүү чөйрөсү	**Тил билүү деңгээли**	**Сүйлөшүү тематикасы**	**Сүйлөшүү кырдаалы**	**Грамматикалык материал**	**Лексикалык материал**	**Сүйлөшүү үлгүсү**
Окуу чөйрөсү	А1, 2-класс	Класста	Сабакта саламдашуу жана сабакты уюштуруу кырдаалы	***«ң»*** тыбышы, ***-бы*** суроо бөлүкчөсү, ***-лар*** көптүк мүчөсү	Саламатсыңарбы? Саламатчылык. Сабак, даяр	-Окуучулар, саламатсыңарбы? -Саламатчылык. -Сабакка даярсыңарбы? -Даярбыз.

Социал-дык-ма-даний чөйрө	А2, 5-класс	Китепка-нада	Кайсы китеп жакшы экени тууралуу сурап билүү	Заттын сын-сы-патын билдирүү (сын атооч)	Кандай, кайсы, китеп, жакшы	-Эжей, кайсы китеп жакшы? -Ч.Айт-матовдун китеби жакшы.
Өздүк чөйрө (тур-муш-ти-ричилик)	А2, 6-класс	Көчөдө	Досунан кайсы автобус-ка түшө турганын сурап билүү.	Заттын иретин билдирүү (сан атооч)	Кан-чанчы, автобуз, бар, үй, чейин	-Сенин үйүңө че-йин кан-чанчы автобуз барат? -Менин үйүмө чейин 36-ав-тобуз барат.
Эмгек жана кесип чөйрөсү	В1, 11-класс	Класста	Ким кандай кесипти сүйөт?	Суроо иретинде айтылган сүйлөм (Су-роолуу сүйлөм).	Качан жана экинчи жактагы эмне кы-ласың?- деген суроого жооп берген сөздөр. Келечек, Ким болгуң келет? Юрист	-Серё-жа, сен келечек-те ким болгуң келет? -Мен келечек-те юрист болгум келет?

Демек, мындан эмнени байкадык:

- сүйлөшүү белгилүү бир чөйрөдө жүрөт;
- сүйлөшүү тиешелүү деңгээлге ылайык жүрөт;
- адамдардын бул сүйлөшүүсү тиешелүү бир тематика-га байланыштуу болот?
- сүйлөшүү кырдаалы ошол баалашуу тематикасына байланыштуу болот;

- сүйлөшүүдө анын курулуш материалы катары тиешелүү грамматикалык каражаттар, формалар катышат;

- сүйлөшүүнү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон лексикалык каражаттар катышат;

- сүйлөшүү жогорудагы шарттарга жараша жүзөгө ашат.

ОКУУЧУЛАРДЫН ТААНЫП-БИЛҮҮСҮНҮН АЛГОРИТМИКАЛЫК ТААНЫП-БИЛҮҮ БАСКЫЧЫ

ТК + Гр(л) = МАЕК (толук маек) модели

Программада 1-класс үчүн төмөндөгүдөй тематикалар сунуш кылынган (булар «Алиппе» мезгилине туура келет).

1) Мектеп, класс, баланын окуу куралдары.

2) Үй, үй-бүлө, бөлмө, баланын үйдөгү турмушу.

3) Туугандык мамилелерди билдирүү, баланын ата-энеси, бир туугандары.

4) Мектеп аянты, биздин короо, балдардын оюндары.

5) Өсүмдүктөр, жашылча-жемиштер (аларды багуу, өстүрүү, жыйноо).

6) Тамак-аштардын аталыштары, тамактануу.

7) Үй эмеректери жана идиш-аяктар.

8) Адамдын дене мүчөлөрү, кийим-кечелер.

9) Канаттуулар жана үй айбандары (алардын жашоосу, аларды багуу).

10) Жапайы айбандар.

11) Биздин айлана-чөйрөбүз (айыл-кыштак, шаар). Балдар жана коомдук чөйрө, тартип, тазалык.

12) Бизди курчаган жаратылыш. Жаратылыштагы адам турмушу, мезгилдер, адам эмгеги.

13) Жомок – бизде мейманда.

Бул тапшырмалар 1 жана II чейрек үчүн ылайыкташтырылган, ал жарым жылдык окуу материалдарынын өзөгүн түзүп турат. Ар бир тематика өзүнө ылайык грамматикалык,

лексикалык жана фонетикалык материалдар менен коштолгон. Ага ылайык тиешелүү сааттар ыйгарылган. Демек, бир тематика боюнча бир эле саат эмес, бир нече сааттык мөөнөттө тематикалык маек сабактарын уюштурууга багыт берилет.

Мисалга, темаларга карата тандалган кырдаалдык минимумду алып көрөлү:

1) Заттын ким же эмне экендигин сурап билүү.

2) Заттын бир жакка таандык экенин билдирүү.

3) Заттын турган ордун айтуу.

4) Заттын санын, аз, көп экендигин сурап билүү.

5) Заттын бар, жок экендигин сурап билүү.

6) Заттын иретин айтып билдирүү.

7) Күн аттары кандай аталат?

8) Алдыда боло турган кыймыл-аракеттерди сурап билүү.

9) Заттын кандай экенин айтып үйрөнүү.

10) Кимдин кайда бара жаткандыгын сурап билүү.

11) Кимдин кайда жашай турганын айтуу.

Ушул тематика жана кырдаалдар боюнча түзүлгөн маектер менен кандайча иш-аракетти жүргүзүүгө боло тургандыгын айталы. (Биз бул ирет жогорудагы тематикалар менен кырдаалды бирдикте алабыз).

Тематика: Мектеп, класс.

Кырдаал: Заттын ким экендигин сурап билүү.

Грамматика: Зат атооч.

Лексика: Затты билдирген сөздөр

Мугалим: – Сережа, бул ким?

Сережа: – Ал – Бакыт. Мугалим: – Алена, бул ким? Алена: – Бул – Аида.

Дагы бир мындай тематика менен кырдаалды алып көрөлү:

Тематика: Баланын окуу куралдары.

Кырдаал: Заттын эмне экендигин сурап билүү.

Грамматика: Зат атооч

Лексика: заттык маанидеги сөздөр: китеп, карандаш, бул, тигил ж.б.

Алмаз: – Алексей, бул эмне?

Алексей: – Ал – китеп.

Алмаз: – Виктор, бул эмне?

Виктор: – Ал – карандаш.

Андан ары учурдагы негизги көңүл мугалимдин окуп бергенин туура угууга, андан ары окуучулардын тил жактырып туура окуусуна бурулат. Окуучулар менен мугалим маектерди ролдошуп окуп машыгууну баштайт. Мындай машыгуу алгач күндөрдөгү негизги аткарылуучу иш болуп саналат. Сабакта буга атайын убакыт арналышы керек. Мындай иштер адегенде **«мугалим-окуучу»** формасында баштсалса, кийин **«окуучу-окуучу»** формасында улантылат.

Көңүлгө ала турган негизги нерсе – сөз каражаттары менен иштөө. Бул иш жаңы үйрөнүп жаткан лексиканы окуучуларга тааныштыруу менен башталат. «Сөздүк ишин текстти окуп баратып эле түшүндүрсө болбойбу?», – деп да айтып жүрөбүз. Бул туура эмес. Тигил же бул класста түшүнүксүз деп эсептеген сөздөрүн мугалим сабакка даярдануу дептерине белгилей келет да, чыгарманы (*текстти, маекти* - Р.С.) окуп берердин алдында түшүндүрөт». Ушул эле ойду окумуштуулар Ж. Мукамбаев жана Ш. Шүкүралиев да жакташат.

Дагы бир мисал, алалы.

Тематика: Дүкөндө.

Кырдаал: Заттын бар же жок экендигин билүү.

Грамматика: Суроолуу сүйлөм.

Лексика: Затты билдирген сөздөр.

Көрүнүп тургандай, кырдаалды окуучуларга сунуш кылдык. Эми ушул кырдаалга жараша окуучулар менен бирдикте тематиканы аныктап алалы. Айталы, окуучулар, жогоруда көрсөтүлгөндөй, «дүкөндө» деген тематиканы тандап алышты дейли. Анткени кырдаалда айтылып тургандай, кандайдыр бир буюмдун, нерсенин бар же жок экендигин сурап билүү керек. Анда маек төмөндөгүдөй болуусу мүмкүн:

Алмаз: – Эже, сүт барбы?

Сатуучу: – Сүт жок.

Алмаз: – Тиги айранбы?

Сатуучу: – Ооба, ал – айран... ж.б.

Мындай маектин үлгүлөрүн көркөм адабий чыгармалардан да алсак, эң эле пайдалуу болмокчу. Муну менен бирге башка улуттун өкүлдөрүнө кыргыз балдар адабиятынын үлгүлөрүнөн, элдик жомоктордон үзүндүлөрдү алып, предметтик байланышты ишке ашырабыз.

Мисалга, «Карышкыр менен эчки» деген кыргыз эл жомогундагы карышкыр менен эчкинин маегинен үзүндү:

«Бир күнү эчки келатса, ага карышкыр жолугат.

– Сени жеймин, – дейт карышкыр.

– Мениби?

– Ооба, сени.

– Мени жебе...

– Жок, мен абдан ачкамын...»

Жогоруда мисалга алган маек мазмуну боюнча буюруу маегинин тибине кошулат да, андагы репликалар бирдиктүү бир логиканы сактап жана улантып турат. Мына ушундай ырааттуу машыгуулардан балдар окуу китептеги бардык эле суроо-жооптор маек боло бербестигин түшүнүшөт. Маек сүйлөөчү менен угуучунун ырааттуу, максаттуу пикир алышуусу боло тургандыгын үйрөнүшөт.

Иштин бул түрү менен – окуучуларга маектин табиятын, мазмуну менен формасын, ички логикасын, кырдаал жана тематикага ылайык кантип маек курууга боло тургандыгын түшүндүрөбүз. Мурунку главада айтылгандай, мында да лексикалык-грамматикалык материалдарды өздөштүрүүнүн оптималдуу жолдорун издейбиз.

Жыйынтыктап айтканда, маек кебинин диалогдук речке үйрөтүү иштери-кырдаалдардын татаалдыгына жана оордугуна, жараша жөнөкөйдөн – татаалга карай өнүгүп отурат. Ошондой эле, грамматикалык материалдардын улам татаалдашып берилишине жараша да маектердин түр-

зүмдөрү татаалдаша берет. Мунун баары дидактиканын аң сезимдүүлүк принцибине таянат. Бул тил үйрөнүү ишинин да адамдын аң-сезимдүү иш-аракетинин бири экендигин далилдейт.

ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ-ТААНУУ ИШТЕРИН УЮШТУРУУНУН ЖАРЫМ-ЭВРИСТИКАЛЫК ТААНЫП-БИЛҮҮ БАСКЫЧЫ

ТК + Гр (л) = ТОЛУК ЭМЕС МАЕК модели

Иштин бул түрүнүн максаты: мурда үйрөнүлгөндөргө таянып жаңыны өздөштүргөндөрдү тереңдетүү; мурдагы үйрөнгөн форма жана түзүмдөрүн үлгү кылып, берилген толук эмес диалогдорду (албетте, кырдаал боюнча түзүлгөн) өз алдынча толуктоого машыктыруу, ушулардын жардамы менен сүйлөшүүгө көнүктүрүү.

IV класстын окуучуларынын мүмкүнчүлүгүнө карап, төмөндөгүдөй тематика жана кырдаалдагы маектин үлгүсүн мисалга тарталы.

Тематика: автобуста.

Кырдаал: – Сен кайсы аялдамадан түшөсүң? А алдыңдагы адам кайдан түшөт, сурачы?

Грамматика: орунду билдирген жатыш жөндөмөсү, багытты билдирген барыш жөндөмөсү.

Лексика: кайсы, каякка, бар, аялдама, түш ж.б.

Маек (диалог):

– Сиз кайсы аялдамадан түшөсүз?

– Мен ... аялдамасынан түшөм. А сенчи?

– Мен ... аялдамасынан түшөм.

Же болбосо, ушул мазмундагы узунураак маек үлгүсүн мисалга алалы.

– Сиз кайда барасыз?

– Мен ... барам. А өзүңчү?

– Мен ... барам.

– Кайсы аялдамадан түшөсүң?

– ... аялдамасынан түшөм.

– Сиз каерден түшөсүз?

Көрүнүп тургандай, бул маек тиби боюнча сурап билүү маегине кирет. Түзүлүшү боюнча толук эмес маек. Мында көрүнүп тургандай, сүйлөөчүнүн да, жооп берүүчүнүн да сөздөрүнүн айрым мүчөлөрү кыскартылып берилди. Толуктоону талап кылып отурат. Мугалим мындай толук эмес маекти окуучуларга сунуш кылганда, анын керектүү таяныч сөздөрүн кошо бербейт. Окуучу андай таяныч сөздөрдү да өз алдынча каалагандай тандап алат. Шарт боюнча класста канча окуучу болсо, бул маек ошончо мазмунда толукталышы мүмкүн.

Себеби ар бир окуучу ар башка көчөдө жашайт, ар башка троллейбус же автобус менен барып, күндө түшүп жүргөн аялдамадан түшөт. Үйүнө, же башка жерлерге жөө да баруусу мүмкүн. Бул турмуштук реалдуу көрүнүш сабакта окуу тапшырмасын аткаруунун, маектерди толуктоонун эң биринчи шарты болуп калат. Анын үстүнө, иштин мындай түрү окуучулардын өз алдынча оюн билдирүүгө ыңгай түзүү гана эмес, алардын өз алдынча иштөөсүнө машыктыруучу аракет да боло алат.

1-түрү. (1-окуучунун түзгөн диалогу)

– Байке, сиз кайда барасыз?

– Мен «Спартак» стадионуна барам. А өзүңчү?

– Филармонияга.

Муну андан ары улантсак, мындай болот:

– Кайсы аялдамадан түшөсүң?

– Филармония аялдамасынан түшөм. Сиз каерден түшөсүз?

– Мен «Россия» кинотеатрынан түшөм.

Көрүнүп тургандай, көп чекиттердин ордуна төмөндөгү: *«Спартак» стадионуна, филармония* жана *«Россия» кинотеатрынан* деген сөздөр коюлуп, толукталды. Ошону менен бирге, окуучу өз оюн билдире алды. Бул диалогдо

багытты билдирүүчү *-га* жана кыймыл-аракеттин башталган ордун билдирүүчү *-дан* мүчөлөрү жигердүү катышты. Бул көрүнүштөрдү мугалим ачык талдап далилдеп үйрөтүүсү зарыл. Демек, мурда айтып өткөндөй, *грамматикалык мындай формалар сүйлөөдө негизги каражат болуп берерин ушул жерде түшүндүрсө болот.*

2-түрү. (Экинчи окуучу түзгөн)

– Замир, сен кайда барасың?

– «Миң түркүн» дүкөнүнө. А өзүңчү?

– Орус драмтеатрына барам...

Маекти дагы улантып, толуктасак, төмөндөгүдөй болот.

– Кайсы аялдамадан түшөсүң?

– Ала-Тоо аялдамасынан түшөм. Сен каерден түшөсүң?

– Гоголь көчөсүнөн.

Экинчи окуучу түзгөн маекте биринчиникинен алда канча башка сөздөр жана сөз айкаштары пайдаланылды. Ошонун негизинде, ал да өз оюн билдирүүгө аракет жасады. Турмуштук кырдаалга жараша турмуштук маек үлгүсү түзүлдү.

Мындай учурда мугалим иштин түрүн өзгөртүп, ар бир окуучу менен **жекече иштөөдөн-жупташып иштөөгө** өтсө дурус натыйжа берет. Себеби, толук эмес маекти бир партада отурган эки окуучуга толуктоо тапшырмасы берилсе, анда экөө өз алдынча оюн билдирүү менен толукташат. Мындай шартта да мазмундуу жана реалдуу болоору шексиз.

ТК + Гр (л) + МАЕК модели (таяныч сөздөрү менен)

Иштин бул түрү эки багытта жүргүзүлүшү мүмкүн.

1-багыт. Толук маектеги таяныч сөздөрдүн жардамы менен өркүндөтүп, кайра түзүү.

2-багыт. Толук эмес маектерди таяныч сөздөрү менен толуктап түзүү.

Бул иштин мүнөзү менен максаты – окуучуларды мурда үйрөнгөндөрдүн негизинде өз алдынча иштөөгө даярдоо,

билгендерин андан ары өркүндөтүү. Окшош турмуштук кырдаалдарга ылайык башкача мазмундагы жана түрдөгү маекти түзүүгө машыктыруу. Мындай учурларда ар бир окуучунун жекече чыгармачыл ишкер аракети жогору баалануга тийиш. Иштин натыйжасында вариант маек үлгүлөрү да түзүлөт, аткарылган иштин мазмуну байыйт.

3-класстын окуучуларынын мүмкүнчүлүгүнө карап төмөндөгүдөй тапшырманы берип көрөбүз.

1) Толук маекти таяныч сөздөр менен өркүндөтүү. Тематика. Убакыт.

Кырдаал. Сен бир жакка барууң керек. Азыр саат канча болду?

Маек (диалог):

– Володя, саатың барбы?

– Ооба.

– Айтып койчу, убакыт канча болду?

– 4төн 15 мүнөт өттү. А эмне болду?

– Саат 5те бөбөгүмдү бакчадан алуум керек.

Таяныч сөздөр:

а) саат 3 болду. Үч жарым. Жетиге он мүнөт калды. Беш жарым болду. Төрттөн жыйырма мүнөт өттү.

б) **Киного барам.** Театрга баруум керек. Кино башталат. Мультфильм болот... ж.б.

Берилген маектин үлгүсүн таяныч сөздөрдү пайдалануу менен мындайча өркүндөтүп түзсөк болот (тактап айтканда, башка түрдөгү маек үлгүсүн түзөбүз).

– Василий, саатың барбы?

– Ооба.

– Айтып койчу, убакыт канча болду?

– Саат 3 болду. А эмне?

– Үч жарымда кино башталат... ж.б.

Көрүнүп тургандай, бул маек мазмуну боюнча маалыматты тактап сурап билүү мүнөзүндөгү маектин тибине кирет. Мындай типтеги маекти дагы да уланта берсе болот.

1) Толук эмес маекти таяныч сөздөр менен толуктап түзүү. Тематика. Класста.

Кырдаал. Класста канча окуучу бар? Бүгүн сабакка канча окуучу келди? Канча окуучу келген жок? Сурайлычы.

Грамматика: Сан атооч сөздөрү

Лексика: санды билдирген сөздөр: канча, нече, он, жыйырма, отуз, кырк... окуучу, бүгүн, келди, келген жок... ж.б.

Маек:

– Класста канча окуучу бар?

– Класста ... окуучу бар.

– Бүгүн канча окуучу сабакка келди?

– ... окуучу келди.

– Канча окуучу келген жок?

– ... окуучу келген жок.

Таяныч сөздөр: жыйырма беш, жыйырма үч, жыйырма төрт, бир, эки, үч... ж.б.

Муну да жогоруда айтылгандай иштөө керек. Таяныч сөздөрдү ылайыгына жараша көп чекиттердин ордуна койсо, маек оңой эле толукталат. Бул сыяктуу иш да окуучунун өз алдынча чыгармачылык жигердүү ишине багыт берүүчү мүнөзү менен чоң роль ойнойт.

ТК + Гр (л) = ТАЯНЫЧ СӨЗДӨР модели

Иштин бул түрү мурдагыларды андан ары улантат жана аны толуктайт. Мурда тематика, кырдаалдар толук жана толук эмес маектери менен коштолуп бериле турган болсо, бул учурда маектери берилбейт да, тематика жана кырдаал боюнча маек түзүү максаты коюлат. Өзгөчөлүгү – керектүү таяныч сөздөр жана сөз айкаштар сунуш кылынат. Аны пайдаланып, эми окуучулар берилген кырдаал боюнча өз алдынча иш жүргүзүүлөрү тийиш.

Иштин бул түрүн да сабакта өтүлгөндөрдү бышыктоо учурунда жигердүү пайдаланса болот. Анда мүнөзү, формасы

боюнча өтүлгөн жаңы темага ылайык болгон сөздөр жана сөз айкаштары кеңири колдонулат.

Мисалы, III класстын окуучуларына мындайча тапшырманы сунуш кылалы:

Тематика. Эс алуу.

Кырдаал. Эртең окуучулар эс алууга тоого барышат. Качан, каерден жолугуш керек? Келгиле, тактайлы.

Грамматика: Атооч, сурама ат атооч.

Лексика: аялдама, эртең менен, жолугалы, саат, мүнөт ... ж.б.

Таяныч сөздөр жана сөз айкаштары: Аялдамадан ... шаардын четинен ... Эрте ... саат 7де ... Эртең менен эрте ... саат 7 жарымда ... Суунун боюнан ... саат 8ге 15 мүнөт калганда ...

Эми ушул сөз айкаштарын пайдаланып, кырдаалга жараша пикир алышуу, ой бөлүшүү тибиндеги маекти түзүү максатын коёлу. Бул үчүн мугалим жогоруда айтып өткөндөй, же окуучулардын жупташып иштөөсүн, же топтошуп иштөөсүн тандап алат.

Айталы, жупташып иштөө ыкмасы өзүнүн табияты боюнча эки адамдын пикир алышуусуна ылайыктуулугу менен айырмаланат. Демек, бул жолу да сабакта ошого ылайык шарт түзүп көрөлү.

1-жуп (эки окуучу, мисалы: Жыпар жана Жаңыл) төмөндөгүдөй маек түзөт.

Жыпар: – Жаңыл, сен эртең эс алууга барасыңбы?

Жаңыл: – Ооба, барам. А сенчи?

Жыпар: – Мен дагы барам.

Маекти андан ары улантсак, мындай болушу мүмкүн.

Жаңыл: – Кайсы жерден жолугушалы?

Жыпар: – Аялдамадан.

Жаңыл: – Саат канчада?

Жыпар: – Саат 8 жарымда.

2-жуп (эки окуучу, мисалы: Виктор жана Эмил) мындайча мазмундагы маек түзүүсү мүмкүн:

Виктор: – Эмил, эс алууга сен да барасыңбы?
Эмил: – Ооба.
Виктор: – Каерден жолугушалы?
Эмил: – Суунун боюнан?
Виктор: – Саат канчада?
Эмил: – Саат 9 да.

Мында да окуучулар алдыдагы кырдаалга жараша түзүлүп отурган көйгөйдү кеңешип, акылдашып чогуу чечишет, түзүлгөн маек үлгүсү да турмушка жакын болот. Көрүнүп тургандай, бул маекте барыш жана жатыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрү жигердүү катышты. Демек, балдар маек үлгүсүн түзүү менен, аталган грамматикалык формаларды кепте кантип колдонууга болорун практикада көрүштү.

Класстагы окуучулардын баарына эле кыргызча маек түзүү оңойго турбашы мүмкүн. Ошондуктан алардын тил билүү деңгээлине жараша мындай учурда жупташып иштөө (а топтошуп иштөөнүн мүмкүнчүлүгү мындан да кеңири) аларга бир кыйла жагымдуу шартты түзмөкчү.

ТК + Гр (л) = РЕПЛИКА-СТИМУЛ модели

Бул ирет сөз кыла турган **ТК+Гр(л) + РЕПЛИКА-СТИМУЛ модели** мурдагылардан бир аз башкачараак. Реплика-стимул деген – сүйлөөчү адам маектешине койгон, анын жооп беришин талап кылган суроо-соболу болуп саналат. Алынган жооп берилген суроого жараша болору, суроо жооп алууну талап кылары жана ага багыт берип турары балдарга түшүндүрүлөт.

Деги эле реплика-стимул сүйлөшүүнүн тематикасынын жана максатын аныктоо менен сүйлөшүп жаткан адамды кыймыл-аракетке же жооп берүүгө түрткү берип турат. Жооп болуп түшкөн реплика-реакция өзүнүн лексикалык курамы жана лексикалык курулушу боюнча реплика-стимулга көз каранды болот. Маек дайыма ушул реплика-стимул менен реплика-реакциянын орун алмашып турушунан түзүлөт.

Бул реплика-стимул жана реплика-реакция жаратылышы боюнча алганда маектердеги суроо жана жоопту эле түшүндүрөөрүн мындан мурун эле сөз кылганбыз. Ошондуктан буга чейинки толук жана толук эмес маектер боюнча жүргүзүлгөн иштер окуучунун эсине салуу менен, мугалим бул ыкманын деле жаңылык эмес экенин белгилейт.

Окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө багыт берүүдө бир эле нерсени экиге бөлүп алып (суроо менен жоопту, реплика-стимул менен реплика-реакцияны), алардын билимдерин, билгичтиктерин, машыккандыктарын текшерүүгө жана чыгармачыл иштөөсүнө багыт берүүгө неге болбосун? Эмесе, бул ирет мына ошол максатта маектик бирдиктин (диалогдук бирдик эки репликанын: реплика-стимул менен реплика-реакциянын биригип турушу) эки компонентин экиге бөлүп алып, сүйлөшүүгө машыктыруу сабактарын уюштуруп көрөлү.

Мисалга 4-класстын окуучуларына программалык материалдын негизинде мындай тапшырманы сунуш кылабыз. (Грамматикалык тема: таандыктын **-ым, -ың** мүчөлөрү)

1) **Тематика.** Таанышуу.

1-кырдаал. Класска жаңы окуучу келди. Анын аты ким болду экен?

2-кырдаал. Силерге жаңы кошуна келди. Анын баласынын (кызынын) аты ким болду экен?

Грамматика: Суроолуу сүйлөм.

Лексика: мен, сен, ат, ким, таанышып алалы... ж.б.

Реплика-стимул:

а) Сенин атың ким?

б) Таанышып алалы, атың ким?

в) Менин атым – Асыл (Керим), сенин атың ким? Эгер мурда тааныш болуп, бирок унутуп калган болсо, мындай реплика-стимулдар колдонулуусу мүмкүн:

– Кечирип кой, сенин атың ким эле?

– Кечирип кой, мен – Асылмын (Кериммин), а сен кимсиң?

– Сенин атыңды унутуп коюпмун, ким эле?...

Мындай татаалыраак конструкциядагы кеп үлгүлөрүн кыргызча жакшы билген окуучуларга сунуш кылса болот. Ошол сыяктуу, 3–4-класстын кыргызча жакшы сүйлөгөн окуучуларына төмөндөгүдөй кеп адебин элестеткен үлгүлөрүн сунуш кылса болот. Мисалы:

2) **Өтүнүү. Тематика**. Дүкөндө

Грамматика: Зат атооч, орунду билдирген мүчөлөр, суроолуу мүчө.

Лексика: дүкөн, дептер, калем сап, кезек, сатып алуу... ж.б.

1-кырдаал. Дүкөндө дептер, калемсап... ж.б. сатылып жатат. Алардын баасы кандай болду экен?

2-кырдаал. Сенин калемсап алгың келди. Кезегиң да жетти...

Реплика-стимул:

– Айтып коюңузчу, тигил калемсап канча турат?

– Мага он беш дептер берип коюңузчу.

– Айтып коюңузчу, циркуль барбы?

– Эжеке, элүү тыйын алып коюңузчу... ж.б.

3) **Уруксат сурап кайрылуу маегинде.**

4) **Тематика.** Мектепте.

1-кырдаал. Сен, сабакка кечигип келдиң. А класста сабак жүрүп жатат.

2-кырдаал. Сенин дарыканага барууң керек. Ал үчүн класс жетекчиден сурануу зарыл.

5) **Чакыруу маегинде.**

Тематика. Эс алуу.

Грамматика: зат атоочтун -сын жак **мүчөсү,** -ка барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү.

Лексика: дос, макул болуу, каршы болуу...

1-кырдаал. Сен досуң менен сейилбакка баргың келди. Ал каршы болбос бекен?

2-кырдаал. Сен дем алыш күнү китепканага барасың. А класташыңчы?

Реплика-стимул:

Грамматика: этиш, -быз көптүк мүчөсү, -ка барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү.

Лексика: жүрү, сейил бак, баруу, китепкана ... ж.б.

– Сабыр, жүрү, сейил бакка барабыз.

– Сабыр, сейил бакка баралыбы?

– Сабыр, жүрү, китепканага баралы... ж.б.

Мындай ар түрдүү максатты, мисалы, байланышуу, сунуш кылуу, пикир алышуу, тактап билүү ж.б. сыяктуу тибиндеги түрдүү максаттарды көздөгөн маектерди түзүүгө машыктырууга, көнүктүрүүгө багытталган реплика-стимулдарды дагы да узарта берсек болот.

А көрөкчө, мугалим булар менен кандайча иштеши керек, окуучулар эмнелерди билиш керек, эмнелерге машыгууга тийиш, ошолорду бир аз белгилеп өтөлү.

Баарынан оңой байланышуу тибиндеги маекти алалы. 2-кырдаалда берилген шартты кандайча аткарууга болорун элестетели. Эскерте кетүүчү нерсе, реплика-стимул бул жооп берүүнү талап кылган суроо экенин унутпайлы.

1-реплика-стимул боюнча маек:

– Сенин атың ким?

– Кубаныч.

2-реплика-стимул боюнча:

– Таанышып алалы, атың ким?

– Жакшы болот, менин атым – Светлана.

– Абдан жакшы. Мен – Айжанмын.

Же болбосо, **таасир этүү тибиндеги маекти түзүп көрөлү.**

3-реплика-стимул боюнча:

– Менин атым – Асыл. Сенин атың ким эле?

– Майрамкан.

– Кечирип кой, унутуп калыпмын.

– Эч нерсе эмес.

Мына ошентип, 4-класста таанышуу, сурап билүү, таасир этүү ж.б. тибиндеги маектерди түзүүгө үйрөтүү менен

бирге, анын негизинде грамматикалык материалдардан: суроолуу сүйлөм, жай сүйлөмдөр, жөндөмөлөр, таандык мүчөлөр жана алардын табияты, түзүлүшү жөнүндө маалымат берүү, ага машыктыруу иштери жүргүзүлмөкчү (программада көрсөтүлгөн тартипте). Мугалим ар качан көңүлүнө түйүп жүрчү бир нерсе – бул сабак башталышынан бүтүшүнө (жыйынтыкталышына) чейин бирдиктүү бир логиканы камтыган таанып билүү процесси болушу керек. Ошондо да анын мыкты-мыкты учурлары, көз ирмемдери (б.а. үзүндүлөрү) болот. Мыкты сабак мыкты фрагменттердин логикалуу, ырааттуу биримдигинен турган чыгармачыл процесс экенин түшүнүү кыйын эмес.

Кыргыз тили сабагынын дагы бир ролу – бул кыргызча кеп адебине (жогоруда айтылып өткөндөй) үйрөтүү болуп саналат. Анын эки багыты бар:

1) Кыргызча маданияттуу баарлашууга көнүктүрүү.

2) Ошого көнүгүп жатып, кеп каражаттарынын курулушу менен табиятын үйрөнүү.

Демек, биз сөз кылып жаткан ар бир тематика, маек жана кырдаалдар сабактын ички логикасынан ажырап бөлүнүп турууга, ага байланышпай туруп өз алдынча сөз кылынууга тийиш эмес. Сабактын негизги материалдары: тематика жана кырдаал, кеп үлгүсү жана маек, лексикалык материалдар жана грамматикалык эрежелер – баары бириги-гип бир туташ чынжыр сыяктуу аракетке ээ болгондо гана баарлашуу багыты айкын болмокчу. Муну биз төмөндөгүдөй схема менен элестетип көрсөк болот:

ТЕМАТИКА	**КЫРДААЛ**	**КЕП ҮЛГҮЛӨРҮ**

МАЕК

ЛЕКСИКА	**ГРАММАТИКА**

ТК +Гр (л) + РЕПЛИКА-РЕАКЦИЯ модели

Жогоруда айтылгандай, *реплика-реакция сурооого жооп болуп түшүүчү сөз жана сөз айкаштары, б.а. сүйлөшүп жаткан экинчи адамдын өзүнө берилген суроо – соболдорго карата жасаган мамилеси, кайтарган жообу болуп саналат.*

Реплика-реакция түзүлүшү боюнча кыска жооп жана толук жооп болуп эки формада учурай турганын мугалим өз окуучуларына оозеки стилдеги речтин бир белгиси катары түшүндүрөт. Ал тургай, кээ бир учурда сурооого эч кандай сөз жок эле мимика же жаңдоо (жесть) менен жооп кайтарса да болорун айтат, аны кыймыл менен түшүндүрүп да берет.

Тактап айтканда:

ӨТҮНҮҮ	МАКУЛ БОЛУУ

СУРОО	КЕҢЕШ

Көрүнүп тургандай, реплика-реакция өзүнүн максаты боюнча реплика-стимулду толуктап турмакчы, мындай реплика-реакция толуктоо менен окуучулар өз алдынча иштөөсүн активдештирет. Анткени берилген реплика-реакцияны өз алдынча окуп түшүнгөн окуучу буга ылайык көмүскөдө турган реплика-стимулду өзү эле аныктай алат. Тематикага жана кырдаалга ылайык үлгү маекти толуктап, өз алдынча түзөт.

ОКУУЧУНУН ОКУУ-ТААНУУ ИШ-АРАКЕТИН УЮШТУРУУНУН ЭВРИСТИКАЛЫК БАСКЫЧЫ

ТК + Гр (л) + ТАЯНЫЧ СХЕМАСЫ модели

Диалогдук речке көнүктүрүүдө сүйлөшүүнүн үлгүлөрүн эле үйрөтсө, окуучулар аларды кырдаалга жараша колдонуп

сүйлөшө беришет деген бүтүмгө келүү туура эмес. Ойлонуп көрөлүчү, сүйлөшүүнүн бир үлгүсүн алып, аны ар кандай кырдаалда өзгөрүүсүз колдонуп, өз оюн билдирүүгө мүмкүнбү? Ал эми кырдаал сүйлөшүүнүн логикасына, тематикасына ылайык ар бир көз ирмем сайын өзгөрүп, ой уланып, улам жаңыча пикир кошулуп, сүйлөшүү башка нукка же багытка да өтүп кетиши мүмкүн. Андай учурда окуучунун жаттап алган бир- эки кеп үлгүсү эмнеге жетмекчи? Сүйлөөчү адам маектеги пикирдин өнүгүп отурушуна жараша аны кошумча ой-пикир менен толуктап, улантып, ага жараша сөз каражаттарын билдирип отуруусу керек.

Мына ушундай ойду бекемдөө менен бирге, усулчу Е.И. Пассов:

«Ведь главная задача, если ее сформулировать кратко, заключается в том, чтобы обучать механизму порождения диалога», – деп айтат да, анын бирден бир каражаты катары шарттуу-речтик көнүгүүлөрдү (условно-речевые упражнения) иштетүү менен окуучулардын машыгууларын өстүрүү маселесин коёт. Е.И.Пассов ушул жерден шарттуу речтик көнүгүүнү эки этапка бөлүштүрөт. Алар – РУ1 жана РУ2 (речевые упражнения). Диалогдук речке көнүктүрүүдө, б.а. даярдоодо эң эле натыйжалуу каражат катары РУ1 деп белгилеп, усулчу С.У. Тучкованын таяныч чиймелерин эске алуу менен мындай деп жазат: «Напомним, что РУ2 – это упражнения, в которых используются различные опоры. Одним из эффективных видов опор, которые хотелось бы рекомендовать учителю, является функциональные опоры».

Реплика-реакцияны өз ара мындайча түрлөргө бөлсөк болчудай.

1) Учурашуу маегиндеги реплика-реакция;

2) Таанышуу маегиндеги реплика-реакция;

3) Суроого оң жооп берүү, макул болуу мүнөзүндөгү реплика-реакция;

4) суроого терс жооп берүү, каршы болуу мүнөзүндөгү реплика-реакция.

5) Бир нерсени тактап билүүчү суроого карата кайтарылган реплика-реакция;

6) түшүндүрүү мүнөзүндөгү реплика-реакция;

7) далилдөө мүнөзүндөгү реплика-реакция.

Эмесе, ушул реплика-реакциялардын айрымдары боюнча 3–4-класстардын окуучуларына ылайык төмөндөгүдөй үлгүлөрүн мисалга алалы:

А) Толук түрүндөгү реплика-реакция:

– Ооба, менин атым – Венера (Азамат ... ж.б.)

– Саламатчылык, өзүңдүн ден соолугуң кандай?

– Ой, Андрей! Сен өзүң кайдан жүрөсүң?

– Макул, мен саат үчтө келем.

– Жок. Эртең убактым болбойт.

– Ооба, бул – менин өчүргүчүм.

– Кыргыз тили сабагы бүгүн болбойт, эртең болот.

– Ооба, бүгүн жамгыр жаайт.

– Булар боюнча кандайча маек түзүүгө болот?

1-топ (топто 4 окуучу бар дейли да, аларга жогорудагы бир реплика-реакцияны сунуш кылалы. Окуучулар ал боюнча кеңешип диалог түзүшөт.)

Жогоруда келтирген мисалдардан 3-реплика-реакцияны алалы.

Окуучулар бул реплика-реакциянын мазмунун түшүнүп көптөн бери жолугуша элек эки адамдын капысынан жолугушкандыгын чагылдырып турганын баамдашат да, буга ылайык маек түзүү үчүн «Жолугушуу» аттуу тематиканы тандап алып, байланышуу тибиндеги маекти түзүшөт.

Тематика: Жолугушуу.

Кырдаал: Көптөн бери жолугуша элек досуң жолугуп калды. Кандай кубанычтуу!

Грамматика: -бы сурама бөлүкчө. **Кандай?** суроосу.

Лексика: саламатсыңбы? саламатчылык.

Маек (диалог):

Валерий! Саламатсыңбы? Кандай?

Маекти ушул калыбында калтырып койбой, андагы логиканы улантуу, мазмундук жактан толуктоо иши окуучулардын чыгармачыл мүмкүнчүлүгүнө, тил билүү даражасына коюлат. Алардын өз алдынча чыгармачылык менен иштөөсүнө зарыл шарттар түзүлөт.

Б) Кыска формадагы реплика-реакция мындайча болушу ыктымал:

– Ооба.

– Ооба, бар.

– Жок.

– Барбайм.

– Эртең ж. б.

Бул сыяктуу реплика-реакциялар боюнча да репликастимулду толуктап, түрдүү типтеги маекти түзүүгө болот. Анда да, кырдаалдар боюнча маек түзүүнүн негизинде өтүлгөн грамматикалык материалдар менен лексикалык каражаттарды оптималдуу өздөштүрүү жолдорун издөө талап кылынат.

Деги эле сүйлөшүүнүн жүрүшүндө бирөө сурап, экинчиси ага жооп берип эле калбайт. Анын бүтүндөй өзөгүн түзгөн жандуу логика түзүп турат. Айталы, суроо, түшүндүрүү, далилдөө, салыштыруу, сунуш кылуу, тактоо, кызыгуу, макул болуу, каршы болуу ж. б.

Мындай көрүнүштүн ар бирин сүйлөшүүнү үзгүлтүксүз жүргүзүп турган жандуу механизмдин компоненттери деп шарттуу түрдө белгилеп алсак, анда бир сүйлөшүүнү таяныч чийме аркылуу мындайча элестете алабыз.

Эскерте кете турган нерсе: мындай форманы ар бир класста чыгармачылык менен колдоно берсе болот.

Мисалы:

а) Суроо-жооп иретиндеги байланышуу.

Суроо, өтүнүү	*Макул болуу, кеңеш берүү*

б) Ишенбөө-далилдөө иретиндеги пикир алышуу маегин окуучулар өздөрү түзүшсө болот. Эскерте кетүүчү нерсе, мурда таяныч сөздөр, сөз айкаштары же кеп үлгүлөрү кошо берилсе, мында аларды окуучулар өзүлөрү табышат. Жаңы ыкманын өзгөчөлүгү ушунда.

№12 таблица

Суроо	*Жооп*
Ишенбөө	*Ишендирүү*

Же болбосо:

Чакыруу	Тактап суроо
Кошумча маалымат	Макул болуу

Ушул сыяктуу таяныч схемаларды колдонуп иш жүргүзүү менен балдардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө айрым учурда II класста эле ырааттуу аракет кыла баштаса болот. III–IV класстын айрым окуучуларына татаал формалардагы схемаларды сунуш кылуу керек. Бул учурда тандап алган тематикага ылайык элестетүү, түзүү иштери иштелмекчи. Мисалы:

Эми муну, мисалы, чакыруу, ага макул болуу кырдаалына байланыштырып көрөлү.

Мугалим мында бир нече жөнөкөй кеп кырдаалдарын окуучуларга сунуш кылат, ал боюнча маектерди алдын ала пландаштырат. Схема түзүүгө багыт берет. Класс речтик кырдаалдардын санына жараша бир нече топторго бөлүнөт.

1-топко (кырдаал): Жолдошуң сени ... барууга чакырды да, сен ага макул болдуң. Качан барасыңар?

2-топко (кырдаал): Жолдошуң куурчак театрына бирге барууга чакырды. Сен ага каршы болдуң. Эмне үчүн?

3-топко (кырдаал): Жолдошуң спорт залга чогуу барууга чакырды. Сен китепканага баралы деп сунуш айттың. Ал эмне деди?

4-топко (кырдаал): Жолдошуң сени китепканага баралы деп чакырды. Ага сен үйдө эс алам деп айттың.

1-кырдаал 1-топко төмөндөгүдөй схеманы жана ага жараша маек үлгүсүн сунуш кылалы.

Мисал үчүн схема түзүп сунуш кылалы:

№13 таблица

Чакыруу	Макул болуу

Кошумча маалымат	Тактап суроо

Так маалымат	Убада

Схемага ылайык маек түзүп көрөлү:

– Алмаз, циркке баралыбы?

– Баралы.

– Кытай цирки экен.

– Качан баралы?

– Эртең.

Албетте, маек кебин өстүрүүдө бул сыяктуу ТК жана схема ыкмасы татаалыраак. Окуучуларга, адегенде, кырдаал боюнча схема түзүп, андан кийин ага ылайык маек түзүү – бир кыйла машакаттуу иш. Ошондуктан мындай тапшырмаларды, көбүнчө, кыргыз тилинде белгилүү деңгээлде дурус сүйлөй алган жана талаптагыдай өздөштүрүп жаткан окуучуларга мезгил-мезгили менен, кайталоо, жалпылоо жана текшерүү мүнөзүндөгү сабактарда сунуш кылса болот.

Бул аракеттер алардын өз алдынча чыгармачыл ишине багыт берет, бара-бара ага калыптандыра баштоого негиз түзөт.

Өз алдынча ТК + Гр (л) + МАЕК КЕБИ модели

Иштин бул түрүнүн максаты – окуучулардын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу жана жигердүү түрдө жүзөгө ашыруу, аны андан ары өркүндөтүү. Сабакта турмуштагыдай сүйлөшүү шартын түзүп, ошол шарттарда чөйрө менен эркин пикир алышууга машыктыруучу баарлашуу мүнөзүндөгү көнүгүүлөрдү иштетүү. Иштин бул түрүнө мугалим мына буларды окуучулардын көңүлүнө кайрадан сала кетүүсү тийиш.

1. Маек жөн гана суроо-жооп эмес, ал өзөгүндө бирдиктүү логика жаткан эки адамдын сүйлөшүүсү.

2. Маек адамдардын өз ара баарлашуусу. Анын турмуштук ар кандай чөйрөдө, түрдүү темада жүрө турганын шарттуу түрдө тематика деп алса болот.

3. Сүйлөшүү, пикир алышуу эч кандай себепсиз эле жүрө бербестиктен, ал кандайдыр бир шартта түзүлгөн мотивдин түрткүсү менен ишке аша тургандыгын түшүнүү кажет. «Ситуация является как совокупность обстоятельств реальной действительности, того фона, на котором разворачиваются какие-то события, действия, причем эти обстоятельства должны служить стимулом к речевому действию» (Е.П. Пассов).

Демек, мугалим түрдүү предметтик жана сюжеттик сүрөттөрдү көрсөтмө курал катары пайдалануу менен сабак өтсө, аны натыйжалуу өтүлгөн сабак катары баалайбыз. Бул окуучулардын өздөштүрүү, таануу ишмердүүлүгүнүн өсүшүндө белгилүү ролду ойноору шексиз. Ошону менен бирге, үйрөнүп жаткан тилде (кыргыз тилинде) сүйлөшүп, пикир алышууга үйрөтүүдө биринчи баскыч – даярдоочу этап катары эсептелингени туура, анткени ал үйрөтүүчү ролду ойноо менен, эми турмуштук түрдүү кырдаалдарда

пикир алышууга машыктырууга чейинки иш-аракеттердин биринчи баскычы болууга тийиш.

Биз бул ирет тил үйрөнүүнүн экинчи баскычы болуп саналуучу пикир алышып сүйлөшүүгө машыктыруу жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

Бул жогоруда Е.И. Пассов белгилеген РУ2 тибиндеги көнүгүүлөр болмокчу. Демек бул диалогсуз ТК ыкмасы буга чейинки сөз кылып **келген ыкмалардын жыйындысы.** Окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруудагы буга чейинки аткарып келген бардык иш-аракеттерди ар тарабынан жалпылоочу ыкма иштин өз алдынча чыгармачыл этабы – эвристикалык этап болуп саналат.

Мында эч кандай кошумча каражаттары (таяныч сөздөрү, сөз айкаштары, реплика-стимул... ж.б.) пайдаланылбайт, окуучуларга тематика жана кырдаал өз алдынча сунуш кылынат. Окуучулар берилген тапшырмаларды мугалимдин же өзүлөрүнүн тандоолору боюнча жекече, жупташкан, топтошкон түрдө же жалпылап, чогуу отуруп да аткарышат.

Ушуга окшош бир нерсени эстеп көрөлү. Усулчу Б.Рысбекова менен К.Сартбаев «Алиппени» 1-класста окутууда мугалим менен окуучулардын ортосундагы төмөндөгүдөй маектин үлгүсүн сунуш кылышат.

– Мына, биз таанышып алдык, эми биринчи сабакты баштайбыз... Карагылачы, биздин классты. Кандай экен?..

Көрүнүп тургандай, бул сыяктуу маек класстын ички көрүнүшүн таза же таза эмес экенин далилдөө эмес, балдардын көңүлүн ишкердүүлүккө буруу, сүйлөшүү маанайын түзүү болуп саналат.

Мындай учурда бардык көңүл мугалимдин уюштуруучулук жөндөмүнө жана окуучулардын активдүү аракеттенүүлөрү менен ишкердүүлүктөрүнө бурулмакчы. Анткени мугалимдин сунуш кылган көнүгүүлөрү өзүнүн мүнөзү боюнча ийкемдүү, окуучуларды баарлашып сүйлөшүүгө тартып, ой-пикирин билдирүүгө түрткү бере тургандай усулдук жактан ойлонулган болушу керек.

Бир мисал келтирели:

1. Өзүңдүн аты-жөнүңдү айтып, бирөө менен тааныш.

2. Уруксат сурап, класска кир.

3. Досуңду (курдашыңды) киного же үйүңө чакыр. Ал сага макул болобу, болбойбу?

4. Сени менен сүйлөшүү үчүн бирөөнүн убактысы бар бекен, сура.

5. Досуң: Бирөөнү көрдүңбү? – деп сенден сурады, сен аны көрдүңбү, көргөн жоксуңбу? Айт.

6. Досуң эртең менен денесин чыңдоочу көнүгүүлөрдү аткарабы? А сенчи?

Маектердин бардык типтерин өзүнө камтып, кеңешип сүйлөшүүгө түрткү берген, кайдыгер угуп тим калтырбай турган мындай кырдаалдарды сунуш кылып, айрым кыйналгандарга жардам берип, алардын өз алдынча иштөөсүнө багыт берсе, натыйжа келип чыгары шексиз.

Мында эскерте кетүүчү нерсе, мугалим кырдаалдардын мүнөзүнө жараша жалпы тематиканы аныктап берүүсү да кажет. Бул окуучулардын маек уюштуруусуна жакшы жардам болот.

Айталы, «Класста» деген жалпы тематиканын негизинде төмөндөгүдөй кырдаалдарды сунуш кылып көрөлү.

1. Касым китепти үнүн катуу чыгарып окуп жатат. Ал сага жолтоо болууда. Ага сен кандай кеңеш бересиң?

2. Алмаз орундукка калем менен жазып жатат. Ага сен эмне дейсиң?

3. Сабыр: «Музыка ийримине катышпай эле коёлу», – деди. Сен ага макулсуңбу?

4. Айжан сага: «Спорттук мелдешке катышалы» – деди. Сен ага каршы болосуңбу?

5. Бүгүн бейшемби. Сен жума дедиң. А Валерий: «Шаршемби» дейт. Кимдики туура?

6. Убакыт азыр канча болду? Кимде саат бар? Тактап билеличи... ж.б. Бул тапшырмаларды берүү менен бирге, маек түзүүдө ырааттуу маек бирдиги туурасында унутпоо

(мурунку темаларда кеп кылган – реплика-стимул, реплика-реакция) керектигин окуучуларга эскертип коюу да ашыктык кылбайт.

Үлгү иретинде эки-үч мисал келтирели.

1-жуп. (Асан менен Света)

Кырдаал. – Касым китепти катуу окуп жатат. Ага сен кандай кеңеш бересиң?

Грамматика: Эмне болду? -сын жак мүчөсү.

Лексика: акырын, оку, жолтоо болуу, кечирип кой...

Маек: (Таасир этүү тибиндеги маек)

Света: – Касым, (Асан) китепти акырын окучу.

Касым: (Асан) Эмне болду?

Света: – Мага жолтоо болуп жатасың.

Касым: – А, анда кечирип кой.

2-жуп. (Алмаз менен Таалай)

Кырдаал. Алмаз орундукка калем менен жазып жатат. Ага сен эмне дейсиң?

Грамматика: -бы сурама бөлүкчөсү, -мын жак мүчөсү.

Лексика: бул, туура, азыр, тазала, ж.б.

Маек:

Таалай: – Алмаз, эмне кылып жатасың?

Алмаз *(Уялып унчукпайт)*

Таалай: – Ушул кылганың туурабы?

Алмаз: – Кечирип кой, Таалай, азыр тазалап коём.

3-жуп. (Жыпар менен Сережа).

Кырдаал. Белек бүгүн класста кезметчи. Ал гүлдөргө суу куйду бекен? Сурайлычы...

Грамматика: -бы сурама бөлүкчөсү, -мын жак мүчөсү.

Лексика: ооба, бар, жок, гул, азыр ... ж.б.

Маек:

Жыпар: – Сережа, бүгүн класста сен кезметчисиңби?

Сережа: – Ооба, бүгүн мен кезметчимин.

Жыпар: – Гүлгө суу куйдуңбу?

Сережа: – Жок, азыр куям.

Маектешүүнүн бул үлгүлөрү жогоруда эскертилгендей, мисал катары гана берилди.

Окуучулар ушул сыяктуу маектешүүлөрдү берилген кырдаалга жараша чогуу кеңешип түзүшөт. Алар эки-экиден болушуп, окуучуларга мугалимдин катышуусунда окуп беришет. Бардык кырдаалдар боюнча окулган маектешүүлөрдүн жыйынтыгы мугалимдин жетекчилиги астында жалпы окуучулар тарабынан бааланат жана иштин жыйынтыгы чыгарылат.

Окулган маектешүүлөрдү баалоодо мындай талаптар эске алынмакчы:

1) Кырдаалга жараша репликалардагы ойдун тактыгы;

2) диалог бирдиктеринин өзөгүндөгү ырааттуу логика;

3) сөз каражаттарынын орду менен тандалышы;

4) сөздөргө грамматикалык формалардын туура жалганышы;

5) окуучулар маектешип окуганда андагы ойго жараша кыргызча кыраатынын так сакталышы;

6) тапшырманы биргелешип аткарууда окуучулардын жигердүүлүгү жана чыгармачыл ишмердүүлүгү.

Сабакты жыйынтыктоодо жетишилген ийгиликтер менен бирге кетирилген кемчиликтер да талданат. Кийинки сабактарда аларды жоюунун жолдорун окуучулар менен мугалим бирге издешет жана табышат. Маек сабактары андан ары улантылат. Үйгө берилүүчү тапшырма да окуучулардын өздөштүрүү жана тил билүү деңгээлдерине жараша болот. Айрым окуучуларга үй тапшырмасын өздөрү тандоо мүмкүнчүлүгү берилет, маек сабагында окуучулар үчүн өз алдынча көбүрөөк иштей турган тапшырмалардын ролу чоң.

ОНУНЧУ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮДӨГҮ КӨНҮГҮҮЛӨР СИСТЕМАСЫ ЖАНА АНЫН ДИДАКТИКАЛЫК-МЕТОДИКАЛЫК КЫЗМАТЫ

Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө окуучулардын лексика-грамматикалык билимин, практикалык көндүмдөрүн жана машыгууларын өнүктүрүүдө көнүгүүлөрдүн кызматы абдан чоң. Ал тургай, көнүгүүлөр окуучунун билими менен көндүмдөрүн текшерүүдө да анын маани-маңызы өзгөчө. Анткени көнүгүү окуу процессинен айрып алгыс, анын ар бир этаптарынан бөлүнгүс бир бирдиги жана алган билимдин мазмунун бекемдечү өзгөчө бир метод, ыкма жана технологияларды жүзөгө ашыруучу чоң методикалык жана дидактикалык каражат болуп саналат.

Көнүгүүнүн мындай кызматтары тууралуу методисттер да, дидактар да көп жазышкан, айрыкча, методист Л.И.Бим алгачкылардан болуп изилдеп, мындап деп жазганы бар: «Под упражнением понимается не только то, что связано лиш с тренировкой, а любая форма взаимодействия учителя и учащихся спосредуемая учебным материалом (а при самотоятелной работе – учащихся с учениками) и имеющая указанную выше структур: постановка задачи, указание на пути решения (опора, ориентиры её решения и контроль (самоконтроль) (***Журн. «Иностр. яз в шк., М.1976, №6, 68-б.)***.

Ушундай эле пикирлерин методист Р.К. Миняр-Белоручев да жазган. Ал мындай деген: «Именно упражнение оказалось тем строительным материалом, из которого слагается процесс обучения иностранным языкам. Кроме того, именно упражнение сохраняло все основные свойства, присущие целому (всему обучению), т.е. цели, содержание,

метод и средства обучения» ***(«Методика обучения французскому языку», М. Просвещение, 1990, 67-б.)***.

Демек ар бир көнүгүү сабакта өтүлүп жана үйрөнүлүп жаткан окуу материалынын мазмунуна жана мүнөзүнө, окуп-үйрөнүү максатына жараша өз алдына түрдүү талаптарды коёт, ага ылайык материалдардын оордук жана жеңилдигине жана деңгээлине жараша максат мерчемделинет, аны аткаруу менен окуучу кандайдыр бир билимге, машыгууга жана көндүмдөргө ээ болот, компетенттүүлүктөр калыптанат, алдына коюлган милдетти аткарат, коюлган метод боюнча иштеп машыгат, кеп көндүмдөрүнө ээ болот, практикада сүйлөөгө үйрөтөт, акырында окутуудан күтүлүүчү натыйжаларга жетишилет. Демек, бул жерде көнүгүү сүйлөөгө машыгуу менен жатыгуунун каражаты болуп кызмат кылат.

Көнүгүүнү дидакттар менен методисттер ар кандай мүнөздөшөт, ошону менен бирге, ага ар кандай аныктамаларды беришет, атап айтканда:

- дидакттар көнүгүүнү машыгуу менен жатыгуунун негизги бир көрүнүшү, жолу дешсе;

- методисттер сабактын алдына коюлган максаттарына жетүүнүн жана окуучулар ээ болуучу компеттенттүүлүктөрдү калыптандыруунун негизги ыкмасы, жолу жана каражаты деп карашат. Анткени көнүгүү менен гана сабакта алдыга коюлган максатка жетүүгө болот, окуучулардын билимдери, көндүмдөрү калыптанат. Айрыкча, оозеки көнүгүүлөр менен гана түзүлгөн кырдаалдарга жараша практикалык иштер аткарылат, ал кырдаалдарга жараша окуучулар маектешет, сүйлөшөт, кеби калыптанат.

Бул иш үч этапта жүрөт, т.а.:

- окуу материалы менен таанышууга;

- ага жараша машыгууга;

- андан практикага ***(С.Ф. Шатилов, Методика обучения немецкому языку в средней школе, М., «Педагогика», 1985, 28-бет)*** деген модель боюнча ишке ашат. Мына

ушул этаптардагы таанып-билүү иш-аракеттери так ушул көнүгүүлөр менен ишке ашат. Мындай практикалык баалуулукка ээ болгон көнүгүүлөр менен иштөө жумуштары сабактын 80-90 пайызынан кем эмес убакытты ээлеши керек. Ансыз өтүлгөн сабак лексика-грамматикалык материалдарды жаттоо менен чектелип калат да, кыргыз тилин үйрөтүүгө практикалык жол ачылбайт.

Кыргыз тилин окутуу жана үйрөтүү процесси көп кырдуу таанып-билүү процесси экендигин эске алсак, ал өзүнчө бир системаны түзүп турат. Аны ишке ашыруу жолдору, ыкмалары баары бирдиктүү, ырааттуу иш-аракеттерди талап кылат, көнүгүүлөргө коюлган талаптар дагы өзгөчө болот, ырааттуу, логикалык иштер аткарылат, ошондуктан, мындай системалуу иш-аракеттердин натыйжасында түзүлгөн көнүгүүлөрдүн табиятын көнүгүүлөр системасы деп атасак болот.

Мындай көнүгүүлөр системасынын кандай мүнөздүү белгиси бар? Алар:

- элементтеринин арасындагы ырааттуу байланыш;
- алардын өз ара логикалык уланмалуулукта жайгаштырылышы;
- изилдеп үйрөнүүгө багыт берген ырааттуу тартиби;
- алардын жалпы бир бүтүндүк касиети;
- бирдиктүү бир максатка багытталгандыгы болуп саналат.

Көнүүгүлөрдүн бул системасы тил үйрөтүүдө эмнеден баштап, эмнени көздөй багытталууга тийиш? Тилге үйрөтүүдөн речке машыгуугабы же речке машыктыруудан тилге үйрөтүүгөбү?

Бул азыркы күндө методист-психологдордун арасында түрдүү талаш-тартыштарды жаратууда. Айрымдары **речке машыктыруудан-тилге үйрөнүүгө** дешсе, арымдары окутуу процесси, адегенде, **«тилдик материалдарга ээ болуудан башталып, окуу материалдарды изилдеп үйрөнүү стадиясына ээ болууга багытталат** (Бул иш-аракеттер алгачы ма-

шыгуу жана жатыгуу болуп саналат) дешет, бирок речтик иш-аракет ишкердүүлүккө ээ болуу менен жыйынтыкталат. (75.23)

Мына ушундан улам методист И. В. Рахманов көнүгүүнүн негизги үч тибин белгилеп көрсөтөт (94.118-119). Алар төмөндөгүлөр:

- маалымат берүүчү;
- изилдеп үйрөтүүчү;
- мотивациялоочу. Булардын ар бири иш-аракеттин эң төмөнкү деңгээлинен башталып, улам жогорку деңгээлине карай багытталганы көрүнүп турат жана анын ар бир деңгээлинде өзүнө жараша иш-аракеттер аткарылат.
- Биринчи деңгээлде жаңы материалды өздөштүрүү жана материал жөнүндө ой жүгүртүү иш-аракеттери жүргүзүлө турган болсо;
- экинчи деңгээлинде үйрөнгөндөрдү бекемдөө, бышыктоо менен, автоматизмге ээ болуу процесси ишке ашат;
- а үчүнчү баскычта болсо, речтик машыгуулар өркүндөтүлөт, б.а., окуу материалдары коммуникациялык максатта муктаждыктар (мотивдер) аркылуу практика жүзүндө колдонууга багыт алынат.

Жогоруда айтылгандай, тилге үйрөтүүнүн кепке (речке) чейинки мезгилинде мына ушул кептик (речтик) автоматизмге калыптандыруунун алгачкы даярдыктары көрүлмөкчү. А иликтөө-талдоо (операциялык изилдөө) көнүгүүлөрү ишти андан ары улантат. Ал иш-аракеттер көнүгүүлөрдүн мүнөзүнө жараша фонетикалык (тил жатыктыруучу), орфографиялык, грамматикалык, пунктуациялык көнүгүүлөрдө ишке ашырылат.

Кыргыз мектептерде орус тилин окутуп үйрөтүүдө да методисттер оозеки кепти (речти) өстүрүүгө багыт берер кептик көнүгүүлөрдүн төмөндөгүдөй түрлөрүн практикалоодо, атап айтканда:

- окуган текстин мазмунуна жакындатып айтып берүү;
- таяныч сөздөр менен айтып берүү;

- сүрөткө жараша сүйлөмдөрдүн тобун түзүү;

- диалог жана кырдаалдык көнүгүүлөрдү аткаруу (39.20).

Жогоруда айтылган көнүгүүлөрдүн түрлөрүнүн ичинен сүйлөөгө багыт берүүчү (мотивациялык) көнүгүүлөрдүн ролу чоң. Андай көнүгүүлөр кептик (речтик) иш-аракеттерди өстүрүү, аны чыныгы турмуштук маекке жакындатуу кызматын аткарат. Е.И. Пассовдун аныктамасы боюнча мындай көнүгүүлөр «коммуникативдик көнүгүүлөр» деп аталат. Анын негизги белгиси болуп, речтик иш-аракеттерди аткарууга стимул берген тапшырмалардын болушу эсептелинет.

Жогоруда айтылган көнүгүүнүн 3 тиби: **маалыматтык** (информациялык), **иликтөө-талдоо** (операциялык изилдөө) жана **сүйлөөгө багыттоочу** (мотивациялык) көнүгүүлөрдү мындайча кайра түзсө болчудай:

- биринчи маалыматтык (информациялык), даярдоо мүнөзүндөгү;

- экинчи сүйлөөгө муктаждык жараткан (мотивациялык-операциялык);

- үчүнчү – кырдаалдык көнүгүүлөр.

Көнүгүүнүн мындай типтери тууралуу башка методисттердин айтканына көңүл бурсак мындайча: И.В. Рахманов көнүгүүлөрдү жалпы эки топко: **тилдик жана речтик** деп бөлсө, С.Ф. Шатилов **тилдик, речке чейинки жана речтик** десе, Е. И. Пассов менен Л.В. Скалкин **шартуу коммуникативдик, шарттуу-речтик жана коммуникативдик речтик** деп эки типке бөлөт. Ал эми, В. А. Бухбиндер:

- **багытточу, аткаруучу** (бул эки этапта).

- **кайра кайталап айтуучу речтик ишмердүүлүк;**

- **чыгармачылык иш-аракет;**

- **жана текшерүүчү** (75.107-109) көнүгүүлөр деп бөлүштүрөт. Буларга карап туруп, **көнүгүүлөр системасы – иш-аракеттердин системасы** экендигине дагы бир ирет ишенүү менен, ал иш-аракеттердин мүнөзүнө, максатына, мазмуну

менен формасына, аткаруу мүнөзүнө жараша болорун түшүнүүгө болот. Мында методист В. А. Саакяндын классификациясын эске тутуу керек. Ал мындай:

1) *окутуунун максатына жараша;* **сөз өстүрүүчү көнүгүүлөр.**

2) *акыл-эс ишкердүүлүгүн өстүрүүгө жараша*; **түзүүчү мүнөздөгү (конструктивдүү) көнүгүүлөр;**

3) *өз алдынча иштөө ишинин деңгээлине жараша*; **чыгармачыл көнүгүүлөр;**

4) *өздөштүрүү этабына жараша;* **даярдоочу көнүгүүлөр;**

5) *тапшырманын мүнөзүнө жараша*; **грамматикалык көнүгүүлөр** ... (46.14).

Методист Б. Рысбекова кыргыз тилин 1-класста окутууда **логикалык көнүгүүлөрдү** (100,12) аткарууну сунуш кылат. Бул көнүгүүнүн мааниси мандай: заттын атын атоо (бул ким? Бул эмне?), заттардын белгисин аныктоо (өңүтүсүн, формасын, даамын жытын) ... ж.б.

Демек, бул көнүгүүнүн логикалык деп аталышы да жөндүү көрүнөт. Анткени бала заттын атын, сапатын, санын, касиетин ... ж.б. суроо берүү аркылуу логикалык ой жүгүртүү менен аныктоого аракет жасайт.

А мугалим сабакта, анын этабына жана иштөө ыгына жараша кандай мүнөздөгү тапшырманы аткарууну окуучуларга сунуш кылууда, сөзсүз, анын максатын ойлонуп чечүү керек. Чын эле, сунуш кылып отурган көнүгүү сабактын ошол этабында эмне максатта аткарылууга тийиш жана эмне себептен ал сунуш кылынды? Ал тургай эмне үчүн, кандай максатта, кайсы методикалык ыкманы тандап алганын да мугалимдин туура түшүнүүсү кажет. Анткени иштин ыкмасы же көнүгүүнүн кандайдыр бир түрү жөн эле стихиялуу түрдө аткарылуучу иш эмес да, ал:

- өздөштүрүлүп жаткан материалга жараша;
- окуучулардын активдүүлүгүнө;

- алардын окуу материалдарын өздөштүрүү этабына жараша болорун унутпоо керек. Ал тургай, иштин түрү сабактын уюштуруу этабына да жараша чечилерин эсте тутуу пайдалуу.

Иштин мындай түрлөрүн экинчи тилди өздөштүрүү сабактарынын типтерине да жараша жүргүзүүгө мүмкүн. Атап айтканда:

«Сабактын биринчи тиби: жаңы билимди кабыл алуу. Бул учурда тил жатыктыруу, үйрөнгөндөрдү тил жатыктырып кайра кайталап айтуу, машыгууга даярдоо сыяктуу көнүгүүлөр аткарылат.

Сабактын экинчи тиби: жаңы билимди өздөштүрүү жана окуучулардын машыккандыктарын өстүрүүгө даярдоо. Бул учурда машыктыруучу мүнөздөгү көнүгүүлөр аткарылат, тактап айтканда, жаңы өздөштүрүлүп жаткан лексикалык жана грамматикалык материалдардын кептеги фунционалдык кызматын түшүндүрүү мүнөзүндөгү көнүгүүлөр топтому иштелмекчи.

Сабактын үчүнчү тиби: окуучулардын машыккандыктарын жана жатыккандыктарын өстүрүү. Сабактын бул тибинде окуу – речтик, окуу – кырдаалдык көнүгүүлөрдү аткаруу, таанып-билүүнүн алгоритмдик, жарым эвристикалык, эвристикалык (өз алдынча иштөөчү) көнүгүүлөрдүн топтомун сунуш кылуу пайдалуу; Мында окуучулар даяр маектердин үлгүлөрүн таяныч сөздөрдүн жардамы менен өз алдынча өзгөртүп жазышат, тематикалар жана кырдаалдар боюнча маектерди түзүшөт.

А сабактын төртүнчү тибинде: окуучулардын өздөштүргөн билим, машыккандык жана жатыккандыктарын текшерүү сабактарында болсо, реалдуу турмуштук кырдаалдар боюнча окуучулардын өз алдынча чыгармачылык менен иштөөчү көнүгүүлөрдүн топтомун сунуш кылса болот. Мында, адегенде, мугалимдин жетеги менен иш башталып, андан кийин окуучулардын өз алдынча чыгармачыл ишкер аракеттерине багыт берилет. Ансыз ырааттуу

иш-аракеттин ийгилигине жетишүү мүмкүн эмес. Окуучулардын чыгармачылык изденүүчүлүк аракеттерисиз ой жүгүртүүгө, жандуу тилге, азыноолак чектелген иштер менен түрдүү машыгууларга жана жатыгууларга калыптандырууга болбой тургандыгы белгилүү. Алар ар тараптуу жана ырааттуу болууга тийиш.

Бул айтылгандарды төмөндөгүдөй таблица түрүндө элестетүүгө болот.

Сабактын тиби	**Иштелүүчү көнүгүүлөрдүн түрү**
Жаңы маалыматты кабыл алуу сабагы	Тил жатыктыруучу, кайталап айтуучу, маалыматтык, туурочу (имитациялык) көнүгүүлөр
Жаңы алган билимди өздөштүрүү сабагы	Жаңы алган билимди, машыгууларды калыптандыруу, сөздүн грамматикалык формаларын, кептеги кызматын түшүндүрүүчү даярдоочу, талдап-иликтөөчү көнүгүүлөр
Окуучулардын билим, машыгуу, жатыгууларын өстүрүү сабагы	Билим, машыгуу, жатыгууларын практикада калыптандыруу, мотивациялык кептик көнүгүүлөр (шарттуу-кырдаалдык), алгоритмдик, жарым эвристикалык иш-аракеттери камтылган көнүгүүлөр
Билим, машыгуу, жатыгууларын текшерүү жана кайталоо сабагы	Жалпылоо, жыйынтыктоо, кайталоо, текшерүү мүнөзүндөгү көнүгүүлөр, эвристикалык иш-аракеттер

Ошентип, сабактагы окуу материалдарын өздөштүрүү этаптары бири-бири менен кандай логикалык уламалуулукта турса, андагы иштелүүчү көнүгүү жумуштары да дал ошондой байланыштарда турган болот жана дал ошон-

дой мүнөздө бирин бири толуктаган түрдө аткарылып отурат.

Демек, коомуникативдик, жалпы алганда, кептик (речтик) көнүгүүлөр төмөндөгүдөй мүнөздө:

- сабактын тибине;
- окуу материалдарын өздөштүрүү этабына;
- өздөштүрүү деңгээлине;
- окуу материалдарынын мүнөзүнө;
- аткаруучу иш-аракеттердин максаттарына;
- сүйлөмдөрдүн (репликалардын) кептеги кызматына жараша көп түргө бөлүштүрүлөт.

Жогорудагыларды анализдеп жана синтездеп келип, кыргыз тилин окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде экинчи тил катары үйрөтүүгө жана окутууга карата көнүгүүлөрдүн төмөндөгүдөй системасын сунуш кылабыз.

Көнүгүүлөрдү жалпы экиге – **тилдик жана кептик көнүгүү** деп бөлөбүз. Биринчиден, тилдик көнүгүү да өзүнүн дидактикалык максатына жараша **машыктыруучу** жана **өз алдынча иштөөчү** деп бөлүнөт. Машыктыруучу көнүгүүлөр фонетикалык машыгуулар менен башталат да, оозеки, жазуу түрүндө өткөрүлөт. Мында, негизинен:

- сөздү, сүйлөмдү туура угуу;
- сөздү, сүйлөмдү туура кайталап айтып, тил жаттыктыруу;
- сөздү, сүйлөмдү, текстти туура окуу жана туура жазуу иштери менен коштолот да;
- сөзгө грамматикалык формалардын туура уланышын;
- аларды кепте туура колдонуу багытын үйрөнүшөт.

Машыктыруучу көнүгүүлөр мүнөзү боюнча жаңы билим берүү касиетине ээ. Алар боюнча окуучунун билгичтиктерин өстүрүү жана жатыгууларын калыптандыруу иш-аракеттерин өзүнө алат.

Ал эми эвристикалык (өз алдынча иштөө) көнүгүүлөрү, өзү эле айтып отургандай, машыктыруучу көнүгүүлөрдү аткарууда жетишилген ийгиликтерге жана натыйжаларга

таянуу менен, окуучулардын өз алдынча ишкер аракеттерин андан ары жүргүзүүнү көздөйт. Бул көнүгүү да оозеки жана жазуу түрүндө жүргүзүлөт.

Кептик көнүгүүлөр да өз алдынча үчкө бөлүнөт:

- машыктыруучу көнүгүүлөр;
- окуу кептик, шарттуу кырдаалдык көнүгүүлөр;
- турмуштук кырдаалдык көнүгүүлөр;

Эми булардын ар бирине мүнөздөмө берели:

Машыктыруучу көнүгүүлөр мүнөзү боюнча сөздүн жана ага улантып айтылуучу грамматикалык формалардын функционалдык кызматын талдап үйрөтүүнү көздөйт, андан кийинки аткарылуучу бардык иш-аракеттердин пайдубалы болуунун ролун аткарат.

Мисалы, үй, тоок, чоң ата ж.б. сөздөрдү алсак, балдарга бул сөздөрдүн котормолорун (дом, курица, дедушка) карандай жаттатып коюу эле жетишсиз. Ошондой эле бул сөздөргө уланып айтылуучу, мисалы, жатыш жөндөмөсүнүн – да мүчөсүн, барыш жөндөмөсүнүн – га мүчөсүн жана таандыкты билдирүүчү – нын мүчөсүн карандай жаттатып кайра сурап жооп алууга да болот. Бирок жаттап үйрөнгөн сөздүн кептеги кызматын талдап үйрөнбөй туруп эсте сактоого болбойт.

Ошондуктан мугалим жогоруда айтылган сөздүн кептеги маанисин билдирүү менен, атап айтканда, үй деген адам жашаган жай экенин, ал чоң же кичине, эски же жаңы болорун жана ар кимибиздин жашаган үйүбүз бар экендиги ж.б. жөнүндө айтып келип, ага –да, же -га жана –нын мүчөлөрүн улантып айтуу менен үйдө, үйгө, үйдүн болуп өзгөрөрүн түшүндүрөт. Бирок балдар сөздөрдүн мындай формасынын өзгөрүүсү менен эле анын мазмунун түшүнө койбойт. Мындай учурда мугалим окуучуларга, эң алды менен, сөздүн формасын грамматикалык көнүгүүлөр үчүн, а анын мазмуну кептик көнүгүүлөр үчүн (110.11) мүнөздүү экенин түшүндүрүүсү оң. Ошондуктан ал окуучуларга

сөздүн ошол формада турган абалдагы мазмунун жеткирүү керек, б. а., үйдө дегенде ошол маалда адамдын же буюмдун кайда турган же отурган ордун айтып түшүнүүгө болорун, биз күндөлүк турмушта бул сөздү кебибизде активдүү колдонуп, **атам үйдө, апам үйдө, бөбөгүм үйдө,** же болбосо **үйдө атам бар, үйдө апам бар, үйдө эжем бар** ... ж.б. деп айта турганыбызды түшүндүрүү менен мугалим түрдүү кептик үлгүлөрдү мисалга тартат.

Жогоруда аталган сөздөрдүн башка формалары тууралуу да жогорудагыдай жол менен түшүндүрсө болот.

Окуу-кептик же шартуу кырдаалдык көнүгүүлөр кыргызча баарлашууга багыт берүүчү, аны уюштуруучу, үйрөтүүчү, өз алдынча кыргызча маек түзүүгө машыктыруучу мүнөзгө ээ. Ошого жараша, биз мурунку бөлүмдө өздөштүргөндөй, **алгоритмикалык, жарым эвристикалык жана эвристикалык** мүнөздөгү таанып билүү иш-аракеттерин жүргүзүүнү алдына максат кылып коёбуз.

Эми бул мүнөздөгү таанып билүү иш-аракеттеринин ар бирине өз өзүнчө мүнөздөмө берели. Алгоритмикалык таанып билүү иш-аракеттери, б.а. алгоритмикалык көнүгүүлөр төмөндөгүдөй максатты коёт:

- окуучулардын тематика жана кырдаал, диалог туурасындагы түшүнүктөрүн практика жүзүндө бекемдешет;
- мугалим сунуш кылган тематика, кырдаалдарга жараша диалогдорду ролдорго бөлүп окушат;
- тил жатыктырышат, диалогдордун түрлөрү, структурасы, диалогдук бирдиктердеги ички логика туурасында билимдерин андан ары улантышат.

Бул учурда сунуш кылынган көнүгүүлөрдүн түзүлүшү, мурдагы параграфта берилгендей, **ТК - диалог** формасында болот. Иш-аракет негизинен **мугалим – окуучу формасында** жүрөт.

Таанып-билүү иш-аракеттеринин **жарым эвристикалык мүнөзү** өз алдына төмөндөгүдөй максатты коёт:

- мугалим тарабынан сунуш кылынган диалогдорду окуп чыгып, анын мазмунун түшүнүү жана аны окуучу өз көз карашына, мүмкүнчүлүгүнө жараша өзгөртүп, өркүндөтүп чыгат;

- кеп үлгүлөрү жана таяныч сөздөрдү колдонуп толук эмес диалогдорду толуктоо, башталгандарды улантып жыйынтыкташат.

Көнүгүүнүн бул түрүнө мурдагы параграфта айтылгандай:

– ТК – толук эмес диалог;
– ТК – диалог, таяныч сөздөрү менен;
– ТК – таяныч сөздөр жана сөз айкаштары;
– ТК – реплика-стимул;
– ТК – реплика-реакция.

Бул көнүгүүлөрдүн ар бирине өз учурунда түшүнүк берилген жана иштөөнүн жолдору да көрсөтүлгөн. (Бул жерде алар туурасында кайталап айтуунун зарылчылыгы жок.) А бул учурдагы иш-аракет **окуучу-мугалим-окуучу формасында** жүрөт да, **жупташып иштөө, топтошуп иштөө** мүнөзүндө аткарылмакчы.

Мындай ырааттуу таанып-билүү иш-аракеттеринин жыйынтыктоочу этабы - **эвристикалык, б.а. чыгармачылык этабы** болуп саналат. **Бул иш-аракеттердин борборунда мугалим эмес, чыгармачыл окуучу турууга тийиш**. Анда буга чейинки окуучу ээ болгон бүткүл билгичтиктердин, машыгуулардын жана жатыгуулардын деңгээли практикада далилденет. Мурунку этаптарда тематика, кыраалдарды жана маектердин үлгүлөрүн мугалим сунуш кылып келген болсо, эми баарын окуучу өзү аныктайт. Себеби окуучу бир канча убакыттан бери мына ушуга толук даярдыктан өтүп келди. Окуучу эми окуу-таануу процессинин уюштуруучусу катары анын борборунда болууга мүмкүнчүлүгү бар. Бекеринен белгилүү практик мугалим Е. И. Ильин: «Класста жөн эле окуучу эмес, анын каарманы болуусу керек» (40.73) деп айтпагандыр...

Мына ушул жогоруда айтылган ойлорду талдап, синтездеп келип, көнүгүүлөрдүн системасын жалпы жонунан төмөндөгүдөй таблица менен берсек болот.

Речтик көнүгүүлөр	Машыктыруу (даярдоочу) көнүгүүлөр	Сөздүн, сөз айкаштардын, грамматикалык форманын маанисин түшүндүрөт.
	Окуу-речтик (шартуу-кырдаалдык) көнүгүүлөр	Тил жатыктырышат. Алгоритмикалык, жарым эвристикалык таанып-билүү иш-аракеттери жүрөт.
	Турмуштук кырдаалдык көнүгүүлөр	Эвристикалык таанып билүү иш-аракеттери, өз алдынча чыгармачыл иш-аракеттер аткарылат.
Тилдик көнүгүүлөр	Машыктыруучу (даярдоочу) көнүгүүлөр	Билим берүүчү, билгичиктерин өстүрүүчү, өнүктүрүүчү иштер аткарылат.
		Жатыгууларын калыптандыруу иштери жүрөт.
	Чыгармачыл көнүгүүлөр	Кырдаалдарга жараша сөздөрдү колдонуп сүйлөмдөрдү түзүшөт. Маектерди түзүшөт. Текст түзүшөт.

Мында көрүнүп тургандай, кептик көнүгүүлөр биринчи сунушталды, анткени, темага жараша сүйлөшүү иштери биринчи башталат, кырдаалдарга жараша кеп каражаттары колдонулуп маек менен уланат, ал учурда сөздөр, грамматикалык каражаттар кептин курулуш материалдары катары кызмат кылат. Тилдик көнүгүүлөр болсо кепти аң сезимдүү түрдө сабаттуулуктун негизинде практикада бекемдөө менен, бүткүл окутуу процессиндеги ишкер ара-

кеттердин мүнөзүнө жараша кептик көнүгүүлөр менен тыкыс байланышта аткарылат жана көнүгүүнүн бул эки түрү логикалык уланмалуулукта жүргүзүлүүчү, максатка жетүүнүн негизги ыкмаларынан да, каражаттарынан да болуп саналат. Тактап айтканда, бул көнүгүүнүн логикалык байланышта жүргүзүлүүчү эки түрүсүз кептик жана тилдик компетенттүүлүктөр практика жүзүндө бекемделбейт жана күтүлүүчү натыйжаларга аларсыз жетүүгө болбойт.

ОН БИРИНЧИ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАКТАРЫНА ДАЯРДАНУУ ЖАНА АНЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

1. Кыргыз тилинин сабактагы үч «кызматы» жана бул учурда окуучунун тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү багыттары

Бул маселенин негизинде сабакты өтүүдө кайсы тил басымдуулук кылыш керек? – деген суроо жатат. Бөтөн тилди окутуунун дүйнөлүк тажрыйбасы айгинелегендей, окуучулардын эне тилин сабакта колдонбоо, колдонсо да эң аз өлчөмдө колдонуу максатка ылайык келерин туюндурат. Антпесе, класста реалдуу тилдик кырдаал түзүлбөйт, окуучулар өздөштүргөн материалдарды колдонуп, оюн түшүндүрүүгө зарылдык жаралбайт, окуучулар өз эне тилинде сүйлөй беришет. Ошондуктан мугалим окуучулардын окуутаануу иш-аракеттерин башкарууда, сабакты түшүндүрүүдө, уюштурууда окуучулардын эне тилин колдонуудан көрөкчө, сабактын кырдаалдуулугун жана көрсөтмөлүүлүгүн арттыруу, адегенде жаңдоо сыяктуу түрдүү кошумча каражаттарды колдонуп, кыймыл сабактарын көбүрөөк уюштуруу, кырдаал түзүп окутуунун эң жөнөкөй методикалык ыкмаларын байытуу талапка ылайык келет.

Грамматикалык түшүнүктөрдү берүүдө балдардын эне тилиндеги билим деңгээлин эске алуу зарыл. Эч качан эне тилинде өздөштүрүлө элек түшүнүктөрдү кыргыз тилинин материалдары менен бирге берүүгө болбойт.

Окуу китептеринде окуучулардын эне тилинин колдонулушу окутуунун этаптарына жараша да болот. Атап айтканда, 1–2-класстардын окуу китептеринде окуучулардын

иш-аракеттерин уюштурууда жана айрым темалар менен түшүндүрмөлөрдү берүүдө балдардын тил билүү зарылдыгына жараша колдонсо болот. Ал эми 3–4-класстарда болсо окуу китептериндеги негизги грамматикалык аталыштар менен алардын эрежелери, окуу ишин уюштуруучу, ага багыт берүүчү көрсөтмөлөр, суроолор, тапшырмалар ж.б. эки тилде (кыргыз-орус) берилип, салыштырылып үйрөнүлүшүнө шарт түзүлөт.

Бирок бул класстарда сабакты, негизинен, кыргыз тилинде жүргүзүү керек. Окуучулардын мугалим менен окуучунун жекече инсандык мамилелешүүлөрү жана да өз алдынча иштөө убактыларында кыргыз тилинде сүйлөөгө толук багыт берүү, сабакты кыргыз тилинде уюштуруу менен аны кыргызча баарлашууга өстүрүп чыгаруу негизги шарттардын бири. Андыктан класстан баштап, окуучулардын өз алдынча ишин уюштуруучу дидактикалык материалдар да кыргыз тилинде даярдалат. Ошентип бара-бара калган бардык класстар үчүн бүткүл окуу-усулдук комплекс кыргыз тилине көчүрүлөт.

Ушул жерден кыргыз тили сабагындагы «кыргыз тилинин» методикалык үч кызматы тууралуу ой келбей койбойт. Ал кандай болушу мүмкүн?

Деги эле, орус класстарында гана эмес, өзбек жана тажик тилинде окуган класстарда да колдонууга болор бир ыкма тууралуу сөз кылалы. Ал – кыргыз тилинин сабактагы «методикалык кызматы» деп аталганы жөндүү, т.а. айрым учурда үйрөнүп жаткан тилдин сабагындагы же окуу китептердеги катышына карап, «методикалык тил» деп да айтылып жүрөт. Андай болсо, *кыргыз тилин орус, өзбек жана тажик тилинде үйрөнүүдө кыргыз тилинин методикалык кызматы кандай болмокчу?*

1) Кыргыз тили сабакта мугалим менен окуучунун инсандык жеке карым-катышынын тили болуусу;

2) Кыргыз тили сабагын уюштуруунун, сабакта окуучунун окуу ишкердик мамилелеринин тили болуусу;

3) Кыргыз тили предметинин тили болуусу.

Үйрөтүлүп жаткан объект катары кыргыз тилинин мына ушул үч кызматы, көрүнүп тургандай, мугалим менен окуучу сабактын башынан аягына чейин, т.а. мугалим сабакка кирип, балдар менен учурашып, аягында үй тапшырма берип коштошуп чыгып кеткенге чейинки бардык иш-аракеттин жана өз ара мамилелешүү процессинин бүтүндөй тили болуусун шарттайт. Ошондо гана аталган класстарда кыргыз тилин үйрөнүү талаптагыдай болорун практика далилдөөдө.

Эмесе, кыргыз тилинин жогоруда сөз кылган методикалык үч кызматынын ар бирине өз-өзүнчө токтололу.

1. Кыргыз тили сабакта мугалим менен окуучунун инсандык карым-катышынын тили болуусу

Бул багыт окутуунун методикалык негизги принциптерине жараша чечилерин байкоо кыйын деле эмес, т.а. «тилге түздөн түз үйрөтүү принциби» же кырдаалдык-тематикалык принциптер тил үйрөтүүдөгү мугалимдин бүткүл иш-аракети кыргызча болушу керек деген жобого байланыштуу болот.

Ушунун өзүндө мугалим окуучунун тил үйрөнүүгө болгон ички оң талабын ойготуусу мүмкүн. Ал тургай, үйрөнгөн лексикалык каражаттарын да күндөлүк сабакта практика жүзүндө мугалим менен окуучунун мамилелешүүсүнүн түрдүү кырдаалдарында колдоно ала турган жагдай да түзүлөөрү анык.

Бул жагдай класста бала менен мугалимдин ортосунда төмөндөгүлөр сыңары ар кандай алака-мамиленин түзүлүшү менен түшүндүрүлөт, т.а.

– Адегенде эле, сабак баштала электеги, балким, мектеп короосунда окуучу менен мугалимдин жолуккандагы, андан соң андан сабакка киргендеги учурашуусу;

– сабакка келген-келбеген окуучулардын эсебин алуудагы сүйлөшүлөр;

– үй тапшырмасынын аткарылышын текшерүүдөгү, аткарбай калса, анын эмне үчүн аткарбай келген себебин сурап-билүүдө;

– эгер окуучу кандайдыр бир себеп менен сабакка кечигип келсе, анын себебин териштирүүдө;

– сабакта отуруп ооруп калса же ар кандай себептерге байланыштуу окуучунун маанай-абалын билүүдө;

– сабактагы окуучунун тартиби, тазалыгы боюнча кайрылууда;

– аба ырайына байланыштуу, суук же ысык күндөргө ылайык, ар кандай кырдаалдарга жараша баланын кийине билишине байланыштуу кеңеш айтууда;

– турмуштук түрдүү кеп кырдаалдарына ылайык сүйлөшө билүүдө;

– балдардын ата-энеси, үй дареги, достору ж.б. боюнча сурап билүүдө;

– сабактагы тема менен байланышпаган түрдүү багыттарда балдарга тапшырма, көрсөтмө берүүдө;

– бир нерсени сурап алуу, сурап билүү, керектүү маалыматты алууда, же билүүдө;

– сабактан тышкаркы иштерде, ийримдерде мамилелешүүдө;

– коомдук иштерге катышуу негизинде сүйлөшүүлөрдө;

– баланын мүнөзүнө, абалына, ден соолугуна, сабакты өздөштүрүүсүнө, кызыкчылыктарына жараша ички толгонууларын, жеке сырын сурап-билүүдө ж.б.

Бул сыяктуу багыттарда сүйлөшүүлөр тилди экинчи тил катары окутуу методикасындагы: сүйлөшүүгө «сүйлөшүү аркылуу» жана «сүйлөшүүнүн жүрүшүндө» деген ыкмага да ылайык келип отурат.

Ошону менен бирге сабактагы мугалим менен окуучунун мындай жеке пикир алышуулары «мугалим-окуучу»

деген расмий статустан тышкары эркин болуусу баланын социалдык-психологиялык абалына да, алардын жеке инсан катары ички талабына да туура келип, тил үйрөнүүдө түрдүү психологиялык «тосмолорду» ортодон алып таштоого алып келери анык.

Бул ыкма сабакта үйрөнгөндөрүн күндөлүк практикада, түрдүү кырдаалдарда колдоно билүүгө машыктыруу менен да түздөн-түз байланышат. Ошондо да, жогоруда айтылып өткөндөй, бул шарттагы «окуучу менен мугалимдин пикир алышуусу мугалим менен окуучу эмес, эки улуттун өкүлү катары кабыл алышуусу, окуу материалдарда алар жашаган жана окуган социалдык чөйрөнүн алкагында пикир алышууга үйрөнүүсү, анда алардын жекече өз алдынчалыктын ачылышы маанилүү. Ушундай шартта гана «баланын өз эне тилинин коргонунан жетелеп чыгуу», башка тилди да үйрөнүп, күндөлүк практикада өз алдынча, ал тилдин өкүлү менен пикир алышууга үйрөнсө боло тургандыгы, ага ар бир эле баланын мүмкүнчүлүгү болорун бала түшүнөт.

Улуу акын Гейне: «Мен канча тил билсем ошончо кишимин» деп айткандай, орус классындагы орус же башка кыргыз эмес баланы мугалим менен жекече шартта сүйлөшүү процессинде эч качан туура эмес айтсам начар баа алып калам деп коркпойт, лексикалык кору канчалык болсо ошондой деңгээлде сүйлөшө алат жана ошол сүйлөшүүнүн жүрүшүндө ал өз тилинин жеке корун байытат, практикасы артат, тил жаратуусу өрчүйт.

Булардын натыйжасында окуучулардын төмөндөгүдөй багыттарда практикалык коммуникативдик компетенттүүлүгү артат.

Мисалы:

– Учурашуу;

– Байланышуу;

– Бир нерсе жөнүндө маалымат алуу;

– Сураган адамга тиешелүү маалымат бере билүү;
– Бир нерсени сурап билүү;
– Кечирим сурай билүү;
– Уруксат сурай билүү;
– Ой бөлүшө алуу;
– Талаш-тартышка катыша алуу ж.б.

2. Сабактагы окуу-таануу, уюштуруу-башкаруу иш-аракеттерди бүтүндөй кыргыз тилинде жүргүзүү

Бул учурда да мугалим окуу процессинде тилди түздөн-түз үйрөнүү ыкмасын колдонот жана шарттуу окуу мүнөзүндөгү кырдаалдар менен реалдуу сүйлөшүү кырдаалдарын ырааттуу байланыштыра алат. Анткени, мугалим сабакка киргенде:

А. Сабакты уюштурууда:

– бүгүн кайсы күн экенин;
– кайсы сабак экенин;
– үйгө кайсы тапшырма берилгенин;
– ал окуу китептин кайсы бетинде, кайсы көнүгүү аткаруу берилгенин;
– үй тапшырмасын аткаруу шарты кандай экенин;
– үй тапшырмасын аткарууда кандай иш-аракеттер аткарыларын;
– ким канчалык деңгээлде аткаргандыгын билүү;
– жаңы сабакты түшүндүрүүдө.

Б. Жаңы сабактын темасын айтууда:

– жаңы сабактын максатын, аталышын айтуу;
– жаңы сабактын максатын билдирүү;
– сабакка көңүл буруусун өтүнүү;
– китепти жабуу, дептерди ачуу, кайсы күн экенин жазуу;
– көңүл буруп тынч отуруу;

– сабактагы түрдүү иш-аракеттерди жайгаруу, уюштуруу, ким даяр экенин суроо, жооп туура, же туура эмес экенин айтуу;

– көнүгүүнү жазуу;

– текстти окуу;

– тапшырма алуу;

– коштошуу, класстан чыгуу... ж.б. сыяктуу иштерине чейин кыргызча сүйлөшүү жүзөгө ашырылышы керек.

В. Сабакта жооп берүү тартибин түшүндүрүүдө:

– суроого кол көтөрүп жооп берүү;

– ордунан туруп сүйлөө;

– ордуна отуруп жооп берүү ж.б.

Бул учурларда кыргыз тили – «методикалык тил» катары негизги кызматын аткарат. Ошону менен бирге, сабакты уюштуруу кезинде окуучулар ээ болууга тийиш болгон коммуникативдик минимумдары жана компетенциялары дал ушулар болмокчу.

3. Сабакта кыргыз тили окуу предметинин тили болуусу

Биз изилдөөлөрүбүздүн жүрүшүндө окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин окуучуларына мындан бир аз жыл мурда мындайча багыттагы сурамжылоону жүргүзгөн элек:

«Мен кыргыз тили предметин окугум келет»

– Мен Кыргызстандын жараны болгондугум үчүн;

– Кыргыз тили мамлекеттик тил болгондугу үчүн;

– мен келечекте кыргыз тилинде билим алыш үчүн;

– Кыргыз тилин, маданиятын сыйлагандыгым үчүн;

– ата-энем талап кылгандыгы үчүн;

– мугалим талап кылгандыгы үчүн;

– чейректен жаман баа албоо үчүн;

– келечекте чоң кызматта иштеш үчүн;

– досум кыргыз болгондугу үчүн;

– Кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүүгө кызыккандыгым үчүн.

Ушундай суроолорго анкета алганыбызда сурамжыланган окуучулардын 60% – мугалим талап кылгандыгы жана чейректен жаман баа албоо үчүн, 20% кыргыз тили мамлекеттик тил болгондугу үчүн, 5% – ата-энем талап кылганы үчүн, 10% – келечекте чоң кызматта иштеш үчүн, 5% – досум кыргыз болгондугу үчүн деп жооп беришкен.

Эч бир бала: «Кыргыз тилин, маданиятын сыйлагандыгым үчүн, же кыргыз тилинде билим алуу үчүн, же кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүүгө кызыккандыгым үчүн кыргыз тили предметин окугум келет», – деп жооп бербегендиги таң калтырган эле.

Чындыгында, бүгүнкү күндө мектеп окуучулары, өзүлөрү «туура» белгилегендей, мугалимдин талабына карата «эптеп-септеп» окууга же «коркуп окууга» гана көнүгүшкөн.

Окумуштуу В.Я. Стоян: «Биздин окуучулардын сабактарына кирип отуруп, алар жашоо-турмуш үчүн эмес, мектеп үчүн көбүрөөк окуп жатышат» деген ойго келесиң. Мугалимдер ар кандай сабактарды берип, алардан кара күчүн аяшпай, бирок, бул аракет алдыга коюлган кандайдыр бир педагогикалык максатка жетүү эмес, берилген программаны гана өз мөөнөтүндө аткарууга багытталат» (Маалымат август кеңешмесинин сунуштарынан алынган, Б. (2002, «Кут билим»)

«Мындай пикирде чындыктын чоң үмүтү бар экендигин танууга болбойт» – дейт педагогика илимдеринин доктору Ж. Чыманов, – Окуучулардын азыркы окуусу – кызыгууга, бул нерсе билип-үйрөнүүгө эмес, негизинен, коркууга негизделгенин моюнга алууга тийишпиз...

Изилдөөлөрдүн жүрүшүндө окуу иштерин оң мотивациялоону изилдөө суралгандардын 58% ы негизги мотив катары коркуу сезимин белгилешкен.

Ал эмне деген коркуу? Ж. Чыманов доктордук диссертациясында ушул тууралуу айтып келип: *«Начар баа алуудан сактанып коркуу, зачетту өз убагында тапшырбай калуудан коркуу, экзамендерде жаман алып калуудан коркуу», «ата-энесинен, мугалимден коркуу...» ж.б.*

Ошентсе да, негизги маселе – кыргыз тили сабагында:

1) Грамматикалык эрежелерди, формаларды, алардын маанисин, өзгөрүүлөрүн үйрөнүү;

2) Көнүгүүлөрдүн талаптарын аткаруу;

3) Грамматикалык талдоолорду жүргүзүү;

4) Мисалдарды келтирүү, текст түзүү, аларды талдоо, айтып берүү.

Эми ушулар боюнча канткенде сабакты кыргыз тилинде жүргүзүү керек?

Биринчи кеңеш: окутуу методун талдоо керек. Бул жерде окуучуларга кыргыз тилинин грамматикалык эрежелерин түшүндүрүүдө салыштырып окутуу методун пайдалануу максатка ылайык келет. Ошону менен катар, эрежеге карата келтирген мисалдарды машыктыруучу (адегенде – тилдеги грамматикалык), андан соң *шарттуу – кырдаалдык, андан соң гана кырдаалдык мүнөзүндөгү көнүгүүлөр* аткарылса болот.

Аны төмөнкүдөй таблица менен берсек болот:

№14 таблица

Салыштырып окутуу	**Машыктыруу көнүгүүлөрү**	**Шарттуу-кырдаалдык көнүгүүлөр**	**Кырдаалдык көнүгүүлөр**
Грамматикалык эрежелерди салыштырып талдап түшүнүү	Эрежеге ылайык грамматикалык мүнөздөгү көнүгүү	Мисалды турмуштук көрүнүш менен байланыштыруу	Турмуштук кырдаалда колдонуп сүйлөшүү, жаратуу.

Таблицага түшүнүк берели:

Биринчиден, бул жерде эске алуучу фактор – окуучулардын тил билүү деңгээлинин ролу, эгер кыргызча сүйлөшүү чөйрөсү бар айыл жериндеги орус мектеби болсо, анда балдар кыргызча түшүнө алышат, аларга андай шартта грамматикалык эрежелерди да кыргыз тилинде түшүндүрүүгө болот.

Экинчиден, кыргызча сүйлөшүү чөйрөсү жок же аз болгон шарттагы орус мектептеринде зарыл учурда кыргыз тилинин грамматикалык формаларын, алардын табиятын, өзгөрүүлөрүн ж.б. орус тилинин фактылары менен салыштырып түшүндүрүүгө мүмкүн. Мындай салыштыруулар орус тилинде ойлонуп жана сүйлөгөн окуучуларга жеткиликтүү болуусу да толук мүмкүн.

Демек, мындагы иш-аракет окутууда **баланын өз эне тилинин өзгөчөлүктөрүн жана тилдик фактыларын эске алып жүргүзүү** аттуу методикалык принципке ылайык окуу процессин уюштурууга жатат.

Машыктыруучу көнүгүүлөр, адегенде, стандарттуу түрдө болот, алар грамматикалык эрежелерди эске алуу менен, кандай суроого жооп бергени, кандай маанини түшүндүргөнү ж.б. боюнча машыктыруу мүнөзүндө болот да, кийин-

ки шарттуу-кырдаалдык көнүгүүлөрдү аткарууга даярдык көрүнөт.

Шарттуу кырдаалдык көнүгүүлөрдү аткаруунун шарты өзүнчө, ал ойлонууну талап кылат. Анткени, үйрөнүп жаткан лексика-грамматикалык форма деген моделдеги аткарылчу бул иштердин баары турмуштук-кырдаалдык көнүгүүлөрдү аткарууга даярдык көрүү болуп саналат.

Мында, мисалы, **жатыш жөндөмөсүнүн -да** мүчөсү 3-класста өтүлө турган болсо, **лексика-грамматикалык материал + кеп аттуу модели** аркылуу иштесек, мектептин сүрөтүн көрсөтүп **мектеп+-да=мектепте** деген сөз келип чыгат. Ошондо мугалим: «Асан кайда экендигин ушул сөздү колдонуп айт» деп окуучуга тапшырма берсе, окуучу «Асан мектепте» деп сүйлөм түзүүсү толук ыктымал.

Ушул эле сыяктуу:

Бөлмө-да-бөлмөдө: *кыз – бөлмөдө;*
Көл-да-көлдө: *өрдөк – көлдө;*
Бутак-да-бутакта: *чымчык – бутакта*

ж.б. деп түрдүү сүрөттөрдү колдонуу менен сүйлөм түзүү жеңил болору шексиз.

Ал эми турмуштук кырдаалдык көнүгүүлөр – бул жерде көңүлдүн борборунда болуусу шарт жана ал тургай, ал мугалимдин бүткүл иш-аракеттеринин максаты да, натыйжасы да болору анык. Андай болсо, кырдаалдык көнүгүүлөр кандайча аткарылат?

Ушул тууралуу бир аз сөз учугун улайлы. Албетте, мугалим бул учурда теманын мазмунуна, андагы машыктыруучу көнүгүүлөргө жана да шарттуу-кырдаалдык көнүгүүлөрдүн мүнөзүнө кайрылат жана аны андан ары практикалык жактан улантат. Кантип?

Мисалы, сабактын темасы **орун тактооч** болсун дейли. Албетте, анда нерсенин турган ордун билдирүү сыяктуу кырдаалга жараша сөз болуусу кажет. Андай болсо:

Грамматика: Орун тактооч.

Тематика: Токойдо.

Кырдаал: Канаттуунун же жаныбардын турган ордун айтып билдирүү.

Маек: – Айбек, булбул каерде конуп турат?

– Булбул бутакта конуп отурат... ж.б.

Демек, ушундай жол менен теманы кепте колдонуп, кырдаалга жараша лексикалык каражаттар боюнча маектерди түзүүгө балдарды үйрөтсө болот.

Дагы бир ушундай мисалды келтирели.

Сабактын темасы: Жандооч сөзү – *менен.*

Мугалим бул теманы өтүүнүн планын түзүүдө: «Бул грамматикалык материал бала үчүн эмнеге кереги бар? Бала аны кайсы жерде, кандай кырдаалда, кандай максатта колдонот?» деген маселени да кошо чечиши зарыл. Ошондо гана аталган тема боюнча мугалим сабакта жандооч *менен* сөзүн практикалык максатта үйрөтүп, турмушта аны кантип колдоно билүүнү үйрөтөт.

Андай болсо, грамматикалык тема: *менен* жандооч мүчөсү.

Тематика: Ашкана.

Кырдаал: Кандай тамак ичкиси келгенин айтуу.

Маек: – Мен сүт менен чай ичким келет.

– А мен бал менен чай ичким келет.

– Мен гречка менен котлет жейм.

– Мен козу карын менен шорпо ичем.

Мугалим мындай сүйлөшүүлөрдү уюштурууда окуучуларды топ-топко бөлүп, ар бир топко ар түрдүү тапшырмалардын топтомун берсе да абдан жакшы болот.

Мисалы, *1-топко тапшырма:* Ким короону эмне менен тазалагысы келет?

Сүйлөшүү үлгүлөрү:

– Мен короону күрөк менен тазалагым келет.

– Мен короону тырмоо менен тазалагым келет.

– Мен короону кетмен менен тазалагым келет... ж.б.

2-топко тапшырма: Ким үйүнөн мектепке чейин кайсы унаа (транспорт) менен барарын айтат?

Сүйлөшүү үлгүлөрү:

– Мен мектепке чейин 8-троллейбус менен келем.

– Мен мектепке 10-автобус менен келем.

– Мен мектепке досум менен жөө келем.

3-топко тапшырма: Ким сүрөттү кандай боёк менен боёгусу келерин билдирет?

Сүйлөшүү үлгүлөрү:

– Мен көгүчкөндү көк менен боёгум келет.

– Мен алманы кызыл боёк менен боёйм.

– Мен жоолукту гүлдүү кылып боёгум келет... ж.б.

Мындай учурларда мугалим сөзсүз түрдө ар бир проблеманы чечүү үчүн так ушундайча иштөөнү ырааттуу сунуш кылса, албетте, окуучулардын окуу-таануу иш-аракеттерин туура уюштурган жана башкарган болор эле.

ОН ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

КЫРГЫЗ ТИЛИ ОКУУ КИТЕПТЕРИНИН МАЗМУНУНА КОЮЛУУЧУ ДИДАКТИКАЛЫК ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК ТАЛАПТАР

ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕР

Окуу китеп деген эмне жана анын окуу процессиндеги орду кандай?

Маселе окуу китебинин, айрыкча, улуттук мазмундагы окуу китептерибиздин (комплекстеринин) кызматы жөнүндө далилдеп айтууда гана эмес, ал ошо кызматын кандай деңгээлде өтөп жаткандыгын, анын бүгүнкү күндөгү деңгээлин, мүнөздүү мүчүлүштүктөрүн аныктоо, аны мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү багыттарын табуу учурдагы ата-мекендик педагогикалык илимибиздин алдындагы орчундуу маселе болуп олтурат.

Мына ушул багытта республикабыздын окутуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептердин кыргыз тили окуу китептерибизди мазмундук жактан кайра түзүү, аны учурубуздун эң зарыл талаптарына – окутуунун компетенттүүлүк парадигмасына жараша өркүндөтүп кайра түзүүнүн багыттарын аныктоо айрыкча көңүл бурууну талап кылып отурат.

Мына ушул максатка ылайык, республикабызда билим берүүнү сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүү, натыйжага багыттап окутуу милдеттерин чечүү маселелери, сөзсүз түрдө, билим берүүнү мезгилдин талабына ылайык жаңылоо маселеси менен катар, окуу куралдарын жана бүтүндөй педагогикалык адабияттарыбызды жаңылап даярдоону жана

сапаттуу кылып басып чыгарууну түп тамырынан жаңыртып түзүү керектигин эскертип отурат.

Бул туурасында сөз кылууда, деги эле, окуу китеби деген эмне, китебинин маңызы, милдети кандай? – деген суроонун айланасында бир аз сөз кылалы.

Көптөгөн окумуштуулар окуу китебин теориялык жактан терең иликтеп үйрөнүү менен, анын маани-маңызын, кызмат-милдетин, окутуунун жүрүшүндөгү анын ролун белгилүү деңгээлде аныкташты. Атап айтканда, В.В. Краевский «Окуу китебинин теориясы – ошол эле учурда окутуунун теориясы болуп саналат» – десе, С.Т. Шаповеленко: «Окуу китеби кайсы бир предмет боюнча маалыматтарды алып жүрүүчү каражат» деп эсептейт. Ал эми И.Я. Ларнер «Окуу китебин түзүү – бул окутуу – тарбиялоо процессин проектилөө» деген. Ал эми, мектеп окуу китебинин теориясы менен практикасына зор эмгек сиңирген окумуштуу Д.Д. Зуев: «Окуу китеби жалпыга бирдей документ», ал «өзүнө сабактардын мазмунун жана окуучулардын таануу ишмердүүлүгүнүн багыттарын бириктирип турат» деп жазган.

Негизинен, кыргыз тили окуу китеби окуучуларга кыргыз тилин үйрөтүүнү окуу-методикалык жактан камсыздоонун негизин түзүү менен, окуу-методикалык камсыздоонун жетектөөчү компоненти катары эсептелинет. «Окуу китебинин» аныктамалары Д.Д. Зуев (98,59), И. К. Журавлев (96), А.И. Иванов (100) тарабынан ар түрдүү берилген. Ал эми А.И. Беспалько: «Окуу китеби – комплекстүү маалыматтын модели, элементти чагылдырган педагогикалык система: окутуунун максатын, мазмунун сүрөттөйт, дидактикалык процессти тандайт жана иштеп чыгат, окутуунун формасын уюштурат жана багыттайт, практикага сунуш кылат. Ошондуктан окуу китеби окуучунун мүмкүнчүлүгүн эсепке алган, окутуунун техникалык каражаты катары эсептелет», – деп көрсөтөт.

И.Я. Ларнер бул ойду андан ары тереңдетип, «окуу китеби бүтүндөй окутуу процессин уюштурууга кызмат кылат» деп, анын ролун эң туура белгилегени бар. И.Я. Лернердин мындай изилдөөсүндө окуу китеби жана анын функциясы талданып, анда окуу китебинин концепциясы окутуунун максаты жана анын шарттары белгиленген. Ал эми жалпы билим берүүдө биринчиден, окуучунун билим, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн бардык минимумдары, экинчиден, көпчүлүк мугалимдин өз алдынча иштерди уюштуруу процессинде ишке ашырылат.

Ал тургай, өз кезегинде советтик окумуштуулардын ичинен Н.К. Крупская: «Окуу китебин ар ким өз алдынча окуп-үйрөнүүгө мүмкүн болгудай кылып түзүү керек» деп белгилөө менен, биринчи жолу туруктуу (стабилдүү) окуу китебин түзүү идеясын алдыга койгон жана окуу китебин түзүүдө чаржайыт ишке (кустарщинага) жол бербөө керектигин катуу эскерткен.

Ошону менен катар, К.Д. Ушинский да кезегинде заманбап окуу китебин түзүүнүн башында туруп, окуу китебинин ролу жана окуу процессин уюштуруудагы кызматы тууралуу түшүнүктөрдүн өнүгүшүнө чоң кадамдарды таштаган. Анын Я.А. Каменскийден айырмачылыгы, ал окуучулар окуу материалын, билимдерин негиздерин өздөштүрүүдө терең жана ыраттуу психологиялык процесстин болорун туура түшүнүү менен, окуу китебинин иштиктүү логикалык ички түзүлүшүн (сруктурасын) жана мазмунун илимий жактан көрө билген.

Негизинен, окуу китебинин функциясы методикалык адабияттарда актуалдуу маселе катары каралып келүүдө. Окуу китебинин кыркка жакын функциясы белгиленген. М.Н. Скаткин маалыматтык жана трансформациялык (жеткиликтүүлүк принцибин эске алуу менен), системалаштыруу (окуу материалынын логикалык жана дидак-

тикалык жактан камсыз кылуу), бышыктоо жана өзүн-өзү көзөмөлдөө, өз билимин өркүндөтүү, интеграциялоо (ар түрдүү булактардагы маалыматтарды интеграциялоо); координациялоо (окуу китебинин тегерегинде окуу каражаттарынын бардык түрүн топтоо); алардын ич ара байланышы, окутуунун индивидуализациялоо жана дифференциациялоо, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк функциясын көрсөткөн (273, 96).

Ата мекендик педагогикалык илимибизде да мектеп окуу китептерин түзүүнүн теориялык-практикалык маселелери колго алынган учурлар жок эмес. Алар айрыкча, Республикабыз эгемендүүлүгүн алгандан кийинки мезгилге туш келип, айрыкча, улуттук мазмундагы окуу китептерин түзүү идеясын көтөрүп чыгышкан. Алсак, профессор И. Бекбоев жалпы эле окуу китептерин түзүүнүн теориялык-методикалык маселелерин иликтөөгө аракет кылса, профессор С.О.Байгазиев кыргыз тили жана адабияты окуу китептеринин мазмуну менен түзүлүшүнө коюлуучу дидактикалык талаптарды аныктоого алгач ирет кайрылган.

Бул маселе боюнча профессор Н.И. Ишекеевдин, доцент Н.И. Ибраеванын жана А.Токтомаметовдун да айрым изилдөөлөрү эске алууга татыктуу. Ушул саптардын авторунун да бул маселе боюнча бир катар иликтөөлөрү жарык көргөнү бар.

Кыргыз тили окуу китеби жөнүндө сөз кылууда анын коомдук ролу, учурдагы маани-маңызы тууралуу айтпай коюуга болбойт. Анткени кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили болуу менен, идеологиялык күчкө эгедер. Ошону менен катар, окуу китептин өзү кайра ал тилдин өнүгүшүнө таасир этүү менен, өзүнө мамлекеттик чоң милдетти тагып отурат. Андыктан, кыргыз тили предметинин сапатын жогорулатуу үчүн, адегенде, окуу китептеринин сапатын жогорулатуу, алгылыктуу методи-

ка менен жазып чыгаруу милдети айрыкча маанилүү болуп чыга келет.

Ошондуктан, учурдагы дагы бир милдет-окуу китептерин жазуунун алдында, авторлордун бул проблема боюнча сабаттуулугун камсыз кылуу, алардын окуу китептерин түзүүгө карата зарыл талаптар менен куралдандыруу милдети коюлбай койбойт.

Бул колдонмо мына ушул максатты көздөп, кыргыз тили окуу китептерин түзүүнүн, анын мазмунун аныктоонун, аны мындан ары көтөрүүнүн бир катар принциптүү жагдайлары менен болочок авторлорду тааныштыруу вазийпасын көздөп даярдалганын эскерте кетели.

Эмесе, сөз нугу ушул жагдайда болсун.

Окуу китептин окуу процессиндеги дидактикалык функциясы жана анын маани-маңызы тууралуу

Окуу программалары маанилүү мамлекеттик документ катары өзүнө тиешелүү предмет боюнча билим берүүнүн негизги багыттарын аныктап турат. Ал эми окуу китептери болсо окуу программаларда камтылган негизги жоболордун түздөн-түз же чыгармачылык менен ишке ашыруучу маанилүү каражат болуп саналат. Ал, ошону менен бирге, окуучу менен мугалимдин окуу процесстеги чыгармачыл иш-аракеттерин уюштуруучу да, ага багыт берүүчү да негизги каражат катары кызмат кылат.

Окуу процессинде окуу китебинин функциясы ар тараптуу, ал төмөндөгүчө классификацияланат:

1. *Маалымат берүүчү функциясы* – баланы керектүү маалыматтар менен камсыз кылат, анын руханий жана практикалык көз карашын калыптандырат. Бул функция кыргыз тили окуу китептеринин кийинки басылыштарында бир топ системага салынгандыгы байкалат. Маалымат

берүүдө көбүнчө эң алгач кыргыз тилинин фонетикалык-грамматикалык материалдары, анын структуралык түзүлүшү жөнүндө түшүнүк берилет. Атап айтканда, кыргыз тилинин фонетикалык-грамматикалык өзгөчөлүктөрү сөзсүз түрдө эң алгач жаңы маалыматты талап кылат. Теманын мазмунуна карата ой жүгүртүүчү суроолор коюлуп,чакыруу стадиясы ишке кирет.

2. *Трансформациялоо функциясы* – балдардын жаш курагынын өзгөчөлүктөрүн жана аларга ылайык коюлуучу дидактикалык талаптар боюнча иштөөнүн жолдору камсыз кылынат. Анткени кыргыз тили боюнча маалыматтарды, ал боюнча ээ болуучу теориялык компетенттүүлүктөрдү камсыз кылуу, андан ары аларды кырдаалдарга жараша колдоно билүү менен практикалык компетенттүүлүккө өтүү, диалогдорду түзүү, кеп үлгүлөрүн колдонуу менен кырдаалдарга жараша сүйлөшүүгө кошулуу ж.б. иштер аткарылат.

3. *Системалаштыруу функциясы* – окуу предметинин логикасынын системалуулугунун жана ырааттуулугунун жоболорун жөнгө салат Бул принцип кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүдө жеткиликтүү деңгээлде эске алынышы шарт. Тил үйрөтүүнүн деңгээлдери, аларга жараша сүйлөшүү чөйрөлөрү боюнча алганда сөзсүз башталгыч класстардын окуу китептери жогорку класстын окуу китептеринен бир топ айырмаланат. Мында системалуулук принциби окуу китебиндеги бөлүмдөрдү пландаштырууда, ошого жараша билим берүүнү уюштырууда ишке ашырылат. Мисалы, албетте, 1-классттар үчүн түзүлгөн окуу китеби 2-4-класска караганда системалуулугу, ырааттуулугу менен өзгөчөлөнөт. 1-класста кыргыз тилине үйрөтүү алгачкы тил билүү деңгээлине карата речтик теманы өздөштүрүүгө ишти уюштуруу технологиялары, сүйлөшүү чөйрөсүнө жана тематикасына жараша чакан байланыштуу

текстерди окууга багыт берүү ж.б. ишке ашырылат. Ал эми окуу текстердин көлөмүн аныктоодо балдардын жаш курактык өзгөчөлүктөрү эске алынат.

4. *Жаңы билимди бышыктоону жана өздөштүрүүнү көзөмөлдөөчү функциясы* – окуу китеби окуучуну окуу материалдарын кайталап бышыктап чыгууга, мындагы окуу материалдарынын практикалык көндүмдөргө багыт берген жагын эстеп калууга, анан өз алдынча текшерип чыгууну көзөмөлдөйт. Бул функция окутуу жана тарбиялоо ишинде активдүү кызмат аткарат. Тилге окууга үйрөтүүдө мындай бышыктоочу жана көзөмөлдөөчү функция негизинен деңгээлдерге жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша иштөөдөгү интенциялар, дескриторлорго ылайык ар бир деңгээлдин өздөштүрүү шкаласы боюнча ишке ашырылат. Бул боюнча окуучунун көндүмдөрүн текшерүү, бышыктоо активдүү функцияны аткарат.

5. *Интеграциялоочу функциясы* – мында тил үйрөнүү аркылуу окуучуга алган билимин башка илимдердин тармактары менен байланыштыра билүүгө, билим-көндүмдөрүнүн ар тараптуу болуусуна мүмкүнчүлүк түзөт. Бул функция кыргыз тилине үйрөтүүдө анын, адабият, мекен таануу, адеп, окус тили ж.б. предметтер менен мазмундук байланышын түзө алат. Атап айтканда, кыргыз тили менен адабияттын байланышы кыргыз тилинде туура, так сүйлөөгө, жазууга, окуучунун кыргыз элинин элдик оозеки чыгармалары менен таанышууга, аларды окуп-үйрөнүүгө, адабий тилде сүйлөөгө, көркөм сүрөт өнөрү менен байланышы аркылуу баланы өз оюн сүрөт аркылуу берүүнү, аны кайра сыпаттап сүйлөп берүүгө машыктырууга ж.б. мүмкүнчүлүк түзөт.

6. *Кыргыз тили китептеринин билимди көздөштүрүүнү координациялоочу функциясы* – жардамчы материалдарды колдонуу аркылуу ишке ашырылат, т.а сүйлөшүүгө

үйрөтүүнүн бардык технологияларын, каражаттарын, методдорун, дидакткалык материалдарды, речтик минимумдарды, лексикалык бирдиктерди ж.б. баарын бирдикте өздөштүрүүнү жүзөгө ашырат. Мунун менен бирге, жүргүзүлүүчү сабактагы иштердин ар тараптуулугун камсыз кылат.

7. *Өнүктүрүп-тарбиялоо функциясы* – баланын ар тараптан өнүгүүсүнө: тил билүүгө, эл таанууга, улуттук салттарды, нарктарды билүүгө, ойлонууга, акыл эмгегин сүйүүгө, активдүүлүккө, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн арттырууга шарт түзөт. Бул функция кыргыз тилин үйрөтүүдө ар бир теманын практикалык маани-маңызын ачууда жана аны практикада колдонуугну ишке ашырылат. Мисалы, үйрөнгөнүн дидакткалык оюндарда колдонууда речтик партнердун кебин имитациялап сүйлөө, анын кебин туура айтып, ички талабын канааттандырууга мүмкүнчүлүк алат. Кыргыз тилине үйрөтүүдө ойлонуу стадиясы тематика боюнча диалог түзүүгө көнүктүрүүгө, көрүнүштү баяндап, ой жүгүртүп чакан текст жаратуу, кээде окуучу менен окуучу, окуучу менен мугалим формасында иштөө менен биргелешкен чыгармачылык фон түзүү аркылуу жүргүзүлөт.

8. *Билим берүүчү функциясы* – кыргыз тили окуу китеби менен иштөө аркылуу окуучунун билим, билгичтик, көндүмдөрүн шарттап, өтүлгөн материалдарды практикада колдоно алууга, маалыматтык, практикалык компетенттүүлүктөрүн жүзөгө ашырууга багыт берет. Бул функциянын аткарылышына кыргыз тилин үйрөтүүдө айрыкча маани берилет. Анткени анын бул функциясы тил үйрөнүүдөгү жетектөөчү функцияны аткарат. Кыргыз тилин билүүдө кыргызча текстти туура окуу көндүмүнө ээ болуу, шар, сезимдүү түшүнүп, көркөм окуу аркылуу билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болуу жөндөмү ишке ашат.

Окуу мектепке коюлуучу негизги дидактикалык талаптар кайсылар?

Мектеп окуу китеби окутуунун негизги дидактикалык каражаттары болуп саналат. Ал дидактиканын негизги талаптарына жана мектепептердеги окутуунун максатына, окутуунун жалпы мазмунуна жана окутуунун принциптерине, окутууну уюштуруу формаларына туура келиши жана анын талаптарына жооп бериши керек.

Окуу китебин түзүүдөгү негиз болуучу дидактикалык талаптардын бири болуп, окутуунун мазмунун өзүнө камтыганы жана анын формалары менен методдорунун, урунттуу принциптеринин биримдигин ишке ашыруу технологиясын бирге камтуу менен, ушул биримдиктерди ишке ашыруучу каражат экендигин да эске алуу кажет. Окутуунун талаптагыдай жүзөгө ашышынын педагогикалык-психологиялык жагдайлары, ага карата окуу китептин түзүлөшүнө байланыштуу талаптар дагы көңүлгө алынмакчы. Ушуларга байланыштуу окуу китеби билим берүүнүн мазмуну жана анын мазмунунун түрдүү элементтерин эске алуу менен аны жүзөгө ашыруу формаларын да кошо камтып, окутуунун бүткүл жүрүшүнүн долбоору катары көрүнөт.

Ушулардын негизинде, окуу китептерге коюлуучу жалпы төмөндөгүдөй дидактикалык талаптар коюларын эске алабыз.

1. Окуу китебинин билим берүүнүн заманбап мазмунуна жана илимий-методикалык талаптарына шайкеш келиши

2. Окуу китебинин окутуунун принциптерине шайкеш келиши

3. Мектеп окуу китептери билим берүүдөгү негизги логикалык-психологиялык талаптарга шайкеш келиши

4. Окуу китебинин методикалык ийкемдүү аппаратынын түзүлүшү

5. Окуу китебинин компоненттеринин тексттик түзүлүшүнүн окуучулардын өздөштүрүүсүнө шайкеш келиши

6. Окуу иктептеин комплекстүүлүгү

7. Окуу китептин мектептердин типтерине, түрлөрүнө шайкеш жооп бериши;

8. Окуу китептеги теориялык мүнөздөгү тексттердин педагогикалык интерпретацияланышы

9. Окуу китептин комплекстүүлүгү

Төмөндө мына ушул талаптардын ар бироине кыскача токтолобуз.

1. Окуу китебинин билим берүүнүн заманбап мазмуна жана илимий-методикалык талаптарга шайкеш келиши

Окутуунун мазмунуна белгилүү бир илимий талаптар коюлат, т.а.:

- азыркы илимий билимдердин негиздерин чагылдыруу;

- азыркы кездеги заманбап методикалык талаптарга (окутууну компетенттүүлүктүн негизинде жүзөгө ашыруу, инсанга багыттап окутуу, билимди ишмердиктин негизинде өздөштүрүү, баланы турмушка даярдоо, окуучунун атуулдук сапаттарын өнүктүрүү, тилдерди дүйнөлүк стандарттардын негизинде үйрөтүү, ... ж.б.) жооп бериши;

- темалардын негизинде камтылуучу мазмундук түшүнүктөрдүн инсанга багыттап окутуунун жана компетенттүүлүктүн (предметтик жана надпредметтик) негизинде ачылышы;

- окуу материалынын логикалык элементтеринин илимий негизде камтылышы жана анын жүзөгө ашышы;

- окутуунун мазмунунда предметтик билимдерден тышкары, окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрүнүн да болушу;

- билимдин адамдын турмуштук талаптарын канаатандыруусу жана ага кызмат кылуусу:

- билимдин глобалдуулугу, улуттук жана жалпы адамзаттык кызыкчылыктардын камтылуусу;

- практикалык жактан билим берүүнүн талаптарына, предмет боюнча окуу программасына, заманбап окуу стандарттарына шайкеш келиши.

2. Окуу китебинин окутуунун дидактикалык жана методикалык принциптерине шайкеш келиши

Принцип (латын principium – «негиз», «алгачкы», «баштапкы», «башат» деген маанини туюндуруп, негизинен, алгачкы жетекчиликке алынуучу идея, бир нерсенин башталышынын, негизделишинин баштапкы үңгусу деген түшүнүктү берет. Билим берүүнүн азыркы мезгилдеги дидактикалык принциптерин аныктоо окутуу процессинин бардык компоненттеринин талаптары менен шартталат жана аныкталат, б.а., окутуунун логикасы, максаты жана милдети, мазмундук түзүлүшү, окутуунун формалары жана методдору, пландаштыруу жана алынган натыйжаларды талдоо, перспективаларын аныктоо менен тыгыз байланышта чечилүүчү педагогикалык, орчундуу маселе болуп саналат.

Окутуунун принциптери биринчи жолу чех педагогу, улуу дидакт Я.А. Каменскийдин «Улуу дидактика» деген эмгегинде (1632-ж.) негизделген. Немец педагогу А. Дистервег дидактикалык принциптердин табиятын андан ары

тереңдеткен. Орус педагогу К.Д.Ушинский бул маселени андан ары улантып, дидактикалык принциптерге:

1) окутуунун аң-сезимдүүлүгү жана активдүүлүгүн;

2) көрсөтмөлүүлүктү;

3) ырааттуулукту;

4) билимдердин жана көндүмдөрдүн бышыктыгын киргизген (К.Д. Ушинский. – 1953, 201).

Буга чейинки көз караштарды системалап, «Кыргыз педагогикасы» аттуу энциклопндияда дидактикаык принциптер мындайча ырааттуулукка салынган:

1) Билим берүүгө, тарбиялоого, өнүктүрүүгө комплексттүү мамиле;

2) Илимийлүүлүк;

3) Жеткиликтүүлүк;

4) Активдүүлүк жана сезимталдуулук;

5) Көрсөтмөлүүлүк;

6) Билим, билгичтиктерди бекемдеп өнүктүрүү;

7) Жеке өзгөчөлүктөрү эске алуу. (Кыргыз педагогикасы. – 2004, 153–154–155–156).

Орус окумуштуусу А.В.Текучев. дидактикалык принциптерди мындайча классификациялоодо мына буларды кошкон:

- Теория менен практиканын байланышы;
- Ички бөлүмдөрүнүн байланышы, карым-катышы;
- Индивидуалдуу мамиле (А.В. Текучев. – 1970, 35).

Ошону менен бирге, профессор Э. Мамбетакунов окутуунун дидактикалык принциптери катары, мурда эскерилгендерге кошумча, буларды да эске алууну сунуштаган:

- системалуулук жана удаалаштык;
- бышыктык;
- жеткиликтүүлүк;
- тарыхка кайрылуу;
- улануучулук;

- гумандуулук (Э. Мамбетакунов – 2004, 27).

Окутуунун мыйзам ченемдери жана дидактикалык принциптери тууралуу педагогика илиминдеги соңку тыянак-корутундуларга, билим берүүгө, кыргыз тилин эне тил катары окутууга коюлуп жаткан талаптарга ылайык кыргыз тилин окутуунун жалпы дидактикалык принциптери катары профессор Ж.А.Чыманов мындайча системалап берет, атап айтканда:

- табигыйлык;
- тарбиялык;
- илимийлүүлүк;
- жеткиликтүүлүк;
- аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк;
- көрсөтмөлүүлүк;
- теория менен практиканын байланышы;
- системалуулук жана ырааттуулук;
- бышык, чың билим берүү;
- группалык жана индивидуалдык мамиле;
- тарыхка таануу;
- гумандуулук

Эми, ушул айтылган принциптерге айрым түшүндүрмө берели:

А) Табыгыйлык принциби

Бул-принцип окуу китепти окутуунун мазмунун берүүдө, окутуу процессин уюштурууга багыт берүүдө жана окутуу технологиясын аныктоодо анын негизги обьекти болгон баланын табигый өнүгүүсүн, анын жаш-курак өзгөчөлүктөрүн, түшүнүктөрү менен көндүмдөрүн, кызыкчылыктары менен өнүгүүсүндөгү өз алдынчалуулугун эске алуу менен түзүүнү шарттайт.

Б) Системалуулук жана ырааттуулук принциби

Системалуулук жана ырааттуулук принцибине окуу китебинин мазмунундагы негизги түшүнүктөр бир бүтүндүктү түзүп, билим-тарбия берүүдө жана баланы өнүктүрүүдө көңүлгө алынуучу бардык жагдайларды биримдикте жүргүзүү, окутуу, методдорунун, ыкмалардын, ошону менен бирге, илимий түшүнүктөрдүн, категориялардын жана да практикалык иш-аракеттердин, ж.б. өз ара ички логикалык биримдиктеринин камсыздоо, ошону менен бирге, окуу материалын ырааттуу баяндоо, аны жүзөгө ашыруу технологиясындагы логикалык биримдиктер көңүлгө алынат.

Системалуу принципке окуу китебинин темаларга, темалардын параграфтарга жана майда бөлүмдөргө бөлүнүшү да кирет. Бул болсо өздөштүрүүнү ырааттуулукка салууга жардам берет. Сабакты уюштурууда, окуу материалдарын уланмалуулукта баяндап берүүнү жана ички логикалык ырааттуулукту жүзөгө ашырууну камсыздайт..

Параграфтардын, темалардын, бөлүмдөрүн аягында окуу материалдарын корутундулоо да эске алынат. Параграфтардагы жана темалардагы мазмунду өздөштүрүүнү бекемдөөчү жана текшерүүчү суроолор, тапмышрмалар берилет. Бул иштер дагы системалуулук принцибин бекемдейт.

В) Жеткиликтүүлүк принциби

Жеткиликтүүлүк принциби окуу материалдарынын мазмуну окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө шайкеш келиши, аларды түшүнүк деңгээлине туура болушун, алардын билим алуудагы мурдагы тажрыйбасынын эске алынышын эске алат. Ошону менен бирге, окуучу мугалим жокто, үйдө өз алдынча окуу китеп менен окуп-иштей алышын уюштуруудагы жеткиликтүүлүгү да негизги ролду ойнойт. Анткени, окуу китеп окуучу үчүн жазылат.

Г) Көрсөтмөлүүлүк принциби

Окуу китептерин түзүүдө окуу материалдарын сүрөттөр, иллюстрациялар, таблицалар жана схемалар менен коштоп берүү зарылдыгы туулат. Ансыз окуу матеиалдарын окуучулар жеткиликтүү кабыл алуусу кыйынга турат. Ал сүрөттөр жана таблица-схемалар окуу материалдарынын мазмуну, аны түшүнүктүү кылып берүүдөгү өзүнүн дидактикалык орду болушу шарт. Булар аркылуу окуучу окуу процессинде мугалимдин жетекчилиги менен да, өз алдынча иштөө мезгилинде да окуучунун ишмердиги талаптагыдай ишке ашат.

Көрсөтмөлүүлүк окуучулардын жаш-курак өзгөчөлүктөрүнө шайкеш ишке ашырылат, анткени, төмөнкү класстардын окуу китептеринде сүрөт жана иллюстрациялар түстүү боек менен берилсе, жогорку класстардын окуу китептеринде айрым портреттер, эрежеге ылайлык, ар түрдүү схема, график, диаграмма түрүндө көбүрөөк берүүгө жол берилет.

Д) Тарбиялоочулук принцип

Бул принцип да окутуунун дидактикалык максаттарына дал келет жана аны окуу материалдарынын мазмуну аркылуу жүзөгө ашуучу маанилүү принцип болуп саналат. Ошондуктан мындай бир методикалык маанилүү жобо айтылып келет, т.а. ал - «ар бир предмет өз каражаты менен баланы өстүрөт, билим берет жана тарбиялайт». Демек, ар бир предмет боюнча окуу китеп өзүнүн мазмунундагы үлгүлүү элементтери менен балага акыл-эске, гумандуулукка, адал эмгекке, адеп-ыйманга, атуулдук-патриоттук сезимдерге тарбиялайт жана эстетикалык керектөөлөрүн канааттандырат, ж.б. Мындай иш-аракетти жүзөгө ашырууда окуу материалдары тарбиялык жактан таасирдүү

фактыларды камтыйт жана суроо-таршырмаларын түзүүдө көңүлгө алынат.

Е) Илимийлүүлүк принциби

Бул принцип окуу китептери аркылуу окуучуларга берилүүчү илимий билимдердин өзөгүн түзүүчү, анын негиздерин аныктоочу жетектөөчү принциптердин бири. Андыктан окуу китептерде илимий фактылар далилдүү, негиздүү жана эки ача түшүнүктөрдү камтыбаган таризде болушу зарыл. Ал үчүн окуу программасында берилген окуу материалдардын мазмуну билим берүүдө жана практикада талаш туудурбаган, илимде тартипке жана калыпка салынган, далилденген материалдарды гана камтуусу зарыл. Ошондуктан, окуу китептерин жазууда «идеалдуу автордук топ» иштеши абзел, т.а. илимпоз окумуштуу, усулчу жана практик мугалим.

Ё) Аң-сезимдүүлүк жана активдүүлүк

Бул принцип дагы окутуу жана тарбиялоо менен бирге, окуу китептерин жазууда орчундуу принциптердин катарына кирет. Анткени окуу китептеги окуу материалдарын окуучу өз алдынча аң сезимдүү түрдө окуп жана өздөштүрбөсө, жаттоо менен кабыл алынган илимий билимдер окуучулардын билимин түптөбөйт. Ошону менен бирге, ала турган жаңы билимге окуучунун ишмердигин багыттоо, аны аң сезимдүү кабыл алуунун уюштуруу жана алган билимди ишмердик аркылуу бекемдөө зарыл. Ал бекемдөө окуучунун предмет боюнча компетенттүүлүгүн калыптандыруучу жана окуучунун сынчыл ой жүрүртүүсүн уюштуруу механизмдери бирдикте жүргүзүүнү камтышы зарыл.

Ошону менен катар, окуучу алган билимин активдүү түрдө өздөштүрмөйүн мурунку жана жаңы алган билимди толук жана системалуу өздөштүрүүдө кыйынчылык жара-

лат. Ошондуктан, окутуудагы активдүү методдор жана ага аң сезимдүү мамиле гана өздөштүрүрүүнү активдүү жүргүзүүгө жол ачат. Андыктан, окуу китепте багыт берүүчү аппарат, аны уюштуруу ишмердиги ыңгайлуу методдор жана принциптер менен коштолуусу натыйжа бермекчи.

Ж) Теория менен практиканын байланышы

Окутуу иши сөздүз түрдө бала жашаган мезгил, чөйрө жана турмуштук жандуу практика менен байланышта жүрүүсү шарт. Турмуштан, бала жашаган замандан жана практикалык талаптарынанан алыс билим баланын келечегине эч кандай пайда бербейт.

Ошондуктан: биринчиден, ар бир окуу материалы окуучунун күндөлүк жана эртеңки жашоосуна пайдалуу маалыматтарды камтышы керек;

Экинчиден, ар бир жаңы алган билим күн сайын практикалык мүнөздөгү тапшырмалар менен коштолуп, аны окуучу өзүнүн тажрыйбасында сынап көрүшү, ошол аркылуу келечекте турмушунда колдонуунун ачкычын таба билиши зарыл.

Үчүнчүдөн, ар бир илимий маалымат же практикалык машыгуулар бала жашаган доордун мүнөзүнө жараша жараша ынанымдуу жана ишенимдүү болушу керек,эч бир окуу материалы окуучунун турмушунан алыс, жалган жана иллюзиялуу болбошу зарыл.

З) Бекем жана чың билим берүү

Бекем жана чың билим берүүсүн окутуу максатсыз жана келечексиз болмокчу. Ошондуктан, окутуунун бул талабы да окуу китепти жазууда сөзсүз жетектөөчү мүнөзгө ээ. Аны жүзөгө ашыруу өз алдынчалуу механизмдерге жана технологияларга негизденет. Тактап айтканда, ал иш-аракет кантип иш жүзүнө ашмакчы:

- биричиден, окуу китепте жаңы берилген илимий багыттагы окуу материалдарын окуучу кантип түшүнө билүүсүн текшерүү жана бекемдөө аракети көрүлүүсү керек;

- экинчиден, алган жаңы билимди окуучунун практикалда колдоно билүүсүн уюштуруу ишке ашышы керек;

- бир проблемалуу жагдай түзүлүп, аны жаңы үйрөнгөн окуу материалдарынын негизинде чечүүгө машыгуу иши жүзөгө ашышы шарт;

- андан ары окуучунун чыгармачыл ишин уюштуруу жана өз алдынча үйдө иштөөгө туура багыт берилүүсү керек.

И) Тайпалык жана жекече (группалык жана индивидуалдык) мамиле

Окуу китеп окуучу үчүн жазылат жана ал окуу процессинин алдын ала конструкциясы демекчи, анда окуу процессинде мугалим кандай формада сабагын уюштугусу келсе, ошого багыт берүүчү иш-аракеттер камтылат, т.а. окуу материалдарынын мүнөзүнө жараша бир катар проблемалуу суроолор коюлуп, сынчыл ой жүгүртүү мүнөзүндөгү тапшырмалар берилет. Алар боюнча мугалим окуучуларды тайпаларга же жуптарга бөлүп иштеши да ыктымал. Ошондуктан, окуу китепте автор окуу материалдарын өздөштүрүү процессин алдын ала элестетип, тайпада же жуп менен иштөөгө карата багыт берүүчү тапшырмаларды койсо болот. Же болбосо, тапшырмалар менен суроолордун мүнөзүнө жараша ачык же жабык түрдөгү жооптордун болушу күтүлгөн иш-аракеттердин да болушу толук ыктымал.

Й) Гумандуулук жана баланын инсандыгына багытталгандык

Окуу процессин гумандуу мүнөздө уюштуруу жана анын инсандыгына багытталгандыгы да окуу китептин

ички мазмунуна, түзүлүшүно жана анын ички методикалык аппаратына көз каранды. Буга балага гумандуу мамиле жасоо, баланын жан дүйнөсүнүн жабырланышына жол бербөө, баланын бактылуу балалыгын камсыз кылуу, бабалын өздөштүрүүсүнө жана кабыл алуусуна алайыктап окуу материалдарын сунуш кылуу проблемалары кирет.

Тактап айтканда, биринчиден, окуу материалдары балага зордук-зомбулук кылуу мүнөзүндө болбоосу керек;

- экинчиден, окуу материалдары баланын жан дүйнөсүн жабырлантуучу мүнөздө болбошу керек;

- үчүнчүдөн, окуу материалдары класстардын деңгээлине, окуучунун жаш-курак өзгөчөлүгүнө жараша жеткиликтүү болуусу;

- төртүнчүдөн, окуу китептин методикалык аппараты окуучуга жеткиликтүү методика менен түзүлүп, суроо-тапшырмалары балдардын чыгармачылык жана ырахат менен иштей алуусуна багытталуусу керек.

3. Мектеп окуу китептеринин негизги логикалык-психологиялык талаптарга шайкеш келиши

Окуучулардын окуу процессиндеги негизги ийгиликтеринин кепилдиги болуп, окуу тексттерине коюлуучу логикалык-психологиялык талаптар, баланын психологиясынын эске алынышы жана бир катар педагогикалык-методикалык талаптардын аткарылышынын зарылдыгы болуп саналат. Ал үчүн, мына булар эске алынышы шарт:

1. окуу китебин түзүүдө окуу материалын окуп-үйрөнүүгө коротулуучу убакыттын нормасы эске алынышы керектиги;

2. окуучу сабакта же өз алдынча окуу-үйрөнүү мезгилинде коротулуучу убакта канча көлөмдөгү окуу материалдары сунуш кылынышы керектиги...

3. Окуу текстери менен андагы сүйлөмдөрүнүн көлөмү кандай болушу керектиги да өзгөчө маанилүү.

Бул биринчи кезекте бир сабактын чегинде окуп-үйрөнүлүүчү окуу материалы орточо алганда, канча көлөмдөгү окуу материалы болушу керек деген маселени эске салат, башкача айтканда, бир параграфта, орточо көлөмүндөгү кандай окуу материалы камтылып туруусу болжолдонот.

Бул эки критерийде иштелип чыгат:

1. Сабакта окуучу канча мүнөт ичинде окуу иш-аракети менен алектенет;

2. Сабакта окуучунун окуу ылдамдыгы канча болот...

Ушуларга негизденип, адабият сабактары боюнча окуу китептерде ар бир параграфтын чегиндеги окуу материалдарынын көлөмү болжол менен төмөндөгүдөй болмокчу:

- башталгыч класстардын окуу китептеринде 1-2-беттен ашпаган көлөмдө;
- 5-6-класстардын окуу китептеринде – 2,0-2,5 бет көлөмдө;
- 7-класстардын окуу китептеринде – 2,5-3,0 бет көлөмдө;
- 8-класстардын окуу китептеринде – 3,0-3,5 бет көлөмдө;
- 9-класстардын окуу китептеринде – 3,5-4,0 бет көлөмдө;
- 10-класстардын окуу китептеринде – 4,0-4,5 бет көлөмдө;
- 11-12-класстардын окуу китептеринде – 4,5,-5,0 бет көлөмдө...

Бул аталган көлөм окуу китепте берилген негизги текстке гана тиешелүү.

Ал эми, негизги текттен тышкары, кошумча жана түшүндүрмө текстер да берилиши мүмкүн. Алардын көлөмү беттин 30 пайызынан ашпашы керек.

Берилген нормалар эң алды кээ бир табигый жана гуманитардык окуу китептерине таандык.

Көнүгүүлөрдүн санына жана мүнөзүнө коюлуучу талаптар:

- алган билимди текшерүү үчүн көнүгүү;
- алган билимди практикада колдонуу үчүн көнүгүү;
- проблеманы чечүү мүнөзүндөгү көнүгүү;
- окуучунун чыгармачыл ишмердигин көрсөтүү үчүн көнүгүү;
- үйдө, өз алдынча иштөө үчүн көнүгүү...

Окуу китебиндеги текстердин мазмунуна коюлуучу талаптар:

- тилдин кыргызча тазалыгы,
- орфографиялык жана тилдик нормага ылайык туралыгы,
- берилген ойдун тактыгы,
- сүйлөмдөрдүн логикалуу түзүлүшү;
- сүйлөмдөгү лексикалык байлык сөзсүз талап кылынат.

Окуу китептериндеги сүйлөмдөрдүн көлөмү кандай болот?

- 1-4-класстар үчүн 8 сөз,
- 5-класстарда 8-9 сөз,
- 6-7-класстарда 10-12 сөз,
- 8-9-класстарда 12-14 сөз,
- 10-12-класстарда 14-15 сөз сунуш кылынат.

4. Окуу китебинин методикалык ийкемдүү аппаратынын түзүлүшү

Окуу китебинин мазмуну ар түрдүү механизмдерди, технологияларды өзүнө камтып батырып турган маалыматтык топтом болуп саналат. Анткени, анын методикалык аппаратында төмөндөгүдөй көптөгөн элементтер бар:

1. Киришүү – бул киришүү тексти, ал окуу материалынын негизги багытын түшүнүүнү камсыз кылат. Ошону менен бирге, анда окуу китептин түзүлүшүн жана предметтин ички логикасын ачып берет;

2. Темалардын аталышы: анын түстүү жана бараандуу тамгалар менен көрүнүктүү кылынып жазылышы: ал керектүү материалды издебей тез табууга мүмкүндүк түзөт;

3. Негизги тексттин мазмунуна багыт берүү – негизги тексттин мазмунун ачууга жана түшүнүүгө багыт берүү, мурдагы тема менен байланыштыруу мүнөзүндөгү материалдар;

4. Негизги текст – окуучулар окуп-үйрөнүүчү программалык негизги материал. Анда белгилүү бир темага ылайык, ага жараша мазмун толук ачылуу менен, окуп-үйрөнүү мүмкүнчүлүгүнүн чегинен ашпаган көлөмдө окуу материалы камтылат;

5. Кошумча маалыматтар: негизги материалга кошумча, жардамчы, айрым бир далилдүү материалдардын берилиши. Ал негизги тексттен айырмаланып, башкача шрифт менен жазылат да, көзгө даана көрүнүп туруусун камсыздоо зарыл.

6. Көрсөтмөлүүлүк – негизги тексттин мазмунун ачуу жана аны түшүнүүнү көрсөтмөлүү кылуу максатындагы иллюстрациялар, таблицалар, схемалар;

7. Талкуулоо үчүн суроолор: булар дагы негизги тексттен айырмаланып, башкача ачык түстөгү тамгалар менен

берилип, айырмаланып, көзгө көрүнүктүү кылынып орун алат;

8. Талдоо үчүн тапшырмалар: тапшырмалар дагы негизги текстен айырмаланып, башкача ачык түстөгү тамгалар менен берилип, айырмаланып, көзгө көрүнүктүү кылынып орун алат.

9. Тиркемелер. Тиркемеде жардамы жана кошумча материалдар берилиши мүмкүн, ошону менен бирге, сүрөттөр, таблица, схема, карта, чиймелер, сөздүктөр, тизмелер ж. б. кирет.

10. Көрсөткүчтөр (алфавиттик, предметтик, адам аттары боюнча сөздүктөр) – окуу китеби боюнча маалымат берип турат. Аларда окуу китептеринде кездешкен негизги терминдерди жана түшүнүктөрдү чечмеленет жана айрым адам аттары боюнча түшүндүрмөлөрдү, кыскартылган сөздөрдүн маанилси толуктап берилет.

11. Адабияттар (библиография). Ал предмет боюнча дагы да кошумча сунуш кылынган адабияттардын тизмесин камтыган өзүнчө бөлүмү. Кошумча адабияттар предметин мазмунун эске алуу менен, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша тандалып сунушталышы мүмкүн.

12. Китептин форзацында да кошумча маанилүү материал бар экенин баамдоо керек, анткени, анда соңку жылдарда бекем орун алып калгандай, Кыргыз Республикасынын Гимни, Герби, Туусу берилген. Ага да окуучулардын көңүлүн буруп, биле жүрүүсүнө кеп-кеңештерди системалуу айтып туруу да керек.

5. Окуу китебиндеги өздөштүрүүнү уюштуруучу аппаратынын иштелип чыгышы

Окуу китептеги эң негизги методикалык кызматтарынын бири - андагы окуучулардын жаңы билимди өздөштү-

рүүнү уюштуруучу аппаратынын түзүлүшү болуп саналат. Ал анын негизги компоненттеринин да бири. Ал окуучуларга оң багыт берип, өздөштүрүүнү жеңилдетет, таанып-билүү, түшүнүү, практикада колдонуу, проблеманы чечүү жана чыгармачылыкка багыт болуучу иш-аракеттерди уюштурат. Анын негизги элементтери булар:

Өздөштүрүүнү уюштуруунун аппаратынын негизги элементтери:

- жаңы теманын мазмунун эске сактоону текшерүү жана кайталоо үчүн суроолор;
- окуучулар аткаруучу практикалык мүнөздөгү тапшырмалар;
- алган билимди практикада колдонуу, проблемалуу, калыптандыруучу, салыштыруу, анализдөөчү, синтездөөчү, түшүнүктү бекемдөөчү жана чыгармачыл мүнөздөгү тапшырмалар;
- бышыктоо үчүн атайын практикалык тапшырмалар;
- эскертүүлөр жана кошумча материалдар;
- үйдө жана өз алдынча иштөө мүнөзүндөгү тапшырмалар.

Демек, бул элементтер окуучулар жаңы алган билимди өздөштүрүү, теориялык жана практикалык жактан бекемдөө мүнөзүндөгү системалуу иштерди уюштуруучу аппарат болуп саналат.

6. Окуу китептеги тексттен тышкаркы компоненттери жана алардын кызматы

Окуу китепте мазмунду (негизги текст) жүзөгө ашыруучу компоненттер төмөндөгүдөй кызматты аткарышы керек:

- көрсөтмөлүүлүктү касыз кылуучу сүрөттөр - булар окуу материалдарын көрсөтмөлүү өздөштүрүүгө жардам берет;

- текстке жараша иллюстрациялар, булар баланын ойлонуусун материалдаштырат, элестүү өздөштүрүүнү камсыз кылат;

- таблицалар – булар алган билимди практикада колдонууга кошумча материал болот;

- өздөштүрүүнү жеңилдетүүчү схемалар - булар чыгармачыл жана ишмердик мамилегени уюштурууга кызмат кылуучу материал болуп берет.

- таяныч башка материалдар- булар окуу материалдарын тез жана оптималдуу өздөштүрүүгө кызмат кылат.

7. Окуу китептердин мектептердин түрлөрүнө жараша бөлүнүшү

Учурда Республикабызда мектептердин бир катар түрлөрү кеңири практикалануда, т.а:

- жалпы орто билим берүүчү мектептер;
- гимназиялар;
- лицейлер;
- менчик мектептер;
- инновациялык мектептер.

Албетте, алар жалпы мамлекеттик стандарттын талаптарына шайкеш иштейт, бирок алардын баарында окуу пландарында сааттарынын эркин болушу – окуу материалдарынын камтылышына сөзсүз таасир этет. Ошого жараша предметтик стандарттагы жана ынгайлаштырылган окуу программадагы материалдардын берилишинде ар кандай мүмкүнчүлүктөр болушу ыктымал. Андыктан, алардын ар биринин ушундай мүмкүнчүлүктөр эске алынып, окуу китептерин жазууда төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр болушу ыктымал:

- альтернативдүү окуу китептер;

- вариативдүү окуу китептер;
- тердетилген окуу китептери;
- адаптацияланган окуу китептер... ж.б.

8. Окуу китептеги теориялык мүнөздөгү тексттердин педагогикалык интерпретацияланышы

Окуу китептеги грамматикалык-фонетикалык материалдар ***теориялык баяндоо*** (эреже, таблица, схема) менен ***педагогикалык баяндоонун*** айырмасы асман менен жердей. Анткени педагогикалык баяндоо гана теориялык материалдын баланын кебин өстүрүүдөгү, аны практикада колдоно билип, компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдөгү кызматын ачып берүүгө багытталат.

Педагогикалык баяндоо *дегенде* эмнелерди эске түшүрөбүз? Мисалы:

- теманы баяндап берүүнүн методдорун (аңгемелешүү, изилдөө, проблемалуу жагдайларын түзүү) жана принциптерин (турмуш менен байланыштырып, көрсөтмөлүү, тарбиялап окутуу жагдайын эске алып, жеңилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга карай жеткиликтүү баяндоо) эске алуу;
- теманы баланын курагына, түшүнүгүнө жараша баяндоо;
- теманы балага түшүнүктүү, жеткиликтүү тил менен баяндоо;
- теориялык материалдарды педагогикалык адаптациялоо;
- бала теманын маанисин кабыл алып жатабы, түшүнүп жатабы, өздөштүрүп жатабы, практикада колдонуп машыгып жатабы, ошолорду байкап, эске алып баяндоо;
- теманын таанытуучулук, билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбиялык мүмкүнчүлүгүн ачып жана аларды баланын жан дүйнөсүнө жеткире баяндоо, ж.б.

- Деги эле, сабактагы баяндоонун мындан башка да: маалыматтык баяндоо, мазмундук баяндоо, илимий баяндоо, психологиялык баяндоо, интерактивдүү баяндоо ж.б. түрлөрү бар экендигин да эске сала кетсек болот. Ошон үчүн сабакта мугалим **«педагогикалык баяндоо»** менен **«педагогикалык талдоо»** ыкмаларын кеңири колдонуусу талапка ылайык келет.

9. Окуу китептин комплекстүүлүгү

- Окуу китеп өзү эч качан жалгыз болбойт. Бул-анын комплекстүү болуусун эске салып турат. Антпеген күндө жалгыз окуу китеби окуучунун талаптагыдай билим алуусу жана анын компетенттүүлүктүн негизинде билим алуусун толук камсыз кыла албайт. Ал үчүн окуу китепке төмөндөгүдөй жардамчы компоненттер биригет:

1. мугалимдер үчүн:

- окуу китеп менен натыйжалуу иштөөгө багыттоо боюнча методикалык көрсөтмөлөр;
- сабакты натыйжалуу уюштурууга багыт берүүчү сабактардын методикалык иштелмелери;
- окуу материалдарын жеткиликтүү өздөштүрүүгө теориялык жана методикалык жактан жардам берүү үчүн методикалык колдонмолор;
- теориялык материалдарды практикада колдонуу боюнча окуучулар менен ишөөнү уюштуруучу көнүгүүлөр жыйнактары;
- көрсөтмөлүүлүктү камсыздоочу таблицалар;
- кошумча теориялык-методикалык, адабий-көркөм материалдар;
- кошумча колдонуучу дидактикалык материалдар;

....

2. Окуучулар үчүн:

- жазуу дептерлери;
- каллиграфиялык окуу материалдары;
- таза жазуу дептерлери;
- кошумча иллюстрациялар;
- альбомдор;
- сөздүктөр;
- окуу хрестоматиялары;
- тамга, муун кассалары;
- ж.б.

ОКУУ КИТЕПТЕРГЕ КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

Окуу орус, өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн кыргыз тили окуу китептеринин мазмунуна жана окуу китептерин түзүүдө жетекчиликке алуучу методикалык талаптар

Быйылкы 2017-жылында аткарылуучу пландык иштин биринчи бөлүгү катары кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу боюнча окуу китептерге коюлуучу дидактикалык талаптарды иштеп чыгуу маселеси каралган.

Анда окуу орус, өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн түзүлүүчү Кыргыз тили окуу китептеринин мазмунуна жана түзүлүшүнө жалпы эле кыргыз тили окуу китептерине коюлуучу талаптарды аныктоо белгиленген. Тактап айтканда:

- окуу китептердин мазмуну менен түзүлүшүнө коюлуучу жалпы дидактикалык талаптар, анын принциптери, атап айтканда, илимийлүүлүк, жеткиликтүүлүк, көрсөтмөлүүлүк, түшүнүктүүлүк, окуу материалдарынын турмуш менен байланыштуулугу, окутуп-тарбиялоочулук, баланын жаш курагын эске алуу, оптималдаштыруу, ж.б.;

- кыргыз тили окуу китептеринин мазмуну менен түзүлүшүнө коюлуучу тилдик, коммуникативдик жана таанып – билүүчүлүк талаптар;

- кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүү максатына жана милдеттерине жараша атайын талаптар.

Ошентсе дагы, биз сөз кылып отурган мектептерде кыргыз тили экинчи тил катары үйрөтүүнүн жекече өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу кыргыз тили окуу китептерине коюлуучу талаптарда сөзсүз мүнөздүү өзгөчөлүктөр бар экендиги белгилүү. Анда ушул өзгөчөлүктөргө жараша коюлуучу талаптар жагдайында кыскача сөз кылалы.

Жогоруда аталгандай, окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлүүчү мектептер үчүн Кыргыз тили окуу китептерине **кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун максаты менен милдеттеринен келип чыгарын эске алууга тийишпиз.** Мисалы:

Кыргыз тилин окутуунун негизги максаты мектепте окуп жаткан башка улуттун өкүлдөрүн жана аталган мектептерде окуп, кыргызча сабаттуу сүйлөп, жаза албаган кыргыз балдарын күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазууга ээ кылуу.

Демек, бул максат аталган окуу китептин жалпы мазмуну жана түзүлүшү аркылуу турмушка ашуусу керек.

Ушул максаттарга ылайык Кыргыз тили окуу китептери төмөндөгү милдеттерди чечүүнү да көздөйт:

- окуучулар өз алдынча ой-пикирин кыргыз тилинде билдирип, тилдик жана сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жана талап кылынуучу сүйлөшүү деңгээлдерине ылайык маектеше алууга, өз пикирин билдире алууга жетишүү;

- кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу жана которуу түрлөрүндө иштөө көндүмдөрүнө ээ болуу;

- сабакты коммуникативдик ыкмада уюштуруу менен окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда сүйлөшө алуу менен, кыргызча сүйлөө маданиятына көнүгүү жана кыргыз тили аркылуу дүйнө таануусун өстүрүү;

- мектепти аяктаганда кыргыз тилинде газеттик жөнөкөй темадага макаланыжана радиодон социалдык-маданий жөнөкөй темадагы берүүлөрдү түшүнүүгө жетишүү;

- болуп өткөн же боло турган окуя туурасында монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикрин билдире алуу;

- темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере алышы жана эң жөнөкой темада текст түзө алуу;

- балдар эне тилинен кыргыз тилине же тескерисинче, кыргыз тилинен эне тилине сөздүктү пайдалануу менен, жогорку класстарда сөздүксүз эле которо алууга жетишүү;

- иш кагаздарын кыргызча түзө алуу.

Ушуларга ылайык, аталган окуу китептерди түзүүдө төмөндөгүдөй талаптарды авторлор эске алуулары керек.

Биринчи талап:
Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикалык принциптерине жараша коюлуучу талаптар

Ал талаптар төмөндөгүлөр менен аныкталмакчы, атап айтканда:

- лингво өлкө таанытуу, литнгво этномаданият таануу принциби (кыргыз тили аркылуу кыргыз жери, эли, маданий дөөлөттөрү, материалдык жана рухий маданиятын таануу);

- коммуникативдүүлүк принциби (тилдин теориясы үйрөнүүгө басым койбой, аны турмуш практикасында колдо-

но билүүгө. Интерактивдүү баарлашууга басым коюп үйрөтүү);

- **деңгээлдик принциби** (тилди сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жана тематикасына жараша ар бир класстын окуучулары өзүлөрүнө коюлган талаптардын деңгээлдерине жараша билүүгө жетишүү);

- **окуучунун эне тилинин өзгөчөлүктөрүнө таянуу принциби** (кыргыз тилин үйрөнүп жаткан окуучунун тиешелүү улуттук өзгөчөлүктөрүн, алардын эне тилинин фонетикалык, грамматикалык, морфологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып окутуу);

- **тилдик өзгөчөлүктөрдү салыштырып үйрөтүү принциби** (кыргыз тилин үйрөнүп жаткан окуучулардын эне тилинин, мисалы, орус, өзбек, тажик тилдеринин бир катар фактыларын салыштырып, аң сезимдүүлүк менен үйрөтүү);

- **кырдаалдык-тематикалык принцип** (сабакта кыргыз тилинин тилдик фактыларын жаттап үйрөтпөстөн, аларды түрдүү тематикада жана кырдаалдарда колдонуп сүйлөөгө машыктыруу менен үйрөтүү);

- **тилдик материалдарды кептеги кызматына жараша тандоо принциби** (тилдик материалдарды окуу китебине практикада сүйлөшүү максатарына, алардын кептеги кызматына жараша тандап жайгаштыруу).

Экинчи талап:
Кыргыз тили менен орус, өзбек жана тажик тилдеринин ортосундагы интерференциялык, транспозициялык кубулуштарды эске алуу

Бул талаптар төмөндөгүчө мүнөздөлөт, атап айтканда:

а) лексикалык интерференция;

б) грамматикалык интерференция;

в) фонетикалык интерференция;

г) лингво өлкө таануудагы же этномаданий, этнопсихологиялык интерференция;

д) фразеологиялык интерференция, ж.б.

Үчүнчү талап:
Окутуунун коммуникативдүүлүгүн эске алуу

Кыргыз тилинин кептик материалдары окуучулар ээ болууга тийиш болгон коммуникативдик компетенциялардын талаптарына жараша берилиши керек. Атап айтканда:

- Заттын ким же эмне экендигин сурап билүү; заттын бир жакка таандык экендигин билдирүү; заттын турган ордун айтуу; заттын санын, аз же көп экендигин айтып билдирүү; заттын бар же жок экенин сурап билүү; заттын иретин айтып билдирүү;

- жумалык күн аттары кандай айтыларын үйрөтүү, алдыда боло турган иш-аракеттерди сурап билүү; заттын кандай экенин айтып үйрөнүү; ким кайда бара жатканын сурап билүү; ким кайда жашаарын айтуу, кантип таанышууга болот?

- билбеген нерсе тууралуу кантип маалымат алууга болот? нерсенин кайда экенин кантип сурап билесиң? ким кайда окуйт? ким кайда жашайт? буюмдун кимдики экенин сурап билүү, керек болгон буюмду кантип сурап алууга болот?

- буюмдун кимде экендигин сурап билүү; буюруу иретинде кайрылуу; кимдин, эмне кылгандыгын айтуу; ким качан, кайда болду?

- ким кайда кетти? мезгилди айга, күнгө бөлүштүрүп айтып берүү; кимге эмне жагаарын, эмне керектигин сурап билүү; уруксат суроого үйрөнүү; ким кайдан келгенин айтуу; ким качан келгенин айтуу;

- буюмду кимден алганын айтып берүү; буюмдун канча турарын сурап билүү; сатып алууга үйрөнүү, ким кайдан келатат? убакыттын канча болгондугун айтуу; буюмду кимден алганын айтуу; буюмду кайдан алгандыгын айтуу; кечирим суроо; өтүнүү;

- телефондо сүйлөшүү; телефонго чакыруу; ким канча жашта? ким эмнени алып жатат? ким эмнени берип жатат? жумушту эмне менен аткарып жаткандыгын айтуу, кыймыл-аракеттин ким менен бирге аткарылгандыгын айтуу; ким кимге жардам бергенин айтуу; заттын айлана-тегерегин атап айтуу, аралыкты билдирүү; ким ким менен кайда барат?

- ким качан эмне кылгандыгын маалымдоо; буюмдун кайда турганын сурап билүү; бирөөдөн бир нерсени алып берүүсүн өтүнүү, ким кимди же эмнени күтүп турат? ким эмнени сатып алат? бирөөнүн сунушуна макул же каршы экендигин билдирүү;

- бирөөнүн сураганын берерин же бербей турганын билдирүү; күндү кандай өткөрөрүн айтып берүү; бир нерсени өзү аткарарын айта берүү; заттын өңү-түсүн жана даам белгилерин айтууга үйрөнүү; сен келечекте ким болгуң келет?

- бир жакка кантип баруу керектигин сурап билүү; ким кайдан, кантип келгендигин айтуу; кыймыл-аракеттин себебин түшүндүрүү; ким жана эмне жөнүндө сөз болгондугун маалымдоо; заттардын форма, көлөм жана башка белгилерин салыштырып үйрөнүү;

- заттын болжолдуу эсебин кантип айтабыз? убакытты күн белгилерине карай кантип айтабыз? кубанууну же өкүнүүнү билдирүү; заттын түрдүү белгилерин салыштырып айтып үйрөнүү; заттын айлана-тегерегинде эмне бар экендигин айтып үйрөнүү;

- кимге кайсы кесип жагат? жакын адамын бирөөгө таанышторуу; окшоштуруп, салыштырып айтуу; эмне кылгысы келгенин айтуу; айлана-чөйрөдө эмне болуп жатканын маалымдоо... ж.б.

Төртүнчү талап:
Окуу китептеринде окуу материалдарынын сүйлөшүү деңгээлдерине жараша берилиши

Окуу материалдарын сүйлөшүү деңгээлдерине жараша уюштуруу, атап айтканда:

А1. Карапайым деңгээл: 1-класстар (кыргыз тилин үйрөнүүгө багыттоочу мезгил);

А1.1. Баштапкы деңгээл: 3-4-класстар (тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө машыктыруу мезгили);

А2. Негизги деңгээл: 5-9-класстар (тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө, сабаттуулукка калыптандыруу, активдештирүү мезгили);

В1. Ортодон жогорку денгээл: 10-11-класстар (жетишилген тилдик жана сүйлөшүү компетенцияларды мектеп стандартынын негизинде жалпылоо жана жыйынтыктоо мезгили).

Бешинчи талап:
Окуу китептеринде окуу материалдары берүүдө кыргыз тилинде сүйлөшүү чөйрөлөрүнүн эске алынышы

Окуу китептеги материалдар окуучулардын төмөндөгүдөй сүйлөшүү чөйрөлөрүнө жараша уюштурулушу керек:

Баланын өздүк чөйрөсү. Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй көмпетенцияларга ээ болууга жараша берилиши зарыл:

– өзүнүн аты, атасынын аты, жаш курагы тууралуу маалымат бере билүү; ата-энеси, чоң ата-чоң энеси ким экенин, иштеген иши, жашы тууралуу айта алуу; бир туугандары, окуусу, иши, жашы тууралуу маалымат бере алуу;

жашаган жерин, үйүн, дарегин айта алуу; өз бөлмөсү, өзүнө тиешелүү буюмдары тууралуу айта билүү, ж.б.

Окуу-таануу чөйрөсү. Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй көмпетенцияларга ээ болууга жараша берилмекчи:

– Мекени Кыргызстан экенин айта алуу; кыргыздын улуттук баатырлары, анын ичинен Манас баатыр ким экенин билүү, ал тууралуу маалымат бере алуу; кыргыз эли, анын меймандостугу тууралуу айта алуу; кыргыздын белгилүү, сыймыктанган адамдарын билүү жана алар тууралуу аңгемелеп айта алуу; Кыргызстанда жашаган башка улуттар тууралуу маалымат бере алуу; окуган мектеби, классы, классташтары тууралуу аңгемелеше билүү; окуган предметтери, окуу куралдары, класстагы окуу эмгеги тууралуу айта алуу жана суроолорго жооп бере алуу; кыргыз тили предмети, ага мамилеси, баалары, андан эмне үйрөнүп жатканы тууралуу маектеше билүү; мектептеги иштери, жүрүм-туруму,коомдук иштерге катышуусу, андагы кылган иштери тууралуу айта билүү; мектеп багы, андагы өсүмдүктөр, ага камкордук, окуу чейректери, каникулдар ж.б. тууралуу айта алуу жана суроолорго жооп берүү.

Социалдык-маданий чөйрө. Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй көмпетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

– туулуп-өскөн жери тууралуу айта билүү, сураса жооп бере алуу; ал жердин шарты тууралуу билдирүү жасай алуу; жашаган аймактагы объектилерди аталыштарын кыргызча айта алуу жана алар тууралуу аңгемелеше билүү, ал тематикалардагы түрдүү кеп кырдаалдарына жараша сүйлөшө алуу; кыргыздын ыйык туткан жерлерин билүү жана алар тууралуу аңгемелеше алуу; кыргыздын жана башка улуттардын улуттук майрамдарын билүү жана алар тууралуу маектеше билүү.

4. Эмгек жана кесип чөйрөсү. Буга төмөндөгү тематикалар кирет: эмгектин мааниси, түрдүү кесиптер, кесип ээлери, ата-эненин кесиптери, бош убакыт, китеп, музыка, бий, музыкалык аспаптар, ийримдер, мектептеги окуу предметтери, завод, фабрика,теле-радио, театр, журналистика, актер, кино-фильм, театр, спорттун түрлөрү, балдар эмнени каалайт, эмнени жактырат, келечекте ким болгусу келет, келечек максаттар, сүйгөн иши, кесиби тууралуу окуу материалдары жана аларга байланыштуу баарлашууга машыктыруу.

Булардан сырткары, төмөндөгү багыттарда да кеңири окуу материалдары болуусу шарт.

Жүрүм-турум, этикет. Окуу материалдары бул чөйрөгө төмөндөгүдөй көмпетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

- ата-энени сүйүү жана сыйлоо, бир туугандарына урматтоо менен мамиле жасоо, улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, учурашуу, таанышуу, кечирим суроо, уруксат суроо, куттуктоо, жан-жаныбарларды багуу, аларга камкордук көрүү, тамактануу адеби, кийим кийүү адеби, коомдук жайларда жүрүү адеби, телефондо сүйлөшүү адеби, бирөөгө кыргызча кайрылуу жана көңүлүн өзүнө бура алуу, тааныш-бейтаанышка мамиле жасоо адеби, туулган күн, салттуу майрамдар, улуттук салттар, улуттук майрамдар, улуттук кийимдер, улуттук буюмдар,..... ж.б. тематикаларынын чегиндеги окуу материалдары жана аларга жараша баарлашууга машыктыруу.

Күндөлүк турмуш-тиричилик. Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй көмпетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

– күндөлүк эрежелерин кыргызча айта алуу жана кайсы маалда эмне кылары тууралуу сүйлөшө билүү; күндө-

лүк үй турмушу тууралуу аңгемелей билүү; үй оокатынын түрдүү тематикасына жараша аткарылуучу күндөлүк иштерге жараша аңгеме түзө алуу; үй буюмдарын, эмеректерди, идиш-аяктарды атай билүү жана аларды пайдаланып аңгемелеп сүйлөшө алуу; дүкөндө же базарда өзүнө керек нерселерди атап, бааларын, алардын сапаты кандай экенин сурай билип, кыргызча соода кылууга жатыгуу; күндүн, жуманын, жылдын, мезгилдин кыргызча аталыштарын билүү, аларга жараша сүйлөшө билүү.

Табият, экология чөйрөсү. Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй көмпетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

– кыргыз жери, анын табияты, көлдөрү, суулары, кооз жерлери , жыл мезгилдери тууралуу аңгемелей алуу; үй жана жапайы айбанаттар, канаттуулардын аттарын кыргызча атап, алар тууралуу аңгемелей алуу;

– жер жемиштер, жашылчалар, дарактар, өсүмдүктөр, гүлдөр ж.б. аттарын кыргызча атап, алар тууралуу аңгемелеше алуу; аба ырайы, жаан-чачындар, табияттын кооз мезгилдери, көңүлдүү эс алуу тууралуу аңгеме түзүп, кыргызча сүйлөшө алуу.

Баланын каалоо-кызыкчылыктары. Окуу материалдары бул чөйрөдөгө төмөндөгүдөй компетенцияларга ээ болууга жараша берилиши тийиш:

– бош убактысында эмне кылары тууралуу аңгемелешип, окуган китеби, көргөн фильми, спектакли тууралуу аңгемелеп, сүйлөшө алуу; мектепте кандай ийримге катышарын, спорттун кайсы түрүн жактырарын, кандай музыкалык аспапты сүйөрүн сурашып, аңгемелеше алуу; келечекте ким болгусу келерин, кайсы кесипти сүйөрүн сурашып, сүйлөшө алуу; кайсы тамакты, суусундукту жактырарын айта алуу; качан каерде эс алгысы келерин, каникулдарда эмне кылууну жактырарын айта алуу жана сурашып сүйлөшө алуу.

Алтынчы талап:
Окуу китептеринде окуу материалдарын берүүдө окуучунун каалоо-кызыкчылыктарынын жана турмуштук талаптардын эске алынышы

Бул багытта төмөндөгү төрт компонент эске алынат, алар: «интенция, мотив, программа жана практика» (Л. Леонтьев).

1. Интенция - окуучунун тил үйрөнүүгө болгон ички каалоосун, анын багыттарын эске алуу. Демек, кыргыз тилинде материалдарды берүүдө окуучунун тил үйрөнүүгө болгон каалоо-ниеттерин ойготуучу, аны жаратуучу материалдардын болушу шарт.

2. Мотив - сүйлөшүү зарылчылыгынын болуусу, сүйлөшүү кырдаалынын түзүлүшү. Бул - мугалимдин ар бир сабакта кыргызча сүйлөшүү зарылчылыгын түзүү, сүйлөшүү кырдаалын жаратуу мүнөзүндөгү окуу материалдарынын болушу.

3. Программа - окуу китептерден күн сайын зарыл лексикалык-грамматикалык материалдарды талаптагыдай, практикалык багытта үйрөнүүгө шарт түзүү.

4. Практика - класста да, мектепте да, балдар жашаган чөйрөдө күн сайын кыргызча сүйлөшүү чөйрөсүнүн болуусун, окуучулар кыргыз тили сабактарында мугалим менен кыргыз тилинде гана баарлашуусун, мугалимдин ар бир талабына, окуу китептеги материалдарга көңүл коюу менен мамиле жасап, активдүү ишмердик мамилесинин ырааттуу жүзөгө ашышын эске алуу.

Мына ушунун баары методика илиминдеги «Кайсы тилди үйрөтсөң-сабакты ошол тилде жүргүз» - деген илимий жобого түздөн-түз байланыштуу чечилет жана жогорудa кеп кылган тил үйрөнүү зарылдыгын жаратат.

Жетинчи талап:
Кыргыз тилиндеги окуу текстердин мазмуну менен тематикасынын ар түрдүү болуусу

Окуу материалдарынын тематикалары окуучулардын күндөлүк окуу-жашоо чөйрөлөрүнө, турмуштук кызыкчылыктарына жараша программанын талаптарын эске алуу менен төмөндөгүдөй болуусу ылайык келет:

– окуучунун өзү жөнүндө, ата-энеси, мектеби, классы, окуу куралдары, баланын үйү, үй буюмдары, жашаган жери, кийим-кечеси, күндөлүк үй турмушу, туулган күнү;

– класстагы окуу эмгеги, окуу куралдары;

– Кыргызстан, Кыргыз эли, жери, кыргыз тили, Кыргызстан элдери, маданий байлыктар, элдердин достугу, ынтымагы;

- социалдык-маданий чөйрө, андагы жүрүм-турум;

- кыргыз жаратылышы, тоолору, көлдөрү, суулары, үй жаныбарлары, жапайы айбандар, улуттук тамак-аш, идиш-аяк, тамактануу;

– нерсенин эмне экенин, адамдын ким экендигин, бир нерсени сурап алуу, сурап билүү, заттын санын, иретин, кыймыл-аракетин, өңү-түсүн айтып үйрөтүү;

– кыргыз элинин улуттук майрамдары, адабияты, белгилүү адамдары, кыргыз жери, улуттук салттар, улуттук кийимдери, буюмдары, тамак-аштары; ж.б.

- дүйнөлүк жаңылыктар, спорт, маданият, адабият, окуучулар кызыккан тематикалардагы материалдар, саякат, соода-сатык;

- адам мүнөзү, адам сапаттары, адам мамилелери, ж.б.

Бул тематикалар окуучунун кыргыз эли, жери менен таанышуу аркылуу кыргызча кебин калыптандыруучу кызматты аткарат.

Сегизинчи талап:
Окуу китепте окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн уюштурулушу

Окуу материалдары окуучунун кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнө жараша тандалууга тийиш. Алар төмөндөгүлөр:

- ***угуп түшүнүү*** (башка тилдүү балдар кыргыз тилиндеги мугалимдин сөзүн, адегенде, угуп кабыл алат, туура угуп кабыл алынган сөз уккан балада туура кептин калыптануусуна шарт түзөт);
- ***сүйлөө:*** жеке кеп-окуучунун ар түрдүү тематикада өз алдынча бир бүтүн ой айтып машыгуусун уюштуруучу методикалык аппараттын түзүлүшү;
- ***маек кеби:*** окуучулардын түрдүү кырдаалдарга ылайык маектеше алуусуна ылайык материалдардын берилиши жана аны уюштуруу жана ушуга ылайык методикалык аппараттын уюштурулушу;
- ***окуу:*** окуучулардын окуп түшүнүүсүн калыптандыруу, окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу, окуу техникасын өркүндөтүү максатындагы иштердин уюштурулушу, буга ылайык тапшырмалардын болуусу;
- ***которуу:*** окуучулардын кыргыз тилинен өз эне тилине, өз эне тилинен кыргыз тилине, адегенде, сөздүктүн жардамы менен, улам кийин сөздүксүз которо билүү ишмердигин калыптандыруучу иш-аракеттердин коштолушу.

Тогузунчу талап:
Окуу китепти жазууда кандай методдор эске алынууга тийиш?

Окуу китептерин түзүүдө төмөндөгүдөй методдор жана методикалык системалар эске алынуусу максатка ылайык келмекчи.

Методдор:

- түшүндүрүү методу;
- аңгеме методу;
- грамматика-котормо методу;
- проблемалык окутуу методу;
- салыштырып үйрөнүү;
- тилди түздөн-түз үйрөтүү методу;
- изилдеп үйрөнүү методу;
- тилди тездетип үйрөтүү;
- эмоционалдык-маанилик метод;
- интерактивдүү ыкмалар.

Методикалык системалар:

- өнүгүүнүн активдүү зонасы (Л.С. Выготский);
- акыл ишмердүүлүгүн этап менен өнүктүрүү (П.Я. Гальперин);
- өнүктүрүп окутуу теориясы (Д.Б. Эльконин П.И. Давыдов, В.И. Зинченко ж.б.);
- таанып-билүү ишмердүүлүгүн башкаруу теориясы (В.Н. Беспалько, Н.Т. Талызина);
- баланын инсандыгын эске алып окутуу (И.С. Якименская, И.Б. Бекбоев);
- кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү теориясы (А. Леонтьев);
- түшүндүрүп окутуу методу (С. Турусбеков, К. Иманалиев);
- ден соолукту сактап окутуу, проблемалык окутуу... ж.б.

Онунчу талап:
Окуу-нормативдик адабияттардын талаптарын эске алуу

Аталган окуу китептерин түзүүдө сөзсүз түрдө предмет боюнча окуу-нормативдик материалдарга таянуу зарыл. Тактап айтканда, окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн Кыргыз тили окуу китептери Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун концепциялык багыттарын карманып, предметтик стандарттын талаптарына шайкеш келтирилип, окуу программасын өзөк кылып жазылуу менен, лексикалык, грамматикалык-фонетикалык жана тематикалык минимумдарды бекем сактоосу талап кылынат.

Демек, окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин Кыргыз тили окуу китептерин жазууда мына ушул дидактикалык талаптар белгилүү деңгээлде эске алынышы тийиш.

КОРУТУНДУ

Булардан сырткары, окуу китептерин түзүүдө төмөндөгү маанилүү маселелер да ырааттуу негизде чечилүүсү кажет:

- ***негизги текстердин баланын курагына жана өздөштүрүү деңгээлдерине жараша жеткиликтүү таталдыкта болушу;***
- ***көркөм текстердин бай тематикада болушу, балдардын кызыкчылыктарын эске алуу менен, тарбиялык таасирдүүлүгүнүн эске алынуусу;***
- ***окуучунун өздөштүрүүсүн уюштуруучу методикалык аппараттын туура түзүлүсү;***

- окуучунун өздөштүрүүсүнө багыт берүүчү тексттен сырткаркы компоненттердин кызматтарынын так аткарылышы жана анын туура уюштурулушу;

- окуу китептин иллюстративдик жактан талаптагыдай деңгээлде жабдылышы;

- окуу китептеринин полиграфиялык жактан сапаттуу жасалгаланышы, ж.б.

Ошону менен бирге, окуу кыргыз, орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн окуу китептеринин мазмуну жана түзүлүшү жөнүндөгү проблема кыргыз тилин эне тили жана экинчи тил катары окутуу методикасында атайын илимий-изилдөөнүн объектиси катары коюлушу зарыл. Ошондо гана аталган проблема республикабызда илимий-методикалык негизде жеткиликтүү чечилмекчи.

Азырынча, аталган окуу китептерин жазууда авторлор аталган талаптарды эске алууга тийиш. Анткени, ал талаптар кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун ушул күнгө чейинки топтогон тажрыйбасынын жана түзүлгөн окуунормативдик материалдардын негизинде иштелип чыкты.

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Т. Ахматов, С. Өмүралиева, «Кыргыз тили», ЖОЖ-дор үчүн, Ф. 1987.

2. Э. Абдраева, С. Алаева, С. Рысбаев, «Кыргыз тили», орус мектептеринин 2-кл. үчүн окуу китеби, Б. 2010.

3. Э. Абдраева, С. Алаева, С. Рысбаев, «Кыргыз тили», орус мектептеринин 3-кл. үчүн окуу китеби, Б. 2010.

4. Н. Абылаева, С. Рысбаев, «Кыргыз тили», орус мектептеринин 4-кл. үчүн окуу китеби, Б. 2010.

5. Ш. Адиев, С. Рысбаев, «1–4-класстардын окуу китептерине методикалык көрсөтмөлөр», Б. «Мектеп», 1993.

6. И. Бекбоев, «Ориентация на личность», Б. 2005.

7. Бекбоев И.Б., «Инсанга багыттап окутуунун теориялык жана практикалык негиздери», Б. 2005.

8. Биялиев К.А., «Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун коммуникативдик негиздери», доктордук диссертация, Б. 2011.

9. Бим А., «Теория и практика обучения немецкому языку в средней школе», Проблемы и перспективы, М., 1082.

10. И.П. Валькова, К.В. Титов, «Общереспубликанское тестирование в 2004 г.». Б. 2004.

11. И.П. Валькова, «Таксомания Блума и некоторые проблемы критического мышления», журнал: «Мектеп-школа», 2000.

12. Дридзе Т.М. Язык и соц. психология (Т.М. Дридзе. – М. Высш. школа, 1980.

13. «Глобалное образование методическое пособия для учителей, Б. 2004.

14. Зимняя И.А., «Психологические основы обучения ностранным языкам», М. 1993.

15. Окуу орус, өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун мамлекеттик стандарты, Б. 2006.

16. «Окуу орус, өзбек жана тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун программасы», Б. 2010.

17. «Кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун мамлекеттик стандарты», Б. 2004.

18. Т. Маразыков, «Экстрилингвистикалык факторлордун текстеги интеграциясы», «Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар», 1-китеп, «Бийиктик», Бишкек 2005.

19. Т. Маразыков, «Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар», 2-китеп, «Бийиктик», Бишкек 2005.

20. «Учитель» журналы, №6, 2008.

21. «Учитель» журналы, №3, М. 2007.

22. «Учитель» журналы, №1, М. 2007.

23. С. Рысбаев, «Маалыматтык окутуудан – функционалдуу окутууга», «Мектеп – школа» журналы, Б. 1999, №3.

24. С. Рысбаев, «Окуучунун билимин максаттуу баалоо технологиялары», «КББАнын кабарлары», Б. 2010, №4.

25. С. Рысбаев, «Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери», Б., 2011.

26. С. Рысбаев, «Башталгыч класстарда кыргыз тилинен жат жазуу жүргүзүү технологияларын өркүндөтүү», Б., 2010.

27. С. Рысбаев, К.Добаев, Б.Абдухамидова, «Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн концепциясы», Б., «Кутбилим», 2010.

28. Л. Леонтьев, «Что значить знать язык и владеть им» М. «Просвещение», 1993.

29. А.Н. Орлов. «Общеобразовательная култура», М. 1986.

30. В.А. Сухомлинский, «Мугалимге жүз насаат», Фрунзе, 1973.

31. К. Токтоналиев, «КББАнын кабарлары», №1, №9.

32. А. Касымов, «КББАнын кабарлары», №1, 2009.

33. С. Рысбаев, «Кыргыз тилинде сүйлөйбүз», орус мектептеринин 1-кл. үчүн окуу китеби, Б. 2010.

34. Казарцева О.М. «Культура общения: теория и практика, учебное пособие». М. 1998.

35. С. Рысбаев, Ч. Исакова, «Кыргыз тили», 3-кл. үчүн окуу китеби, Б. 2005.

36. Ж. Бөкөшев «Сын жана чын», «Замандаш» журналы, №4.

37. «Учитель» журналы, №6, 2008.

38. Э. Холла менен Д. Тратер, «Культура как коммуникация» М. 1954.

39. «Кут билим», 25-январь, 2008-ж.

40. «Учитель» журналы, №3, М. 2007.

41. А. Пассов, «Коммуникативный метод обучения», М. 1993.

42. В. Коротов, «Общие вопросы педагогики», М. 1980.

43. С. Рысбаев, «Кыргыз тили», 2-класс, Б. 2008.

44. К.Д. Ушинский, Чыгармаларынын 7 томдук жыйнагы, 5, 6-том. М. 1987.

45. М.С. Фролова, Материалы международной конференции: «Центральная Азия: Основные направления и перспективы развития в условиях глобализации», Б. 2008.

46. Чыманов Ж.А., «Кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык негиздери», доктордук диссертация, Б. 2011.

47. Оразбаева Ф.О., «Тил алеми», Алматы, 2011.

48. «Казакстан Республикасында чет тилдүү билим берүүнү өнүктүрүү» концепциясы, Алматы, 2010.

49. Шарнас В.И., «Об основном методе обучения», М., журналда: «Русский язык в национальной школе», №3, 1981.

50. Салистра И.Д., «Очерки методов обучения иностранного языка», М., «Высшая школа», 1966, 252-б.

51. Мединский Е.Н., «О принципах советской дидактики», журналда: «Советская педагогика», 1977, №5, 6-б.

52. Рапопорт И.А., Сельг Р., Соттер И. Тесты в обучении иностранным языкам: итоги двадцатилетнего эксперимента // Иностранные языки в школе. – 1989. – №6. – с.19-24.

53. Касымова К. «Деңгээлдик тесттер», Алматы, 2010.

54. «Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди экинчи тил катары үйрөнүүнү өркүндөтүү концепциясы», (түз.: С. Рысбаев, Б. Абдухамидова), Б., 2012.

55. Кыргыз тилин окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде үйрөтүүнүн предметтик стандарттары, (1-4-кл). Түз. С. Рысбаев, Н. Жусупбекова, А. Оморова, 2018.

56. Кыргыз тилин окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде үйрөтүүнүн предметтик стандарттары, 5-11-кл. Түз., С. Рысбаев, А. Батыркулова, А. Оморова, 2022.

57. Кыргыз тилин окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде окутуунун программасы, А1 деңгээли, (1-4-кл), Б., 2020.

58. Кыргыз тилин окуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде окутуунун программасы, 10-11-кл., Б., 2018.

59. Мамард М.К., «Как я понимаю философию, ИЗО 2 – М, 1992. 58-59-б.

60. Леонтьев А.А., «Что такое деятельный подход в образовании?», «Начальная школа» журналы, 2017, №1.

61. Гессеп С.И., «Основы педагогики, Введение в прикладную философии – М., 1995, 55-б.).

62. Выготский Л.С., «Педагогическая психология», М. 1926, 34-б.

63. Давыдов В.В., «Теория развиваюшего обучения», «Вопросы психологии» журналы, М., 1998, №5, 142-б.

64. Рысбаев С., «Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык-практикалык маселелери», Б., 2017.

65. Интернет сайт: «Ишмердүүлүк деген эмне?» «Адамдын ишмердүүлүгү жөнүндө түшүнүк».

66. Пассов А., Основы коммуникативной методики», М. 1993, стр. 123.

67. Департамент по языковой политике, Стасбург, орус тилинде чыгарылышы, Москва, Московский гос. лингвистич. унив. 2003, 8-б.

68. «Общеевропейская компетенция владения иностранным языкам», Б., 2015.

69. Хуторской А.В. Ключевые компетенции и образовательные стандарты // Интернет-журнал «Эйдос». – 2002, с. 60.

70. Хуторской А.В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированного образования // Народное образование. – 2003. – №2. – С. 58-64.

72. Хуторской А. В. Компетентностный подход в обучении. Научно-методическое пособие. А.В. Хуторской. – М.: Издательство «Эйдос»; Издательство Института образования человека, 2013.

73. Вербицкий А.А., Ларионова О.Г. Личностный и компетентностный подходы в образовании. Проблемы интеграции М.: Логос, 2009.

74. Зимняя И.А. Ключевые компетентности как результативно-целевая основа компетентностного подхода в образовании. Авторская версия. – М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2004.

75. «Формативдик баалоо», мугалимдер үчүн колдонмо, Б., 2012.

76. Калдыбаев С., Тест жүргүзүүнүн теориясы жана практикасы, Б., 2011.

77. Оразбаева Ф.О., «Тилдик катнас», Алматы, 2016.

78. «Триединство языков в Казахстане», Концепция развития языков и языковой политики в Республике Казахстан, Алматы, 2012.

79. Биялиев К.А., «Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун коммуникативдик негиздери», доктордук диссертация, Б. 2011.

80. Кыргыз Республикасында Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча улуттук программа, Б., 2014.

81. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндөгү Мыйзамы, Ф. 1989.

82. «Кыргыз тили» практикалык курс. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин жогорку класстарынын окуучулары үчүн колдонмо жана мугалимдер үчүн колдонмо (10-11-класстардын окуучуларынын тилдик компетенциясын жогорулатуу максатында түзүлгөн ОМК, түз: А.А. Оморова, З. Абдышова, Т. Жороев, Н. Жумаев, А.А. Узекеева, Р.Y. Ибраимова), Б., 2019.

83. Экинчи тилди коммуникативдик негизде окутуу программасы боюнча кыргыз тили мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу курсуна катышуучулар үчүн таркатма материалдар (түз: А.А. Оморова, В. Булатова), Б., 2019.

84. Оразбаева Ф.Ш. Тилдик катынас, монография, Алматы, 2019.

85. С. Рысбаев, Кыргыз тилин экинчи тил катары окутууга коюлуучу дидактикалык талаптар, Б., 2020.

86. Бекбоев И.Б., Памятка авторам учебника, Б., 1999.

87. Бекбоев И.Б., Важные вопросы определения содержания и технологии образования в структуре школьного учебника», – Бишкек, 2004.

88. Байгазиев С.О., Кыргыз тилижана адабияты окуу китептерине коюлуучу дидакткикалык талаптар, Фрунзе, 1989.

89. Проблемы школьных учебников, под. ред. Д.Зуева, М., Просвещение

90. Кыргыз тилинин програмаммасы, 5-11-кл., Бишкек, 2011.

91. Окуу орус мектептеринде кыргыз тилин окутуунун мамлекеттик стандарты, Бишкек, 2006.

92. Республиканын мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн концепциясы, долбоор, (С.Рысбаев, К.Добаев, Б.Абдухамидова), Бишкек, «Кутбилим», 2012, 17-авг.

93. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4, 5-9, 10-11-класстарында кыргыз тилин окутуунун ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТЫ

94. Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 1-11-класстарында кыргыз тилин окутуунун программасы, (С.Рысбаев, А.Алымоа, Э.Абдаева), Бишкек, 2012, 15-бас.

95. Казак тилин орус мектептеринде окутуунун программасы (Ф.Ш. Оразбаева, ж.б.), Алматы, 2009.

96. Э. Мамбетакунов, Т.Сияев, Педагогиканын негиздери, Б., 2010.

97. С. Рысбаев, Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жана практикалык маселелери, Бишкек, 2011.

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ. Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун максаттары, дидактикалык талаптары жана компетенттүүлүктөр.....3

БИРИНЧИ БӨЛҮМ. Кыргыз тили сабагындагы окутуу менен үйрөтүү ишмердиги, анын белгилери.....9

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн деңгээлдик системасы, мүнөздөмөсү жана анын дидактикалык талаптары 32

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ. Кыргыз тилине үйрөтүүдөгү нормативдик талаптар..... 67

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ. Окуучунун кыргыз тилиндеги кеп ишмердигинин түрлөрү 91

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ. Кыргыз тининин фонетикалык өзгөчөлүктөрүн үйрөтүүдө окуучулар ээ болуучу көндүмдөр 116

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ. Кыргыз тилин билүү деңгээлин тест аркылуу текшерүү жана баалоо..... 127

ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ. Дидактикалык оюндар аркылуу кеп өстүрүү..... 135

СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ. Окутуунун коммуникативдүүлүгү – кыргызча оозеки кепке үйрөтүүдөгү компетенттүүлүктү калыптандыруунун негизги өбөлгөсү 140

ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ. Маек кебинин типтери, түрлөрү жана сабакты практикалык багытта уюштуруу ыкмалары 156

ОНУНЧУ БӨЛҮМ. Кыргыз тилин үйрөтүүдөгү көнүгүүлөр системасы жана анын дидактикалык-методикалык кызматы 201

ОН БИРИНЧИ БӨЛҮМ. Кыргыз тили сабактарына даярдануу жана аны өткөрүүнүн технологиялары 215

ОН ЭКИНЧИ БӨЛҮМ. Кыргыз тили окуу китептеринин мазмунуна коюлуучу дидактикалык жана методикалык талаптар 228

ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР 271

Окуу-илимий басылма

РЫСБАЕВ СУЛАЙМАН КАЗЫБАЕВИЧ

КЫРГЫЗ ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

Редактору *Токтошев К.*
Тех. редактору *Довлоталиев Б.*
Корректору *Бекетаева А.*
Компьютердик калыпка салган *Салиев Э.*

Басууга 04.09.2023-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 17,5 б.т. Нускасы 400.

«Кут-Бер» ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68.